# КРИПТОНИТТИ ЖОК КЫЛУУ

СИЛЕРДИН КҮЧҮҢӨРДҮ УУРДАП
ЖАТКАН НЕРСЕНИ КАНТИП
ЗЫЯНСЫЗДАНДЫРУУ КЕРЕК

ДЖОН
БИВЕР

Кымбаттуу досум!

Бул китеп – сиз үчүн белек жана анын бетинде жазылгандар сиздин жашооңузду биротоло өзгөртсүн деп сыйынам!

Биз дүйнөдө чыныгы рухий криптониттер бар болгон акыркы мезгилде жашап жатабыз деп ишенем.  Ал күн сайын бизден - машайакчылардан күч-кубатыбызды уурдап кеткенге аракет кылууда.

Көптөгөн ишенгендер аларды чырмап алган нерселерден чыгууга улам-улам аракеттенүүдөн чарчашып, көңүлдөрү калып калууда. Бул Кудайдан эмес. Ал бизге жашообуздун ар бир жагында жеңиште жашоону буйруган. Андан дагы, Ал силерге жолуңарда кездешкен бардык тоскоолдуктарды жеңүүгө күч берген.

Мен силерге өзүмдүн жеке жашоомдо болгон нерселерди, мени алдыга умтулууга алып келген жана библиялык негизги чындыктардын ачкычын таап, ачып берип, ошондой эле менин жашоомду биротоло өзгөрткөн таржымалдарды айтып бергим келет. Силер дагы Кудай менен болгон жашоодон ырахат алсаңар болот. Бирок, алгач силер өзүңөрдүн рухий криптонитиңер менен күрөшүүңөр керек.

Өз тааныштарыңар менен бул кабарды жана CloudLibrary.org материалдарын тайманбастан бөлүшө бергиле.

Силердин Машайактагы бир тууганыңар,





Джон Бивер
JohnBevere@ymail.com

MESSENGER
INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

## КРИПТОНИТТИ

# ЖОК КЫЛУУ

Джон Бивер — бул, бизге күч берген ырайымдын негизинде күнөөнү кантип жеңиш керектигин көрсөткөн биздин замандын чыныгы пайгамбары. Өзүнүн *“Криптонитти жок кылуу”* деген китебинде ал ар бирибиздин жашообузда болгон жана Кудайдын күчү менен гана жеңе ала турган криптонитти ачып берет. Джонго ушул аянды бергендиги үчүн Кудайга алкыш!

РОБЕРТ МОРРИС,

Даллас/Форт — Уэрто, Техастагы *«Gateway Church»* жыйынынын негиздөөчүсү жана ага кайтаруучусу. *«Бог, Которого я никогда не знал», «Действительно свободный», «Благословенная жизнь»* жана *«Частота»* (Frequency) деп аталган бестселлерлердин автору.

Бул китеп - Кудайда биз үчүн бар болгон нерселерден азга макул болбогон Машайактын Денесине болгон туруктуу сыйынуу! Джондун библиялык акылмандуулугу жана ишенгендерге чын эле Кудай үчүн жашоого жардам берүүгө болгон ниети бул китепти жүрөгүнө жакын кабыл алган адамдарды өзгөртөөрүнө ишенем.

ДЖОЙС МАЙЕР,

Библиялык окутуучу жана бестселлерлердин автору.

Джон Бивердин “Криптонитти жок кылуу” деген китебинде биздин Машайакта өзүбүздүн потенциалыбызды толук сарптоого тоскоолдук кылган нерселер, катуулуктар көз көрүнөө эле ачыкка чыгат. Бул күчтүү жана ачык-айкын китеп окурмандарды алардын жашоосундагы криптониттер менен беттешүүгө дуушар кылат.

ДЖЕНТЕЗИН ФРАНКЛИН,

*«Free Chapel»* жыйынынын башкы кайтаруучусу, *«Нью-Йорк Таймс»тын* пикири боюнча бестселлерлердин автору.

Джон Бивердин библиялык принциптер, окутуу жана адамдарга болгон сүйүү жөнүндөгү аяны ондогон жылдардан бери ишенгендерди жана бүткүл падышачылыктагыларды акыл-насаатка чакырып келет. Анын китептери төгөрөктүн төрт бурчуна жетип жатат, ал эми, анын адамдардын жашоосуна тийгизген таасири ченемсиз. Мен ага достугу үчүн жана ар дайым калемсапты алууга тил алчаак болгондугу үчүн ыраазычылык билдирем.

БРАЙАН ХЬЮСТОН,

«Hillsong Church» жыйынынын негиздөөчүсү жана ага кайтаруучусу.

Ашкерелейт. Рухка толтурат. Күч берет. “Криптонитти жок кылуу” деген китеп чындык жана ырайымдын деми менен бизди акырындык менен муунтуп, адатка айланып бараткан күнөөнү талкалайт. Бул китеп чындыкка өзүнө ыңгайлуу болгондой мамиле кылган, тил алуу мүмкүн болбогон муунга - бизге эң жакшы гана нерсени – эркиндикти жана Ага гана баш ийүүнү каалаган Кудай үчүн кубанганга жардам берерине ишенем.

ЛУИ ГИЛИО,

«Passion City Church» жыйынынын кайтаруучусу, «Passion Conferences» уюмунун уюштуруучусу, *«Голиаф должен упасть»* китебинин автору.

Бул китеп да Джон Бивердин башка китептериндей эле эң сонун, көпчүлүк адамдарды күтүүсүз таң калууларга кабылтат. Жок, ал өтө маанилүү маселелерди көтөрүү жагынан өзүнүн өзгөчөлүк жөндөмдүүлүгүн жоготкон жок. Тескерисинче десек болот. Анын жашоосундагы өтө терең, заманбап болуу ырайымы бул китептеги мисалдардан дагы да көбүрөөк көрүнүп турат. Биздин көз алдыбызда болгону менен, көпчүлүгүбүзгө байкалбаган бойдон турган нерселерди ачып берүү анын колунан кантип келгендигине көпчүлүгү таң калышат. Бул китеп зарыл деп айтуу, демек эч нерсе айтпагандыкка жатат. Биздин замандагы ар бир ишенген адам *“Криптонитти жок кылуу”* деген китепти окуп чыгууга жөн гана милдеттүү.

БИЛЛ ДЖОНСОН,

Реддинг, Калифорния, «Вефиль» Жыйыны, «Бог благой» деген китептин автору.

# КРИПТОНИТТИ ЖОК КЫЛУУ

СИЛЕРДИН КҮЧҮҢӨРДҮ УУРДАП ЖАТКАН НЕРСЕНИ КАНТИП ЗЫЯНСЫЗДАНДЫРУУ КЕРЕК

ДЖОН БИВЕР

Killing Kryptonite by John Bevere, Kyrgyz
© 2019 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Originally published in English as Killing Kryptonite
Additional resources in Kyrgyz by John Bevere are available for free download at: www.CloudLibrary.org
To contact the author: JohnBevere@ymail.com

«Криптонитти жок кылуу» Джон Бивер, кыргыз тилинде
© 2019 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Биринчи жолу англис тилинде «Killing Kryptonite»
деген ат менен чыккан
Джон Бивердин кыргыз тилиндеги кошумча каражаттарын бул сайттан бекер жүктөп алууга болот: www.CloudLibrary.org
Автордун байланыша турган электрондук дареги:
JohnBevere@ymail.com

Кудайдын ырайымы менен биз Ыйса Машайактын Жакшы Кабарын көп миллиондогон адамдарга жеткирүүгө жетиштик. Силердин ишенимиңер, талантыңар, өз кызыкчылыгыңарды четке кагып, жигердүү эмгектенгениңер болбосо, бул мүмкүн болмок эмес.

Биз Лиза экөөбүз силерге урматтоо менен карайбыз жана силер менен иштөөдөн ырахат алабыз. Ошондой эле, силердин ишенимдүү кызматыңар үчүн Ыйса түбөлүктүү сыйлык менен силерди сыйлаарын чыдамсыздык менен күтөбүз.

*Үмүтүбүз, кубанычыбыз же мактанар таажыбыз ким? Теңирибиз Ыйса Машайак келгенде, Анын алдында ошол нерселерибиз силер эмессиңерби? Ооба, биздин мактанычыбыз да, кубанычыбыз да силерсиңер.*

1Тесалоникалыктарга 2:19,20.

Ырахмат силерге, “Мессенджер” командасы 2019.

# Мазмууну

КИРИШҮҮ ........................................................................................13

## 1-БӨЛҮК. БИРӨӨНҮН КҮЧҮ

1. БИЗ АЙЛАНЫП ӨТКӨН СУРООЛОР.............................................19
2. ТААНЫШЫП КОЙГУЛА, КРИПТОНИТ........................................29
3. БИР...........................................................................................39
4. ЖУГУШТУУ КРИПТОНИТ...........................................................47
5. ӨЗГӨРҮҮ АЛЫП КЕЛГИЛЕ..........................................................55
6. ТҮРТКҮ......................................................................................63
7. БИРИМДИКТИН КҮЧҮ................................................................71

## 2-БӨЛҮК. КРИПТОНИТТИН ИДЕНТИФИКАЦИЯСЫ

8. НИКЕ КЕЛИШИМИ.......................................................................81
9. КУДАЙГА КАРШЫ ОЙНОШТУК....................................................89
10. БУРКАНДАРГА ТАБЫНУУНУН АРТЫНДА ЭМНЕ ТУРАТ?........97
11. ИШЕНГЕНДЕРДИН БУРКАНГА ТАБЫНУУСУ..........................107
12. ЖЕҢИЛДЕТИЛГЕН БАСЫМ........................................................115
13. КРИПТОНИТ...............................................................................123
14. КҮНӨӨ.......................................................................................131

## 3-БӨЛҮК. КРИПТОНИТТИН АРАКЕТИ

15. КҮНӨӨНҮН КҮЧҮ (1-БӨЛҮМ)....................................................141
16. КҮНӨӨНҮН КҮЧҮ (2 – БӨЛҮМ)..................................................149
17. АДАШКАНДАР..........................................................................157
18. ЖАЛГАН ЫЙСА...........................................................................165
19. ЖӨНӨӨ ЧЕКИТИ........................................................................173
20. ТОБО КЫЛУУ............................................................................183
21. ҮЧ ПАДЫША..............................................................................193

## 4-БӨЛҮК. КРИПТОНИТТИ ЧЕТТЕТҮҮ

22. БЕТМЕ БЕТ................................................................................203
23. ЧЫДАМКАЙЛЫК.........................................................................213
24. СҮЙҮҮ ЖАНА ЧЫНДЫК................................................................223
25. КРИПТОНИТТИ ЖОК КЫЛУУ.......................................................231
26. КҮНӨӨ ЭМЕС КҮНӨӨ..................................................................241
27. БАНКЕТТИК ЭШИК....................................................................249
28. ТУР..........................................................................................259

ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР...............................................269
КУТКАРЫЛУУ АР БИРИНЕ ЖЕТКИЛИКТҮҮ..............................277

# БУЛ КИТЕП ТУУРАЛУУ

*“Криптонитти жок кылуу”* китебин башка китептер сыяктуу эле, майда-чүйдөсүнө чейин окуп чыгуу керек. Мен бул китептин бөлүмдөрүн кыска-кыска кылып жаздым, алардын ар бирин окуп чыгууга он-он беш мүнөт гана сарпталат. Силер ушул бөлүмдөн өз жашооңордогу чындыкты кабыл алууңарга жардам берүү үчүн ар бир бөлүм “Аракеттенгиле” деген кичинекей тема менен башталган кыска тексттер менен бүтөт. Бул бөлүкчөнү өткөрүп жибербегиле, анткени ал бул китепти окуп-үйрөнүүдө өтө маанилүү роль ойнойт. Ушул себептен улам, мен бир күндө бирден гана бөлүмдү окуп чыккыла деп кеңеш берээр элем. Мына ушинтип отуруп, силер кийинки бөлүмдү окуу алдындагы аракеттерди көрүп каласыңар.

Китептин аягында *“Криптонитти жок кылуу”* китебин топтордо (группаларда) талкуулап, окуп-үйрөнүү үчүн пайдалуу кеңештер бар. Китептин мазмунуна ылайык, мен онлайн курсун жана окуу китебин түзүп койгом. Алардын экөө тең ушул сабакка сүңгүп кирип, тереңдеп окуу үчүн эң жакшы шарт түзүп берет. (Китептин аягында ал курс жана окуу китеби жөнүндө кошумча маалымат ала аласыңар).

Эгерде силер бул китепти *“Криптонитти жок кылуу”* китебинин бир бөлүгү катары окуй турган болсоңор, анда мен силерге тобуңар менен чогулуп, китептин аягындагы суроолорго жооп бериш үчүн бир сабакты чогуу угуп же көрүүңөрдү сунуштайм. Андан кийин топтун ар бир мүчөсү кийинки жолугушуунун алдында, ылайыктуу бөлүмдү окуп чыкса болот.

Эгерде кандайдыр бир суроолор пайда болсо, анда мага жана менин «Мессенджер Интернэшнл» тайпама кайрылуудан уялбагыла.

Саякаттан ырахат алгыла!



Джон

# КИРИШҮҮ

Балким, силер таң калаттырсыңар, бирок мурда менде эч качан китептерди жазбай эле коюу тууралуу каалоолор мынчалык көп пайда болгон эмес эле. Бул тууралуу көп өтпөй түшүндүрүп берем. Бирок, биринчиден Машайактын жолун жолдоочуларга “Криптонитти жок кылуу” деген бар китептин кандай тиешеси бар? Кыскача түшүндүрүп берүүгө мага уруксаат бергиле.

Биздин арабыздан көпчүлүгү “Супермен” фильминин сюжети боюнча “криптонит” деген сөздү билишет. Америкалык элдик жомокко айланып кеткен бул таржымал жогорку класстын окуучулары Джерри Сигел жана Джо Шустер тарабынан 1938-жылы жарыяланган. Адаттан тышкары күчтүү жөндөмдүүлүктөргө ээ болгон каармандын мазмундук сызыгы, улуттук зомбулуктун ууландырган убагындагы эң бир идеалдуу ууга каршы каражат болгон. Супермендин атактуулугу улам барган сайын өсүп жатты, анан акырындап жүрүп отуруп, бул комикстердин эле эмес, радио берүүлөрдүн да, телесериалдардын жана толук метраждуу тасмалардын да каарманы болуп калды.

Канча бир убактан кийин Супермен тууралуу комикстер көрүүчүлөргө кызыксыз болуп баштады. Анткени, негизги каармандын кемчилиги жок болчу. Ошондо 1940-жылдары авторлор жаңы элементти – криптонит деп аталып белгилүү болгон нерсени киргизүүнү чечишти. Бул Супермендин мекениндеги планетадан келип чыккан минерал, анын адамдыкынан башкача жөндөмдүүлүктөрүн жок кылууга жөндөмдүү эле. Криптониттин таасиринин астында Супермен жөндөмдүүлүктөрүн жоготуп, кадимки эле адамдардай болуп калчу.

Бизде, машайакчыларда да Кудайдан берилген мүнөздү жана күчтү жогото турган “криптонит” бар. Ал эмне? Аны кантип аныктаса болот? Ал жеке ар бирибизге жана жалпыбызга кандай таасир этет? Ал биздин эффективдүүлүгүбүзгө жана күнөөкөрлөргө жетүү жөндөмдүүлүгүбүзгө кантип тоскоол болот? Анын таасиринин астында биз эмнени жоготуп жатабыз? Эмне үчүн ал оңой эле жашырына алат? Бул китепте көтөрүлгөн маселелердин кээ бирлери мына ушулар.

Бул китеп Ыйык Рухтун жардамы жана жетеги менен, мен жазган жыйырманчы китеп. Мен беш же алты жолу айтып кеткендей, эле бул

китепти жазгым келбей, токтотуп коёюн дегем. Бирок, бир гана себеп менен: мен өз жашоомдо көңүл бурбай коё албаган суроолорду ал менин алдыма койгондуктан жазбай коё албадым. Мен аргасыз өзүмөн минтип сурадым: “Чын эле мен атайын жаратылган жашоомдун деңгээлинен төмөн жашоого ыраазы болуп жатамынбы? Коомду өзгөртүү үчүн биз, жыйын, Кудайдын жаныбызда экенин жана Анын күчүн чындап эле сезип жатабызбы?” деп сурачу болдум. Түн ортосунда бир нече жолу ойгонуп мен мындай сөздөрдү айтчумун: “Ата, бул китеп мага жагарына мен толук ишенбейм. Мен бул китептин үстүнөн иштөөнү токтотоюн деп жатам”.

Ар бир сураган сайын Ыйык Рухтан ишенимдүү түрдө “жок” деген жоопту сезчүмүн. Акыры Ал, мени бул кабар күчтүү ишенүүчүлөрдү көтөрүүдө, дүйнө жүзү боюнча жакшы үй-бүлөлөрдү жана жыйындарды курууда зарыл болгон акылмандуулукту берерине ишендирди. Мында жазылган принциптер бүтүндөй шаарларды өзгөртө алат.

Бул убададан кийин мен ишеним менен жазууну уланттым. Бул китептин жыйынтыктоочу бөлүгүнө, акыркы жети бөлүмүнө жеткенимде анын артыкчылыгы байкала баштады. Эгерде алгачкы үч бөлүмдү калтырып кетсе, төртүнчүнүн таасири болбой калат. Бул силер киного барып, окуянын чечилишин билиш үчүн акыркы жыйырма мүнөтүн гана көрүп калганга барабар. Кинонун пайдасы жана андан алган таасириңер, аны башынан баштап көргөнүңөргө караганда азыраак болот. Башынан баштап көргөндөр каармандар үчүн чын жүрөгүнөн сарсанаа болуп, ыйлашат, күлүшөт.

Бул китепте ар бири жети бөлүмдөн турган төрт бөлүк бар. Жалпы жыйырма сегиз бөлүм. Убактысы тар болгон окурмандар үчүн, китеп дал ушундай бөлүнгөн. Силер бир күндө бир бөлүмдү окуу үчүн он мүнөттөн он беш мүнөткө чейин сарптап, төрт жуманын ичинде бүт китепти толугу менен окуп бүтө аласыңар. Же болбосо, силер бир жумада бир бөлүм окуп, жарым жылда бүт китепти окусаңар болот. Албетте, силер өзүңөр көнгөн, каалаган ыкма менен окусаңар болот. Биз болгону силер каалаган режимде окуй ала тургандай ыңгайлуу форматты жаратканга умтулдук.

Ошентип, бул кабарга криптониттен коргогон жана курчап турган дүйнөгө таасир этүүгө акылмандуулук бере алган саякат катары мамиле кылыш керек. Келгиле, китепти окурдан мурда, жерге жаралгандагы өз максаттарыбызды ишке ашырууда бизди бекемдей турган асмандын акылмандуулуктарын көрүш үчүн көзүбүздү ачсын деп, Ыйык Рухтан сурап сыйыналы.

*Ата, Ыйсанын ысмынан менин жашоом үчүн Сенин эркиңди көрүп, угуп жана кабыл алышым үчүн менин көздөрүмдү, кулактарымды жана жүрөгүмдү ача көр. Ыйык Рух, мен бул кабарды окуп жаткан убакта Ыйса Машайактын жолдорун терең таанып-билгенге жардам берчи. Мен Сени Окутуучумду карагандай карап жатам. Бул китептин ар бир сүйлөмү аркылуу мага сүйлө. Менин жашоом түбөлүккө өзгөрсүн. Омийин.*

БИРӨӨНҮН КҮЧҮ

# 1-БӨЛҮК

# 1

# БИЗ АЙЛАНЫП ӨТКӨН СУРООЛОР

*Автордун эскертүүлөрү:*

*Урматтуу окурман, эгер сиз Киришүү бөлүмүн окуй элек болсоңуз, мен аны окушуңузду сунуш кылам. Ал силерге китептин маңызына чөмүлүүгө жардам берет. Жагымдуу саякат каалайм!*

*“Криптонитти жок кылуу”*- Супермен жөнүндөгү китеппи? Жок, бирок анда анын таржымалы менен биздин ишенимдеги жашообуздун таң калаарлыктай параллелдери өткөн. Келгиле, бул окшоштуктарды карап көрөлү.

Супермен бул дүйнөдөн эмес; Кудайдын баласы – бул дүйнөдөн эмес.

Ал жөнөкөй адамга жеткиликтүү болбогон адаттан тышкары күчкө ээ, биз дүйнөдөгү адамдар ээ болбогон адаттан тышкаркы күчкө ээбиз.

Ал жамандык менен күрөшөт жана биз да жамандык менен күрөшүп жатабыз.

Ал бардык кыйналгандарды бошотот жана аларды коргойт; биз алсыздарды коргоп жана туткундагыларды бошотуп жатабыз.

Ал күндөн күч алат; Биз Уулдан күч алабыз.

Суперменди бир гана нерсе токтото алат, ал: криптонит – ал өзүнүн планетасынан ойлоп чыгарылган, редиоактивдүү зат. Биздин жерде да Кудайдын балдарын күчүнөн ажырата ала турган кандайдыр бир “криптонит” бар. Ооба, ал жерде жаралган эмес, бирок ал, биз бардыгыбыз кайдан келген болсок, ошол жактан келген. Криптонит Супермендин

өзгөчө жөндөмдүүлүгүнө гана залал келтирбестен, анын адамдык күчүн да начарлаткан. Биздин криптонит да так эле ошону кылат.

Ал өзү кандай болуп көрүнөт? Анын маңызын ачкандан мурун, мен окуянын бардыгын түшүндүргүм келет. Криптониттин Суперменден өткөн артыкчылык жагы - аны таануу оңой эмес, ошондуктан да, ал ачыкка чыкпай эле таасир тийгизе алчу. Криптонит биздин жашообузда да машайакчыларды өз-өзүнчө алсыратып аткан сыяктуу эле, Машайактын бүткүл денесин да начарлатып жатат, бирок мурдагыдай эле, анын бар экендигинен эч ким шек санабайт. Бул китеп биз аны таанып-билүүбүз үчүн, ошондой эле аны куралсыздандырып, ишенгендердин бир бөлүгүнө жана бүтүндөй коомчулукка таасир берүүсүнө жол бербей турган ачкычты табуубуз үчүн жазылган. Ошондуктан, келгиле суроодон баштап көрөлү.

## Эң чоң каалоо

Биз баарынан көбүрөөк эмнени каалайбыз? “Биз” деп жатканымдын себеби, чынын айтканда, баарыбыздын каалообуз бир. Ийгиликтүү болуу, өз чөйрөбүздө эң мыкты болуу, таанымал болуу, никебизде бактылуу болуу, эң жакшы достук мамиле менен ырахаттануу, жаркыраган коомдун бир бөлүгү болуу, ден солугубуз чың болуп, деги эле бизге жаккан нерселерди кылуу үчүн жеткиликтүү каражатка ээ болууну каалайбыз, туурабы?

Жогоруда саналган пункттардын бардыгы кызыктырарлык, жадагалса, алардын белгилүү бир бөлүгү биздин жашообузга зарыл. Бирок, алар биздин эң чоң каалообузду көрсөтө алышабы? Биз мунун баарына ээ болгон, бирок, ошондой болсо да, баары бир өзүлөрүнүн жан дүйнөсүндө боштукту сезген адамдар бар экендигин билбейбизби? Биз өз жашоосунда абсолюттук ийгиликке жеткен, бирок, ошол мезгилде да аларга бир нерсе жетпей жаткан голливуддук актерлор, компаниялардын ээлери, профессианалдуу спортчулар, өкмөттөгү атка минерлер жана башка адамдардын окуяларын угуп жүрөбүз го. Көөдөндөрүн боштук ээлегендигинен улам, кээ бирөөлөр баңгизат же ичимдик колдонушуп, экзотикалык тобокелдик же сүйүү кумарын издей башташат. Кээ бирөөлөрү өз ичиндеги кыйнап- кыстап жаткан боштукту толтуруу үчүн “Жаңы кылымдын” же окультизмдин диндик, рухтук кыймылын издеп табууга кирип кетишет.

Эгерде өзүбүздүн алдыбызда чынчыл боло турган болсок, анда жан дүйнөбүздүн тереңинде баарыбыз эле кандайдыр бир чоң нерсе бар экендигин билебиз. Ар бир эркек жана ар бир аял суусаган чыныгы канаттанууну, алар муну түшүнүп турабы же жокпу, ага карабастан,

Жараткан менен болгон жакын мамиледен гана тапса болот. Силер Кудай жөнүндө эмне деп ойлосоңор да, силердин жаныңар дүйнөдөгү бардык нерселерден мурун Ага суусап турат. Адам өзүнүн Жаратканы менен биригүүдөн гана ырахаттануу жана канааттанууну сезе алат.

Чындык мындай, Кудай "алардын жүрөгүнө түбөлүктүүлүктү салды" (Насаатчы 3:11). Бизди азгырган жалганга карабастан, жүрөгүбүздө биз "түбөлүктүү Падышага" (1Тиметей 1:17 кара) суусап турабыз. Адам жөнүндө Кудайдын Сөзү мындай дейт:

> "Себеби Кудай жөнүндө эмнени билүү мүмкүн болсо, ошол аларга белгилүү, анткени Кудай аларга билдирген... Дүйнө жаратылгандан бери Кудайдын көзгө көрүнбөгөн табияты: түбөлүктүү күчү жана кудайлыгы Анын жараткан нерселерин карап чыгуу аркылуу көрүнөт. Ошондуктан, бул адамдар актана алышпайт" (Римдиктерге 1:19,20, ОЖК).

Кудай жөнүндө билбеген адам жок. Ар бир адам чындап өзүнө үңүлүп карап көрө турган болсо, жашоосунда бир учурда Кудайды билүүгө болгон терең суусоону башынан өткөргөнүн түшүнөт. Ал бардык жерде болуп, колунан баары келе турганын жана бардыгын көрүп туруучу экенин сезимтуюмубуз менен билип турабыз.

Аны менен мамиледе болгондордун баары, Анын катышуусу, күчү, кереметтүүлүгү, улуулугу чексиз жана теңдешсиз экендигин билишет. Ал ушунчалык улуу болгондугу үчүн да, асманда серафимдер, ааламдагы эң күчтүү заттар коркуп-титиреп турушат жана Анын абдан чоң улуулугуна тынымсыз таң калып турушат. Бул кубаттуу жаратылыштар Ал жөнүндө ушундай дилгирленүү жана күч менен айтышканда, алардын үнүнөн, миллиарддан ашуун жандыктарды өзү аркылуу өткөрө ала турган асман мейкиндигиндеги чоң эшиктердин кашектери да титиреп кетишет.

Кудайдын акылмандуулугу, түшүнүгү, чыгармачылыгы, ак ниеттүүлүгү жана билими кол жеткис. Көптөгөн кылымдардан бери улуу акылмандар Анын жараткандарынын сырын билүүгө аракет жасап, азырга чейин анын түзүлүштөрүнүн татаалдыгын жана кереметтүүлүгүн түшүнө албай келишет.

Анын сүйүүсүнүн толуктугун, жакшылыгын, жан тартуучулугун жана ырайымын бир да адам түшүнүп же башынан өткөрө албайт. Анын сүйүүсү чексиз.

Мен Аны менен болгон мамилемде кырк жылга жакын ырахаттанып

жүргөн артыкчылыгым бар. Бирок, жакында эле Жаратканыбыздын өзүбүзгө өзүбүз алып келген айыптоодон бизди куткаргандыгы жөнүндөгү ой мени дагы бир жолу өтө таң калтырды. Ал бизге - адамдарга, жер жүзүн башкаруу үчүн бүткүл күчүн берди, бирок биз аны Анын эски душманы шайтанга жана анын малайларына өткөзүп бердик. Кудай биздин чыккынчылык кылаарыбызды алдын ала билгендиктен, план ойлоп койгон жана бизди кулчулуктан, түрмөдөн бошотуу үчүн эбегейсиз баа төлөгөнгө даяр болчу. Биз өзүбүздү айыпталууга түрттүк, бирок, Ал бизге боштондук берүү үчүн Өзүн берди. Ал муну, Өзү адам болуп келгенде гана ишке аша тургандыгы жөнүндө айтылган Өзүнүн Сөзүн бузбай туруп гана кылды.

Кудай жер жүзүн адамга берген соң, Ал Кудай болуп туруп, аны кайтарып ала алмак эмес, аны Адамдын Уулу гана кайтара алмак. Бул жерде кыздан туулган Ыйсаныны акылмандыгы бар, Ал жүз пайыз адам болуп келди. Бирок, Анын Атасы Ыйык Рух болгондуктан, Ал адамдын кулчулдук табиятына жакын болгон жок. Ыйса денеде келген Кудай болгон. Ал биздин куткарылышыбыз үчүн кандай гана оор азапты башынан өткөрүшү керек болуп тургандыгын билген. Бирок, Ал бизди ушунчалык терең жана катуу сүйгөндүктөн, биздин эркиндигибиз үчүн ыктыярдуу түрдө кун төлөөгө макул болду.

Анын бир гана ырайымы, айкөлдүгү, күчү жана улуулугу тууралуу бүтүндөй бир китеп, ал тургай, бүтүндөй бир томдорду жазууга болот. Бирок, бул китеп башкача ниет менен жазылган.

## Биз айланып өткөн суроолор

Биз ушундай таң калаарлык Кудайдын балдарыбыз, ошондуктан да, укмуштай бир сүйүүнү башыбыздан өткөрүшүбүз керектиги тууралуу жөнөкөй гана логика айтып турат. Бул өзгөчө бир жакшы ой жүгүртүү гана эмес, бирок, Жазуунун өзү акыл-эстин ушундай жыйынтыгын туура деп турат. Бизге булар убада кылынган:

- Анын кудайлык табияты,
- ак ниеттүү мүнөз,
- шартсыз сүйүү жана кечирим,
- сүрөттөй алгыс кубаныч жана тынчтык,
- адаттан тышкаркы күч,
- жыргалчылык,
- жашоого жөндөмдүүлүк,
- Ден соолук,

- Коопсуздук жана туруктуулук.

Анын берешендиги бул тизмедегилер менен гана чектелип калбайт, жана башка да көптөгөн убадалар бар, алардын ичинде:

- кудайлык акылмандуулук,
- билим,
- акыл-эс,
- ойлоп табуучулук,
- кыраакы акыл жана чыгармачылык.

Ушулардын баары биздин иштерибизде түшүм жана ийгилик алып келет. Башкача айтканда, бизге асманга катылып коюлган казына убада кылынган. Ыйсанын Анын падышачылыгы биздин ичибизде экендигин бекемдеп айткандыгын эстеп көргүлө; ошондуктан Анын эрки асманда болгондой эле жер үстүндө да болушу керек.

Ошондой болсо дагы, жекече деңгээлде дагы, коомдук деңгээлде дагы, бул натыйжалар жок экендиги көрүнүп эле турат. Эгерде биз чындыктын көзүнө тике карап айта турган болсок, анда Кудайдын адамдары менен дүйнөнүн адамдарынын ортосунда чоң айырмачылыкты көрө алабызбы? Биз Ыйсанын жолун жолдоочулар, айырмаланып турабызбы? Биз караңгылыктын муундарынын арасында жаркырап турган чырактай болуп жатабызбы? Ажырашуулардын деңгээлине карап көрсөк, жыйын менен дүйнөнүн ортосунда көрүнүктүү айырмачылыкты көрө алабызбы? Эң жакшыны каалоо дегенге келгенде биз көрө албастыктан, кызганычтан, ушак-айыңдан, тирешүүдөн, эркинбизби? Адеп-ахлак жактан төмөндөп бара жаткан коомдо Кудайдын адамдары катары чынчылдыгыбыз, жогорку адептүүлүгүбүз жана мүнөзүбүз менен айырмалана алабызбы? Ден соолук, жыргалчылыкта жашоо жагынан ишенгендер менен ишенбегендердин ортосунда айырмачылык көрүнөбү? Биз молчулуктагы ресурстарга ээбизби? Биз дүйнө жүзүндөгү башка адамдардын ар бирине Анын Жакшы Кабарын жарыялап жана башкалардын муктаждыктарын канааттандыра алабызбы?

Жогоруда айтылгандар абдан эле катуу айтылгандай жана өтө эле кол жеткистей сезилеттир. Байыркы Осуят мезгилинде күмүш кадимки таш катары эле саналып, эч кандай баага ээ болбогон, анткени ар биринде ашыгы менен бар экендигин элестетип көрсөңөр (1-Падышачылык 10;21, 27). Тескерисинче, эми Жаңы Осуят мезгилинде мен жетер-жетпес жашоодо жашаган кызматчылар менен кайтаруучуларды көп кездештирем. Өз шаарларындагы жана айылдарындагы адамдарга жардам берүүгө болгон каалоолору ашып-ташып тургандыктарына карабастан, акча каражатынын жана башка ресурстарынын жетишпегендигинен улам, андай кылууга жөндөмсүз болуп

жаткандарды көп кездештирем. Эки кырдаалда тең “асманда болгондой эле, жерде да болуп жатабы?”

Ыйса болсо, эгерде биз баарынан мурда Асман падышачылыгын жана Анын адилеттүүлүгүн издей турган болсок, калгандарынын баары бизге кошулуп берилээри тууралуу убада кылат. Биз Ыйсанын каражаттын жетпегендигинен улам тигил же бул ишти калтырып койгондугун бир жерден да көрө албайбыз. Тилекке каршы, биз жыйындарда байлык жана гүлдөп-өсүү боюнча радикалдык окутуулардын пайда болгондугун көрөбүз. Мына ушул туура эмес теориялардан улам, адамдар молчулуктун эч кандай жакшы жагы жок деп ишене башташкан. Бирок, качан биз өзүбүздүн эч нерсебиз жок болуп турса, анан кантип башкаларга бир нерсе бере алабыз?

Эгерде биз өзүбүздү Кудайдын Падышачылыгына арнай турган болсок, анда Анын эркин жер жүзүндө таратуу үчүн Ал бизге бардык зарыл болгон нерселерди ишенип бере алат. Бул жагынан алып караганда, Кудай жаман башчы эмес. Ал аларга зарыл болгон жарак-жабдыктарды бербей туруп, Өзүнүн жолун жолдоочулардан Анын эркин аткарууну сурамак эмес. Баарынан да маанилүүсү, Кудай – кең пейил Ата. Ал Өз балдарын баталагысы келет. Бирок, Ал биздин буюмдар бизге бийлик болушун каалабайт. Бардык жамандыктын тамыры – акча эмес, “акчага болгон сүйүү”.

Байыркы Израилде бир да жакыр адам болбогон учур болгон. Минтип жазылып турат: “... Дандан Бейер-Шебага чейин жаткан Ысрайыл менен Жүйүт эли өздөрүнүн анжыр жыгачынын, жүзүм багынын астында бейкапар жашады” (1-Падышачылык 4:25 ОЖК). Дан шаары Ысрайылдын алыскы түндүк жагында болгон, ал эми Бейер-Шеба болсо – алыскы түштүктө болгон, Ошондуктан, Жазууда өлкө боюнча бир дагы муктаж болгон адам болбогондугу тууралуу айтылып жатат. Мамлекеттин камсыздоосунда болгон бир дагы атуул, бир да адамдардын катмарлары болгон эмес! Мына ушундай молчулукка эмне алып келген?

Бул жөн гана дал келүүчүлүк эмес. Эгерде Байыркы Осуяттагы Кудайдын элинин тарыхын карап көрө турган болсок, алардын көптөгөн муундары таң каларлык гүлдөп-өсүүгө жетишишкен. Анткени алар экономикалык, социалдык жана аскердик жагынан да күчтүү болушкан. Алардын тамак-аштарында, байлыктарында жана башка ресурстарында молчулук болчу. Аларга кол салган душмандар да алыс чегинишкен. Анткени, ысрайылдыктар жеңилишкен эмес, тескерисинче жеңишкен. Башка элдер алардын жашоосун карап туруп, таң калышкан. Бул Жаңы Осуяттай жакшы кез эмес, Эски Осуят экендиги эсиңерде болсун!

Ыйса – эң жакшы убадаларга негизделген, эң жакшы парыздын арачысы

(Эврейлер 8:6ны карагыла ). Эгер биз анын жашоосун карап көрсөк, башкаруучулар, бюрократтар, (салык жыйноочулар), белгилүү адамдар, сойкулар, уурулар, байлар, кедейлер – тактап айтканда бардык катмардагы адамдар Аны менен жолуккусу келгенин көрөбүз. Ыйса кайсыл жакка келбесин, бүтүндөй шаарларды өзгөрткөн. Башкалардын муктаждыгын толтуруу үчүн, Анда эч качан жетишсиздик болгон эмес. Эгер кимдир бирөө анын шакирттерине жамандык кылуу аракетин жасаса, олуттуу залал келтире алган эмес - жаман кырдаалдар дайым таң калыштуу ийгиликке айланып калчу.

Алгачкы жыйындын мүчөлөрү жөнүндө, алар “бүт дүйнөнү дүрбөлөңгө түшүргөн” (Элчилер 17:6) – деп айтылган. Алардын да муктаждыгы болгон эмес, анткени алар жөнүндө жазылып турат: “...бардыгынын үстүндө Кудайдын зор ырайымы бар эле. Алардын эч кимиси эч нерсеге муктаж болчу эмес...” (Элчилер 4:33,34). Алар ушунчалык өзгөчө болгондуктан, аскер башчыларын жана шаар башчыларын, алар кудай эмес экенин жана аларга таазим кылууга муктаж эмес экендиктерине ишендирүүгө туура келчү. Ошол убактын жашоочулары аларды өзүнүн муунунун супер каарманы катары көрүшкөн. Азап чеккен адамдарды оору- сыркоолордон бошотушкан. Алар ошол убактын караңгысында жаркырап турушкан.

Силерге кайрадан суроо бергенге уруксаат бергиле: биздин жашообуздун образы биз жашаган дүйнөнүн образынан байкалаарлык деңгээлде айырмаланып турабы? Бул убадалар алгачкы жыйындарга гана берилип, эми актуалдуу эмес болуп калды деп түшүндүрүү үчүн, бизге Ыйык Китепте даана, так эле ачылып турган Кудайдын Сөзүн алмаштырып же актануу издегенге аракеттенип жаткан жокпузбу? Жаңы Келишимдин авторлору жооп берип жатышат, бирок, биз бул татаал маселелерден качып жатабыз.

Жазуу эмне жөнүндө айтып жаткан болсо, биз ошого чындап кулак төшөсөк кандай болот?

Мен эч кимге сөөмөй кезеп айткым келбейт, бирок “Сенин эркиң асманда болгондой эле жер үстүндө дагы болсун” деген ушулбу деп гана сурагым келет. Ыйсанын “... Кудайдын Падышачылыгы силердин ичиңерде» (Лука 17:21) деген сөзүнө көңүл бурбай койбош керек. Анын Падышачылыгы ушул жерде, Машайактын Денесинин ичинде. Биз өзүбүздүн муундарыбыздын арасында, Ыйса Өзүнүн муундарынын арасында жашагандай жашап жатабызбы? “Машайактын ичиндемин” деген адам Машайак кандай жашаса, ошондой жашашы керек” деген насаат бизге берилип жаткан жокпу (1Жакан 2:6)?

Алгачкы жыйындар дүйнөнүн ар тарабына жеткендей деңгээлде болуп жатабызбы? Эки жылдын ичинде бүтүндөй аймактар Кудайдын Сөзүн

укканын көрө алабызбы? (Элчилер 19:10 кара). Аларда Интернет, Facebook жана башка социалдык тармактар, сыналгы, жада калса үналгынын да жок болгонун эске алгыла. Ошентсе да, ар бир адам жөн гана бир адам же бир шаар эмес, бүтүндөй аймак, Жакшы Кабарды угушкан.

Бүгүнкү убакта мунун барын көрүп атабызбы? Чындыктын көзүнө карап көрөлүчү.

Биз бөлмөдөгү пилди байкабай аткандай сүйлөп жатабыз: “Кудай мындан ары минтип кыймылдабайт”. Биз Жакшы Кабарды абалыбызга жараша кыскартып салгандайбыз. Бийлик, күч, ийгилик, байлык, түшүм жана ден соолук алып келген нерседен баш тарткан сыяктуубуз (жада калса, жек көрүү менен баш тартып атабыз). Биз мындай кабар өтө тереңдетилген, тең салмактуу эмес жана бой көтөргөн сыяктуу деп айтабыз. Ушуну менен биз оор суроолорго жооп бергенден коргонуп жана эмнеге биз Жакшы Кабар менен дүйнөгө таасир бере албаганыбызга актанабыз.

Ошондуктан, мен өзүмө бардыгы болбосо да, көпчүлүгүбүз ойлонгон аракетсиздигибиз жөнүндө суроо берем. Эмнеге биз бул суроону көтөрбөйбүз? Эмнеге ага жооп издебейбиз? Балким, биз чечкиндүү эмес болуп жаткандыгыбыз, бул суроо биз чечкибиз келбеген сырларды ачып коёт деген коркунучтур? Бирок, эгер жооп издебесек жана ошолорго жараша жашабасак, бизге убадаланган жана бизге арналган жашоодон төмөнкү деңгээлде калып калабыз.

Отуз беш жылдан ашык кызматтан кийин, алтымыш жашка жетейин деп калганда, бул суроону бергенге менин каалоом жана даярдыгым толугу менен бар. Андан дагы, бул нерсеге Кудайдын үгүттөөсү бар экендигин сезип жатам. Эгер Анын сөздөрүнүн призмасы аркылуу ага чындап кайрылсак, биз чакырылган жашоонун толуктугунун баары ачылат.

Эгер силер, мен сыяктуу эле, суроолорду жакшы көрсөңөр, келгиле, бул руханий саякатка чогуу жөнөйлү. Бул саякат тез болбойт жана врач бейтапка кам көрүп, жашоосун сактап калуу үчүн бардык аракетин көргөндөй, оор хирургиялык операция сыяктуу болушу да мүмкүн.

Ыйык Рух биз жөнүндө өз алдынча деңгээлде да, жалпы деңгээлде да хирургдан да көбүрөөк кам көрөт. Бул нерсе мындан бир топ кызыктуураак бөлүмдөрдү окуп жатканда да эсиңерде болсун. Натыйжада, силер коргоо чепке, ден соолукка, жашоодогу кубанычка, сүйүүгө жана жандуу күчкө ээ болосуңар. Мен ишенем, жоопplatform адамдардын, шаарлардын, жана муундардын жашоосунун кадамын өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк бар.

Эгер мени менен болсоңор, анда алга!

## АРАКЕТЕНГИЛЕ

Жакыптын Жакшы Кабарында (1:22) Кудай бизге эскертет: “Сөздү угуучулар гана болуп, өзүңөрдү алдабастан, сөздү аткаруучулар болгула”. Бул жерде биз Кудайдын сөзүн угуп (Жазуудан, Ыйык Рухтан же туура окутуу берген адамдан), бирок, аны аткарбай, жөн гана өзүбүздү алдап атабыз деп айтып жатат.

Биздин ишенимибиздин далили, бизди окутуп жаткан нерсе менен макул болуу эмес, бирок, биздин аракеттер. Мына ошондуктан, бул китептин ар бир бөлүмүнүн аягындагы сунушталган тапшырмалар өтө зарыл. Алардын ар бири, кийинки бөлүмдөрдө силер үчүн ачылган чындыктарга кунт коюу менен дароо астыга секире ала турган, пайдалуу трамплинди тартуулайт. Бул узак убакты талап кылбаган, кыска аракеттер.

Эгер силер алардын ар бирине көңүл бөлсөңөр, бул китептен дагы да көбүрөөк пайда ала аласыңар жана өз жашооңордо андан да көп өзгөрүүлөрдү көрө аласыңар.

| | |

Бардыгы качып жаткан суроону коюу, тиш доктурга барып

тиш тазалатууга окшош - толугу менен пайда алышыбыз үчүн, биз эрдикке толушубуз керек.

Силердин жашооңор дүйнөдөгү адамдардыкынан эмнеси менен айырмаланат? Айланадагы адамдар силерди Ыйсага окшоп жашап жатасыңар деп айтып жатабы? Бул суроодон качпагыла; ал үчүн ачык болгула. Силер Ыйсага окшоп жашасаңар, жашооңор канчалык өзгөрөт эле? Кандай адаттарыңарды калтыраар элеңер? Ал нерсе, силердин айланаңардагы адамдар менен сүйлөшүүңөрдү канчалык өзгөртөөр эле? Силердин үй-бүлөңөрдөгү мамиле канчалык башкача болоор эле?

Убакыт бөлүп, өз оюңарды жазып койгула. Жазууну жол башчыңар катары колдонгула. Ал силерге умтулууга максат берет. Жоопторуңарды жазаар менен, алар үчүн сыйынгыла. Силердин жоопторуңардын арасынан жашооңордо азыркы учурда Ал кылып жаткан нерселердин бирөөсүнө жарык берүү үчүн, Ыйык Рухту чакыргыла. Андан бул тармакты, силер өзгөрүүгө күч ала тургандай жандандыруусун сурагыла.

2

# ТААНЫШЫП КОЙГУЛА, КРИПТОНИТ

Биринчи киришүү бөлүмүндө биз Кудайдын улуулугун талкуулоого аракет кылдык. Мен аракет деген сөздү колдонуп жатканымдын себеби, биздин тилибиз канчалык бай жана так болбосун, Анын кереметтүүлүгүн сүрөттөөгө жакындай да албайбыз. Анын артыкчылыгы жана даңкы жагынан өйдө боло ала турган эч ким жок, Ага эч ким тең келе албайт. Кудайдын атаандашы жана теңдеши жок, жана Ал өткөндүн түбөлүктүүлүгүнөн, келечектин түбөлүктүүлүгүнө чейин падышачылык кылат. Ал кереметтүү!

Биз Анын балдары болуп, жашообуз Аны чагылдыруусу керектигин жакшы түшүнөбүз, - Ыйык Жазууда бул жөнүндө түшүнүктүү эле айтып турат. Кудайдын Сөзү Анын уулдары жана кыздары жөнүндө, биз: “... Ал кандай болсо, биз да бул дүйнөдө ошондойбуз”(Жакан 4:17) – деп жарыялайт. Апостол Жакан: “Ал кандай кылса, биз да эмки жашообузда ошондой болобуз”- деп айткан жок. Жок, ал биз так ушул убакта, ушул дүйнөдө, Ал кандай кылса, ошондой кылып жатабыз деп жазып атат. Бул сөздөр жан дүйнөңдүн тереңдигине чейин титирете турган сөздөр. Башка жагында мындай деп айтылган:

> “...Кудайдыкындай табиятка ээ болушуңар үчүн, Анын даңкы жана жеткилеңдиги аркылуу бизге кымбат баалуу жана улуу убадалар берилген” (2 Петр 1:4 ОЖК).

Ойлоп эле көрсөңөр. Силер менен бизге Анын кудайлык табияты берилген. Бул жер жүзүндөгү эң белгилүү адамдын жаратылышы эмес.

Жок, бул Кудайдын Өзүнүн табияты жана биз түшүнбөй кала турган болсок, “кудайлык” деген сөздү кошуу менен Петр бизди буга ынандырып атат. Бул жакта theios деген грек сөзү колдонулган, ал “жеке Кудайга гана тиешелүү жана Андан жаралган” дегенди түшүндүрөт (WSNTDICT сөздүгү). “Жаратылыш” деген сөз - бул грек тилиндеги fhusis деген сөз, “маңызын даана көрсөткөн, маанини жана касиетти түзгөн” дегенди түшүндүрөт (WSNTDICT). Бул аныктамаларды чогуу койсок: “Ал бизге... убада берген, силер ошолор аркылуу Кудайга гана тийиштүү маанилүүлүккө, касиеттүүлүккө тиешелүү болуп калдыңар”.

Биз чынында эле Кудайдан жаралганбыз!

Кызматчылар мындай сөздөрдү айтканы мени кооптондурат: “Машйакчылар менен күнөөкөрдүн ортосунда эч кандай айырма жок; жөн гана машайакчылар кечирилген”. Бул жаңылышуу жана ал өзүнүн артынан эки коркунучтуу нерсени алып келет: биринчиден, ал Кудайдын бизге Ыйса аркылуу кылгандарын кичирейтип жатат. Экинчиден, Анын убадасынын күчүнөн арылытып жатат. Ошонтүү менен ал, Кудайдын элин – бизди, өзүбүздүн күнөөлүү каалоолорубуз үчүн кабылган бул дүйнөнүн кулчулугунан бошонуубуздан кармап жатат.

Ал тургай, жаратылыш дагы бул жалган окутууну четке кагып жатат. Силер качандыр бир жолу арстандан таранчынын же асыл тукум аттан курттун жаралганын уктуңар беле? Биз Кудайдан жаралганбыз жана биз Анын балдарыбыз. Бизге: “Сүйүктүүлөрүм, биз эми [кийинчерээк, асманга барганыбызда эмес] Кудайдын балдарыбыз...” (1 Иоанна 3:2, ОЖК) деп айтылган.

Анын сүйүктүүлөрү экенибизди эске алганда биз өз пайдабызды көздөбөгөн мүнөздү, шартсыз сүйүүнү, сөз менен жеткире алгыс кубанычты, тынчтыкты, акылга сыйгыс күчтү, билимди жана билермандыкты көрсөтүшүбүз керек жана бул тизме ушуну менен эле токтоп калбайт! Жазуу бизге ушул жана ушул сыяктуу сапаттарды көп деңгээлдерде убада кылат. Ошондуктан, мен кайрадан өзүмдүн суроомду берейин: “Эмне үчүн биз аларды ар бирибиздин жашообуздан жана бүт жыйындын жашоосунан көрбөй жатабыз?”.

Ушул жана башка ушуга окшош суроолорго жооп берүүдөн мурда, мен силерди берилген китепти окууга даярдагым келет. Кийинки бир нече бөлүмдөр силерге терс жана орой сезилиши мүмкүн, бирок мен силерге: жооп аласыңар жана алар канааттандырарлык жооптор болот деп сөз берем.

Мындай кырдаалды элестетип көрсөңөр: эгерде дарыгер бейтапка меланома диагнозун алгачкы стадиясында туура койсо жана амбулатордук

жеңил хирургиялык операцияны кылсын деп жазып берсе, анын чечими негативдүү болуп көрүнүшү мүмкүн. Бейтап өз ичинен ачууланышы мүмкүн: “Мына сага ооматсыздык! Менде рак бар экен да! Мен бул тууралуу эч нерсе уккум келген жок же оорудан арылуу үчүн атайын дарылануулардан өткүм келбейт. Бирок, мен өз өмүрүмдү куткарыш үчүн ушуну кылам”. Бирок, окуянын башкача аякталышын элестетип көргүлө: эгерде дарыгер көйгөйдүн бар болгонун четке кагып, бейтапка жөн гана саламаттуу жашоону, туура такмактанууну, дайыма дене тарбиясы менен алектенүүнү өзүнө жакшы мамиле кылып, сарсанаасыз жашоону сунуш кылса, анда меланома операция кылууга да мүмкүн болбой калганга чейин өсүп, акыры өлүмгө алып келет.

Кудай бизди чектеп же өлтүрүп да сала турган нерселерди талдабай коё албайт. Анткени, Ал бизди өтө эле катуу жакшы көрөт. Позитивдүү жашоо образы менен гана бизди чектеп турган нерсени алып салууга мүмкүн эмес экендигин Ал билет. Ал нерсе менен бетме-бет жолугуп, жок кылып салуу зарыл. Ал биздин ден-соолугубуз жана жыргалчылыгыбыз үчүн кам көргөн Ата.

Ошондуктан, кийинки бөлүмдөрдү окууда диагнозду ошого ылайык процедураларды кылыш үчүн коюш керек экендигин эсиңерге салгыла. Мунун жыйынтыктоочу натыйжасы, бизге Жазууда убада кылынган ашып-ташкан жашоо болот.

## Суроого кантип жооп бериш керек

Эгерде Анын падышачылыгы биздин ичибизде болсо, анда эмнеге ал падышачылык жерде асмандагыдай эмес? Эмне үчүн Байыркы Келишимдин, “биринчи” келишимдин катышуучулары болгон жана аз гана убадаларга негизделген кээ бир ишенгендер, азыркы бизге караганда алда канча жакшы жашашкан? Жазуу бул суроого көп жолу жооп берет! Жооптордун бири Пабылдын Корунттуктарга жазган катынын мазмунунда бар:

> “Адам адегенде өзүн өзү текшерсин, ошондон кийин гана бул нандан жеп, чөйчөктөгү шараптан ичсин. Ким Теңирдин Денеси жөнүндө ойлонбой, татыксыз түрдө ичип-жесе, ал өзүн өзү айыптуу кылат. Ошондуктан көпчүлүгүңөр алсызсыңар жана оорулуусуңар, араңарда өлгөндөр да аз эмес. Өзүбүздү өзүбүз текшерсек, сотко кабылмак эмеспиз. Бул дүйнө менен бирге соттолбошубуз үчүн, Теңир бизди соттоп, жазалап жатат” (1Корунттуктарга жазылган биринчи кат 11:28-32).

Пабыл корунттуктар кечки тамакка кандай сыйлабастык менен мамиле

кылышканын байкаган, бирок, алардын маданиятсыздыгы көпчүлүктөр ойлогон кайсы бир иш-аракеттер менен чектелген эмес. Нан сындыруу убагында алар биз азыр өткөрүп жаткан аземдей өткөрүшкөн эмес, алар толук кандуу түшкү тамакты жешкен. Андан ары, биз соттолууга алып келе турган көйгөйдүн тамыры алар Кудайга тил албастыгын түшүнүшүп, бирок, ошого карабастан, ошол ишин улантышканында экенин көрөбүз.

Алардын бул кылганы өзүнүн артынан үч нерсени алып келген: алсыздык, оору жана денелик өлүмдү алып келди. Акыркы экөө толугу менен түшүнүктүү, бирок, биринчиси эмнени билдирет? “Алы жоктуктун” кээ бир аныктамалары өз ичине ден соолуктун жана күчтүн жетишпестигин, алсыздыкты камтыйт. Бул сөз жашоонун көпчүлүк тармактарына тиешелүү болушу мүмкүн. Жалпысынан, ал биз ким болуп жаратылсак, ошол болууга алсыз экенибизди айтып жатат.

Келгиле, Суперменге кайтабыз. Ага коркунч туудурган жана анын алсыздыгынын себеби болгон зат – бул криптонит. Супермен өзгөчө жөндөмдүүлүктөргө ээ болгон. Ал акылга сыйгыс кыймылдарды кылып, адаттан тышкаркы билимдерге, күчтүү сезимталдыкка, укмуштуудай күчкө жана кынтыксыз мүнөзгө ээ болгон. Ошентсе да, жанында криптонит болуп калса, Супермен алсыз, оорулуу жана кадимки адамдан да күчү аз болуп калчу. Криптониттин жанында узак убакытка чейин болсо, ал өлүп да калышы мүмкүн эле.

Негизинен, элчи Пабыл бизге криптониттин жыйындагы иш-аракетин ачып берип жатат. Бул көрүнүш бизди күчүбүздөн тайдырып, кудайлык табиятта күчтүү жашагандан кармап жатат.

Дөөт падыша бир жолу көзүнө жаш алып, өз күнөөлөрүн мойнуна алып, тобо кылбаганын айтат: “...кургакчылык убагындагыдай, өң-түстөн кеттим” (Забур 31:4, ОЖК). The Message котормосунда мындай деп жазылган: “Менин жашоомдун ширелери кургап калды”. Башка забурда “... Күнөөлөрүмдүн айынан алсырап калдым, сөөктөрүм кургады” (Забур 30:11 ОЖК) деп жазылган.

Жакып болсо мындай дейт: “...кылынган күнөө өлүмгө дуушар кылат. Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла!” (Жакып 1:15,16). Жакып биз күнөөнүн тузагына кабылбашыбыз үчүн ишенгендерге ачык эле кайрылып жатат. Эгерде күнөө менен чечишпесе, ал ишенгендер менен криптонит Супемен менен эмне кылса, ошону кылып коюшу мүмкүн, өлүмгө чейин деле жеткирип коюшу ыктымал. Ошону менен Пабыл, бизди жана корунттук жыйынды жакшы көргөн рухий ата катары рухий криптониттин таасири жөнүндө эскертип жатат.

## Күчтүү эскертүү

Бул сынап жаткан аяттардан белигилеп кетчү нерсе – бул, эскертүү. Пабыл: “Бул силердин араңардагы бардык алсыздыктардын, оорулардын жана өз убактысынан эрте өлүп калуунун себеби” деп айткан жок. Башкача айтканда, ал бүт сыноолор, оорулар жана өлүм күнөөдөн улам келип чыгат деп айткан жок. Биз-ишенгендер, кыйынчылыктар менен дайыма күрөшөбүз. Анткени, биз чыныгы жашоодогу тоскооолдуктар жана кара күчкө толгон жиндер менен эсептеше турган, төмөнгө түшкөн дүйнөдө жашап жатабыз.

Мисалы, Жакшы Кабарда Ыйса шакирттери менен тубаса сокур адамдын жанынан өтүп бара жаткан окуя сүрөттөлөт. Шакирттери Андан: “Устат, бул кишинин сокур болуп төрөлүшүнө кимдин күнөөсү себеп болду, өзүнүкүбү же ата-энесиникиби?” – деп сурашты (Жакан 9:2). Алардын божомолдоолору бул адамдын сокур болуп төрөлүшүнө бир гана себеп – күнөө болушу мүмкүн дегенге такалып жаткан.

Ыйса аларга шарт эле мындай деп жооп берди: «Өзүнүкү да, ата-энесиники да себеп болгон жок”. Ыйса бул туура эмес жана коркунучтуу ойлорду дароо жана чечкиндүү четке какты. Бардык эле алсыздыктар, оорулар жана өлүм күнөө үчүн боло бербейт.

Элипаз, Билдат жана Сопар так эле ушундай ойлошуп, Аюбду сындашкан. Алар Аюбдун азап чегүүлөрү анын күнөөлөрүнөн улам болуп жатканын өзүлөрүнүн айыптоо сөздөрү менен бекемдешкен (Аюб 5:17; 8:4-6; 11:13-15; 22:1-11ди карагыла). Ошентсе да, Аюбдун азап чеккенине чейин Кудай аны менен сймыктанып, мындай деген: “...жер жүзүндө андай адам жок. Ал – кемчиликсиз, адилеттүү, Кудайдан корккон, жамандыктан алыс жүргөн” (Аюб 1:8). Аюбдун азап чегүүсү менен күнөөнүн же кемчиликтин эч кандай жалпылыгы жок эле. Кудай кайсы бир убакытка чейин унчуккан жок, бирок акыр-аягында, Ал Элипазга мындай деди: “... Силер Мен жөнүндө Менин кулум Аюбдай туура сүйлөбөгөнүңөр үчүн, сага жана сенин эки досуңа Менин каарым кайнап турат” (Аюб 42:7). Качан биз Кудай андай болбосо дагы, Аны адамдын күнөөлөрү үчүн оңдоп жана жазалап жаткан катары көрсөткөнүбүздө, биз Анын мүнөзүнө каршы олуттуу айыптоону чыгарып жаткан болобуз.

Канча бир жылдар мурун, мен жаш ишенүүчү болгон учурумда, көпчүлүк жыйындар чөйрөсүндө адамдар кыйынчылыктарга дуушар болушса, аларды күнөөлөр үчүн айыпташкан. Айрым адамдардын арасында азыркыга чейин ушундай ой жүгүртүү бар, бирок, бактыга жараша, ал ой азыр кеңири жайылган эмес. Библиялык окутуу жана көп жагынан

жакшы лидердик, бул тири-укмуш түшүнүктү жыйындардан сууруп салды. Ушундай ой-пикирлерди айткан адамдардын үндөрү ушунчалык бейадептик менен чыгып, айыптагандай, ал тургай жек көргөндөй угулган. Тилеке каршы, мындай окутуулар кээ бир адамдарды ишенимден алыстатып салган.

Башка жагынан алып караганда, алсыраткан оорудан отуз сегиз жылдан кийин айыккан адамга Ыйсанын айткан сөзүн эске салышыбыз керек: "«Мына, сен айыктың, абалың мурункудан да жаман болбош үчүн, мындан ары күнөө кылба», – деди" (Жакан 5:14). Күнөө кырсыктарга жана сыноолорго эшик ачып коёру тууралуу Ыйсанын айтканын тануунун кажети жок. Ыйса ошол адамды ушунчалык сүйгөндүктөн, ал үчүн Өз жашоосун курмандыкка берген. Ошол Өзүнүн курмандыктуу сүйүүсү үчүн да Ал аны алдын ала сактагысы келип жатат.

Ушундай кээ бир маселелерди чечип жатканыбызда, бизге чыныгы сүйүү жетишпей кетет. Бизди башкалар одоно, айыптап-ушактоочу катары эсептеп калбасын деп, өзүбүздү токтоо кармаганга аракеттенебиз. Бирок, өзүбүздүн унчукпай коюубуз менен биз кээде таптакыр башка жагына кетебиз. Мындай абалда биз дагы эле Пабыл сүрөттөгөндөй абалда кала беребиз, б. а. алсыз, оорулуу болуп, мезгилинен эрте өлүмгө дуушар болобуз. Анан ушул сүйүүбү? Анан ушул камкордукпу?

Бизде адамдарга бере турган жооптор бар, бирок, аларды айткыбыз келбейт, анткени түшүнбөстүктөр болбосун деп коркобуз. Келгиле, чынчыл бололу. Биздин сүйүүбүз эмнеге байланган? Биз Ыйса менен Пабыл чындыкты айтып жаткандай болуп, жыйынды сүйөбүзбү? Же болбосо, өзүбүзгө, өз кадыр-баркыбызга, көбүрөөк көңүл буруп, өзүбүздү ээрчигендерди жоготуп койбойлу же бизди туура эмес түшүнүшүп калышпасын деп турабызбы?

## Менин жолум

Өз кызматымдын башталышында мен дайыма баарын шыктандырууга жана айланамдагылар менен мүмкүн болушунча позитивдүү болууга аракеттенчүмүн. Мен чыр-чатактан чумадан качкандай эле каччумун. Жада калса, кээде алдап жакшы сөздөрдү сүйлөп койчумун, эптеп урушпаш үчүн. Джон Бивер жөнүндө мындай дешчү: "Ал аябай жакшы, ал жыйындагы эң жагымдуу адамдардын бири". Мындай сөздөр мага жетчү жана менин жан дүйнөмдү жылытчу.

Сыйынууларымдын биринде Кудай мага мындай деди: "Адамдар сени жыйындагы эң жагымдуу адамдардын бири деп айтып жатышат, чынбы?".

Мен: “Ооба айтып жатышат” – деп жооп бердим. Мен Кудай менден ыраазы деп ойлоп кеттим эле, бирок, Ыйык Рухтун үнүнүн ыргагы боюнча бул суроодо мен Ал тараптан болгон башка сигналды сездим.

Кийинки сөздөр менин коркунчумду ырастады. Ал айтты: “Уулум, сен бул жыйындагы адамдарды сүйбөйсүң”.

Мен абдан таң калдым жана мындай деп жооп бердим: “Эмне? Мен адамдарды сүйөм, алар дал ушуну айтып жатышат”.

Анан Ал: “Сен эмне үчүн сүйлөшүүлөрдө дайым оң жана шыктандыруучу сөздөрдү сүйлөгөнүңдү билесиңби ?”деп кошумчалады.

“Эмне үчүн?”,- деп кылдааттык менен мен сурадым.

“Анткени сени четке кагып салат деп коркосуң”, - деп Ал жооп берди.

Мен ылайыктуу сөз да таппай, жеңилип жана басынып калдым.

> “Эгерде сен чынында адамдарды сүйсөң,- деп улантты Ал, -
> сенин сөздөрүңдү же өзүңдү четке кагып салаарын билсең да,
> сен аларга чындыкты айтмаксың”.

Менин жашоомдогу чечүүчү учур келди. Мен дароо өзгөрүлдүм жана башка тарапка өттүм. Эми мен чындыкты айта баштадым, бирок, адепсиз жана чаржайыт. Анткени мага мурдагыдай эле эң негизги нерсе жетпей жатты: чыныгы сүйүү . Мен кичинекей жыйындарга барып кызмат кылып жүрдүм жана тилекке каршы, козуларымды сокчумун. Аркамды карап, мен адамдарды урушуп, аларга бир тамчы да кайрымдуулук көрсөтпөгөнүм үчүн өкүнөм жана менин артыман жыйындарды кайра тартипке келтирүүгө мажбур болгон алардын кайтаруучуларына боорум ооруйт.

2001-жылы мен Европадагы чоң жыйындардын биринде улуу жыйналышта кызмат кылдым. Бир нече айдан кийин мен үч континенттеги ар кандай маалыматтардан, ошол жыйындын кайтаруучусу өзүлөрүнүн биринчи лидерлерине, мен козулар менен орой болгонумду жана аларды урганымды айтканын уктум. Ал туура айткан.

Бул өкүнүчтүү жаңылык мени тизеге чөгөлөөгө мажбурлады. Мен мурда болуп көрбөгөндөй сыйынып аттым, ал тургай, Кудайга жалынып аттым, жүрөгүмдү Анын сүйүүсүнө жана Анын адамдарына болгон кайрымдуулукка толтуруусун жалбарып сурандым. Ал жооп берди. Өзүң кызмат кылган адамдарды чындап сүйүү деген эмне экенин, жашоомдо биринчи жолу түшүндүм.

## Кээ бири эмес, бирок көпчүлүгү

Пабыл корунттук жыйынды аябай сүйгөнү эсиңердеби? Ал нерсеге бул сөздөр далил болуп бере алат: “Эмне үчүн минтип жатам? Силерди сүйбөгөндүгүм үчүнбү? Силерди сүйөрүм Кудайга белгилүү!” (2 Корунттуктарга 11:11).

Бул каттын башка бөлүгүндө ал мындай деп жазып атат: “Силерди капа кылыш үчүн эмес, менин силерге болгон терең сүйүүмдү сезишиңер үчүн, кайгыга батып, жүрөгүм сыздап, көз жашымды төгүп жаздым” (2 Корунттуктарга 2:4). Бул жыйын аны туура эмес түшүнгөн. Алар оңдоп-түзөө жана эскертүүнү сүйүүнүн жетишсиздигине болгон белги катары кабыл алышкан. Албетте мындай нерселер жыйындарда жана башка жактарда болушу мүмкүн. Көпчүлүк адамдар мен өзүмдү - катаал, ырайымсыз, өзүмчүл, чыныгы сүйүү көрсөтпөгөн, камкор эмес жана кайрымсыз кылып алып жүргөндөй эле, алар да өзүн ошондой алып жүрүшөт. Алар сөзүнөн жаңылып атса да, бирок, ошол эле учурда кооз сүйлөп жана тайманбас билдирүүлөрдү айтышы мүмкүн. Көпчүлүк элдер бийликти мындай кыянаттык менен колдонуунун жабырланычуусу болуп калышты. Бирок, оңолуу жана эскертүүнүн баары окшош эмес. Пабыл кээде өзүнүн сөздөрүндө катуу болушу мүмкүн. Ал оңдоп жана туура жагын көрсөтөт, бирок мунун баарын ал, чыныгы сүйүүгө жана дилгирленүүгө толгон жүрөгүнөн кылат.

Бир канча убакыттан кийин, ошол эле катында Пабыл мындай деп жазып жатат: “Силер мени мен силерди сүйгөнчөлүк сүйбөсөңөр да, силердин жаныңар үчүн мен чын жүрөгүм менен колумда болгондун баарын сарптаймын, өзүмдү да аябаймын” (2 Корутундуктарга 12:15). Ал өзүнүн кейип жатканын жашырган жок. Ал алардын бакубаттуулугуна болгон сүйүүсүн жана терең кам көрүүсүн түшүнүшкөн жок жана Пабылды ырайымсыз лидер катары, өзүнүн гана айтканын кылдырткан адам катары кабыл алып жатышат.

Суранам, түшүнгүлө, Пабыл көпчүлүктүн алсыздыгын, ден соолуктарындагы көйгөйү бар экендигин жана мөөнөтүнөн эрте өлүп жаткандыгын, кескин түрдө айтып жатса да, ал нерсеге аны аларга болгон дилгирлүү сүйүүсү түртүп жатат.

Эгер ал “кээ бирлери” деп айтса, кабыл алуу жеңилирээк болмок, бирок ал атайын “көпчүлүгү” деп айтып жатат. Анын сөздөрүндөгү бизге ачылган чындыкка көз жумуп койсок болобу? Эгер ал чындык аларга тиешелүү болсо, анда ал бүгүнкү күндө бизге тиешеси барбы? Эгер бул окуя бир жолу гана болгон болсо, Кудай анын Жазууда болушуна жол берет беле? Бул

нерсе бүгүнкү күндө бизге тиешеси жокпу? Албетте, “ооба” деген жооп, тиешеси бар.

Акыркы далил: Пабыл жөн гана жыйындагы нан сындыруу аземине кайрылып аткан жок. Анын сөздөрү биз алгач көрүп аткан нерсебизден көбүрөөк мааниге ээ жана көпчүлүгүбүз ошондой эле мен дагы, көптөгөн жылдардан бери жиберилген каттын баарын көргөн эмеспиз. Эмки бөлүмдө биз анын сөздөрүнүн маанисин тереңирээк карайбыз.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Артка кайрылып, бөлүмдүн башынан силерге эмне мүмкүн экендигин, өзүңөргө эстетүү үчүн окуп көргүлө. Силер эмне үчүн тандалганыңарды эстегиле: “...анткени Ал кандай болсо, биз да бул дүйнөдө ошондойбуз” (1 Жакан 4:17). Кудай силерди кийинки жашооңордо эмес, так азыр Ыйсага окшоп жашашсын деп чакырып жатат.

Жогоруда айтылып өткөндөрдүн бардыгына карап, өзүңөрдүн күнүмдүк өтүп жаткан жашооңор жөнүндө эмне дейт элеңер? Балким, Ыйсада болгон мүмкүнчүлүгүңөрдү түшүнгөнгө чейин, өзүңөрдүн алсыз экениңерди элестеткен эмессиңер, эми муну түшүнгөндөн кийин, өзүңөрдү күчтүү же алсыз деп эсептейсиңерби? Эгер алсыз деп эсептесеңиз, анда өзүңөргө акылмандуулук менен баа бердиңер. Анткени Кудай, анын күчү өзгөчө алсыздыкта жеткилең болот деп ырастап жатат (2 Корунттуктарга 12:9).

Кудай биздин алсыздыгыбызды Анын алдында момун болгондо гана күчкө айлантат (1 Петр 5:5 кара). Жашооңордогу алсыздык кандай гана болбосун, Кудай аны силерге ачып берүүсүн сурангыла. Аларды жазып алгыла жана Андан алардын ар биринен бошонуунун жолун сурагыла. Убакыт бөлүп, ар бир алсыздыкты күчкө кантип айлантууну Кудайдын эрежелеринен жазып алгыла.

# 3

# Бир

Пабыл сүйгөн жыйынына жазган сөздөрдү дагы бир жолу окуп көрөлү:

> “Адам адегенде өзүн өзү текшерсин, ошондон кийин гана бул нандан жеп, чөйчөктөгү шараптан ичсин. Ким Теңирдин Денеси жөнүндө ойлонбой, татыксыз түрдө ичип-жесе, ал өзүн өзү айыптуу кылат. Ошондуктан көпчүлүгүңөр алсызсыңар жана оорулуусуңар, араңарда өлгөндөр да аз эмес. Өзүбүздү өзүбүз текшерсек, сотко кабылмак эмеспиз” (1Корутундуктарга 11: 28 – 31).

Бул бөлүмдө Пабылдын “Теңирдин Денесин талкуулабай” деген сөздөрүнө басым жасайбыз. Биринчиден, мен алардын ичинен эки нерсени карап чыккым келип жатат: биринчиси, ал өзүнчө бир адамдарга айтып жаткан жок, баарынан мурда ошол жыйындын ар бир адамына б.а. Корунт шаарындагы ишенген коомчулуктун бардыгына айтып жатат.

Мурдакы он жылдыктарда Ыйса Теңир менен болгон жеке мамилеге катуу көңүл бөлүшкөн. Албетте, бул машайакчылыктын өтө маанилүү жана реалдуу аспекти. Бирок, коомчулуктун биримдигине бир денедегидей болууга күчтүү басым жасалган эмес. Башкача айтканда, Машайакта бир болууга. Эки чындыкты тең, бирисине да күмөн санабай кабыл алуу маанилүү.

Экинчиси: келгиле Пабылдын сөздөрүн Ыйык Китептин башка котормосунан карап көрөлү (New King James Version). Биздин көпчүлүгүбүз “Теңирдин Денеси дегендин маанисине түшүнбөй эле” алсыз, оорулуу

жана мөөнөтүнөн эрте өлгөнүбүз жазылып турат (29 аят). Эки тарапты тең изилдөө анын сөзүн түшүнүктүүрөөк сүрөттөйт.

Пабылдын Ысрайылдын Мисирден куткарылып, чөлдө өткөзгөн убактысы жөнүндө талкуулап жаткан Корунттуктарга жиберилген Биринчи каттын маанисине тереңдеп кирүү үчүн, мурдагы бөлүмүн ачып көрүшүбүз керек. Ошол талкуулоолордун ичинде ал ошол окуяны аларга эмне үчүн эстетип жатканын түшүндүрөт: “Алардын башынан өткөн нерселердин баары бизге сабак болуш үчүн болгон. Кылымдын акырында жашап жаткан бизге эскертүү болуш үчүн, кагазга түшүрүлгөн” (1Корунттуктарга 10:11). Пабыл жөн эле тарых сабагын берип аткан жок, ал бизди чыныгы соттон коргоо үчүн бизди маанилүү бир нерсе жөнүндө эскертип жатат.

Апостол ысрайылдыктар чөлдөн кантип өтүүсүн талкулоо менен, алардын Кудай менен болгон келишимдеги мамилесин сүрөттөөдөн баштайт. Ал бардыгы Кудайдын Руху менен жетектелген (булут), Бардыгы Мисирден куткарылган (дүйнөгө окшош), бардыгы чөмүлдүрүлгөн (биз бир денеге чөмүлдүрүлгөнбүз), бардыгы бирдей рухий азык жешкен жана бардыгы бирдей руханий суудан ичишкен (Кудайдын Сөзү), - бардыгы деген сөзгө басым жасалганы көрүнүп турат. Анан да, алар менен жүргөн аска Машайак болгонун айтып, корутунду чыгарып жатат. Пабыл, алар бир дене болуп жана осуятты сактаган жалгыз Кудайга таандык болгонун так көрсөтүп жатат. Мунун баары Машайактын денеси болгон бизге түздөн- түз тиешеси бар.

Андан ары Пабыл үрөйдү учурган сөздөрдү жазып жатат: “Кудай алардын көпчүлүгүнө нааразы болду. Ошондуктан алар чөлдө өлүп жок болушту”(10:5). Кудай бизди өтө катуу сүйөт, биз түшүнө ала тургандан да каттуу. Биз Аны эч качан бизди азыраак же көбүрөөк сүйсүн деп мажбур кыла албайбыз. Бирок, ушунун бардыгында белгилеп кете турган эң маанилүү нерсе, Анын бизге ырайымдуу болоор – болбостугу бизге байланыштуу. Мына ошондуктан, Пабыл башка жакта биз кызганчаактык менен: “...Теңирге жагууга аракеттенип жатабыз”-деп жазып жатат (2 Корунттуктарга 5:9). Ар бирибиз үчүн, ишенгендердин бардыгы үчүн, бул биринчи орунда турган максат болушу керек.

Эмне үчүн Эски Осуяттын адамдары өз жашоосунда Кудайдын убадалаганын көрбөй өлүп калышты? Пабыл, аларды кулоого алып келген беш күнөөнү санап өтөт: ач көздүк (Кудайдан болбогон же Ал биз үчүн белгилеп койбогон нерсени күйүп-бышып каалоо), буркандарга табынуу, жыныстык мамиле жактан бузулуу, Кудайды сыноо жана арызданнуу. Бир нече аяттан соң Пабыл мындай деп жазып жатат:

> “Силерди акыл-эстүү адамдар катары көрүп айтып жатам, айткандарым жөнүндө өзүңөр ойлонуп көргүлө. Теңирге ыраазычылык билдирүү менен ыраазычылык чөйчөгүнөн ичкенде, биз Машайактын канына үлүштөш болуп жаткан жокпузбу? Нан сындырып жегенде, биз Машайактын денесине үлүштөш болуп жаткан жокпузбу? Нан бирөө, бардыгыбыз биригип бир денебиз, анткени бардыгыбыз бир нандан жеп жатабыз. Ысрайыл элин алып көрөлү: курмандыктан жегендер курмандык чалынуучу жайга үлүштөш болуп жатышкан жокпу?” (1 Корунттуктарга 10:15-18).

Бул жакта Пабыл кайрадан жалпылыктын же нан сындыруунун маселесин көтөрүп, “Кудайдын денесин талкуулабай”, 1Корунттуктар 11-бөлүмдөгү теманы бизге сүрөттөп берип жатат. Ал биз көп экендигибизди, өзүнчө болгон адамдар көп экендигин жана биздин ар бирибизде Ыйса Машайак аркылуу Кудай менен өз мамилебиз бар экендигин моюнга алат. Бирок, башка жагынан Кудайдын көз алдында биз биримдиктебиз. Бул Пабылдын сөздөрүндөгү башкы ой. Биз Машайактын бир денесибиз; Ысрайыл бир болгондой эле биз да бирбиз.

Ошондуктан, биз мындай суроо коюшубуз керек: “Бизди алсыз, оорукчан жана эрте өлтүргөн сот күнөө кылгандардын гана үстүнөн болду беле же кээ бир мүчөлөрүнүн жүрүм-туруму үчүн Корунттагы Машайактын Денесинин бардыгынын үстүнөн болду беле?” Мени туура эмес түшүнүп албагыла, мен өзгөчө белгилеп кетким келген нерсе: адам атайын жана дайыма кылган күнөөнүн жекече издери бар, бирок келгиле, азыр бизге Пабылдан ачылган чындыкка басым кылалы. Ал бардык ишенгендерге – бир Денеге, бир жыйынга, толук бир элге кайрылып жатат.

Азыркы учурда – бул Машайактын Корунт шаарындагы Денеси.

## Бир адамдын ач көздүк иштери

Бизге үлгү калтырып кеткен, ысрайылдыктарга кайрылып көрөлү. Бирок, бир муунга эрте, Нундун уулу Жашыя элди алып жүргөн убакытты карап көрөлү. Бул Иордан дарыясын тайманбай өтүп, өзүнүн баталуу жерине келген ишенгендердин денеси. Алардын биринчи тапшырмасы чоң Иерихон шаарын талкалоо болчу. Албетте, бул оңой тапшырмалардын бири эмес болчу, бирок кайрадан Кудай өзүнүн кудуреттүү күчүн көрсөттү. Ал Нундун уулу Жашыяга белгилүү бир тапшырмаларды берди, алардын арасында мындай буйрук бар болчу:

> “Бирок өзүңөр каргышка калбас үчүн, каргышка калган нерселерден сактангыла... Алтын-күмүштүн бардыгы, жез, темир идиштердин бардыгы Кудайдын ыйык буюмдары болуп, Теңирдин казынасына кирсин” (Нундун уулу Жашыя 6:17-18).

Жерихондогу үлүштүн баары Кудайдын үйүндөү казынага арналган эле. Бардыгы Кудайга гана таандык болуп, ысрайылдыктарга өзүнүн муктаждыгы үчүн эч нерсе алганга мүмкүн эмес эле.

Башкалар кол салышкан учурунда Кудайдын элинин алсыз жери жок болчу. Алар шаардагы тирүү аталган нерселердин бардыгын – эркектерди жана аялдарды, жаштарды жана карыларды, мал, кой, эчки, эшектерди өзүнүн кылычтары менен жок кылышты. Андан кийин алар шаарды жана анын ичинде болгон нерсени, Кудайдын казынасына таандык болгон алтын, күмүш, коло жана темирден башканын бардыгын өрттөп салышты. Бир да ысрайылдык өлүп же жарадар болбогону таң калыштуу.

Бул шаар мурдагы муундардын адамдары чалгынчылык байкоо жасап, ошол жактагы абалды Мусага жеткирип берген шаарлардын бири экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек: “Бирок ал жерде жашаган эл күчтүү экен, шаарлары да өтө чоң, чеп менен курчалган экен...” (Сандар 13:29). Атап айтсак, чоңойгон балдардын биринчи мууну, өзүнүн катарынын арасынан бир да жоготууга учурабай, ошол бекемделген шаарга кол салып, аны талкалашкан. Бул салгылашууда Ысрайыл өтө күчтүү экендигин көргөзгөн. Бирок, андан ары минтип жазылган:

> “Бирок Ысрайыл уулдары кылмыш кылып, каргышка калган нерселерден катып алышты. Жүйүт уруусунан Зерактын уулу, Забдийдин уулу, Карминин уулу Ахан каргышка калгандардан катып алды. Ошондо Ысрайыл уулдарына Теңирдин каары кайнады” (Нундун уулу Жашыя 7:1).

Көңүл бурсаңар, Жазуу: “Бирок Ахан аттуу адам кылмыш кылды” деп айтып аткан жок. Жазылып турат: “Ысрайылдын уулдары кылмыш кылды”. Кызыктуусу, бул жакта дагы: “Кудайдын каары Ысрайылдын ууларына кайнады” - деп жазылып турат. “Аханга Кудайдын каары кайнады” - деп жазылып турган жок. Ысрайыл биримдикте жана бүтүн болчу, эгер бир адам өзүнүн ач көздүгүнөн Кудайдын буйругун бузуп, күнөө кылса, ал үчүн Ысрайылдын бардыгы жооп бериш керек болчу.

Бир аздан соң кайгылуу натыйжалар анык болуп калды. Эмки кол салууга Ай шаары тандалды. Ал кичирээк болчу. Ошондуктан, жетекчилер

мындай дешти: “...бардык эл барбасын, эки же үч миңге жакын адам барып, Айды басып алсын. Бүт элди убара кылып, ал жакка жибербе, анткени ал жердеги эл аз эле экен. Ошентип, элдин арасынан ал жакка үч миңге жакын киши кетти...” (Нундун уулу Жашыя 7:3,4).

Жерихон алдындагы салгылашууда алты жүз миңге жакын аскер катышкан. Бул Ай шаарынын Жерихон шаарына караганда канчалык маанилүү эмес экендигин айтып турат. Бирок, андан ары мындай деп жазылып турат:

> “...Бирок алар Айдын тургундарынан качып жөнөштү. Айдын тургундары алардын отуз алты кишисин өлтүрүштү, аларды шаар дарбазасынан Шебаримге чейин сая кууп жетип, тоонун эңкейишинде талкалашты. Ошондо элдин үмүтү үзүлүп, көңүлү чөктү (Нундун уулу Жашыя 7:4, 5).

Жакында эле салгылашууда бир да адамын жоготпой, чоң мааниге ээ болгон күчтүү Жерихон шаарын талкалаган эл ушул беле? Эми болсо, аскерлер алсыздык жагын көрсөтө башташты, артка чегине башташты жана качып жөнөштү. Алар криптониттин таасирине кабылышты.

Тилекке каршы, отуз алты адам каза болду. Ошол эле убакта Жерихондун алдында эч ким алсыз болгон эмес, эч ким артка чегинген эмес жана эч ким жарадар болуп же өлгөн эмес!

Келгиле, бул жөнүндө ойлонуп көрөлү: Ахан күнөө кылды, бирок ага жана анын үй-бүлөсүнө эч нерсе болгон эмес. Башка жагынан алсак, Айдын алдындагы салгылашуудан кийин, отуз алты эне жана отуз алты ата өз балдарын согуш талаасынан кийин тирүү көрө алган жок. Отуз алты аялга тирүү жана жаракатсыз күйөөлөрү кайтып келген жок жана көптөгөн балдар өз аталарын эч качан көрө албай калышты. Себеп бирөөсүнүн баласы, күйөөсү же атасы бирдеме кылганда эмес – алар күнөөсүз болчу! Бул нерсе, башка үй-бүлөдөгү бир адамдын кылгандыгы үчүн болуп жатат!

Эми Ысрайыл коркунучта. Нундун уулу Жашыя жана бардык башчылар Кудайдын алдында чөгөлөштү. Силер бул нерсени элестетип көрө аласыңарбы? Алар түшүнбөй жатышат, аргасы кетип жалбарып атышат: “... бизди аморлуктардын колуна салып берип, кырдыра турган болсоң, эмне үчүн элди Иордандан өткөрдүң? Оо, Иордандын ары жагында эле жашап калсак эмне!” (Нундун уулу Жашыя 7:7).

Теңир эмне деп жооп бергенин угуп көргүлө: ...тур, эмне үчүн жүзтөмөндөп жыгылдың? Ысрайыл күнөө кылды. Аларга берген Менин

келишимимди бузушту...” (Нундун уулу Жашыя 7:10, 11).

Кудай: “Силердин араңарда бир адам күнөө кылды” – деген жок, Ал кайра кайталап жатат: “Ысрайыл күнөө кылды!” Ахан күнөө кылганын эч ким билген эмес. Анын пайда көрөм деген ач көздүгүн эч ким көргөн жок. Бирок, руханий криптониттен бардык Дене азап чекти. Кийин Нундун уулу Жашыя ким күнөөлүү экенин билди жана Ахандан сурак ала баштады, ал болсо мындай деп жооп берди:

> “...Ысрайылдын Кудай-Теңиринин алдында күнөөгө батканым чын, мен мындай кылдым: олжолордун арасынан бир жакшынакай Шинар кийимин, эки жүз күмүш шекелди, салмагы элүү шекел уютулган алтынды көрдүм. Алар мага жагып калды, ошондуктан мен аларды алдым...” (Нундун уулу Жашыя 7:20, 21).

Нундун уулу Жашыя жана башчылар Аханды күнөөлөрү үчүн катуу жазалашты жана алар бүтөөрү менен биз окуп жатабыз: “...Ошондон кийин Теңирдин кайнаган каары токтоду...” (Нундун уулу Жашыя 7:26).

## Мисал

Бул Эски Осуяттагы болгон окуя Пабылдын Корунт жыйынына жазган катын сүрөттөп жатат, ал жакта ал мындай деп жатат: “Мына ушул себептен көпчүлүгүңөр алсызсыңар, оорулуусуңар жана өлүп жаткандар да аз эмес”. Биз кийинки бөлүмдө, бир адам менен кылынган күнөө, ошол адамга гана эмес, жыйындын бардыгына таасир тийгизерин байкап көрө алабыз.

Бүгүнкү күндө, эмне үчүн жыйындардагы адамдардын көбүнчөсү алсыз жана ооруу-сыркоолордон азап чегип жатышат деген суроону берип көрдүңүз беле? Биздин кымбаттуу бир туугандар, өзүлөнүн ооруларынан куткарыла албай жатышат, кээ бирлери болсо мөөнөтүнөн эрте өлүп жатышат. Эмне үчүн биздин жыйындарда гуманитардык жардам алып, эптеп күн өткөрүп жашап аракет кылган жалгыз бой энелер көп? Эмне үчүн жумушсуз же өтө кысылган абалда жашап, мамлекеттен көз каранды болгон ишенгендер көп?

Бүтпөчүдөй болгон кыйынчылыктардын тихмеси, биздин алсыздыгыбыздын айынан бутөчүдөй сезилет.

Сулаймандын убагында мамлекеттин камсыздыгында болгон бир да адам каралбай же жумушсуз калган эмес. Элчилердин Иштери китебинин

убагында адамдардын эч нерсеге муктаждыгы болгон эмес жана алар заматта кеселдерден, оруу-сыркоолордон айыгып кетишкен. Эмнеге биз муну бүгүн көрбөй жатабыз? Айрым бир адамдардын күнөөсүнүн себеби, көптөгөн адамдардын жашоосуна таасир этиши мүмкүнбү? Ысрайыл Ай үчүн согушууда башынан өткөргөн нерсени биз да, өзүбүздүн жашоодо көрүп жаткан жокпузбу?

Адам чалынган күнөөлөрү үчүн, өзү да азап тартаарын дагы бир жолу белгилеп өтөлү. Ахан акыр-аягы соттон азап тартты, бирок анын күнөөсү үчүн бардык Ысрайыл да руханий криптонитке кабылды. Ушул суроону изилдеп жатып, Ыйса менен болгон жеке мамилеңердин деңгээлине окшоп эле, Машайактын Денесинин бир бөлүгү болуу эмне экендигин көбүрөөк билесиңер деп үмүттөнөм. Силердин бир мүчө катары кылган аракеттериңер Дененин башка мүчөлөрүнө же бата же азап алып келээрин да түшүнөсүңөр.

Бул бөлүмдү аяктап жатып, бизди бошоткон чындыкты изилдөө менен алек болуп жатканда, ал кээде бизге туура эмес жагынан көрүнөт. Ошондой эле, бул жөнүндө сүйлөөнүн кереги барбы деген ойдо оңой эле келгендигин белгилеп кетким келет. Бирок, чындык жарыкка чыккандан кийин, мурда бизди байлап аткан нерселердин барынан бошотуп, бизге боштондук берет.

> “Ошондо чындыкты билип каласыңар жана чындык силерди эркин кылат” (Жакан 8:32) - деп айткан Ыйса.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Балким, силер “Гладиатор” деген фильмди көргөн чыгарсыңар жана генерал Максимус: “Биримдикте болгула! Бир адамдай болгула!”,- деп кыйкырганы эсиңиздедир жана бул стратегия алып келген жеңишти көргөнсүңөр. Эң эффективдүү согуш стратегиясы – бөлүшүү жана башкаруу экени сыр эмес.

Ыйса муну өтө жакшы билген жана ич ара бөлүнгөн үй-бүлө бузулат деп үйрөткөн (Матай 12:25ти карагыла). Качан Машайактын Денеси Ага берилгендик жөнүндөгү суроодо бөлүнгөн кезде, ал алсызданат. Бул, силер жыйынга чоң таасир эте ала турган нерсе – бул, толугу менен Кудайга арналып жашоо дегенди түшүндүрөт. Бул Кудайга табынуунун белгиси катары Ага өзүңдүн бардык күнүмдүк иштериңди арноо.

Кудай жекшемби күнү эртең менен гана эмес, силердин бүт жашооңордо

катышкысы келет. Эгер силер жумушуңарды, үй-бүлөңөрдү, кызыгууңар жана башкаларды Ага багынтпай, Ага бардык нерседе табынуу көрсөтпөй жашап келсеңер, бүгүн тобо кылгыла. Силер үчүн табынып жашоо кандай болуш керек экендигин көрүү үчүн, Ыйсадан аян берүүсүн сурагыла. Ал силерге көрсөткөнүн же айтканын жазып алгыла, силер өзүңөрдү Ага арнаганда, силерди толтуруп жана жаңылоосун Кудайдын Рухунан сурангыла.

4

# ЖУГУШТУУ КРИПТОНИТ

> “Бирок дене мүчөлөрү өз ара бөлүнбөш үчүн, мүчөлөрдүн бардыгы бири-бирине кам көрүш үчүн, Кудай дененин көрксүз мүчөсүн өзгөчө кам көрүлгүдөй кылып жайгаштырган” (1 Корунттуктарга 12:25, англис тилинен котормо MSG).

Силердин денеңер кандай түзүлгөнүн жана бири-биринен алыс жайгашса да, анын мүчөлөрү бири-бирине бекем байланышта экендигин ойлоп көргүлө. Буттагы чыпалак мурун менен, боор тизелер менен, ооз омуртка менен ж. б. ушул сыяктуу байланышкан дене мүчөлөрү. Өзү менен өзү жашай ала турган бир да дене мүчөсү жок. Болбосо, ал силердин денеңердин мүчөсү эмес.

Бир дене мүчөсү ооруса, башкалар чогуу азап чекпейби? Эгер организмге вирус же жугуштуу оору жукса, алар акырындык менен бүт денени каптайт жана өзү менен кошо табитти жоготууну, алсыроону, ар кандай ойлорду, ооруларды жана калтыроону алып келет. Башка жагынан карасак, эгер дененин бир мүчөсүнө жакшы болсо, анда бардык организм сүйүнөт. Эгер белди же башты укаласа дароо кыйналгандык кетип, дененин бардык тарабы жеңилдеп, жакшы болуп калат. Бүт дене укалоого кубаныч менен жооп берип, андан ырахат алат.

Биз жыйын катары бирбиз. Ысрайыл биз үчүн үлгү. Ахандын атайлап күнөө кылып жеке өзүнө эле эмес, бүткүл элге залал келтиргенине чейин алар да биримдикте болчу. Жерихондун алдындагы согушта Ысрайыл жеңилбес болчу. Бирок, бир нече күндөн кийин эле ошол эле аскерлер алсыз болуп калышты. Оңой эле жеңилип, жоготууларга учурап,

душмандан качып жөнөштү. Мындайча айтканда, эл криптониттин таасирине кабылды. Корунттагы жыйын да ушуну башынан өткөргөн жок беле? Жакыныраактан карап көргөндө, биз жоопту көрө алабыз.

Кыскача айтылып өткөндөй, алгачкы жыйындагы нан сындыруу салты бүгүнкүдөн башкача өтчү. Алар үчүн бул кечки тамак болсо, биз үчүн – салтанат. Ошондуктан, бул контекстте Пабыл айтып жаткан мүнөз, азыркы жыйындарда мүмкүн эместей. Ошетсе да, биз алардын мүнөзүнүн тамырын түшүнүшүбүз керек.

Алардыкы мындайча болгон, Корунттагы жыйындын адамдары коомчулуктун мүчөлөрүнүн бардыгы чогулушун күткөн эмес. Эрте келгендери тойлоп ичишчү, кыязы даамдуураак шарап жана тамакты алышчу, кечигип келгендерге болсо калдыктар калып калчу. Ыйык Китепти изилдеген көптөгөн окумуштуулар жана тарыхчылар кедейлерге жана төмөнкү класстагы адамдарга кайдыгерлик менен мамиле жасалчу деп эсептешкен. Келгиле, дагы бир жолу Пабылдын сөзүн окуп көрөлү:

> “Анткени ар ким башканы күтпөй, өз тамагын жей баштайт. Ошентип, бири ачка калса, бири мас болуп калат... ким Теңирдин Денеси жөнүндө ойлонбой, татыксыз түрдө ичип-жесе, ал өзүн өзү айыптуу кылат. Ошондуктан, көпчүлүгүңөр алсызсыңар жана оорулуусуңар, араңарда өлгөндөр да аз эмес” (1 Корунттуктарга 11:21, 29,30, ОЖК).

Мен бул үзүндүдө бөлүп койгон эки сөздү карап көргүлө: силер жана көпчүлүгүңөр. Пабыл кээ бир адамдардын күнөөсү жөнүндө айтып жатканы түшүнүктүү (21 Аят), ошол эле убакта анын таасири көпчүлүккө тиет, - адамдар алсыз, оорулуу болуп жана эрте өлүшөт (30 Аят). Ахан менен ошол эле нерсе болду; Кудайдын айтканын бузбаган кээ бир адамдар бир адамдын тил албастыгынын айынан, соттун натыйжасынан зыян тартышты.

Жаңы Осуятка пикирлерде мындай жазылган “Pillar”:

> “Ооруп жана өлүп жаткан адамдар бир нерсе кылып күнөөлүү болушту деп ойлоонун кереги жок. Байыркы Келишимдеги Кудайдын соту аркылуу берилген жаза жалпы коомчулуктун бардыгына тийиши мүмкүн”.

## Окшош кырдаал

Өзүнүн катынын баш жагында Пабыл бардык коомчулукка таасир эткен дагы бир күнөө тууралуу айтып кеткен. “Ал мындай деген сөздөн баштайт: Силердин араңарда бузуктук кылган адам бар экенин уктум...” (1 Корунттуктарга 5:1). Бул учурда Ыйса Машайактын артынан ээрчийм, Кудайдын баласымын, Машайактагы бир тууганмын, Машайактын Денесинин мүчөсүмүн деп туруп, ошол эле убакта жыныстык күнөөдө жашаган адамды көрүп турабыз.

Пабыл бул учурда күнөө кылган бир адамды гана ашкерелеп жаткан жок. Жыйындын коомчулугу аны бир тууган катары жана жыйындын бир мүчөсү катары көрчү. Бирок, жыйындын башчылары анын күнөөлөрүн көрсөтчү эмес, ага көңүл да бурчу эмес.

Эмне үчүн алар анын жүрүм-турумуна көңүл бурбай коюшчу? Барынан дагы алар күнөө жөнүндө түз сүйлөп, аны таарынтып албайын дешкендир. Балким, ал кадырлуу, коомчулуктун башчысы, белгилүү спортчу же кең пейил ишмер адам болгондур. Корунт бул чоң таасирлүү шаар жана маданияттын борбору болчу. Балким, ал адам ошол убактагы Голливуддун кадырлуу актёру же даңктоо тобунун башкы партияларында ырдаган, рейтингдин башкы саптарын ээлеп турган музыканты, вокалисти болчу. Бул жөнүндө Жазуу бизге айткан эмес, бирок ал жыйындан кетип калса, ага таасири тийип жана өнүгүүнү токтотуп коймок деп ойлосо болот.

Мүмкүн, башка себептери да болгондур. Мүмкүн алар ал кетип калса Кудайдын Сөзүн башка уга албай калабыз деп ойлошкон. Мүмкүн, алар мындай мисалдарды келтирип көрүшкөн: “Дүйнөдө болуп Кудайдын Сөзүн укканга мүмкүнчүлүгү жок болгондон көрө, биздин арабызда Жакшы Кабар угуп жүрө берсин”. Балким, алардын жыйынынын башкы миссиясы кийинки кызматка келгендерди тартуу болгондур. Бирок, эгерде алар анын күнөөсүн түптүз көргөзө турган болсо, анда ал максаттарына жетпей калышмак. Анан да, алар минтип айтыштары да мүмкүн эле: “Ал тап-такыр эле жаңы да, жакында эле тобо кылды, келгиле, ага убакыт берели”. Убакыттын өтүшү менен ага “жетет”, анан ал өз күнөөсүн калтырат деп, үмүттөнүшөрүнө ишенип турам.

Пабыл корунттук жыйындагы лидерлерди мындай адамды айдап чыккыла деп, абдан эле ишенимдүү түрдө айтат. Анын сөзүн мисалга келтиргенге уруксаат эткиле:

- “Мындай иш кылган адам арабыздан чыгарылса экен», – деп ... кекирейесиңер да!” (1Корунттуктарга 5:2, ОЖК).

- “... ал адамдын жаны куткарылып калышы үчүн, денеси кыйналышы үчүн, аны шайтанга берип салгыла” (1Корунттуктарга 5:5, ОЖК).
- Жаңы камыр болушуңар үчүн, эски ачыткыдан арылгыла... (1Корунттуктарга 5:7, ОЖК).
- “...бузулган адамды araңардан чыгарып салгыла” (1Корунттуктарга 5:13, ОЖК).

Бир кыска эле бөлүмдө Пабыл бир адамга каршы төрт жолу кескин сүйлөдү! Ойлоп көрсөңөр, отуз аяттын ичинде апостол төрт жолу ошол коомчулукка бир мүчөсүн жыйындан чыгарып салуусун жада калса, “ал адамды шайтанга берүүнү” катуу буйрук кылып атат. Бул өтө кескин айтылган сөздөр! Эсиңерде болсун, Пабыл ошол жыйынды жана ошол адамды сүйчү.

Силер сурайсыңар: “Чын эле сүйчүбү? Мүмкүн эмес!”. Бирок, биз чынында билебиз, ал аны сүйгөн, анткени Жазуулардын бардыгы сүйүү менен жазылган. Анткени, Жазууга Кудай дем берген, Кудай болсо сүйүү (2Тиметейге 3:16 жана 1Жаканга 4:8ди карагыла).

Эсиңерде болсун, бул кайрылуу корунттагы жыйындын башчыларына гана эмес, бирок жыйындын баарына арналган. Пабыл анын катын бардык жыйын окусун деп дайыма суранат. Эмнеге ал кескин жана ийилгис кылып жазат? Келгиле, бул суроого жоопту окуп көрөлү: “... Бир аз эле ачыткы бүт камырды ачытарын билбейсиңерби?” (1Корунттуктарга 5:5, ОЖК). Биз дагы бир жолу бир адамдын күнөөсү ага гана эмес, бардык коомчулукка таасири этерин көрүп турабыз. Кийинки аяттарды окуп көрөлү:

> “Жаңы камыр болушуңар үчүн, эски ачыткыдан арылгыла. Силер ачыткысыз камырсыңар, анткени Пасах Козусу – Машайак биз үчүн курмандыкка чалынган. Ошондуктан эски ачыткы – бузуктук жана куулук-шумдук менен эмес, ачыткысыз нан – таза жүрөк жана чындык менен майрамдайлы” (1 Корунттуктарга 5:7,8, ОЖК).

Пабыл ортодогу нан сындыруу темасына кайтып атат. Ысрайылдык Пасах майрамында негизги көңүл курмандыкка чалынган козуга бурулат. Андан дагы биздин пасахтын таза Козусу – бул, Ыйса Машайак. Биринчи Пасах майрамы Ысрайылдын Мисирдеги кулчулуктан чыгуусун белгилегендей эле, Машайактын курмандыгы да Сырдуу Кеченин борбордук темасы болуп калуу менен, биздин күнөөнүн кулчулугунан чыгуубузду белгилейт.

Башка да майрамдар болгон: алгачкы түшүм майрамы, элүүнчүлөр

майрамы, сурнайлар майрамы, кун төлөө жана алачыктар майрамы. Канткен менен, бул майрамдар машайакчылык жашоонун бир топ жеткилең жактарын билдирип турат. Жөнөкөйлөтүп айтканда, Пасах куткарылуу майрамы болгон. Ошондуктан, Пабыл өз катында биздин падышачылыкка киришибиз тууралуу айткан. Ал Пасахты "эски ачыткы менен, бузукулук жана жамандык менен" майрамдаса болбойт. Ошондуктан, адамдын жүрүм-турумун "ал али Машайакта наристе" деп түшүндүрүү менен биз ага да, өзүбүзгө да зыян келтиребиз. Көбүнчө ушинтип айтууну, "күнөөгө берилген" адамды актоодо колдонушат; бирок, ал алдамчы жана жолдон адаштырат. Анткени, жыйында билип туруп эле кайра-кайра күнөө кыла берүүгө жол берилбеши керек. (Эмки бөлүмдө "билип туруп кайра-кайра күнөө кылуу" менен, "күнөөдөгү кулоонун" айырмачылыгын түшүндүрүп кетем).

Экинчиден, Пабылдын сөзүнө көңүл бурсаңар, мында адам "ачыткыга-көптүргүгө"салыштырылып жатат. Ачыткы – бул камырда эрип жана аны көтөрүлүүгө мажбур кыла турган нерсе. Пасах майрамына байланыштуу Ысрайылга олуттуу акыл-насаат айтылган: "Жети күн ачыткысыз нан жегиле. Биринчи күндөн тартып үйүңөрдөгү ачыткы кошулган тамактарды жок кылгыла. Ким биринчи күндөн жетинчи күнгө чейин ачыткы кошулган нерсе жесе, ал Ысрайыл элинин арасынан жок кылынат (Чыгуу. 12:15). "Жок кылынат" деген сөз кескин маанини берет, ал Пабылдын эскертүүсүнөн кем калбагандай эле олуттуу. Кудай бизге жана Ысрайылга Аны менен Келишим түзүүдө коомдо эч ким "күнөөгө байланган" болбошу керектигин көргөзүү үчүн, ушинтип алдын ала айтып койгон. Анын Сөзүн билип туруп, кайра-кайра күнөө кыла бергендиктери үчүн баары тобо кылуулары керек. Эмесе, алар күнөөнүн ачыткысын алып келишет да, анан анын таасири бүт коомчулукка тиет.

Жаңы Келишимге карата «Pillar» комментарийлеринде минтип жазылган:

> "Пабыл минтип белгилейт (грек тилинде сөздүн көркөм ireттүүлүгү колдонулат), ал тургай жыйындын "кичинекей" бөлүгүнөн, эгер ага маани бербей койсо, бир гана адамдан эле, акырындык менен, бирок сөзсүз түрдө, бүт коомчулукка жамандык тарайт. Жыйындагы билип туруп эле жасалган тигил-же бул күнөө олуттуу издерди калтырышы мүмкүн. Камырдын ачыткысындай болуп, байкалбаган күнөө да жыйындын бар тарабына тарап кетет жана бары бир аны өзгөртүп салат".

Мен бул комментарийдин бир нерсеси менен макулдаша албайм. Ачыткы жөнүндө окуп отуруп, ал акырындык менен эмес, анын абдан

эле тез тарай тургандыгын баамдадым. Анткен менен, бул комментарийде ачытки бүткүл жыйын боюнча таралары чындык.

Бул нерсе, улам кайталана бере турган күнөөлөрдү жасай берген адамдын жыйынга келишине биз тыюу салышыбыз керек дегенди түшүндүрөбү? Албетте жок! Биздин жыйынга көптөгөн ишенбеген адамдар да келиши мүмкүн. Бирок, алар биздин жыйындын мүчөсү боло алышпайт. Алар өзүлөрүн жыйын мүчөлөрү деп атоосуна да жол бербөө керек. Ал өзүнүн улам кайталанган күнөөсү үчүн өкүнүп, тобо кылмайынча жана өз жашоосун толугу менен Ыйсага арнамайынча, ага жол бербеген туура. Пабыл ачык эле айтып жатат:

> “Мен силерге: «Бузуктук кылуучулар менен мамилелешпегиле», – деп, кат жазып жибергем. Бул дүйнөнүн бузуктук кылуучулары, дүнүйөкорлору, талап-тоноочулары жана бутка табынуучулары менен мамилелешпегиле дебейм. Болбосо бул дүйнөдөн таптакыр эле чыгып кетүүгө туура келмек (1Корунттуктарга 5:9, 10, ОЖК).

Бизге, Машайакты ээрчигендерге дүйнөгө барып, өлүп бара жаткан адамдарды жыйынга чакырууга, алардын Кудайдын Сөзүн угуусуна кам көрүүгө буйрук кылынган. Бирок, бул биз алардын рухий абалында компромисстик же чындыктын бир чектелген түрүн сунуш кылуубуз керек дегендикке жатпайт. Биз Жакшы Кабар менен адамдарга тынымсыз жетишибиз керек. Алар менен чогуу түштөнүп, достошуп, аларды сүйүшүбүз керек, Ыйса эмне кылса, ошонун баарын кылышыбыз керек.

Бирок, Пабыл бул сөздөрүндө өзүн Машайакка ишенген адам деп тааныгандарды айтып жатат:

> “Мен силерге, бир тууганыңармын деп коюп, бузуктук кылганын, дүнүйөкорлугун, бутка табынганын, ушак сүйлөгөнүн, ичкилик ичкенин, уурулук кылганын таштабаган адам менен мамилелешпегиле. Атүгүл, аны менен бирге отуруп тамак да ичпегиле», – деп жазгам” (1 Корунттуктарга 5:11, ОЖК).

Пабыл “күнөө кылып жүргөн” ишенгендер жөнүндө айткан жок, өзүн ишенген адам катары эсептеп бирок “күнөөгө берилгендер” жөнүндө айтып жатканы айкын. Эмнеге жыйындын атасы бул жөнүндө олуттуу сүйлөп жатат? Анткени ал, жыйынды чындап сүйгөнү айкын. Ал, бир туугандар күнөөдө жашаган “ишенгендерди” коргоп демөөрлөө менен

өзүлөрү азапка кабылуусун каалаган эмес.

Адам өтө жугуштуу, айланадагыларына аба аркылуу оңой эле өтүп кете турган оору менен ооруп калса, эмне болорун элестетип көрөгүлө? Аны дароо эле карантинге отургузуп коюшат. Ошентип, коомдун баары корголуп калат. Мындай нерсени кылбаса, вирус өрт сыяктуу тарап кетет жана шаардын баары оору менен анын кесепетинен азап чегет. Эң көп тараган кесепеттер кайсылар? Бош жумушчу орундар, кирешелүүлүктүн төмөндөшү, кызматтарды көрсөтүүнүн убактылуу токтоосу жана экономикалык жоготуулар, - бул дагы бардык кесепеттер эмес.

Күнөөгө берилген адам менен эмне кылуу керектигин Пабыл мындай деп жазып жатат:

> “Теңирибиз Ыйса Машайак келген күнү Теңирибиз Ыйса Машайактын күчү менен ал адамдын жаны куткарылып калышы үчүн, денеси кыйналышы үчүн, аны шайтанга берип салгыла” (1 Корунттуктарга 5:5, ОЖК).

Эгер ал бир тууган өзгөрүлбөй турган болсо, түбөлүк үчүн түбөлүккө жоголуу коркунучунда калды. Мына ошол үчүн мен жогоруда “коргоп демөөрлө” деп жаздым. Чындыгында, кандай гана болбосун, билип туруп күнөө кылган адам, эгер ага жыйында калууга уруксат берсе, анда чоң коркунучта болот. Анткени, ал Кудайдын алдында акталгам деп ойлойт жана сот күнү гана, кеч болуп калган учурда ал өзүнүн түбөлүктүүлүк үчүн жоголуп калганын түшүнөт.

Бул адам Кудайдын коргоосунун ичинде болбогундуктан кабыл болгон сыноолор, аны өзүнө келип, Ыйсага бүткүл жүрөгү жана жаны менен кайтып келүүгө мажбур кылышы ыктымал. Пабыл Корунттуктарга жазган Экинчи катында мисал кылган адам менен дал ошол нерсе болгон. Жоготуу менен кыйынчылыктар бизди адашкан уул сыяктуу ойготууга жөндөмдүү. Ал өзүнүн күнөөкөр жашоосунун жемиштерин көргөндөн кийин үйүнө кайтып келди. Эгерде атасы анын жүрүм-турумун колдоп, дайыма ага акча берип жүрө бергенде, уулу эч качан өзүнүн туура эмес жашап жүргөнүн мойнуна алмак эмес.

## Асманда болгондой...

Келгиле, башкы мааниге кайрылалы. Акыркы эки бөлүмдө биз - Машайактын Денеси экендигибизди ачык-айкын эле көрдүк. Бир Дене катары биз ар бир адамдын катышуусунан пайда көрө алабыз же алардын

ар биринин кайталана бере турган күнөөлөрүнөн улам азап чегебиз.

Бул чындыкты четке кагуу мүмкүн эмес. Биз бул маселеге көңүл бурбаганыбыздын айынан, жетишээрлик убакытттан бери Машайактын Денесинде анын түшүмдөрүн оруп келе жатабыз. Эгерде мындан ары да биз бул темадан кача бере турган болсок, анын издери эч качан жоголбойт.

Келгиле, күчтүү болобуз, кыйын суроолордон коркпойбуз. Бүткүл асман бизге жан тартып турат! Биз токтото алгыс салтанаттуу жыйын болуп, Машайактын денеси болууга чакырылганбыз. Ыйсаны токтотууга мүмкүн эмес болгондой эле, бизди да токтотууга мүмкүн эмес. Оору, алсыздык, жакырчылык, каражаттын жетишпестиги жана башка душмандын иштери Теңирдин жыйынынын алдында баш ийиши керек.

Биз бийлик менен падышачылык кылууга, кереметтүү күч менен жашап, асмандын душмандарын бут алдыбызда калтыруу үчүн чакырылганбыз. Эгерде биздин алдыбызда пайда болгон кыйынчылыктарга ачык каршы тура ала турган болсок, анда биз муну жасай алабыз.

Биз асманда болгон сыяктуу эле, жерде да болот деп ишенүүгө батына алышыбыз керек!

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Бул маселе абдан маанилүү. Бирок, тилекке каршы азыркы жыйындарда бул чындыкты туура белгилеп көрсөткөндөрдү өтө сейрек кездештиребиз. Ойлонуп көрсөңөр, биринчиден Кудай бизди Ага толугу менен табынууда күнөөдөн бош болуп жашаганга чакырды. Экинчиден, ишенгендер күнөөнү жеңе албай жатса, алар өзүнүн жашоосун гана эмес, Машайактын Денесинин баарын коркунучка түртөт.

Бул теманы ойлонуу үчүн убакыт бөлүп койгула. Бул чындыктар силер үчүн жөн эле жакшы ой болуп эле калбасын. Аларга кунт коюп көңүл бургула, алар жөнүндө ойлонгула. Алар жөнүндө сыйынгыла жана Кудайдан аларды жашооңордо кантип колдонууну сурагыла. Алар силердин жүрөгүңөргө терең кирип, Пабылга маанилүү болгондой эле, силер үчүн да ошондой мааниге ээ болсун.

# 5

# ӨЗГӨРҮҮ АЛЫП КЕЛГИЛЕ

Биз бир денени түзгөн ишенгендер экендибизге караганда, менин курагымдагы башка адамдардан Ыйса менен жекече мамиледе жүргөндүктөрү жөнүндө көбүрөөк уккам. Жыйын жөнүндөгү мындай чындык мага жакында эле түшүнүктүү болуп калды. Мени туура эмес түшүнүп калбагыла. Албетте, мага бул чындык мурда деле тааныш болчу, бирок азыркыдай деңгээлде эмес.

Ыйык Рух Машайактын бир Денеси болуу жөнүндө менин көзүмдү ача баштаганда, мен дайыма АКШнын ДАФ деп айтылган атайын деңиз, аба жана жер үстүндөгү аскердик топторду элестетчүмүн.

Менин элиталык аскер бөлүмүнүн мүчөсү болгон досум бар. Ал он беш жыл атайын күчтөр кызматтарында (спецназ) кызмат кылган, азыр болсо, инструктор. Канча бир убакыт Машайактын Денеси тууралуу ой жүгүртүп, мен ага чалууну чечтим. Мен атайын күчтөгү кызматтагылар бир тууган сыяктуу бири-бири менен бекем байланышта экенин билгем жана аларды тереңирээк изилдегим келген. Менин биринчи суроом мындай болду: “Силер спецназда бири-бириңер менен кантип сүйлөшөсүңөр? Ушундай бекем тайпаны кантип түзөсүңөр? Силердин машыгууңардын негизинде эмне жатат?”

Ал мага: “Атайын күчтөр жоокери өзү жөнүндө акыркы кезекте ойлонот” деп дароо жооп берди.

Мага анын шарт эле кыска жана нуска жооп бергени абдан жакты. Бул телефондук чалуу мага көп жаңы нерселерди ачарын билгем, ошол үчүн анын сөзүн бөлбөстөн, унчукпай угууну уланта бердим.

> “Биз жаныбызда турган жакыныбызды өзүбүздөн артык баалайбыз. Биз өзүбүздүн жонубузду тоспойбуз, анткени биз артыбыздагы жакыныбызга ишене алабыз”.

Ошол учурда ал мага насаат сөз айтып баштады: “Эгерде сен Эфестикетерге жазылган Каттын алтынчы бөлүмүн карай турган болсоң, Кудайдын куралдарынын бардыгы фронттун алдыңкы бөлүгүн коргоо үчүн берилип, арт жагына эч нерсе берилбегенин көрөсүң. Себеби, Кудай ар бирибизге атайын күчтөрдүн жоокерлерине окшоп, бири-бирибиздин артыбызды коргоп, өзүбүз жөнүндө бир бирдиктүү нерсе катары ойлошубузду каалайт. Эгерде биз ушинтип ой жүгүртпөсөк, анда менин артымды бир гана адам коргойт жана ал адам – бул мен. Бирок, биз бардыгыбыз бир тайпа катары аракеттенсек, анда бөлүмдөгү ар бир адам менин артымдан коргоп турган болот”.

Андан соң ал: “Атайын күчтөрдүн кызматчысы жакыны үчүн бардыгын кылат. Биз ушундай жолго бүт жан-дүйнөбүз менен ишенебиз. Биз өзүбүз жөнүндө өзүнчө инсан катары эмес, бирок бир бүтүндүк катары ойлогонго көнгөнбүз. Биздин арабызда жардыргыч заттар, коммуникация, көзгө атарлык, медицина боюнча адистер, террористтер менен күрөшкөн, курал-жарактар менен алектенген жана тартип бузуу боюнча иштеген эксперттер жана башка тажрыйбалуу, үйрөтүлгөн кызматкерлердин бар болгонуна карабастан, биз бир бүтүн катары аракеттенебиз. Биз эч качан берилген тапшырмага “Биздин кээ бирлерибиз гана кайтабыз”, “Биздин кырк пайызыбыз гана кайтат” деген сыяктуу ойлор менен барбайбыз. Жок, биз тапшырманы аткарууга жүз пайызыбыз барабыз жана жүз пайызыбыз тең кайтабыз деген ишеним менен жөнөйбүз,” деп кошумчалады.

Мен ал айтып жаткан нерсенин бардыгын кызыгып угуп жаттым. Акыры мен андан: “Силер ушундай мамилеге жаңы келгендерди кантип көндүрөсүңөр?”- деп сурап калдым.

“Ага көндүрүү мүмкүн эмес!”, - деп жооп берди ал. Башталгыч даярдоо курсу жана “деңиз мышыгы” атайын күчтөр кызматынын суу алдында жардыруу негиздериндеги курс АКШдагы деңиздик-аскер флотунун эң оор курсу болуп эсептелет. Дал ошол үчүн курстун программасына жазылгандардын токсон пайызы өзүлөрү кетишет же аларды курстан чыгарып жиберишет. Жогорку деңгээлде машыккан жана бардык жагынан даярдалган адамдардан турган бир гана бөлүм калат. Алардын ар бири жанындагы жакынын өзүнөн артыгыраак көрөт жана өзүнөн да жогору деп эсептеген максатка өмүрүн берүүгө да даяр”.

Андан соң ал: “Джон, эгерде жыйын да ушундай болсо, анда эмне болмок?”, - деп айтты.

Тилекке каршы, мен аны менен макул болууга аргасыз болдум. Бирок, бизде бул артыкчылык бар экени чындык. Биз жогорудан төрөлгөнүбүздө, бизге чыныгы кудайлык табияттын бир бөлүгү кирет. Биз алып жаткан насаат сөздөр менен окутуулар, башкача айтканда, биздин окутуу ушундай мамилелерди өз ичине камтып, иштеп чыгыш керек. Бирок, эгерде биз Жакшы Кабардын өзүбүзгө керек гана жагын уксак, анда биз такыр башка нерсени – өзүбүздүн куткарылбаган денебизди бекемдеген болобуз. Көп жагынан дал ушул нерсе үчүн, азыркы жыйындар ушундай формага ээ болуп калышты. Көпчүлүгүбүз бекемдөө менен шыктанууну гана уккубуз келет жана кыйынчылыктарды жеңүүгө таптакыр кызыкпайбыз. Биз аябай көп нерсени коё берип жатабыз.

Менин досум – күрөшкер жана ал азыркы жыйындын алсыздыгын байкап калды. Ал атайын күчтөрдүн кызматынын бир эле мүчөсү алсыз болуп, компромисске барып же өз постун таштап кетсе, анда команданын бардык мүчөлөрү жабыр тартышып же анын жалкоолугу менен компетентсиздигинин айынан жалпы команда өлүп да калышы мүмкүн экенин билет. Машайактын денесинин бардык мүчөлөрү менин досумдун ичинде тамырланып калган нерсени өз писихикасына мөөрлөп алышы керек.

## Алмашууларды алып келгиле

Берилген бул теманын позитивдүү жагы барбы? Сөзсүз! Кудай менен ал дайыма бар!

Буга чейинки бөлүмдөрдө ачылган чындыктарды силер терс жагынан көрүп, көңүлүңөр калып, багытсыз калгандай болушуңар мүмкүн. Башка адамдардын кылган иштеринин силердин жашоого тийгизген терс таасири жөнүндө гана ойлорго бата турган болсоңор, анда кайгыга түшүп калышыңар мүмкүн. Ошентсе да, мен бул чындыкты, биздин муун буга чейин көрбөгөн Анын улуулугу менен күчүнө толуп, байый алганыбызды бардыгыбыз чогуу көрүшүбүз үчүн жарыкка чыгарып жатам. Биз ишенип, башкача аракеттенип баштабасак, өзгөрүүлөр болбойт. Демек, жыйынтык мындай: Силер өзгөрүүлөрдү өзүңөр алып киргизе аласыңар. Эгерде алар мен жана силер аркылуу башталбаса, анда кантип башталат? Кудай бизди алмашууларды алып келүү үчүн чакырып алган!

Силер таза абийири бар, бирок сыртынан тил албаган адамдар менен алар башка адамдар үчүн жоопкерчилик алганда эмне болгонун байкадыңар беле? Адатта анда эң мыкты сапаттар көрүнүп баштайт. Мисалы, жаш

энени элестетип көрөлү. Ал бойдок кезинде эрке, жоопкерчиликсиз болуп, жана кээде өзүнө обу жок нерселерди кылганга да мүмкүндүк бере алчу. Анын кылгандары башканын эмес, өзүнүн гана жашоосуна таасир этчү. Андан соң, ал бир эркекти сүйүп калып, ага турмушка чыгат жана алардын баласы төрөлөт. Кокусунан кайсы бир учурларда башкарууга мүмкүн болбогон кыз, толугу менен алмашат. Ал өзүн мурдагыдай эле жеңил ойлуу жана обу жок алып жүрүүсүн улантса, анда ал өз жашоосун гана эмес, өзүнүн сүйүктүү күйөөсү менен баласын кооптуу абалга салаарын түшүнөт.

Ошондой эле сезим жыйынга байланыштуу да биздин ар бирибизде болушу керек. Биз бири-бирибизди катуу сүйүшүбүз керек. Биздин Кудай Сөзүнө баш ийбегенибиз, белгилүү бир деңгээлде бизге гана таасир этпеши мүмкүн экенин моюнга алуубуз маанилүү. Биз – Дененин бир бөлүгүбүз! Мүмкүн Пабыл дал ушул үчүн Корунт жыйынына кечки тамактын сыры жөнүндө жазган өз буйругунда мындай деп жаткандыр:

> “Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле пайдалуу эмес. Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле ишенимди бекемдебейт. Ар бир адам өзүн эле эмес, өзгөнү да ойлосун” (1Корунттуктар 10:23-24, РББ).

Пабыл кайрадан Филиппиликтеги жыйындарга айтып жатат:

> “Эч бир нерсени атаандаштык жана көйрөңдүк менен кылбагыла, тескерисинче, момундук менен башкаларды өзүңөрдөн жогору санагыла. Анткени силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек” (Филиппиликтерге 2:3, 5, РББ).

Ыйса дүйнөнү ушинтип караган. Анын жүрөгү Аны биз үчүн келип, Өз өмүрүн бизге берүү чечимине алып келди. Ал Өзүн куткарса болмок. Ал Өзүн баш кесерлердин колдорунан куткарыш үчүн түмөн периштелерди чакырса болмок, бирок Анын оюнда биз болдук. Ал Өзүнүн эмес, биздин жакшылыгыбыз жөнүндө көбүрөөк ойлоду.

Жакшы жаңылык: биз өз-өзүнчө жүргөндө Кудайдын Сөзүнө тил алчаак болсок, анда биз батага ээ болобуз. Биз Денедеги башка адамдардын тил албастыгынан улам ыңгайсыз жана ал тургай, оор мезгилдерден өтүшүбүз мүмкүн, бирок акыр-аягы бардыгы жакшы болот.

Ильяс – башка адамдар үчүн жабыр тарткан адамдардын жакшы үлгүсү. Ахав жана Изабелдин дайыма кылып жүргөн күнөөлөрү үчүн,

ошондой эле бардык ысрайылдыктардын күнөөгө болгон кайдыгерлиги үчүн, жерде бир нече жыл жамгыр болгон жок. Ильяс, адамдар Дөөт падыша менен Сулайман падышанын башкаруу убагында тамактангандай жакшы тамактанган эмес. Анын ордуна ал каргалар алып келген нан жана эт менен тамактанууга аргасыз болчу – жагымдуу нерсе аз! Молчулуктун убагында жетиштүү болуп турган жашылчалар, бал, ширес жана көптөгөн даамдуу тамак жок, диетага окшош. Бул башка адамдардын кылганынын айынан, анын башына түшкөн сыноо болчу. Бирок, Ильяс бир улуттун, бир элдин, бир Дененин мүчөсү болчу. Анын тил алчаактыгынын натыйжасы өзгөрүүлөрдү жана ...жамгырды алып келди. Анын тил алчаактыгы бардык элге келди жана акыр-аягы жеке өзүнө да бата алып келди.

## Дүйнө келишими

Келгиле, Ильястын убагына чейин болгон дагы бир окуяны

карап көрөлү, биз кайрадан кээ бир башка адамдардын кылгандарынын натыйжасында болгон көбүрөөк азаптарды көрөбүз. Ысрайыл чөлдө болчу...

> “Ысрайыл Шитимде жашап турду. Ошондо Ысрайыл эли Маап кыздары менен ойноштук кылып бузула баштады. Алар Ысрайыл элин өз кудайларына курмандык чалганда чакырып турушту. Эл алардын курмандыгынан жеп, алардын кудайларына табына баштады. Ошентип, Ысрайыл Баал-Пейор деген жасалма кудайга табына баштады. Ошондо Теңир Ысрайылга каарданды” (Сандар 25:1-3, ОЖК).

Жазылып турат, кээ бир ысрайылдыктар гана ойноштук кылган (англ. тилиндеги болжолдуу котормо). Кудай Өзүнүн элине, башка кудайларга табынбагыла, башка аялдарга берилбегиле, жыныстык күнөөлөрдү кылбагыла деп айткан. Биро, кээ бирлердин тил албастыгы коомчулуктун (элдин) баарына сот алып келди жана биз кайрадан эле кээ бирлер гана эмес соттон көпчүлүк азап чеккенин көрүп атабыз.

> “Теңир Мусага мындай деди: «Бардык эл башчыларды алып, күн астында, Теңирдин алдында асып сал, ошондо Теңирдин Ысрайылга болгон жалындаган каары кайтат” (Сандар 25:4).

Башкы лидерлердин аракеттери үчүн (кээ бирлеринин) Теңирдин Ысрайылдын бардыгына болгон ачуу каары жана кызганычы жалындаганын кайрадан көрүп турабыз. Алар бир жамаат, бир улут, бир дене болушчу.

Болжол менен, Муса бардык башчыларга өлүм жазасы деген өкүм чыгарган мезгилде, Зимри аттуу бир ысрайылдык киши Мусанын жана бардык жамааттын көзүнчө өзүнүн чатырына мидиндик кызды алып келди. Бул Кудайдын Сөзүнө ачык баш ийбөө экендигин бардыгы билип турду. Ыйык кызмат кылуучу Арундун небереси, Элазардын уулу Пинехас муну көрүп, найзасын колуна алып, жанагы ысрайылдыктын артынан кирди да, ысрайылдыкты да, аны менен чогуу келген аты Хазава деген аялды да ичке сайды. Андан ары мындай деп жазылып турат: "...ошондон кийин Ысрайыл уулдарынын кырылганы токтоду. Кырылган ысрайылдыктардын саны жыйырма төрт миң эле" (Сандар 25:8, 9). Кайра эле көптөр каза болушту, көптөр азап чегишти, кээ бирлердин кылганынын таасирин көптөр сезишти. Жамаат Кудайдын көзүнчө бир болчу.

Андан кийин Кудай мындай деди: "Ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу, Элазардын уулу Пинехас Ысрайыл уулдарынын арасында Мага болгон кызганычын көрсөтүп, Менин аларга болгон каарымды кайттырды, ошондуктан Мен кызганычым менен аларды толук жок кылып салган жокмун" (Сандар 25:11). Пинехастын дилгирленүүсү, Кудайдын дилгирленүүсүн – элдин бардыгы үчүн чагылдырат. Пинехас жакшылыкка алмашууну алып келди. Ал бардыгына каршы жалгыз чыкканы жетиштүү болчу.

Пабылдын жүрөгүндө да Корунттуктар жыйынына болгон Кудайдын дилгирленүүсү жалындап турган. Мына ошол Пабыл жыйындын чындыгына тайманбастан киришип өзгөрүүнү алып келген. Ал Кудайдын Сөзүн – Рухтун кылычын алды,

Ал Кудайдын Сөзүн – Рухтун кылычын бир сексуалдык күнөөдө жашаган адамдын аракетине бөгөт коюу үчүн алды.. Байыры Келишимде Пинехас физикалык найза менен сокку урган. Азыр болсо биз чындыкты жарыялап, тайманбастан алдыга карай бараткан кезде, Жаңы Келишимде биз азырга чейин коомдо бирөө же бир нече адам күнөө кылып жатканда башкалар көрмөксөн, билмексен болушса да, биз "найза" менен чыгабыз.

Ошондой мезгилде Пабыл өзү жөнүндө баарынан аз ойлонгон. Ал так эле менин атайын тапшырма аткарууда иштеген досумдай ойлогон. Ал башка адамдардын жыргалчылыгын жеке ыңгайлуулугунан жана атак-даңкынан жогору койгон. Ал тургай, ал корунттук жыйындардан толук бойдон четке кагылып калышы мүмкүндүгүнө да тобокел кылган. Ал ушунчалык аларды кызганып турган, ал эле эмес аларды ал канчалык көбүрөөк сүйгөн сайын, алар аны азыраак сүйүп турушса да, сүйүүсүнөн танган эмес.

Пинехас өзү тууралуу кам көргөн эмес. Ал өзүн катуу деп, сезимтал эмес деп, жан тартпайт деп, радикалдуу ишеними үчүн жана эски модада

деп четке кагып коюштары мүмкүн экендигин билген. Калгандарынын баары кыймылдагысы келбей турган кезде, ал жалгыз аракеттенген. Элдер эмне деп ойлошот, эмне деп айтышат? Бул нерселер ал үчүн маанисиз эле. Забурчу минтип айтат: “Пинехас.. акыйкат чара көрдү,...” (Забур 105:30). Ал Кудайга берилгендиктен жалындап жатты. Кудай эмне үчүн кам көрсө, ал да ошол үчүн кам көргөн. Ал эми, Кудай кам көргөн нерсе – Анын эли болгон. Ал жыйынды сүйгөн. Ал өзгөрүүнүн өткөргүчү болгон!

Ал тууралуу Кудай эмне дегенин карап көрөлү:

> “Ошондуктан ага мындай деп айт: “Мына, Мен ага Өзүмдүн тынчтык келишимимди берип жатам. Ал келишим ага жана анын укум-тукумуна ыйык кызмат кылуучулукту түбөлүккө калтыруу келишими болот, анткени ал өз Кудайына болгон кызганычын көрсөтүп, Ысрайыл уулдарын куткарып калды” (Сандар 25: 12-13).

Көптөгөн жылдар бою Библияны изилдеп – окуп жүрүп, мен бул сөздөргө көңүлүмдү бурдум. Бул тууралуу Муса гана жазган эмес, кийинчерээк Забурчу дагы Пинехастын сыйлыгын баса белгилеген:

> “Пинехас чыгып, акыйкат чара көрдү, ошондо жугуштуу оору токтоду. Бул ага кылымдар бою, укумдан-тукумга адилеттик катары эсептелинди” (Забур 105:30-31).

Кудайга эмне жага турган болсо, ошону кылууга тобокелдик менен аракеттенген бул жигиттин улуу сыйлыгын көрүп туруп, мен канчалык дирилдегеним эсимде. Бул жөн гана убактылуу сыйлык эмес, түбөлүктүү, келишим менен мөөрлөнгөн сыйлык эле. Эсиңердеби, Кудай эч качан өз келишимин бузбайт. Ал сыйлык ушунчалык улуу. Ал анын өзүнө гана таасир этип калбастан, анын балдарына, неберелерине, андан кийин жашагандардын баарына – бизге да тиешелүү. Анын Кудайдын көз алдында эмне туура болсо, ошого даяр болуп тургандыгы үчүн, кийинки муундардын баары сыйлык алышат.

Пинехастын бул үлгүсүн көрүүнүн натыйжасында Пабылга окшоп сүйүүнү жоготуп алсам да, өзүм үчүн, дайыма чындыкты айтам деген максат койдум. Мен өзүм үчүн гана эмес Лиза, биздин балдарыбыз жана алардын балдары бардык боло турган муундар үчүн улуу сыйлыктарды көрүп атам. Бул бузулбай турган дүйнө келишими, муундан-муунга өтө турган бата.

Биздин балдарыбыз дилгирленүү менен Кудайга кызмат кылып

жатканын кубыныч менен карап жатам. Алар чоңоюп аткан мезгилде мен үйдө болбой калып жаттым, жок эле дегенде бир жылдын жарым күнүн, Жакшы Кабар ишине кызмат кылуу үчүн үйдө болгон жокмун. Ошентсе да, алмашуунун өткөрүүчүсү боло турган адам үчүн Кудай убадалаган дүйнө келишими сакталып жана биздин балдарга өткөрүлүп берилери айкын. Мен ошол эле баталар биздин неберелерибизге өткөрүлүп берилерин күтөм.

Чындыкка көңүл коюудагы мамиледе жашырылган батаны көрө алдыкпы? Ооба, бул силерге гана эмес, силердин муундарыңарга да убадаланган дүйнө келишими, башкалар кылбай жатканда да силер алмашуулар үчүн үн катып, Кудайдын жолунда кызганыч менен бараткандыңар үчүн. Биз баарыбыз, күнөө бизди курчап жана ишенгендердин коомчулугунун бардык жагына тарап жатканын көрүп унчукпай койбой, чындык үчүн сүйүүдөгү рухтун кылычын алып чыгып көтөрүү канчалык жакшы экенин көрүп атабызбы?

Мен үчүн жооп айкын, бирок, чечимди силерге калтырам.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Силер күткөн жакшы кабар: чындык үчүн бекем көтөрүлүү менен, Кудай жана Анын элин сүйгөндүгүңөр үчүн туура иш кылуу менен, силер өзүнүн гана эмес, алардын укум-тукумдарынын Кудайдын түбөлүк убадаларын жана келишиминин баталарын алгандар менен бир катарда туруп каласыңар.

Силердин мүлкүңөрдүн пайдасына көбүрөөк таасир тийгизген нерсени элестете аласыңарбы? Дүйнөнүн эч кандай материалдык мурастары мындай баталуу боло албайт, акчаны биринчи же экинчи муундар жоготуп бүтүрүп салышы мүмкүн. Эч кандай билимди жана акылмандуулукту көптөгөн келерки муундарга өткөрүп берүү мүмкүн эмес. Кудайга болгон берилгендикке негизделген мурас гана, ошончолук узак таасирин тийгизе алат.

Болочок муундарга кандай мурас калтыргыңар келип атат?

Жер үстүндө өзүңөр жөнүндө кандай эстелик калтыргыңар келип жатат жана асманда атыңар кандай аталышын каалап жатасыңар? Өзүңөрдүн жер үстүндөгү бат өтүп жаткан жашооңордо, бул каалоолордун аткарылышына ачкычты, сүйүү жана чындык үчүн ишенимдүү турууга каалооңор пайда болгон учурда гана таба аласыңар.

# 6

# Түртку

Бир топ убакыт мурда менин смартфонумдан билдирүүлөрдү жиберүүдө кандайдыр бир көйгөйлөр пайда болду. Бул көйгөйдү чечүү үчүн мен бардык жолдорду колдонуп көрдүм: башка маалыматтарды жаптым, телефонду өчүрүп кайра жандырып да көрдүм, эмне кылыш керек болсо, ошонун баарын кылдым. Ошондой эле аргасыз өчүрүүлөрдү да кылып көрдүм. Бул такыр айла кеткендеги аракет эмеспи. Андан кийин мен бир топ татаал аракеттерди жасап көрдүм, бирок ал көйгөй такыр чечилген жок.

Бул окуя биз канчалык смартфонубуздан көз каранды экендигибизди жана ал биздин жашообузда канчалык чоң роль ойноорун көргөздү. Ошол мезгилде биздин кичүү уулубуз Индияда болуп, ал жакта конференцияда сабак өтүп жана пасторлор менен лидерлерге китеп таратып жүргөн. Анда бир нече кыйынчылыктар пайда болуп, ал мага билдирүүлөрдү жазып жатыптыр, мен болсо жумушта телефонумдун иштебей калганына байланыштуу бир нече сааттар бою ага жооп жаза алган жокмун. Билдирүүнү териш үчүн мен он беш мүнөттөн ашыгыраак убакыт короттум, анан телефон капысынан турган абалынан чыгып кетти да, тексттин баары өчүп калып, баарын кайрадан терүүгө туура келди. Төрт саат өткөндөн кийин гана мен уулума кыска гана билдирүү жибере алдым. Мен ага көп нерселерди айтайын дегем, бирок телефондо мүмкүнчүлүк болбой жатты. Мен канчалык кейигенимди айтуунун кереги деле жоктур.

Акырында телефонду менден жакшы билген адис-техникке алып бардым. Мен ал көйгөйдү чечүү үчүн бир нече күндөрдү короттум, алар болсо көйгөйдүн себебин он беш мүнөттө эле таап коюшту. Эки сааттан кийин мен эч кандай кыйынчылыксыз эле билдирүүлөрдү терип жаттым.

Көрсө, мен кандайдыр бир каталыкты кетиргенимдин айынан, операциялык системанын ишин бузуп коюптурмун.

Эгерде мен чечимди издебесем эмне болмок? Эгерде мен эксперттердин кеңешине кайрылбасам эмне болмок? Мен анда мурдагыдай эле мүмкүнчүлүгү чектелген телефон менен жүрө бермекмин, тилекке каршы, көптөгөн убактымды да жоготмокмун. Бул менин үй-бүлөм, досторум, командам менен баарлашууга тоскоол болмок.

Келгиле, дагы бир кадам алдыга таштайлы. Элестетип көрөлү, мисалы мен эч качан билдирүүлөрдү жөнөткөнгө тажрыйбам жок болгон дейли. Отуз жыл мурда мен смс – билдирүү тууралуу билген да эмесмин, анын үстүнө мен смартфон жөнүндө да билген эмесмин. Болгону жүз гана жыл мурда континент аралык чалуулар болгон да эмес, алар жөн гана жок болчу. Ошол мезгилде мен Индияда жүргөн уулума заматтагы билдирүүнү жөнөтүү үчүн төрт саат эмгектенгеним мага улуу кубаныч гана тартууламак. Ар кандай коммуникация, ал таптакыр жок болгонуна караганда эң жакшы. Бүгүнкү күндөгү жетишилген ыкмалар тууралуу билбей туруп, мен бул кыйынчылыкты жоюу үчүн, мынчалык кызганчаактык менен чечүү жолдорун издемек эмесмин. Бирок, смартфон бар болгондуктан, мен ушунчалык көп пайдасын көрүп жатам. Мына ошондуктан да, мен абдан кейип кеткен элем.

Потенциал жөнүндө билбей туруп, кайсы бир нерсеге жетүүгө каалоо жана аракеттер болбойт. Биздин арабыздан көпчүлүгүбүз бирдиктүү аскердик бөлүмдүн күчү тууралуу менин атайын тапшырмаларды аткаруучу бөлүмдө иштеген досумдай жакшы билбесек керек. Элестетип көрсөңөр, мисалы, анын бөлүмүндө жоготууга учурата турган бир көйгөй болду дейли. Ал кайгырып гана тим калбастан, балким өлүп да калышы мүмкүн болчу.

Байыркы Осуяттагы таржымалга кайрылып келүү менен Ысрайыл Аханга канчалык кыжырдангандыгын элестетип көрөлүчү. Алар Жерихондун жанындагы салгылашууда улуу жеңишке жетишишкен, бирок Гайдан кийин аларга өзүлөрүнүн отуз алты жакын досторун көмүүгө жана көз жумгандардын үй-бүлөсүн сооротууга туура келген.

Ал эми мезгилсиз өлүм, айыкпас оору, кесел, рухий криптониттин тийгизген тири-укмуш таасиринен улам корунттук сүйүктүү жакындарынын канчалык азап тартып жатканын көргөн Пабылдын канчалык кейип жатканын элестетип көрө аласыңарбы? Ал алардын потенциалын жакшы билген, бирок алар сокур болушкан. Алардын жеке артыкчылыктары жалпы коомдун пайдасына боло турган нерседен ашып түшкөн.

Ал эми, биздин жашообузда кандай? Биздин машайакчылык коомубузда эмнелер болуп жатат? Менин оюмча силер бул чакырыкка толгон катты окуп жатканыңардын себеби, силердин ички дүйнөңөрдүн тереңинде машайакчылык салттардан да чоңураак бир нерсе бар. Муну биздин жүрөгүбүзгө Кудай жайгаштырып койгон. Силер чындыктын убактылуу ыңгайсыздыгынан качуунун ордуна, коомуңарда рухий кайра жаралуунун динамикалык күбөсү болуп жана Аны менен болгон толук кандуу жашоого көбүрөөк кызыкдарсыңар.

## Силердин жарыгыңар жаркырады

Бул китепти окуп-үйрөнүү эки эсе пайда алып келет: биринчиден, силердин жыйыныңардын натыйжалуулугу өсөт. Экинчиден, силер көбүрөөк түшүм, толуктоо жана Кудай менен болгон жакындыкты көрөсүңөр. (Негизинен биз, азырынча жыйындагы коомчулук жөнүндө сүйлөшүп атабыз, бирок кийинчерээк силердин жеке жашооңорго басым жасайбыз).

Биздин коомчулугубузга кандай көз карашыбыз болуш керек? Менин смартфонум менен болгон окуядай бул суроого болгон жооп биздин потенциалга толугу менен ачылууга тоскоол болуп аткан нерсени издөө жана оңдоого каалоо менен түрткүнү азыктандырат.

Ышайа пайгамбарчылык кылат:

> “Тур, жаркыра, Иерусалим, анткени сенин жарыгың келди, Теңирдин даңкы сенин үстүңдөн чыкты! Анткени мына, жерди караңгылык, элдерди коюу караңгылык каптаганы жатат. Ал эми сенин үстүңдөн Теңир жаркырайт, Анын даңкы сенин үстүңө келет” (Ышайа 60:1,1).

Биринчиден, мен Ышайа асман жөнүндө же Машайактын миң жылдык падышачылыгы жөнүндө айтып жаткан жок – Аяндар китебинде көрсөтүлгөндөй Ыйса жер үстүндө миң жыл падышачылык кылган убакытты белгилеп жатканын айткым келет. Ошондой эле, пайгамбар Петир жана башка авторлор айтып жаткан жаңы асман жана жер жөнүндө айтып жаткан жок. Жок, ал жер жүзүн караңгы каптаган убакытты сүрөттөп атат. Ошондуктан, бул пайгамбарчылык, албетте бүгүнкү күндү айтып жатышы мүмкүн жана мен ошондой эле деп ойлойм.

Пайгамбардын сөзү боюнча, элдердин үстүнөн терең караңгы түшөт, кайсы бир жерде гана эмес, бардык жерге. Биз Жараткандын жүрөгүнөн алыстагандан алыстап баратабыз. Мен атеисттер, ангностиктер, сыйкырчылык

кылып аткан адамдар жөнүндө гана айтып жаткан жокмун, машайакчылыкты туткан көп адамдар жөнүндө да авйтуудамын. Бул убакыт жөнүндө Пабыл так эле айтып жатат: "Анткени адамдар туура окутууну кабыл албай, кошомат кылып сүйлөй турган окутуучуларды өз каалоолору боюнча тандап кала турган убак келет" (2Тиметей 4:3). Кийинчерээк ал майдаланып атат: "Чындыкты уккулары келбей, тамсилдерге кулак төшөп калышат" (4-аят).

Бул учурда Ышайанын айтышы боюнча, чыныгы ишенген адамдар жаркырап - турушат бөлүнүп. Элестетип эле көрсөңөр: эгер силер бөлмөгө кирип жарыкты күйгүзсөңөр, караңгылык жоголот. Караңгылык жарыкты жаман көрөт, силер караңгылыктын жаркыраган учкуну дегенди уктуңуз беле? Жок, жарыктын гана жалыны болот – канчалык караңгы болбосун, жарык жеңип чыгат жана караңгыны жоготот.

Ыйса бизди дүйнөнүн жарыгысыңар деп айтып жатат. Биз жаркырап турушубуз керек. Биз караңгылыктан күчтүү болушубуз керек. Бирок, кантип ошондой болот? Ышайанын айтканы боюнча биз ушундай жарык беребиз, ишенбегендер Анын даңкын көрүшөт.

Ысрайылдын "даңк" деген сөзүнүн түшүндүрмөсү – кабод, керемет, улуу, байлык, молчулук, ардак, падышачылык жана оор салмак дегенди түшүндүрөт. Бул эмне дегенди түшүндүргөнүн ойлонуп көргүлө. Ыйык Китеп Кудайдын даңкы жөнүндө айтып жатканда, Кудайдын кереметтүүлүгү, Кудайдын улуулугу, Кудайдын байлыгы, Кудайдын кубаттуулугу, Кудайдын молчулугу, Кудайдын ардагы жана падышачылыгы дегенди түшүндүрөт. Бул түшүндүрмөдөгү акыркы – "оордук" же "салмак" деген сөз, бул атрибуттар жетишпестикте эмес толуктукта бар экендигин түшүндүрөт. Башка сөздөр менен айтканда мунун баары Анын улуулугу.

Кудай бул билимди: "...жүрөгүбүзгө, Кудай Өзүнүн даңкын бизге көрсөтүш үчүн" (2Корунттуктарга 4:6) – салгандыгын жазып жатат. Андан ары ал айтып атат:

> "Эми бул жарык биздин жүрөктөрүбүздө жаркырап жатат, бирок биз карапа идиштерге окшошпуз. Ошондуктан, биздин өзгөчөлөнгөн күчүбүз бизден эмес, Кудайдан болот" (2Корунттуктарга 4:7, англис тилинен которулган).

"Биздин артыкчылыгы бар күч" деген сөздөргө көңүл бургула. Кудайдын кереметтүүлүгү, улуулугу, байлыгы, молчулугу, ардак жана падышычылык биздин жүрөгүбүздө толугу менен жаркырап турат. Ошондуктан, ал минтип жазып жатат: "биздин артык болгон күчүбүз бизден эмес, бирок Кудайдан". Биздин миссиябызга тоскол болгон ар кандай караңгылыктардын

аракеттерин сайып өткөн күч жөнүндө сөз болуп жатат.

Атайын күчтөр бөлүмү тапшырмага чыккан кезде, жоокерлер жеңилүүнү ойлошпойт жана адатта ийгилик менен кайтышат. Бизде атайын күчтөрдүкүнө караганда ишенимдүүрөөк убадабыз бар! Ал ийгилик үчүн болгон бир канча көбүрөөк күч менен бекемделген!

Кудайдын даңкынын маанисинин түшүнүгү биздин китептин калган бөлүмдөрүнөн жоголуп кетпес үчүн, мен аны “Анын улуулугу” деген сөз менен алмаштырам (бирок, жогорудагы аны аныктоочу башка сөздөр да эсиңерде болсун).

Ышайа айтып жатат, Анын улуулугу биздин үстүбүздөн көтөрүлөт, бизге түшөт эмес. Каяктан көтөрүлөт? Биздин жүрөктөрүбүздөн. Эсиңерде болсун, “кенчти биз чопо идиштерде сактап жүрөбүз” (7-аят).

Анда менин силерге суроом: “Эмне үчүн Анын кереметтүү кудурети биздин коом аркылуу ачылбайт? Эмне үчүн оорулар-кеселдер жана эрте өлгөндөр көп? Рухий криптониттер менен жүрө бергенибизден улам эмеспи?”

## Коомдун потенциалы

Бүгүнкү күндөгү коомдун туура потенциалы кандай болушу мүмкүн? Жыйындын жаралганын элестетип көргүлө. Элүүнчүлөр күнүндө 120 шакирт бөлмөдө жашынып отурушкан. Жазылып турат, алар биримдикте чогуу болчу. Бул биримдик эмнени түшүндүрүп турду? Ыйса тирилгенден кийин эң азы беш жүз адам Андан өйдөңкү чек арага барып Атадан убадаланганды күткүлө деген буйрук алды (1 Корунттуктарга 15:6 жана Лукман 24:33 – 53 кара). Эмнеге он күн өткөн соң 120 гана чогулду? Эмнеге баары чогулган жок, калган 380нине эмне болду? Пабыл биздин замандын 56 – жылында корунттуктарга кат жазганда алар тирүү болчу дегенден башка алар жөнүндө эч жакта сөз болгон эмес. Биз ишенимдүү түрдө бир гана нерсени билебиз, алар Ыйса буюргандай Атадан болгон убаданы Иерусалимде күтүшкөн эмес (Аяндар 1:1 – 15 кара).

Ал 380и Анын буйругун сөзсүз эмес жөн гана жакшы сунуш деп кабыл алышы мүмкүн беле? Алар үчүн бул нерсени аткаруу өтө оор деп ойлошу мүмкүн беле? Балким, алар өзүнө ыңгайлуу болгондой Ага кызмат кылсак болот деп эсептешкен. Мен ишенем кээ бирлери Анын тирилиши жөнүндө насаат да айткан.

Бирок, даңк Руху деп да аталган Кудайдын Руху (1 Петр 4:14 кара), аларды толтурган жок. Биримдикте болгон 120 адам гана Кудайдын Рухунун улуулугуна чөмүлгөн. Аларды бир бүтүндүккө эмне бириктирген? Алардын ар бири өз пикиринде калгандыктары эмес, Албетте, 380 адамдын

өзүнчө пикирлери болгондур. Мен аларды бириктирген нерсе, Кудайдын Сөзүнө чечкиндүү баш ийүү жана алар аны өзү үчүн милдеттүү түрдө кабыл алышкандыгы болду деп ойлойм.

Кудайдын даңкы (Анын күчүн бекиткен) аларды толтурган жана ошол күнү үч миңден ашык адам жогорудан төрөлгөн! Алар баракчаларды тараткан эмес, жүйүттөрдүн журналында жарнама басып чыгарышкан жок, коомдук желеде массалык стратегия колдонушкан эмес жана өзүнүн жарнамасы менен эфирди толтурган эмес. Андан дагы чогулуштун убакыт-саатын пландаштырган эмес. Ошетсе да, Кудайдын улуулугу бардык шаарга ачылды.

Бир аз кийинчерээк, төрөлгөндөн баштап баса албай турган адам секирип туруп ыйбадатканага чуркап жөнөгөндөн кийин, дагы беш миң адам (аялдар менен балдарды санабаганда) жогорудан төрөлдү. Барынан таң калтырганы, Петир менен Жакан тобо кылууга чакырбаса дагы – алар муну кылганга чейин аларды камакка алышкан, бул адамдардын бардыгы Кудайга кайрылышкан!

Иерусалим шаарынын бардыгы бул болуп аткан окуядан тынчсызданган. Элдин баары кубаттуу шамалдын үнүн угушкан. Шаардын тургундары шакирттерден Кудайдын улуулугу жөнүндө кереметтүү нерселерди алар эч качан окуп үйрөнбөгөн чет тилде жана диалектилерде угуп жатышты. Бардыгы Ыйсанын атынан кылынган күчтүү кереметтерди көрүп жатты.

Бир нече күн өткөндөн кийин, алар чогуу сыйынып жаткан учурда, алар чогулган имарат титиреп кетти. Ыйык Китепте аша чаап айтылбайт. Эгер имарат титиреди деп турса, анда ошондой болгон. Бардык ишенгендерден улуу күч, молчулук, айыктыруу агып жатты.

“Алардын эч кимиси эч нерсеге муктаж болчу эмес” (Элчилер 4:34) - деп жазылып турат. Биз, Петр көчөлөрдө басып жүргөнүн көрүп атабыз – бир көчөдө эмес көчөлөрдөн жана Жазуу айтып жатат ошол көчөлөргө алынып келинген орулуулардын бардыгы анын көлөкөсүнөн эле “айыгып” жатышты (Элчилер 5:16). Кудайдын улуулугу ушундай! Ишенгендер ушинтип ооруканалардын бөлмөлөрүндө басып жүрүп, ар бир оорулуну айыктырса болот.

Жазуу бизге айтып жатат, бир эркек аялы менен кайтаруучуга өзүнүн кызматтарынын бири жөнүндө алдап, Кудайдын алдында сыйлабастык кылышты жана дароо өлүп жыгылып калышты. Алардын өлүмү жөнүндө шаарда дароо эле белгилүү болуп калды. Ошондо бүт бардыгын коркунуч басты, бирок апостолдорду жогору баалачу (Элчилер 5:1-13 тү кара). Бул чоң коркунуч эч кимди чочуткан жок, жадагалса көпчүлүктү кызыктырды:

> “Эркектер да, аялдар да Теңирге ишенип, ишенгендердин саны уламдан-улам көбөйүп жатты” (Элчилер 5:14).

Бул Иерусалимде гана болгон жок. Ыйсаны ээрчигендер коркунучсуз күбөлүк кылышкан жана бардык жакта элдер куткарылып, айыгышкан. Жесирлер үчүн дасторкон жаюуга жоопкерчиликтүү болгон Филип, бир Самариялык шаарга жөнөдү. Жазылып турат: “...жин оорулуу көптөгөн адамдардын ичинен жиндер катуу кыйкырык менен чыгып, көптөгөн шал оорулуулар менен аксактар айыгып жатышкан эле. Ошентип, бул шаар чоң кубанычка бөлөндү” (Элчилер 8:7, 8). Шаардагы сыйкырчылык менен мурда алектенген белгилүү адам “... ал Филиптин жанынан чыкпай, жасалып жаткан улуу кереметтер менен ажайыптарды көрүп, таң калып жатты” (13-Аят, ОЖК). Шаардын баары болуп жаткан нерсени же билген, же Ыйсага куткарылуу үчүн келишкен.

Башка окуяда Петр шал болуп сегиз жылдан бери төшөктөн турбай жаткан адамды дароо сакайтып салганы жазылып турат. Жазуу айтып жатат: “Лиддада жана Шарондо жашагандардын бардыгы аны көрүп, Теңирге кайрылышты” (Элчилер 9:35, ОЖК). Бир эле шаар эмес, эки шаар жана айтылып турат дээрлик “бардык тургундар” куткарылууну кабыл алышты.

Жапа шаарында Тавифа аттуу аял өлүп тирилди жана бул жөнүндөгү жаңылык шаардын бардык тарабына тарап кетти. Дагы бир шаар апостолдордун таасиринин алдында болуп калды.

Акыр-аягы Петрди камакка алышты, бирок аны атайын кароолчулук менен кармаган камакка түн ортосунда периште келди да, түн ортосунда апостолдун алдында туруп калды.

Кудайды даңктабаганы үчүн башчы мүрт кетти жана анын денесин курттар жеп салды. Кудайдын улуулугу мамлекеттин баарынан караңгылыкты түртүп чыгарды. Жарыкка каршы туруу мүмкүн эмес!

Керемет, улуу күч жана куткарылган адамдар бардык бутпарас шаар жана кыштактарга тарап кетишти. Андан тышкары жазылып турат: “... Асиянын бүт тургундары, Жүйүттөр да, Эллиндер да Теңир Ыйса жөнүндө угушту” (Элчилер 19:10). Сөз бир нече шаар же кыштактар гана эмес, бүт аймак жөнүндө болуп жатат жана баары угушту! Аларда Facebook, Instagram жана Twitter деген социалдык тармактары болгон эмес. Ал убакта Интернет, спутник байланышы, үн алгы жана сыналгылар болгон эмес. Адамдар оңой жол жүрүшү үчүн унаалар, жадагалса велосипеддер болгон эмес. Ошентсе да, аймактын ар бир адамы Кудай жөнүндөгү сөздү укту! Жыйын биримдикте болгондо, Кудайдын Сөзү машайакчылырдын

жыйынында башкы орунду ээлегенде, мына ушундай нерселер болот.

Бул байыркы жыйында өзүн көрсөткөн Кудайдын улуулугу. Бирок, эмки бөлүмдө биздин муунга Кудай мындан дагы чоң план даярдап койгонун көрө алабыз. Биздин Теңирибиз жана Падышабыз Ыйса Машайак кайра келген кезде, жер үстүндө боло турган Кудайдын улуулугу жана күчү байыркы Жыйында көргөн нерселер менен салыштыргыс болот!

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Жаңы Осуяттын укмуштуу кереметтерин көрүп: “Ооба, алардыкы сонун болчу, бирок мен сыяктуулар эч качан андай нерсе кыла албайт” – деп ойлошуңар мүмкүн. Бул бөлүмдүн мааниси мына бул үчүн зарыл – жышаан менен кереметтер аларды өзгөчө бир адамдар кылып жаткан үчүн болгон эмес. Алар бул кадимки эле адамдар ишенип жана уккандыгы үчүн болгон, натыйжада алардын ичинде Кудайдын улуулугу чоңойгон.

Эгер Кудайдын улуулугу – ызы-чуу, билимсиз, жаш, тажрыйбасы жок, өзүнүн ою бар жана эң жөнөкөй жумуш менен алектенгендердин ичинде көтөрүлө алган болсо, - анда биз, дүйнөдө асмандын улуулугун алып жүрүүгө жөндөмдүлүүгүбүздү квалификациялаган эч кандай стандарттар жок экендигине бекем эле ишенсек болот. Маселе биз Кудайдын Сөзүнө канчалык берилүү менен ишенип жана ээрчий алабыз дегенде.

Биз, кайра ошол кереметтерди, ал тургай андан да көбүрөөктү көрө алаарыбызга ишенесиңерби? Эгер силердин жыйыныңарда кереметтер көрүнөөрлүк болуп жаткан болсо, силер андан ары секиргенге даярсыңарбы? Силерге Кудай бергиси келген нерсенин баарын алганга даярсыңарбы? Кудайга сыйынууда бул суроолорго жооп бергиле. Андан кийин өзүңөрдү жөндөмсүз деп эсептеген же баш тарткан нерселердин бардыгы үчүн тобо кылгыла. Ал силер аркылуу Өзү каалаганын кылыш үчүн, Өзүңөрдүн кооптонууңарды Кудайга бергиле жана өзүңөрдү Ага тартуу кылгыла.

# 7

# БИРИМДИКТИН КҮЧҮ

Айкаш жыгачка кагылгандан мурда Ыйса Өзүнүн командасы гана үчүн эмес, биздин баарыбыз үчүн акыркы жолу сыйынууга мүмкүнчүлүгү болгон. Ал Өзүнүн суранычын мындай сөздөр менен баштады: “Алар үчүн гана эмес, алардын сөзү аркылуу Мага ишенип калгандар үчүн да өтүнөм” (Жакан 17:20). Биз силер менен бул сыйынууга киргизилгендигибиз тууралуу күмөн жок. Биз Ыйсага алардын жиберүүсү аркылуу келгенбиз, аларды окуп же бирөөдөн бул шакирттер жазганын укканбыз.

Ыйса – Адам Баласы, ошондуктан, Атанын эрки асманда болгондой эле, жерде да болушун сурануууга Анда бийлиги бар. Анын сыйынуусун угуп көргүлө:

> “Алардын бардыгы бир болушсун. Ата, Сен Менин ичимде болгондой, Мен Сенин ичиңде болгонумдай, алар Биздин ичибизде бир болушсун. Мени Сен жибергендигиңе дүйнө ишенсин. Алар да Биз сыяктуу бир болушу үчүн, Мага берген даңкыңды аларга бердим” (Жакан 17:21, 22).

Ыйса биздин бир бүтүн болушубузду жана Ыйса Машайак – бүткүл дүйнөнүн Куткаруучусу экендигине ишенишибизди сурап сыйынган. Бул кабар биздин дүйнөгө эмне алып келет? Жооп – Анын даңкынан башка эч нерсе. Биздин миссиябыз үчүн бул чоң мааниге ээ. Ал Өзүнүн даңкын (Өзүнүн айкын улуулугун) биримдикте болгондор үчүн сактап койду. Негизги маселе, Ал Ата менен бир болгондой эле биз да биримдикте болушубуз керек.

Аны менен Ата кандайча бир болушкан? Ал бир нече ирет мындай

сөздөрдү айткан: "...Өз каалоомду эмес, Мени жиберген Атамдын каалоосун аткарам" (Жакан 5:30), анткени Мен Өз каалоомду эмес, Мени жиберген Атамдын каалоосун аткарыш үчүн, асмандан түштүм" (Жакан 6:38), "Мына, түрмөк китепте Мен жөнүндө жазылгандай, Мен Сенин эркиңди аткаруу үчүн бара жатам, Кудайым" (Эврейлерге 10:7, ОЖК). Ал Ата менен биримдикте болгон, анткени ыңгайсыз же заманбап, саркеч эмес болсо да, Атанын эркин издеп жана Анын каалаганын кылган.

Биринчи шакирттер да ушундай болчу. Кудай Өзүнүн улуулугун алар аркылуу дүйнөнүн баарына көрсөткөн күнү, алар баары биримдикте болушкан. Ыйсанын үч жылдык кызматында Аны угуп жүргөн ондогон миң эмес, ал күнү Аны ээрчигендер 120 эле. Бул Ыйсаны тирилген денесинде көрүп, бирок Анын сөзүн зарыл эместей көргөн жанагы 380 адам эмес. Булар ишенимде бир болгон адамдар болчу.

Пабыл ар бирибизден жалынып-жалбарып суранып жатат: "Рух биримдигин тынчтык байланышы аркылуу сактоого аракеттенгиле" (Эфестиктерге 4:3, ОЖК). Андан кийин ал Ыйса жыйынга – апостолдорго, элчилерге, жакшы кабарчыларга, кайтаруучу жана шакирттерге жеке Өзү берген белектер жөнүндө айтып жатат. Жыйындын коюлган максатка умтулуусунда аларды нускалоо алардын жоопкерчилиги болчу:

> "Ал бирөөлөрдү элчи, бирөөлөрдү пайгамбар, бирөөлөрдү Жакшы Кабар таратуучу, бирөөлөрдү Жыйын башчысы жана окутуучу кылып дайындады" (Эфестиктерге 4:13, ОЖК).

Биздин максатыбыз же миссиябыз байыркы Жыйындыкынан эч кандай айырмасы жок – бир болуп жана ошону менен Кудайдын улуулугунун (даңкынын) өткөргүчү болуу. Башка жол жок! Биздин муун биримдикке ишенимде жана билимде жетиш керек. Чыныгы биримдикке алып барган бир гана жол бар. Ал жол - Ыйсада жана Анын шакирттеринде болгон Кудайдын Сөзүнө тил алчаактык.

Элестетип көрсөңөр, ысрайылдыктар бир болгон кезде, алар толугу менен Жерихонду басып алышкан. Сулаймандын падышачылыгынын убагында Ысрайыл улут катары кол жеткис болчу. Адамдар болсо өнүгүп-өсуп жана бир нече муундарга чейин ийгиликтүү болушкан. Башка мисалдарды да келтирсе болот, бирок мааниси түшүнүктүү эле.

Башка жагынан, карама-каршы тарабын карап көрөлү. Пабыл Коринтта руханий криптонит бар деп жатканда, башында ал мындай сөздөрдү айткан: "Биринчиден, Жыйын катары чогулганыңарда, өз ара бөлүнөрүңөрдү уктум..." (1 Коринттиктерге 11:18, ОЖК). Алар биримдикте болбогону

айкын! Мындай суроо жаралат: биримдиктүү болууга эмне тоскоол болгон? Алардын криптонит менен болгон жакшы мамилеси – бул Кудайдын Сөзүнө болгон тил албастык. Ал Кудайдын Сөзүнө Ахан көрсөткөн тил албастыктан эч нерсеси менен айырмаланган эмес. Анын натыйжасында Ысрайыл Ай шаарына чабуул жасаган учурда биримдикте боло албаган.

Андан кийин Пабыл кокус бурулуш жасап, акылга сыйгыс ойду билдирет:

> “...Кандайдыр бир деңгээлде мен буга ишенем. Бирок араңарда ар кандай көз караштар да болушу керек, ошол аркылуу кимдердин ишенимдүү экендиги белгилүү болот” (1Корунттуктарга 11:18, 19, ОЖК).

Эмне үчүн туура болгондорду аныктоо зарыл? Бул суроого жооп чоң мааниге ээ, анткени ал биримдик жана билимдүүлүккө жол салат. Бул нерсе бардык ысрайыл эли жана алардын миссиясы үчүн көпчүлүк адамдардын тил алчаактыгын жана Ахандын тил албастыгын ачыкка чыгаруу маанилүү болгондой эле, өтө чоң мааниге ээ болгон нерсе. Ошондой эле, 120 ишеними бекем шакиртти, өзүнүн жолу менен жөнөгөн 380ден бөлүү зарыл болчу. Корунттагы жыйын үчүн бул суроо ошондой эле мааниге ээ болгон. Тил алчаак көпчүлүк жана тил албаган кээ бирлер өзүлөрүн көрсөтүш керек болчу. Болбосо биримдикке жол жабылып, Корунтта Кудайдын даңкынын (улуулугунун) ачылуусуна жол бербейт эле. Андан башка да, күнөөсүз байкоочуларга дары алып келиш керек болчу. Алар жалпы ыйыктыкка урмат көрсөткөндүктөрүнө карабастан, кээ бирлердин туура эмес мамилесинен улам үчүн кыйналышкан (абалы начар, алсыз, оорукчан жана мөөнөттөн эрте өлүшкөн).

Пабыл артыкчылыктын сапаты катары биримдиктин маанисин жакшы түшүнгөн. Ал Иерусалимде, Самарияда, Антиохиада жана башка шаарларда болгон нерселердин бардыгы Кудайдын улуулугуна көз каранды экенин билген. Мына ошондуктан, ал Корунттагы ишенгендердин эле биримдикте болушун суранбастан, Эфестеги, Филипптеги, Колосстогу жана бүгүнкү күндө биздин баарыбызды биримдикке чакырган. Ыйсанын үлгүсүнөн Кудайдын Сөзүнө тил алгандан башка биримдикке жол жок экенин биз көрө алабыз.

## Күчтүүрөөк

Бүгүнкү күндө иштер кандай? Биздин максат мурдагыдай эле – ишенимдин биримдигиби? Сыйынууда башыман өткөрүп, эч качан эсимен чыкпас болгон нерсени силерге сүрөттөп бергенге уруксаат этиңиздер. Мен абдан айкын уктум: “Уулум, Менин Уулум кайтып келердин астында, Мен

жыйында жана жыйын аркылуу кыла турган нерселерге салыштырмалуу Элчилердин китеби оюнчук эле болуп калат".

Мен аң-таң болдум. Андан дагы мен укканыма ишене алган жокмун. "Ата, ишенишим үчүн, мага Ыйык Китептен үч башка далил керек", - деп Кудайга жооп бердим. Кызык, мен андан бул нерсени сурап жатканда кандайдыр бир ыңгайсыздыкты сезген жокмун. Биз бардыгын сынап көрүшүбүз керек деп жазылып турат (1Тесалоникалыктарга 5:21ди карагыла) "...Ар бир сөз эки же үч күбө аркылуу бекемделет" (2 Корунттуктар 13:1).

Ал мага Жазуудан көрсөткөндүн бирөөсү бул:

> "Анткени Себайот Теңир мындай дейт: «Жакын арада Мен асман менен жерди, деңиз менен кургактыкты дагы бир жолу солкулдатам, бардык элдерди солкулдатам, ошондо бардык элдер өздөрүнүн кымбат баалуу нерселери менен келишет, бул үйдү даңкка толтурам, – дейт Себайот Теңир... Бул акыркы ийбадаткананын даңкы мурунку ийбадаткананын даңкынан жогору болот, – дейт Себайот Теңир. – Мен бул жерге тынчтык берем, – дейт Себайот Теңир" (Акай 2:6, 7, 9).

Кичинекей окуянын алдындагы окуя: Ысрайыл кулчулукта көп жыл бою болду, башында Бабылда анан Перстерде. Өзүнүн мекенине кайтып, Небухаданасар жана анын бабылдык жоокерлери талкалаган ыйбадаткананы кайра тургузууну каалаган жүйүттөрдү бошотууну Кудай Перс падышасы Кирдин жүрөгүнө салды. Көпчүлүгү өзүнүн жерлерине кайтып келип, кызгануу менен курулушка киришти, бирок өзүлөрүнүн кызыкчылыктары жана жергиликтүү тургундардын тырышкан каршылыгы үчүн кызыкчылыгын жоготуп алышты. Кудайдын үйүн биримдикте куруга элдин каалоосун жылытуу үчүн Акай, Захарийдин жана башка башчылардын пайгамбарчылыгы керек болду.

Ошентип, маанилүү суроо пайда болду: бул пайгамбар алар акыр-аягы салып бүткөн ыйбадаткана жөнүндө айтып жатабы же башка ыйбадаткана жөнүндөбү? Ыйса мындай сөздөрдү айткан: "Бул ыйбадатkананы бузгула, Мен аны үч күндүн ичинде кайра тургузам" (Жакан 2:19). Ал физикалык ыйбадатkананын ортосунда турганына карабастан, Ыйса ал жөнүндө эмес, Өзүнүн денесинин ыйбадатканасы жөнүндө айтып жаткан. Келгиле, карап көрөлү.

Ыйык Китептин комментаторлору жана тарыхчылар мындай маалымат берген: Ысрайылдын жетимиш жылдык кулчулугунан кийин кайрадан курулган ыйбадаткана, Сулайман курган ыйбадатканадан сырткы келбети менен да, анын ичинде Кудайдын болушу менен да ашып кеткен эмес.

Жети жүз жыл өтүп, Ирод ыйбадатказнаны кайра кургандан кийин да, Сулаймандын убагындагы ыйбадатканaнын кереметтүүлүгүнө жеткен эмес. Сулайман бул физикалык ыйбадатканаы ыйыктаганда, Кудайдын даңкы ушунчалык улуу болгондуктан, оор булуттай болуп ага кирчү. Ошондо ыйык кызмат кылуучулар кызматтарын уланта албай калышчу. Тарых бизге кайра курулган ыйбадатканaнын ичиндеги Кудайдын даңкынын кандайдыр бир материалдык көрүнүштөрү жөнүндө айтып жаткан жок.

Мыйзамчылар Ыйсанын ыйбадатканаы талкалап кайра үч күндүн ичинде калыбына келтирүү жөнүндөгү сөзүн туура эмес түшүнүшкөн. Анткени, алар физикалык ыйбадаткана жөнүндө сөз болуп атат деп ойлошкон. Ушундан улам, биз Акайдын сөзүн физикалык ыйбадаткана жөнүндө айтып жатат деп чектей турган болсок, биз да алардын маанисин туура эмес түшүнүп калышыбыз мүмкүн.

Кайсы ыйбадаткана жана кайсыл убакыттын мезгили жөнүндө сөз болуп атат? Пабыл минтип айтат: “Кудайдын ыйбадатканасы экендигиңерди, ичиңерде Кудайдын Руху жашарын билбейсиңерби?” (1Корунттуктар 3:16 ОЖК). Качандыр бир убакта Сулаймандын ыйбадатканасын толтурган Рух биздин ичибизде жашайт. Мен ишенем, Акай ошол ыйбадаткана жана жыйын жөнүндө айтып жатат – бул акыркы ыйбадаткана, анын сөздөрү (Кудайдын болгондугунун улуулугу жана күчү) буга чейинки физикалык ыйбадатканага караганда дагы чоңураак. Пабыл жазып жатат: “Анткени өтүп кетчү кызмат даңктуу болгон болсо, азыркы кызмат андан бетер даңктуу” (2Корунттуктарга 3:11, ОЖК).

Эски Осуятта көрүнгөн даңкты (улуулук жана күчтү) элестетип көргүлө: Мусанын жүзү Кудайдын жарыгынан ушунчалык жарыкырап тургандыктан, ал ошол жарыктан өзүнүн жүзүн жабууга аргасыз болду. Сыйынуу чатыры курулгандан кийин, Кудайдын анын ичинде катышуусу ушундай катуу болгондуктан, эч ким анын жанына жакындай алган жок. Сулайман ыйбадаткана куруп аны ыйыктагандан кийин, анын ичинде Кудайдын катышуусу ушундай күчтүү болгондуктан, ыйык кызматткерлер өзүнүн кызматын уланта албай калышкан. Анын даңктуу катышы чынында элестете алгыс, таң калаарлык эле, бирок Пабылдын сөзү боюнча: “Азыр даңкталып жаткан кызмат менен салыштырганда, мурун даңкталган кызмат даңктуу болбой калат” (2 Корунттуктар 3:10, ОЖК).

Бирок, бизге убактылуу мезгил жөнүндө эмне белгилүү, Акай башынан аягына чейин жыйын жөнүндө айтып жатабы? Башкача айтканда, Ыйсанын асманга көтөрүлүп, кайра кайтып келишине чейинки мезгил.

Акай аркылуу жазылган Кудайдын сөздөрүн дагы бир жолу окуп көргүлө:

> “...Жакын арада Мен асман менен жерди, деңиз менен кургактыкты дагы бир жолу солкулдатам, бардык элдерди солкулдатам, ошондо бардык элдер өздөрүнүн кымбат баалуу нерселери менен келишет, бул үйдү даңкка толтурам...” (Акай 2:6, 7).

Ал айтып жаткан даңк элдердин солкулдаган убагында келет. Эврейлерге жазылган Каттын автору муну ырастап жатат: “Ошол убакта Анын үнү жерди солкулдаткан. Азыр болсо Ал: «Жерди гана эмес, асманды да дагы бир жолу солкулдатам», – деп убада берди. Солкулдабаган нерселер калышы үчүн, «дагы бир жолу» деген сөз солкулдаган, башкача айтканда, жаратылган нерселер өзгөрөрүн билдирет” (12:26, 27).

Эврейлерге болгон Кат мен буга чейинки бөлүмдө сүрөттөгөн окуядан бир топ кеч, оорукчандарды Иерусалимдин көчөлөрүнө алып келип коюшкан, бүтүндөй шаарлар Теңирге кайрылып, бүтүндөй аймактар Кудайдын сөзүн уккан, ж.б убакытта биздин замандын 68-жылында жазылган. Ошондуктан, Эврейлерге жазылган Каттагы убадаланган бата, Элчилердин Иштери китебинин маалындагы убактылуу мезгилге тиешеси болушу мүмкүн эмес. Бирок, келечектеги убактылуу мезгилге, жаратылгандын бардыгы солкулдаган мезгилге тишеси бар. Балким, акыркы муун Теңир Ыйса Машаяктын келишин көрүшү мүмкүн.

Жазуунун бардыгында мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү байкасак болот: Кудай эң жакшысын аягына калтырат. Жазылып турат: “Иштин аягы иштин башталышынан жакшы...” (Насаатчы 7:8). Ыйса бул жагын Канадагы Галилеялык тойдо шараптын эң жакшысын эң аягына калтырышы менен көргөзүп жатат. Кийинчерээк Ал жарыялап жатат: “...Мен кылып жаткан иштерди Мага ишенген адам, атүгүл, алардан да чоң иштерди кыла алат...” (Жакан 14:12). Эмнеге “көбүрөөк” деген Ыйсанын асманга көтөрүлгөндөн кийинки убакытка тиешелүү? Анткени, Ал дайыма эң жакшысын эң аягына калтырат.

Ошол эле нерсе жыйынга да тиешелүү – анын аягы, башына караганда жакшы болот. Элчилердин иштеринин китеби кереметтүү башталышты көрсөтүп жатат. Ошондо жер үстүндөгү Жыйындын аягында даңкы азыраак болот деп элестетүүгө болобу? Пабыл бизге кандай гана кызганчаактык менен акыл, насаат айтып атканы эсиңердеби : “...адамдык акылмандык менен айтылган ишендирерлик сөздөргө эмес, Кудайдын Рухуна жана күчүнө таяндым жана Кудайдын Падышачылыгы сөз аркылуу эмес, күч аркылуу көрүнөт” (1Корунттуктарга 2:5 жана 4:20). Күч – бул Кудайдын Падышычылыгынын жер үстүндөгү көрүнүшүнүн белгилүү бир бөлүгү.

## Калыбына келүү

Ошол күнү Ыйык Рух мага Жазуудагы башка жерлерди да көрсөттү. Анан мен мисал кылган аяттардан түшүнүктүү болгондой, биздин машайакчылык көз карашыбыз кеңейиши керек, ал тургай, Элчилердин Иштеринин китебинде жазылган окуялардан да ашыгыраак болушубуз керек. Апостол Петр Ыйык Рухка толуп айтканын белгилеп кетүү кызыктуу:

> "... Ал силерге алдын ала дайындалган Ыйса Машайакты жиберет. Кудай байыркы замандардан бери Өзүнүн бардык ыйык пайгамбарлары аркылуу эмнени айтып келе жатса, ошонун баары аткарылганга чейин, асман Аны кабыл алышы керек эле" (Элчилер 3:20, 21).

Келгиле, бул сөздөрдү жакшылап карап көрөлү. Биринчиден, Ыйса бир нерсе болуп өтмөйүнчө асманда болуусу керек. Башкача айтканда, Кудай менен убадаланган нерсе аткарылмайынча Ал кайтып келе албайт. Ал эмнени убадалады эле, пайгамбарлар эмне жөнүндө айтышкан? Ыйбадаткананы калыбына келтирүү. Башкача айтканда, Кудайдын кереметтүүлүгү, улуулугу, байлыгы, молчулугу жана бийиктиги жана жер жүзүндө жетишпестик болбойт. Бирок, Анын ыйбадатканасында жана Анын ыйбадатканасы аркылуу толук күчү менен көрүнөт.

Бул нерсе азыр болуп жатабы? Шаарлар менен аймактар куткарылууга келип атканын көрүп атабызбы, чынында эле жыйын ушунчалык күчтүүбү? Ооруканалар бошоп жатканын көрүп атабызбы? Сокурлардын көздөрү ачылып, төрөлгөндөн шал болгон адамдар басып, секирип Кудайды даңктап атканын көрүп атабызбы? Биздин сыйынуубуздун күчүнөн имараттар солкулдап жатабы? Дүйнөнүн бардык мамлекетинен жоголгон адамдарга жетүү үчүн, биздин кызматыбыз менен жыйыныбыздагы каражаттын жетишпестиги жок болгон молчулукту көрүп атабызбы? Жыйындагы адамдардын муктаждыгы чын эле жокпу? Балким, дал ушул үчүн Акай пайгамбар:

> "Араңарда бул үйдү мурунку даңкы менен көргөндөр барбы? Азыр силер аны кандай абалда көрүп турасыңар? Силердин көзүңөргө ал эч нерсеге арзыбаган нерсе катары көрүнүп турган жокпу?" (Акай 2:3) – деп айткандыр.

Акай бул суроону ошол убакта аны уккан адамдарга берген. Дал ушул эле суроону бизге Кудай бүгүн берип жатат. Келгиле, ачыгын эле айтып

коёлу: Элчилердин китебине салыштырмалуу, бүгүнкү күндөгү биз башыбыздан өткөрүп аткан Кудайдын катышуусу, эчтеке эместей сезилет! Эгер биз муну түшүнбөсөк, Анын Жыйындагы улуу күчүн калыбына келтирүүгө дилгерленүү менен умтула албайбыз. Тескерисинче, биздин Жыйын алсыз болуп атканы менен макул болуп кала беребиз.

Бизге таасирин тийгизип жаткан криптониттин айынан биримдиктин жоктугуна жол бере алабызбы? Суранам силерден, мени уккулачы – биз Анын ичинде биримдикте болууга умтулушубуз керек жана буга Кудайдын Сөзүнө ишенүү жана тил алчаактык менен гана жетүүгө болот.

Анда эмесе, багыттын берилгени түшүнүктүү. Келгиле, эми ишенген адам катары жеке жана жалпы өнүгүүбүзгө тоскоол болуп жаткан криптонитти аныктоо темасын кайра кайрылалы.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Биз өзүбүздүн мүмкүнчүлүгүбүздү билгенге чейин, азды жетиштүү катары кабыл алганыбызга кыжырдана албайбыз. Бирок, бул бөлүмдү окуп бүтүкөн соң, өзүңөрдүн мүмкүнчүлүгүңөрдү билесиңер. Ошондуктан, силердин алдыңарда тандоо турат: жыйын мурда көргөн таасири чектелген, алсыз жана күчсүз жашоону кабыл аласыңарбы, же Ыйса Машайактын толук, чыныгы улуулугун чагылдырыш үчүн, өмүр бою өзүңөрдү кубаттуулукта жашоого умтулууга арнап коёсуңарбы.

Бул мүмкүнчүлүккө болгон ишенимге ээ болмоюнча, силер аракеттене албайсыңар. Аракетсиз силер унчукпаган, алсыраган бойдон жашай бересиңер. Иш - аракет кылууга биринчи кадамды таштоо деген - бул демек, Кудайдын Сөзүнө жана биздин жашообузга карата болгон Анын аяндарына карата ишенимүүлүккө ээ болуу дегенди билдирет.

Эфестиктерге жазылган Катта Ыйса бизди Анын иштерине чогуу катышууда өз сөзүбүздү колдонуубуз үчүн, Ал бизди Өз сөзү менен жууп, тазалап коёт. Силерге күчтөгү жашоодо белгиленген жарыяларды жазып чыккыла. Мисалы: “Бул дүйнөнү өзгөртүү үчүн, Ыйса мени Өзүнүн Рухунун күчү менен толтурган”, “Күнөөкөрлөргө жетиш үчүн, Кудай менде Өзүнүн улуулугун көтөрөт”, “Мен өзүмдүн иштеген жеримде кайра жаңылантуу үчүн жана өз теңтуштарыма жарык таасир этишим үчүн майланганмын”. Ушул чындыкты өзүңөргө күн сайын жарыялап айтып жүргүлө жана аракеттенүүгө карата силердин ишенимиңер ар күн сайын кантип өсүп жатканына байкоо жүргүзгүлө.

КРИПТОНИТТИН ИДЕНТИФИКАЦИЯСЫ

# 2-БӨЛҮК

# 8

# НИКЕ КЕЛИШИМИ

Балким, силерге кийинки бөлүмдөрдө биз пайдасыз эле нерселер менен алектенгендей сезилеттир, бирок бир нече маанилүү чындыктарды бекемдегенибизден кийин жыйындарга таасирин тийгизген криптониттер тууралуу сөз кылууну улантабыз деп силерди ишендирип кетем.

## Кадимки эле никеби?

Башка ар кандай мамилерлерге караганда биздин Кудай менен болгон мамилебиздин жашырылган, өзгөчө мүнөзүн жакшыраак көрсөтүп аткан таржымалды элестетип көрүңүз.

Джастин аттуу жаш жигит Анджела менен бир жыл жолугушуп жүрдү. Анын көз алдында ал сулуу жана мүнөзү да сонун. Ал аны эсин жоготконго чейин сүйөт жана өмүрүнүн аягына чейин жалгыз аны менен болгусу келгенин билет.

Джастин өзгөчө кечени пландаштырат. Бир мезгилде ал бир тизесине чөгөлөй туруп, кичинекей кутучаны ачып, ага жакшынакай шакекти сунуштады да, колу менен жүрөгүн сурады.

Анджела абдан таң калды. Ал бетин колу менен жапты, жүзүнөн болсо жаштар агып жатты. Толкундануусу менен күрөшүп бүтүп, ал үнсүз дилгирленүү менен башын ийкеди, бир аз эсин жыйгандан кийин, ал кубаныч менен: “ Ооба, ооба, ооба, мен сага күйөөгө чыгам!” – деп жооп берди.

Бир нече айдан кийин алардын романтикалык үйлөнүү тою болду. Андан кийин сүйүүгө, күлкүгө, окуяларга жана келечекке болгон бирдиктүү

пландарга толгон бал айы болду. Баары алар кыялдангандай жана андан да жакшы болду.

Убакыт өтүп атат жана Джастин Анджеланын ал ойлогондон да жакшы экенин билип, чексиз бакытты сезип жатты. Ал ар кандай окуяларды жакшы көрөт, сүйүнгөндү жакшы көрөт жана аябай тамашакөй. Ал бардык туугандарга эң сонун мамиле кылат жана бардыгы менен тил табышканды билет. Ал акылдуу жана андан дайым бир кадамга алдыда болгондой сезилет. Ал чыгармачыл, аткаруучулук өнөрлөру да бар жана элестетүүсү да жок эмес. Алардын үйү анын жеңил гана кол тийгизгенинен дайыма сонун болуп өзгөрүлүп жатканына Джастиндин сүйүнүчү койнуна батпайт. Ал ага караганда жакшы тамак жасайт жана мындан сырткары, ал тыкан жана бардыгын өз убагында уюштура алат. Алардын бул жаңы биримдигиндеги Анджеланын катышуусунан ал ырахаттанып атат деп айтуунун кереги барбы. Алардын келечеги көптү убада кылгандай көрүнөт.

Алрдын үй-бүлөлүк жашоосунан бир нече ай өтүп, белгилүү бир нерселер көнүмүш адатка айланып калганда, бир күнү кечинде Джастин жумуштан үйгө кайтып келет. Ал Анджеланы адатынча эле аны кучактап, өөп тосуп алат деп күткөн. Ал аны башында конок бөлмөсүнөн, анан ашканадан издейт, арткы короодон карайт, акыры уктоочу бөлмөдөн табат.

Ал бир жакка кетүүгө камданып жаткандай. Бөлмөдө романтикалык музыка угулуп, анын атырынын тааныш жыты сезилип турду. Аялы чыгууга даяр болуп калганы Джастинди тан калтырды. Ал аялын ага жаккан ресторанга алып барганда кийген сонун көйнөгүн кийди.

Ал ага аркасы менен туруп, күйөөсү бөлмөгө киргенин көргөн жок. Джастин дүрбөлөңгө түштү: “Мүмкүн эмес, мен бүгүн бир жакка бараарыбызды унутуп калдымбы? Гүлдөр дүкөнүнө кирип розалардан десте сатып алсам болмок!”

Ал кубанычтуу бирок, ишенимсиз саламдашуу менен тынчтыкты бузду.

- Салам, кымбаттуум.

Ал бир аз уялып кетип, кубаныч менен жооп берди:

-О, салам, сүйкүмдүүм.

Ал өзүн жоготкондой сурады:

- Мен бирдемени унутуп калсам керек. Бизде бул кечке пландарыбыз бар беле?

Ал дароо эле жооп берди:

- О жок, сүйкүмдүүм.

Бир аз карбаластай түшүп, ал тез баа берип, ага сюрприз жасады

деген жыйынтыкка келди. Ал үйдө өзгөчө бир нерсени ойлоп койду же сюрпиз шаарда. Ал толугу менен кийинип бүтүп, кечкиге болгон акыркы даярдануулары менен алек. Ал ага жагымдуу сөз сүйлөдү.

- Сен эң сонун болуп турасың!

- Ырахмат, кымбаттуум, - деп жооп кайтарды аялы.

Джастин дагы эле эмне болуп жатканын түшүнгөнгө аракеттенип жатат, ал эмне дегиси келди экен деп ага суроо берди:

- Мен да жакшынакай болуп кийинейинби?

Анджела да бир аз өзүн жогото түшүп, жооп берди:

- Өзүң бил.

Джастин дагы деле эмне болуп жатканын түшүнгүсү келип турат.

- Мен сага ылайыктуу болуп көрүнүп турушум

керек да. Сен ушундай кооз кийинип турганда мен сенин жанында жумуш кийимим менен болгум келген жок, – деди ал.

Ыңгайсыздык абалды түшүнүп турган Анджела, мындай деди:

- Сүйкүмдүүм, бүгүн менин жолугушуум бар.

- Түшүнүп атам, ошондуктан сен үчүн

жакшынакай кийинип алайын деп сунуштап атам.

Джастин дагы деле карбаластап турду.

Анджела ага кырдаалды түшүндүрүүгө аракеттенип мындай деди:

- Жок кымбаттуум, мен бүгүн Тони менен барам. Биз чогуу кечки тамакты жеп, фильм көрүп анан “Феэрмонт” деген мейманканага киребиз. Мен эртең менен келем.

- Тони деген ким?! – деди Джастин.

- Менин мектептеги досум, - деп жооп берди ал, эч нерсе болбогондой.

- Эмне?! Сен аны менен бара албайсың!

- Эмнеге жок?

- Анткени биз үйлөнгөнбүз, бизде бир - бирибиздин алдыбыздагы милдеттерибиз бар. Биз башкалар менен жолугушууга бара албайбыз!

- Сен чын эле айтып жатасыңбы? – деп жооп берди ал. – Мен көп жигиттер менен дагы эле жакын мамиледемин. Сени менен үйлөнгөндүгүм үчүн мен алар менен сүйлөшпөй калат деп ойлоп атасыңбы?

- Албетте, күйөөсү менен аялы дал ушундай кылат! Алар өзүн никедеги адамына гана арнайт, - деп үнүндөгү айласыздык жана кыжырдануу менен жооп берди Джастин.

- Кызууланба, сүйкүмдүүм! – деди Анджела, алардын биринчи

келишпестигинде кырдаалды түшүндүрүп жана күйөөсүн тынчтандырганга аракеттенип. – Сен мен үчүн эң сүйүктүүсүң. Убакытымдын эң көп бөлүгүн сени менен өткөрүп атам. Мен башка жигиттеримен сени көбүрөөк сүйөм. Бирок, мен алар менен көрүшпөй коёрумду күткөн жоксуң да. Кээ бирлери менен мен бир нече жыл чогуу болгом, мен аларды дагы деле сүйөм жана алар менен убакыт өткөргүм келип атат. Эмнеси жаман?

Алардын никеси жакшы нерсе менен бүтпөшүн билип эле турсаңар керек.

## Салыштыруу

Мен билем, бул окуя акылга сыйбагандай сезилет, бирок Анджеланын айткандарына колдоо көрсөтүп силерге суроо берейин: “Ал үчүн Джастин эң сүйүктүү эмеспи? Башка жигиттерине караганда аны көбүрөөк сүйбөйбү? Ага болгон дилгирленүүсү жалындап турган жокпу? Убактысынын көбүрөөк бөлүгүн аны менен өткөрүп жаткан жокпу? Ал укмуштуудай жубай болуп жаткан жокпу?”

Элестетип эле көргүлө, Джастин жүдөгөн, үйдү жыйнай албаган жана тамак жасай албаган, максаттары жок жана биргеликтүү жашоого умтулуусу жок кызга үйлөнсө деле болмок. Ал Анджеланын бардык жагынан төп келишкен болот деп күтүп атабы? Болгону – кээ бирде башка эркектер менен убакыт өткөргөнгө уруксаат берип гана коюш керек. Ал ансыз деле өзүнүн токсон пайыз убактысын аялы менен өткөрөт, ал эмнеге көңүлүн чөгөрүп жатат?

Албетте, көпчүлүк адамдар үчүн бул суроолор маанисиз угулат.

Анджелага үй-бүлөлүк жашоонун негиздерин эч ким түшүндүрбөгөндөй көрүнөт. Эркек менен аялдын ортосундагы келишим, толугу менен бири-бирине арналгандык дегенди ага эч ким айтпагандай. Ал бир ой менен, Джастин болсо – башка ой менен үйлөнүшкөн. Анджелага анын ойлогон оюу ага пайда, ырахат жана утуу алып келет деп ойлогон. Ал жакшынакай өзүнүн үйүндө жашап, бирок ошол эле учурда башка адамдар менен болгон мамиледен ырахат алам деп ойлогон. Бирок, мындай көрүнүш ыйык никенин келишимин бузат.

Келгиле, бул чындыкты жөнөкөй жагынан ачып көрөлү. Аял жакшынакай ак көйнөгүн кийип алып, жыйындын өтмөгүнүн ортосунан же дагы башка нике аземи өткөрүлө турган жерден басып баратканда, ал өзгөчө маанилүү бир нерсени көрсөтүп турат: ал жер жүзүндөгү бардык эркектер менен жана алар менен болгон эң бир жакын мамилелер менен да коштошуп жатат. Ал мурдакы жигиттери менен болгон бардык байланыштарды үзүп, ошондой эле ушул учурдан баштап аягына чейин

анда башка сүйүү мамилелери болбостугун көрсөтүп атат. Залдын аяк жагында аны күтүп турган эркек да ошол нерсени айтат.

Силерге жекече суроо берүүгө уруксат берсеңер. Джастиндин ордунда ушундай абалга кабылсаңар силер эмне кылмак элеңер? Силер никелешейин деген адам үйлөнүү аземи учурунда, силер менен болгон үй- бүлөлүк жашоодо ушундай көрүнүш болушу мүмкүндүгүн алдын ала айтып атса эмне болот? Силер аны менен никелешүүгө макул болот белеңер?

Мен антип ойлобойм. Силер: " Эч качан!" – деп, кыйкырып жибермексиңер.

Эмнеге силердин жообуңар ошончолук чечкиндүү болду? Баары жөпжөнөкөй – силер башка бир шарттарда үй бүлөө кургуңар келбейт. Силер каршы болосуңар, өмүрүнүн аягына чейин өзүн силерге арнабаган аял (күйөө) менен бүт өмүрүңөрдү өткөргүңөр келбейт.

Ошондуктан, силер эч качан мындай нике келишиминин шарттарына макул болуп жана үй- бүлөдө мындай көрүнүштүн болушун элестете да алмак эмессиңер. Келгиле, чынчыл болуп, суроо берелик: "Ыйса өзүн Анджела сыяктуу алып жүргөн колукту үчүн келет деп элестетүүгө болобу?" Бир көз ирмемге бул жөнүндө ойлонуп көргүлө. Биздин Аны менен болгон мамилебиз аял менен күйөөнүн ортосунда болгон мамилеге окшош. Пабыл айтат:

> "Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот. Бул сыр аябай терең, менин айтканым Машайакка жана Жыйынга тиешелүү. Силерге тиешелүүсү болсо бул: күйөөсү аялын өзүн сүйгөндөй сүйсүн, аял болсо күйөөсүн урматтасын" (Эфестиктерге 5: 31-33).

Башынан эле Кудай нике келишимин Аны менен болгон мамилени бизге көрсөтүү максатында бекиткен. Жаңы Осуятта Ыйса Күйөө катары сүрөттөлгөн, Жыйын болсо – Машайактын колуктусу катары. Эмне үчүн анан Анджеланын биздин Күйөө менен болгон мамилесиндеги жүрүм-турумун актамак турсун, колдоп да атабыз? Апостол Жакып бул жөнүндө ачык-айкын эле айтып жатат.

Кийинки аяттарда ал өзүн машайакчымын деп атаган адамдарга мындай деп жазып жатат:

> "Сурасаңар да, ала албай жатасыңар, анткени жакшы нерсе үчүн эмес, өзүңөрдүн кумарларыңарды канааттандыруу үчүн

> сурап жатасыңар. Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат. Же силер Ыйык Жазуудагы "Кудай ичибизге салган Рух кызганчаактык менен сүйөт" деген сөз жөн эле айтылган деп ойлойсуңарбы? ...Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт. Күнөөкөрлөр, колуңарды тазалагыла. Эки ойлуулар, жүрөгүңөрдү тазалагыла! Кайгыргыла, ыйлагыла, боздогула. Күлгөндүн ордуна ыйлагыла, кубангандын ордуна кайгыргыла" (Жакып 4:3-5, 8, 9).

Бул өтө курч сөздөр. Андан да, мамиледеги берилбегендик жөнөкөй эле нерсе болуп саналган күндөрү, алар кычыктанган жана сайгылашкан жада калса, өтө апыртылган сыяктуу болуп угулат. Мурун баарын апыртуу, мага тиешелүү нерсе болчу. Мен катуу талаш-тартыштарга алып келе турган, аларга ашыкча катуулукту жана көп маанини бере турган кандайдыр бир жыйынтыктарды айта бергендиктен, ал айткандарым чындык катары угулбай калган. Анын акыры эң жаман болду, натыйжада, туугандарым менен досторум мени олуттуу түрдө кабыл албай калышты.

Биздин ар бирибиз эле тигил же бул учурда ошондой күнөөлөрдү кетирген чыгаарбыз. Жаш ата-энелер өз балдарына такай: "Дагы ушундай кылсаң, мен сени жазалайм" – деп айтышат. Балким, биринчи же экинчи жолу бала аларды угат, бирок кийинчерээк ошол эле нерсени кылып, ал эч кандай жаза болбой турганын бат эле түшүнөт жана ал алардын сөздөрүн олуттуу кабыл албай калат. Ошол эле көрүнүштү биз мектептерде, ишканаларда, өкмөттө, маалымат кызматында, достордун арасында жана үй-бүлөдө байкасак болот. Бизди коргоого багытталган эскертүүлөргө, биз көбүн эсе жеңил-желпи мамиле кылабыз.

Тилеке каршы, мындай түшүнүк бизде Ыйык Жазуунун эскертүүсүн укканда ачыкка чыгат. Биздин эсибизде болуш керек, Кудай ойлогонун айтат, ойлонгону болсо, айтып жаткан нерсеси. Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылганын эстеп жүрүү зарыл (2 Тиметей 3:16 кара). Ошондуктан, биз Жакыптын Катын окуп жатканда, ал аркылуу сүйлөп жаткан Кудайдын Өзү.

Эгер бул жакта жазылгандын бардыгын жүрөгүбүзгө жакын алсак, бизди чоң калтыроо курчап алат. Кудайга да, дүйнөгө да берилгендикти сактаган машайакчы ойноштук кылган адам болуп калат. Бул катуу сөз. Жубайлар бири-биринин алдында көптөгөн күнөөлөрдү кетириши мүмкүн: ушактоо, алдоо, уурдоо, кыйкыруу, орой болуу жана башка. Алардын ар

бири мамилеге зыян келтирет жана байкалбай калбайт, бирок, ошолордун бирөө да ойноштукка окшош ыплас эмес. Так ошол үчүн Джастин Анджелага капаланып, ага ачууланып жатат. Ал эң чоң чыккынчылыкты башынан өткөрдү, Анджела болсо өзүнүн ойноштугунан да жаман эч нерсе көргөн эмес.

Апостол Жакып андан ары улантып жатат, руханий ойноштук кылган адам болушубуз менен, биз өзүбүздү Кудайдын душманы кылып жатабыз. Мунун бардыгы өтө олуттуу жана өзүбүздүн кылык-жоруктарыбызга биз гана жооп беребиз. Кудайдын бизди Өзүнүн душманы кылууга эч кандай каалоосу жок, анткени Ал бизди өтө каттуу сүйөт. Бирок, биз өзүбүздүн сүйүүбүздү жана байланышыбызды дүйнөнүн кандайдыр бир нерселерине же жолдоруна арнасак, анда биз өзүбүз өзүбүздү Кудайдын душманы кылып жазып атабыз.

Бул сөздөргө кайдыгер мамиле кылсак болобу? Жаңы Осуятта Жакыптын бул сөздөрү жок деп анткорлонуп, аларды четке каксак болобу? Бул жөнүндө жалгыз Жакып жазган эмес. Жаңы Осуятта, башка авторлордун арасынан, Кудайдын ырайымы жөнүндө эң көп аян алган Пабылдын жазууларында да бул сөздөрдү кездештиребиз. Ошондой эле, бул жөнүндө сүйүүнүн апостолу Жакан жазган, Петр жана Жүйүт да бул нерседен четте эмес. Бирок, эң маанилүүсү Ыйса Өзүнүн тирилүүсүнөн кийин бул сөздөр менен Асиянын жыйындарына кайрылып жатат.

Кийинки бөлүмдөрдө руханий ойноштук бизди кантип Кудайдын душманы кылып коё турганын карайбыз. Мамиле жана кылык-жоруктагы биз сөз кылып жаткан чыныгы криптонитти аныктайбыз.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Кудай кызганчаак. Көпчүлүгүбүз үчүн бул жөнүндө Жазуудан белгилүү, ошентсе да көпчүлүк машайакчылар Кудайдын кызганычы жөнүндө жакшылап ойлонууга убакыт таппайт, же болбосо, Ал Байыркы Келишимде гана ошондой болчу деп эсептешет. Бул андай эмес. Так ошол Ыйсанын өлүмү бизге Анын сүйүүсү – эң ишенимдүү Күйөөнүн өлүмү экендигин көрсөтүп турат.

Ошентип, силер түшүнүп атасыңарбы, - бизге Кудай Өзүнүн сүйүүсүндө кайдыгер эмес, кызганчаак болушун каалашыбыз керек. Биз Аны ошондой эле дилгирленүү жана өзүбүздү арноо менен сүйүшүбүзгө ырайымдуу жөндөм сурашыбыз керек. Жакындык ушинтип гана мүмкүн болот.

Өзүңөрдүн жүрөгүңөрдү изилдегиле. Силердин Ыйсага болгон сүйүүңөр

канчалык өзгөчө? Жашооңордогу кайсы башка сүйүү силерди Кудайга каршы ишенимдүү эмес кылганга коркунуч алып келерин көрсөтүп берүүсүн Ыйык Рухтан сурангыла. Эгер Ал силерге бир нерсе ачып берсе, анда зарыл болгон өзгөртүүлөрдү жасагыла. Кудай менен болгон өзгөчө мамилеңерди жаңылаткыла, алар жөнүндө ой жүгүрткүлө, Анын алдында өзүңөрдүн нике келишимиңерди жаңыланткан сыяктуу, кайрадан өзүңөрдү Ага арнагыла.

9

# КУДАЙГА КАРШЫ ОЙНОШТУК

Элчи Жакыптын: “Ойноштук кылуучулар! Дүйнө менен дос болуу Кудайга каршы душмандык кылуу экендигин билбейсиңерби?” деген сөзү ушунчалык курч сөз болгондуктан, аны жыйындардагы Жакшы Кабарда, курултайларда жана жеке баарлашууларда сейрек угасыңар. Ага карабастан, кантип биз аны баалабай коё алабыз? Аны Жазуунун өзгөчөсү деп айтууга болбойт, анткени бул тема Библияда көп кездешет.

Эгерде биз Жакыптын сөзүн изилдей турган болсок жана андагы эскертүүнү жүрөгүбүзгө жакын кабыл ала турган болсок, анда өзүбүздөн ар кандай дүрбөлөңдү жана коркунучту алып салабыз. Ал аятта толугу менен мына мындай деп айтылат:

> “Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат” (Жакып 4:4).

Биринчиден, Кудай Өзүн биздин душманыбыз кылбайт. Биз өзүбүз Анын душманына айланып калышыбыз мүмкүн. Кандай болгон күндө да, айырмачылык болгонуна карабай, жумшартып айтканда жагымсыз бурулуштар (айланып калуулар) болуп калышы мүмкүн.

Биз баарыбыз эле сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында бир тараптын аракетинен улам чыккан чырлардын күбөлөрү болуп калып жүрөбүз. Б.а. мамилелешкен тараптардын бирөөсү экинчисине согуш жарыялаган кезде, согушка тартылгандыгына карабай, согушкусу келбей калгандар болот. Мисалы, 1941-

жылы япондор Перл-Харборго басып киришет. Ушинтип отуруп, алар өзүлөрүн Кошмо Штаттардын душманы кылып алды. Америка эч кандай чыр-чатакты каалаган эмес болчу, бирок Япония өзүнүн чагымдуу аракетинин натыйжасында андан да күчтүүрөөк державанын каарынан азап тартып калды.

Жакып так ушул нерсе тууралуу айтып жатат. Кудай адамдар менен, Өз балдары менен эч кандай каршылашкысы келбейт. Бирок Ал, эгерде биз дүйнө менен достошууну көшөкөрлүк менен эле каалап туруп алсак, бизден оолактап кача бербейт. Бул контекстте "душман" деген сөздүн маанисинде гректин echtra и echtros деген сөзү колдонулуп жатат. Алар мааниси боюнча окшошуп кетишет, жалгыз гана айырмасы, биринчиси – бул зат атооч, экинчиси болсо – сын атооч.

Башка тилдерге которгон котормочулар өтө катуу сөздөрдү тандап алды, деп ойлойсуңарбы? Түп нускадагы тилде "душман" деген сөз өтө катуу эмес дейсиңерби? Андай эмес. Бир грек тилиндеги сөздүктө бул сөздөр аныктама катары колдонулат: душман, душманчылык жана кастык. Башка сөздүктө болсо: "кимдир бирөө менен кастыкта жашоо" деп, дагы бир учурда: "бирөө менен душмандашкандагы абал" деп аныктама берилет. Мен ойлорду колдоо мактсатында үч сөздүктөн алынган аныктамаларды берем. Бул аяттагы "душман" дегендин ордуна кандайдыр бир башка сөздү алмаштыруунун зарылчылыгы жок. Бардык жазылгандардын канчалык олуттуу экендигин гана моюнга алуу абдан маанилүү.

Бул жерде эскертүүнүн катуулугуна карата дагы бир көрсөтмө бар. Жакып өзүнүн кайрылуусун кайталоо менен, анын ошончолук маанилүү экендигин баса көрсөтөт. Кайталоо байыркы эврейлердеги адабий коммуникациялык формадагы жалпы адабияттагы шарттар. Бул Жаңы Келишимдин текстери грек тилинен алынганына карабастан, аны эврей апостолдору жазышкан.

Англис тилинде бир ойдун же сөздүн маанилүүлүгүн көргөзүүнүн бир нече ыкмалары бар. Биз аны жоон тамгалар менен, жазма тамгалар менен берип, астын чийип коюп, же баарын баш тамгалар менен жазып, же болбосо, илеп белгилерин коюп салсак болот. Мына ушул ыкмалардын баарысы сөзгө же сүйлөмгө адамдын көңүлүн өзгөчө буруп, анын абдан маанилүү экендигинен кабар берет. Ал эми, эврей авторлору сөзгө өзгөчө маани берүү үчүн аны эки жолу кайталап жазышкан. Андан тышкары, алар эч нерсени күчөтүп жибербеш үчүн сөздү абдан жакшылап иликтеп, тандап алышкан.

Ошентип, Жакыптын эскертүүсү олуттуу, күчтүү эле болуп калбастан, абдан зарыл экендигин да баса белгилейт. Башкача айтканда, ага жеңил ойлуулук менен караганга болбойт.

## Ойноштук кылуучулар

“Ойноштук кылуучулар” дегенде Жакып эмнени айткысы келип жатат? Биринчиден, ал бул жерде бардык адамдарга кайрылып жаткан жок, бардык ишенгендерге гана кайрылып жатат. Биз муну анын бардык каттарда: “Менин кымбаттуу бир туугандарым” деп кайрылганынан улам билсек болот. Экинчиден, Кудайга каршы бузуктук кылуучулар ишенбеген адамдар болушу мүмкүн эмес, анткени алардын Кудай менен келишими жок.

Буга мындайча карап көрсөңөр болот: мен Лиза Биверге үйлөнгөм, ошондуктан мен Джейн Смитке карата ойноштук иштерди кыла албайм, анткени мен аны менен келишимде эмесмин.

Кудайга каршы бузуктук иштерди кылуучулар Ыйса Машайакты өзүнүн Куткаруучусу жана Теңири катары кабыл алгандар гана болушу мүмкүн. Калгандарынын баары Кудайга жат, Андан алыс, алардын Аны менен келишимдеги мамилеси жок.

“Ойноштук кылуучулар” деген сөз гректин moichos деген сөзүнөн алынган. Бул сөз грек тилинде аялдарга, англис тилинде эркектерге тиешелүүдөй болуп кетет. “Жаңы тирүү котормо” жана башка белгилүү котормолор бул сөздүн аялдарга тиешелүүдөй абалдагысын кыйынчылык менен кабыл алышкандай (ал эми, кыргыз тилинде аялдарга тиешелүү сөздөр да, эркектерге тиешелүү сөздөр да, бирдей эле айтылат, б. а. айырмасы жок).

Балким, алар окурмандар Жакып жалаң гана аялдарга кайрылып жатат деп ойлосун дешкендир. Бирок, бул катты андан ары окуп барганда Жакып бардык эле ишенгендерге кайрылып жаткандыгы айкын болот. Библиялык талкуулар Жакыптын ою менен дал келишип турат, Жакып жалаң гана аялдарга кайрылып жаткан жери жок. Ошондуктан, Библиядагагы (аялдар, эркектерге тиешелүү сөздү айырмалап сүйлөгөн элдердин тилдеринде) бул сөздүн айтылышы бир аз табышмактуу сезилет.

Дагы бир чоң сыр, “ойноштук кылуучу” деп аялдарга айтылган сөз Жазуудагы жалпы контекстти тагыраак чагылдырып тургандыгында. Кудай көбүнчө өз элине жубайлык түрдө кайрылат, Ал биздин күйөөбүз, биз болсо Анын колуктусу катарында.

Байыркы Осуяттын пайгамбарлары көбүнчө ошондой кылышкан. Ышайа минтип жазат: «Анткени сенин Жаратканың – сенин күйөөң; Анын ысымы – Себайот Теңир…» (Ышайа 54:5). Андан ары Ысрайыл эли өзүлөрүнүн бутка табынуучулугу менен Теңирге карата ишенимдүүлүгүн бузган кезде, пайгамбарлар аларды ойноштук кылды деп айтышкан. Жезекиел минтип жазат: «Мен сени ойноштук кылгандарды...

жазалагандай жазалайм...» (Жезекиел 16:38). Кудай Жеремия аркылуу мындай дейт: «…аялы өз жолдошуна жүзү каралык менен опаасыздык кылган сыңары, Ысрайыл, силер да Мага ошондой ишенимсиздик кылдыңар, – дейт Теңир» (Жеремия 3:20).

Ошуя пайгамбардын бардык кызматтарында өз күйөөсүнө ишенимдүү болбогон аял чагылдырылган. Ал сойку аялга үйлөнүшү керектиги тууралуу буйрук алат. Бул насаатта өзүнүн жеке жашоосун көргөзгөн Ошуя Теңирди символдоштуруп, ал эми анын аялы катары Гомерь аркылуу Кудайдын эли символдоштурулган. Бул нерсе Ысрайыл анын буркандарга табынышы бир гана эмес, бир нече көңүлдөштөрү менен болуп, өз күйөөсүнө каршы ойноштук кылган аялдан эч нерсеси менен айырмаланбагандыгын көргөзүү үчүн зарыл болчу. Ысрайыл ойноштук кылуучу болчу.

Жакан чөмүлдүрүүчү минтип айтуу менен нике келишиминин образын улантат: «Колуктусу бар адам – күйөө. Ал эми күйөөнү жанында туруп алып тыңшап турган күйөө жолдош анын үнүн укканда, аябай кубанат…» (Жакан 3:29). Кайра эле Ыйса Машайак – бул Күйөө, Кудайдын эли болсо – колукту.

Ыйса да Кудайдын элин: «бузулган, жаман муун» (Матай 12:39; 16:4тү карагыла) деп айтуу менен ошону эле кылууда. Бул жерде ал ойноштук кылуучу дегенди кайрадан эле эркектерге эмес (Мужской род эмес), аялдарга тиешелүү (женский род) кылып айтып жатат.

Апостол Пабыл түптүз эле биз – колукту, ал эми Ыйса болсо – Күйөө деп айтуу менен улантат (Эфестиктерге 5:31,32). Ошентип, Жазуудагы Байыркы Келишимде да, Жаңы Келишимде да биздин Кудай менен болгон мамилебиз аялдын мамилесин символдоштуруп жаткандыгын бир нече жолу көрөбүз. Ошондуктан, Жакып бузуктук кылуучу деген сөздө аялдарга тиешелүү маанини колдонуп, ушул туруктуу библиялык образды улантат.

## Бурканга табынуу – бул бузуктук кылуу

Байыркы Келишим Жүйүттүн же Ысрайылдын Кудайга карата бузуктук кылып жатканы дайыма буркандарга табынуу менен байланыштуу болгон. Б.а. адамдар Кудайга ишенимдүү болушкан эмес. Биз буркандарга табынуу дегенде эле эстеликтер, стукандар, ыйбадатканалар, жалган кудайлар тарабынан курулган бир нерселерди элестетебиз. Анан да Ыйса адамдарды бузуктук кылуучулар дегенде, ал адамдардын жалган кудайлар аркылуу көзгө көрүнүп турган бир нерселерди айтып жаткан жери жок. Кептин баары алардын кандайдыр бир жышаандар аркылуу Анын Мессия экендигин далилдөөнү Андан сураныгшканында.

Эгерде Жакыптын сөзүнөн анын Кудайдын элин “ойноштук

кылуучулар" деп атаган жерин карап көрө турган болсок, ал таптакыр эстелик же ыйбадатканалар менен байланышпайт. Кызык, бул жерде Жакып көп жагынан Пабылдын Корунттагы жыйынга кайрылуусундагы бир адамдын башка бир туугандардын үстүнөн бой көтөргөнүн айтканындай эле айткан (Жакып 2:1-13), башкалар тууралуу ушак-айың жана башка жаман сөздөрдү айткан (Жакып, 3:1-12); ич күйдүлүк, кызганчаактык жана өзүмчүлдүк амбициялары (Жакып 3:13-18); өз кумарларын каалоо жана аларга жагуу (Жакып 4:1-3). Бардык мындай аракеттер буркандарга табынуучулукту көрсөтүп турат.

Кантип эле анан Жазуу капысынан эле аткарылгыс болуп калсын? Кантип эле Кудайдын эли бул жолу буркандарга эмес, кандайдыр бир башка нерсе үчүн айыпталып жатат? Жооп жөнөкөй эле: "Жоок, такыр андай эмес". Жазуудагы бардык айтылгандар аткарса боло турган жана бири-бирине байланыштуу нерселер.

Бирок, азыркы учурдагы жыйындар Ыйсанын, Пабылдын, Жакыптын жана башка Жаңы Келишимдин авторлорунун эскертүүлөрүн кабыл албагандай. Башкача айтканда, биз буркандарга табынуу дегенди стукандарга, эстеликтерге жана буркандардын ийбадатканасына табынуу деп гана түшүнүп калышууда. Чындыктын баары, азыркы машайакчылыкта буркандарга табынуу толугу менен бар болуп жаткандыгында. Андан дагы, бизде ийбадатканаларга, стукандарга жана эстеликтерге табынган өлкөлөрдөн да көбүрөөк бурканга табынуу болуп жатат. Менин максатым азыркы маданиятта бутка табынуучулуктун падышалык кылып жатканын жөн гана көрсөтүп коюу эмес, ал дагы Жүйүттүн жана Ысрайылдын гүлдөп-өсүшүнө тоскоолдук кылган криптонит, Пабыл Корунттагы жыйынга эскертип жазган криптонит, Жакып жана башка Жаңы Осуяттын авторлору жазган криптонит экендигин көргөзүү. Азыркы учурда ушул эле криптонит кээ бир адамдардын жана жыйындардын гүлдөп-өсүшүнө тоскоолдук кылып, өлүп бара жаткан дүйнөгө Кудайдын улуулугун көргөзүүгө карата тоскоолдук кылууда.

## Дүйнөнүн шыктандыруусу

Буркандарга табынуу темасын улантуудан мурда, келгиле Жакыптын кайраттуулук менен билдиргенин изилдеп көрөлү. Ал биздин өз кумарларыбызды канааттандырууну гана каалаганыбызды өкүнүү менен баса белгилейт да, анан аны "дүйнөнүн" шыктандыруусу менен байланыштырат. Ал бүткүл Жаңы Келишим боюнча өтө турган сызыкты чиет. Башкача айтканда, дүйнө өзүнүн жеке каалоосу менен жылып баратат. Апостол Жакан минтип айтат:

> «Анткени бул дүйнөдө болгон нерсенин баары: дене кумары, көз кумары жана турмуш-тиричиликтеги текебердик. Булар Атадан эмес, бул дүйнөнүкү» (1 Жакан 2:16).

Дүйнөдө болгон нерселердин баардыгына аныктама берүү менен, Жакан бул аятка баарын камтыйт. Дүйнө менен ойноштукта болуу үчүн адамдын физикалык организминдеги беш сезимге эмнелер ырахат алып келсе, ошолорду каалоо же өзүнө өзү ишенгендикти сугаруу жана Кудайдан көз каранды болбостуктар кирет. Башкача айтканда, текебердик.

TheMessage котормосунда минтип жазылган: “Баары өзүнүкүндөй, баары өзү үчүн болууну каалоо, маанилүү болууну каалоо”. Бул дүйнөнүн кыймылдаткыч күчү. Ал мындай сөзгө ылайык келет: “Мен өзүмө эмне керектигин өзүм билем жана ошону каалаймын”.

Тамашанын баары мына ушунда болуп жатпайбы: Кудай да бизге биз үчүн эң бир жакшы болгон нерсени бергиси келип жатпайбы, ошого суусап атпайбы Кудай. Ар бир адам ушул чындыкты бекем өздөштүрүп алуусу керек. Бул болуп көрбөгөндөй маанилүү, анткени дүйнө деген бизди Кудайдан алаксытуучу, азгыруучу – көңүлдөшкө окшош. Дүйнө бизге сунуш кылган нерселер Кудайда биз үчүн бар болгон нерселерден да жакшыраак деп ойлоого мажбурлаган магнит сыяктуу. Ошондуктан да, Жакып бизге чоң кызганчаактык менен буларды жазып жатат:

> «Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла! Ар кандай жакшы нерсе, ар кандай жеткилең белек жогорудан, жарыктын Атасынан келет. Анда эч кандай өзгөрүлүү жок, өзгөрүлүүнүн көлөкөсү да жок» (Жакып 1:16, 17).

Жакып бизге дүйнөнүн азгырыктарына берилбегиле жана аларга азгырылбагыла, аларга кумарланбагыла деп эскертип жатат. Анын каты өтө таамай жазылган: “Кудай болбогон жерде силер үчүн эч кандай жакшы нерсе жок”. Эгерде өз жүрөгүңөрдө ушул чындыкты сактай ала турган болсоңор анда ал, азгырыктар келген учурда аларга каршы турганга силерге жардам берет. Силерге ал канчалык ал жакта бакыт жана жыргалчылыктар көптөй сезилбесин, ал канчалык шайыр болбосун, жагымдуу болбосун жана ыңгайлуу болуп сезилбесин, коомчулукта абройлуу болуп эсептелбесин, ал канчалык өзүнө тартып турбасын жана канчалык популярдуу болбосун, канчалык байлыкты силерге убада кылбасын, ал маанилүү эмес. Эгерде ал Кудайдын Сөзүнө карама-каршы келип турган болсо, анда аларда силер үчүн эч нерсе жок. Акыр-аягында ал силерди такыр болгуңар келбеген жакка

алып барат, ал өлүмгө карай жол. «Адамга түз көрүнгөн жолдор бар, бирок алардын акыры – өлүмгө алып баруучу жол» (Накыл 14:12).

Ар бир адамдын дүйнө менен бирге ойноштук кылуусуна алып бара жаткан өз жолу бар, алар абдан көп, бирок баарын бириктирип турган бир жалпылык бар: алар түз сыяктуу сезилет – жакшы, пайдалуу, ыңгайлуу, акылдуу болуп. Бирок, алар Кудайдын Сөзүнүн жалпы акылмандуулугуна карама-каршы болсо, анда ал жолдор өлүм менен бүтөт.

Кудай бизди билип туруп абайлап-сактап гана тураарына чын жүрөгүмдөн ишенем:

> «Ошентип, балдарым, мага кулак салгыла, менин сөздөрүмө көңүл бургула. Жүрөгүң ал дүйнөнүн жолуна бурулбасын, дүйнөнүн жолуна түшүп адашпагын. Анткени ал дүйнө далайларды жарадар кылып кулаткан, көптөгөн күчтүү адамдар ал дүйнөнүн колунан өлүшкөн. Анын үйү – өлүмдүн ички бөлмөлөрүнө түшүрө турган, өлгөндөр жаткан жайга алып барчу жол» (Накыл 7: 24–27, мен “ал” деп айтылган сөздөрдү (аялдарга жана эркектерге тиешелүү болуп, “дүйнө” деген сөз менен алмаштырып койдум).

Сулайман бул сөздөрдү бизди ойноштук азгырыктардан эскерткени жазды. Бирок, мындан да тереңирээк пайгамбарчылыктар бар: дүйнөнүн азгырыктуу жолдорунан этиет болгула; алардын күчү бекем жана кызыктыраарлык. Эмнеге көптөгөн элдер Жүйүт жана Ысрайылдын катарында өлүмдүн туткунуна ушунчалык оңой-олтоң эле түшүп калды? Анан биз азыр ошол күчтөр такыр эле аракеттенбей калды деп баёолук менен гана ишенип калабызбы? Эмки бөлүмдүн башында алар канчалык реалдуу жана азгырыктуу болушу мүмкүн экендигин көрө алабыз.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Эч ким ойноштук кылайын деген план менен үйлөнбөйт. Күйөө менен колуктунун берген убадалары абдан назик болот. Бирок, ошого карабастан, алар нике кыйылып жаткан убактагы убадаларын бүт күчү менен сактаганга аракеттенишет. Эмне үчүн көптөгөн никелер бузулат, алардын кээ бирлери ошол ойноштуктун айынан бузулууда? Бул суроого жооп берүү оңой эмес. Бирок, мунун негизги себеби, алар союзун талкалап жаткан күчкө каршы сергек боло албай жатышкандыгында.

Силердин Кудай менен болгон мамилеңер – бул түздөн түз айтканда силердин Кудай менен болгон жашооңор. Кудайсыз жашоо жок. Ошого карабастан, дүйнө бизди аны менен кошо ойноштук кылууга азгырып жатат. Сергектикти сактай турган эң мыкты ыкма – бүт жүрөгүң менен Кудайдын артынан ээрчүү.

Силер толугу менен өзүңөрдү Кудайга берип жаткандыгыңарга ишенимдүү болушуңар үчүн эмне кыла аласыңар?

Силердин күн тартибиңер кандай? Силер жашооңордун ар бир күнүндө Кудай менен өткөрө турган убактыңарды аярлап сактайсыңарбы, Сөздү окууга, сыйынууга жана орозо кармоого убакыт бөлөсүңөрбү? Өз жыйыныңарда, жумушуңарда же үй жыйынында Кудайга кызмат кылууга мүмкүнчүлүк издейсиңерби? Өз жумушуңарда Кудайды даңктайсыңарбы?

Дүйнө менен ойноштук кылууга каршы бекемделе турган кайсы – бир тармагыңарды атап көргүлөчү? Аракеттене турган планыңарды түзүп, аны жазып койгула да, анан аракеттене баштагыла.

# 10

# БУРКАНДАРГА ТАБЫНУУНУН АРТЫНДА ЭМНЕ ТУРАТ?

Биз бурканга табынуунун сырын ачышыбыз керек. Муну тез жана оңой эле ишке ашыруу мүмкүн эмес. Бирок, анын күчүн ачыкка чыгаруу аркылуу көптөгөн деңгээлдерде биз жеңебиз. Биздин жашообузда аны колго түшүрүү үчүн зарыл болгон нерселерди билип алуу, бул эң чоң пайда десек болот. Мына ушинтүү аркылуу биз руханий криптониттин үстүнөн көзөмөл кыла алабыз. Келгиле, анын тамырларын кароодон баштайбыз.

Бул китептин биринчи бөлүмүндө мисалга келтирилген библиялык аятты эске түшүрүп көргүлө - «… адамдардын жүрөгүнө түбөлүктүүлүктү салды» (Насаатчы 3:11). Планетадагы ар бир адам ушул тубаса сапат менен туулат. Пабыл муну бул сөздөр менен бекемдегенге аракеттенет: “Анткени мыйзамды билбеген бутпарастар (ишенбегендер) табиятынан эле мыйзам буйруганды аткарып жатышса, анда алар мыйзамды билишпегенине карабастан, өздөрүнө өздөрү мыйзам. Ошентип, алар мыйзам талабынын жүрөктөрүндө жазылганын көрсөтүп жатышат. Бул жөнүндө алардын абийири жана бирде айыптаган, бирде актаган ойлору күбөлөндүрүп жатат” (Римдиктерге 2:14-15).

Мындай бир чындык бар: ар бир адам Кудайдын жолун билген инстинкт менен туулат, анткени алар туулганыбызда эле биздин абийирибизге жазылып коюлган. Биз Лиза экөөбүз муну өзүбүздүн төрт уулубузду тарбиялоодо байкадык. Алар наристе кездеринде же б.а. биз аларга “муну кылса болбойт” деп үйрөтө элегибизде, алар бир тууганын уруп алып, тамакты төгүп алып же ата-энесин укпай койгондо же дагы ушуга окшогон башка бир нерселерди кылып алышканда, дароо өзүлөрүн күнөөкөр сезип калышаар эле.

Кудай жөнүндөгү билим ар бир адамдын жүрөгүндө гана болуп калбастан, ал бардык жаралгандарга көрүнүп да турат:

> «Себеби Кудай жөнүндө эмнени билүү мүмкүн болсо, ошол аларга белгилүү, анткени Кудай аларга көрсөткөн. Дүйнө жаратылгандан бери Кудайдын көзгө көрүнбөгөн табияты: түбөлүктүү күчү жана кудайлыгы Анын жараткан нерселерин карап чыгуу аркылуу эле түшүнүктүү болот. Ошондуктан бул адамдар актана алышпайт» (Римдиктерге 1:19, 20, ОЖК).

Курсив менен жазылган сөздөрдүн үстүнөн ой жүгүртүп көргүлө: «көрсөткөн» жана «түшүнүктүү болот”, булардан кийин албетте “актана алышпайт” деген сөз кетет. Чындык мына мында жатат. Адамда Кудайды билбей калдым дегенге карата актануу жок. Кудай чын жүрөгүнөн чындыкты билгиси келген ар бир чынчыл адамга Өзүн көргөзгөн.

“Эч качан Кудай жөнүндө укпаган, Африканын чет-жакасындагы адамдар эмне болот? Алар кантип куткарылуу алышат? Кудай аларды кантип соттойт?” деген сыяктуу суроолорду качандыр бир кезде өзүңөргө берип көрдүңөр беле?

Бул адатта макул болбостукту камтыган суроолор алар билгенин же билгиси келбегендигин актоо үчүн айтылгандай сезилет. Жүрөктөрүнүн тереңинде алар Кудайдын бар экенин билишет, бирок алар бул чындыкты четке кагышат. Алар ким чындыкты издеп жаткан болсо, Ал тууралуу билим баарына жетери тууралуу түшүнгүлөрү келишпейт. Эгерде аягына чейин чынчыл боло турган болсо, анда мындай суроолорду берип жаткан адамдар өзүлөрүнүн Кудайды четке кагып жатышкандыктарын моюнга алууга туура келет. Забурчу андан ары жаратылгандар чарчабастан Кудай жөнүндө кабар берип жатышкандарын бекемдеп жатат:

> «Асман Кудайдын даңкын жар салып жатат, аалам Анын колдору жасаган иштерди кабарлап жатат. Күн күнгө сүйлөп, түн түнгө билим берет. Алардын үнүн укпаган бир да эл, бир да улут жок. Алардын үнү бүт жер жүзүн аралап өтөт, алардын сөзү аалам чегине жетет...» (Забур 18:2–5).

Кудайдын кучак жеткис улуулугу бүткүл дүйнө боюнча секунд сайын, ар бир мүнөттө, ар бир саатта, суткадагы 24 саат бою, жыл ичиндеги 365 күн бою тынбастан өсүүдө. Анан силер кайсы бир алыстагы Африкада «сабатсыз» адам, угууга жөндөмсүз адам калат деп ойлойсуңарбы? Адам

Кудайдын бар экендиги тууралуу укпаган кишидей болуп жашай бериши мүмкүн. Бирок, бул чындык адамдардын жүрөгүндө гана катылган эмес, бул чындык аларды ар күн сайын, ар түн сайын чакырып турат. Адам өзүнүн божомолдорун токтотуп, өзүн ишендирип жана өз абийирин уктатып эле салбаса, ал Кудайдын бар экенидиги жөнүндө чындыктан эч жакка качып кете албайт.

## Критикалык бурулуш

Критикалык бурулуш адам же тирүү Кудайды издей баштаганда, же өз каалоосун “канааттандырып” жалган кудайларга же кудайга кайрылып, өзүн тынчтандырып калган учурда болот. Балким, силер азыр ойлонуп жаткан чыгарсыңар: “Мен заманбап дүйнөдө жашап жатам. Биздин маданиятта кудайларга табынбайт. Бизде айкелдер, буркандар, ыйбадаткана ж.б. жок” деп. Чыдай тургула суранам, азыркы маданиятта да башка маданияттардагылар сыяктуу эле, ар кандай түрдүү кудайлар бар экендигин көрсөтүп берем.

Бул кудайлар кайдан алынат? Бардык кудайларды жана буркандарды адамдар өзүлөрү жаратышкандыгын эсибизден чыгарбашыбыз керек. Адам Аны менен болгон адилеттүү мамилесинин талаптарын канааттандыруу менен бирге, төрөлгөндөн баштап эле Кудай жөнүндөгү билимин да канааттандырууга аргасыз. Кудайдын альтернативдүү версиясы пайда болгондо, аны жараткан ар бир адам - ошол жаратуучусу ага каалоосун берип же ал каалоосун канааттандырыш үчүн, кудайына эмнеси менен жагууну өзү чечет. Мунун баары адамдын төрөлгөндөн эле табынууга болгон талаптарынын айынан болуп жатат. Пабыл эмне деп жазганын окуп көрсөңөр:

> «Анткени алар Кудайды таанып билип туруп, Аны Кудай катары даңкташкан жок, Ага ыраазычылык билдиришкен жок, тескерисинче, куру кыялдарга батышты, алардын эч нерсени түшүнбөгөн жүрөктөрү караңгыланды. Өздөрүн акылдуу эсептеп, акылынан ажырашты. Өлбөс Кудайдын даңкын жок боло турган адамдын, канаттуулардын, жаныбарлардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн бейнелерине алмаштырышты» (Римдиктерге 1:21–23).

Көңүлдүн борборунда образдарды (буркандарды) түзүп алуу эмес, ал болгону чоңураак көйгөйдүн изилденишин –адам Ага Кудай катары табынбагандыгын чагылдырат. Мына ушул жерде “чыныгы” табынуу

эмне экендигин аныктаса болот. Эгерде биз бул жыйындагы даңктоочу команданын “жандык ырлары” деп түшүнө турган болсок, анда биз негизгисин таптакыр коё берген болобуз. Чыныгы табынуунун эң негизги аныктамасы – бул музыка же ыр эмес, бирок баарынан мурда тил алчаактык.

Бир топ китептердин автору болуу менен, мен эгер аз белгилүү болгон тема тууралуу талкуулай турган болсом, анда ага аныктама берүүдөн баштайм. Же мен сөздүктөн аныктаманы издейм, же сөздүн мааниси түшүнүктүү болушу үчүн теманы ачууга аракеттенем. Ар бир эле автор ушундай кылат, Кудай тууралуу да ушундай эле кылуу керек.

“Табынуу” жөнүндөгү Библиядагы сөз Башталыш 22:5те биринчи жолу эскерилет. Ыбрайым өзүнүн кызматчыларына Ыскак экөө тоодо эмне кылаарлыгы тууралуу кайрылат. Ыбарайым: “Мен жана уулум экөөбүз ал жаккка барып, табынабыз” деп айтат. Ал ары жагыраакка барып эмне кылаары тууралуу айтат? Музыканттар менен ырчыларды чогултуп алып же жандык ырларды ырдап жыйындын табынуу кызматын өткөргүсү келдиби? Таптакыр андай эмес. Ал үч күн мурда ага жалгыз уулуңду Кудайга курмандык үчүн алып кел деген сөздү аткаруу актысын аткаруу үчүн бармак. Англис тилиндеги “Жаңы, тирүү котормодо” Римдиктерге жазылган Каттта (1:21) “табынуу” деген сөз колдонулат, бирок Библиянын башка котормолору да бар, аларда “даңктоо” жана “урматтоо” деген сөздөр колдонулат. Бул сөздөрдүн баары жакын маанидеги сөздөр. Кимдир бирөөнү укпай коюу аркылуу биз анын ар-намысын түшүрөбүз же сыйлабаганыбызды билдиребиз. Биз Кудайга куру-бекер сөздөрдү сүйлөйбүз, аны оозубуз менен даңктоо менен мактанабыз, Ага арнап ырлар жазабыз ж.б. Бирок, ошентип атып, биз Ал каалаганды кылбай турган болсок, анда Аны шылдыңдап жаткандай болобуз. Бул болсо табынуунун (урматтоонун) тескериси болуп саналат.

Кудай Өз элине: «Силердин майрамдарыңарды четке кагам, аларды жек көрөм… Ырларыңдын үнүн Менден алыс кыл, анткени Мен сенин арфаларыңдын үнүн укпайм. Акыйкаттык суудай, чындык тынбай аккан дарыядай агып турсун!» (Амос 5:21, 23, 24) деп айткан күндөрү да болгон. Адилеттүү жашоо деген – бул, такыбаа жашоо деп биз атаган жашоо эмес, Анын кадыр-баркына тил алчаак болуу.

Байыркы Келишимде Кудай Мусага Ал үчүн Ага ылайык курмандыктарды алып келүү боюнча акыл айткан. Анын эли табынуу катары Ага ар кандай курмандыктарды алып келиши мүмкүн болчу: козу (Чыгуу 29:39-41ди карагыла), музоо (Чыгуу 29:19-14тү карагыла), дан (Чыгуу 29:41ди карагыла), ж.б. көптөгөн нерселер. Ошондой эле, алар

курмандык чалуучу жайларда табынуу катары жыпар жыт деп аталган нерселерди түтөтө алышмак (Лебилер 2:2ни карагыла). Ошого карабастан, бир жолу Кудай минтип айткан:

> «...Бирок мен мындай адамга: моюн сунган, руху менен кайгырган, Менин сөзүмдүн алдында титиреп турган адамга көз кырымды салам. Өгүздү сойгон адам киши өлтүргөн адамга барабар. Козуну курмандыкка чалган адам итти муунткан адамга барабар. Нан курмандыгын алып келген адам чочконун канын алып келген адамга барабар. Жыпар жыттуу зат түтөткөн адам бурканга сыйынган адамга барабар. Алар өз жолдорун тандап алышты, алардын жаны өздөрүнүн жийиркеничтүү нерселеринен ыракат алат» (Ышайа 66:2, 3, ОЖК).

Ал Анын батасын алган, Анын сөзүнүн алдында титиреп турган адамдардын аныктамасынан баштайт. Бул тил алчаактыкты эң бир маанилүү маселелердин бири катары баалаган адамдарды сүрөттөө эле. Алар Ал Өз көңүлүн кимдерге бурса, ошолор болчу.

Андан кийин Ал Ага табынуудагы (тил алчаак болуудагы) жеке өз жолун тандап алган адамдарга кайрылып жатат. Кудай алардын табынуусун кабыл албай коюп эле тим болбостон, аларды дагы адамдык курмандыктарга (кош көңүлдүк менен гана өлтүрүүлөргө), иттерди, чочколорду курмандыкка чалууларга жана бутка табынуучулукка теңейт. Бул аракеттер Анын көз алдында жийиркеничтүү. Эгерде кимдир бирөө чынында эле ушул жийиркеничтүү нерсени курмандыкка алып келип же өлтүргөн болсо, анда Ысрайыл коомчулугунан куулуп же өлүм жазасы менен жазаланмак. Бул өтө күчтүү, чечүүчү сөз! Ошондуктан, алардын табынуусу Чыгуу жана Лебилер китептеринде жазылгандардын баарына ылайык келсе да, такыр эле табынуу болуп эсептелген эмес.

Библиядагы TheMessage котормосунда: “Силердин табынган ишиңер – бул, күнөөнүн иши” деп жазылган.

Эсиңердеби, бул Анын батасын алган, Аны менен келишимде болгон адамдар. Эмне үчүн алардын дарегине ушундай кескин сөздөр айтылды? Ал сөздөр Ага тил алчаак болгондугу үчүн эмес, алардын өзүлөрү тандап алган табынуулары үчүн ушундай болду. Биз да Кудайга ырдап, кызматка келип, өзүбүздүн Кудайга берилгенибизди айтып, ал тургай, Жаңы Келишимде жазылгандарга ылайык келгендей болуп жатсак деле, бизге деле ушул нерсе тиешелүү болот. Бирок, биздин негизибизде тил алчаактык болбосо, биздин табынуубуз такыр эле табынуу болбой калат. Жазылып

турат го: “тил алчаак балдардай” (1Петр 1:14) деп.

Пабыл дагы бир терең көйгөйдү эске салат: Кудайга нараазы болуу - таш боордук. Эгерде бизге кандайдыр бир белгилүү жашоо образы тиешелүү деп ойлосок, биз тигиндей же мындай материалдык жыргалчылыкка татыктуубуз деп ойлоп жатсак, же кандайдыр бир статусту күтүп жатсак, анда өзүбүзгө гана көңүл буруп жаткан болобуз, бул демек, ыраазы болбогондукту билдирет. Акыры биз абдан эмгектендик, пландаштырдык, максат койдук да бир нерсеге жетебиз деп, же бир нерсени курабыз деп кыялдандык да. Ошондуктан да, бизди өз эмгегибиз үчүн болгон текебердик толтуруп турат.

## Ылайыктуу жүрүм-турум

Ушундай мамиленин натыйжасында биздин ичибизде кандайдыр бир бурканды угууга, ага макул болууга жана ыраазы болууга каалоо пайда болот, бирок Кудайга эмес. Мына ушул жактан келип, адамда, жыйында же мамлекетте бурканга табынуучулук пайда болот.

> «Ошондуктан Кудай алардын өз жүрөктөрүндөгү кумардуу каалоолору менен бузуктукка батуусуна жол берди. Ошентип, алар өз денелерин өздөрү булгашты. Алар Кудайдын чындыгын жалганга алмаштырышты, Жаратканга табынуунун, кызмат кылуунун ордуна жаратылган нерсеге табынышты, кызмат кылышты. Ал эми Кудай түбөлүккө даңкталууга татыктуу! Оомийин» (Римдиктерге 1:24, 25).

Эсиңерде болсун, ушунун баарынын тамыры – Кудайга болгон ыраазычылыктын жана тил алчаактыктын жетишпегендигинде жатат. Эми биз өзүбүздүн күнөөкөр табиятыбызга табынып калган болобуз. Биз бир кезде эң сонун болгон, бирок эми бузулган жана каргышка калган, жаратылган нерсеге табынып жаткан болобуз. Биздин адеп-ахлактагы компассыбыз компромисске баратат, чындык жалганга алмашылып калды. Эми ээ болгон акылмандыктын баары, чынында эле түркөйлүк болуп калды. Дүйнөдө нормалдуу деп эсептелген нерсенин баары, чынында нормалдуу эмес. Бул тынымсыз уланып жатат, чыныгы жакшылык деген жамандык деп аталып, ал эми чыныгы жамандык болсо жакшылык деп аталып калууда. Андан ары минтип жазылат:

> “Ошондуктан Кудай алардын ыпылас кумарга батуусуна жол берип койду...” (Римдиктерге 1:26).

Бул сөздөрдөн кийин Пабыл кийинки аяттарда (англис тилиндеги “Жаңы тирүү котормодо” бул 137сөз) Кудай алдындагы жыйырма эки жийиркеничтүү нерсе саналып өтөт. Алардын арасында адам өлтүрүү, уруш-жаңжал, жек көрүү, ичи тардык, ата-энесинин тилин албоо жана бачабаздык сыяктуу жийиркеничтүү нерселер. Пабыл өзүнүн 137 сөзүнөн элүү тогузун (болжол менен кырк үч пайыз) бачабаздыкка даректеп, бирок калган ар бир жийиркеничтүү нерсеге ой-пикирин бидирбестен, аларга бир нече гана сөз бөлүштүргөнү таң калыштуу. Эмне үчүн? Кудай бачабаздарды өзгөчө түрдө белгилеп, аларга бардыгынан жаман күнөөкөрлөргө мамиле кылгандай мамиле кылышыбызга бизге уруксат берип жатабы? Албетте жок! Ал коомдун бачабаздыкты жактырганы – бул, анын бутка табынуучулуктун туткунуна канчалык бекем түшүп калганын даана көрсөтүп жатат. Келгиле, Пабылдын сөзүнө кайталы:

> “Ошондуктан Кудай алардын ыпылас кумарга батуусуна жол берип койду, анткени алардын аялдары да табигый жыныстык байланышты табигый эмес байланышка алмаштырышты. Ошондой эле эркектер да аялдар менен болгон табигый жыныстык байланышты таштап, бири-бирине кумарын арттырышты. Эркектер бири-бири менен ыпылас ишке барышты. Адашкандыктары үчүн алардын денеси жазаланды” (Римдиктерге 1:26, 27).

Кудайды тоотконду, Ага ыраазычылык билдирип, Анын тилин алганды токтотуп койгон коом, сексуалдык бузулууну, өзгөчө бачабаздыкты тоотуп, аны коштоп, акыры ага кол чаап (аны кубаттап) калат. Пабыл бул нерсени уят жана табигый эмес деп атайт.

Чындыкты акыры жыныстык мамиледеги тартынчаактыкка алып барган калпка алмаштырышты.

2017-жылдын январь айында NationalGeographic журналы өзүнүн ар бир айда чыгуучу чыгарылышын “Жыныстын революциясы” деген аталыштагы темага арнады. Редакторлор акыр бир күнү өлө турган адам тарабынан жаратылган ар кандай жыныстык жана гендердик багыттагыларды көрсөтүү үчүн бир катар адамдарды чогултушту. Журнал адамдын жыныстыгы тууралуу университеттердеги жана колледждердеги алдыңкы эксперттер менен кеңешкен. Жыныстык жана гендердик тандоолорду аныктаган терминдердин арасында мындай сөздөр болгон: агендер, квир, андрогин, трансгендер, цисгендер, гендерквир, интерсекс, гетеросексуалдуу, бигендер, небинардуу интерсекс, транс бала, транс

кыз жана башкалар. Бул канчалык заманбап угулбасын, чындыгында бул белгилердин бардыгы акылсыздык жана алдамчылыктын категориясына кирет.

Ушул терминдерди ойлоп тапкан адамдарды акылдуу, билимдүү жана заманбап эксперттер деп эсептешет. Ушундай ой жүгүртүүнүн жолу менен барган коомчулугубуз акыры эмнеге жетет? Бириккен Кошмо Штаттар гендердик идентификация менен бачабаздыкка байланыштуу суроолорго эки жүз миллиард доллар жумшаганын изилдөөлөр көрсөтүп жатат*. Ушул ресурстарды кандай муктаждыктарга пайдалана аларыбызды элестетип эле көргүлөчү. Аларды мамлекеттик мектептерди жана имараттарды оңдоп-түздөөгө, полициялык участокторду бекемдөөгө, аэропортторду жана башка коомдук жайларды оңдоого, негизгиси үйсүздөргө, жалгыз бой энелерге, майыптарга жардам берүүгө коротсо болмок. Бирок, ушул эбегейсиз көп өлчөмдөгү акча адамды жаратуудагы Кудайдын планына каршы келген сексуалдык артыкчылыктарды тандоого сарпталган. Жазуунун башында эле минтип айтылат:

> “Ошентип, Кудай Өз бейнеси боюнча адам жаратты, ... эркек-аял кылып жаратты” (Башталыш 1:27).

Ал буларды жаратты; Ал эмне жакшы экендигин билет, анткени бизди сүйөт.

Чынында бул акчаны туура эмес коротуу болсо да, мунун баары акылмандуулуктун жабуусунда болуп жатты. Баарынан да жаманы, бул туура эмес жүрүм-турумга жетелейт жана адамдарды алардын жаратылгандагы максатында эмес, кулчулдуктагы жашоо образында кармайт.

Биздин коомчулугубуз муну “адам укугу” деп эсептеп, гендердик же рассалык дискриминациянын белгилерине байланыштырган аз сандагы адамдардын айткандарына ишенип калышты. Биз чынында эле адам укугун коргошубуз керек, бирок, бул жерде маселе такыр эле башкада. Анткени, бул адамдар өзүлөрү эмне үчүн жаратылса, ошол нерсени көрсөтүп жатышкан жок.

Пабылдын пайгамбарчылыгы боюнча бул тири-укмуштуудай жүрүм-турум качан биз Кудайга табынбай, тил албас болуп калганыбызда жана Ага ыраазы болбой калганыбызда келет. Эмне үчүн лидерлер бул калп ишенимди жана аракетти ашкерелешпейт? Биз чындыктан коркобуз дагы,

* Mat Staver: homosexuality Costs The Government Tens of Billions of Dollars Brian Tashman | April 16, 2015 12:40 pm — http://www.rightwingwatch. org/post/mat-staver-homosexuality-costs-the-government-tens-of-billions-ofdollars/

калп менен жалганды кабыл алабыз. Биз буркандарга табынууга кетип калып жатабыз, ал биздин дүйнөнү таптакыр эле курчап алган.

Коомчулук муну прогресс деп атап жатат, бирок чынында бул кадам акылсыздыкка карай ташталган кадам. Көптөгөн кылымдар мурда жазылган Пабылдын сөзү боюнча, сексуалдык жана гендерлик ыпластыктар бурканга табынуунун тамырларына кетет. Андан ары ал ошонун калтыра турган издерин санап өтөт:

> «Алар Кудайды таанып билүүнүн кажети жок дешкендиктен, ыпылас иштерди жасаган аларды Кудай ыпылас ойлорунун жетегине таштап койду. Ошондуктан алардын жүрөгү ар кандай адилетсиздикке, бузуктукка, арамзалыкка, ач көздүккө, ачууга, көрө албастыкка, киши өлтүрүүчүлүккө, чатакташууга, алдамчылыкка, терс кыялдарга толгон. Алар – тили заар, жалаа жабуучу, Кудайды жек көрүүчү, таарынтуучу, мактанчаак, текебер, жамандык ойлоп чыгаруучу, ата-энесине тил албас, акылсыз, сөзүнө турбаган, мээримсиз, элдешпес, ырайымсыз адамдар» (Римдиктерге 1:28–31).

Биздин коомдо мындай жүрүм-турумду издөө үчүн социалдык иликтөөлөрдү же эксперименттерди жүргүзүүнүн кереги деле жок. Ал абдан бажырая гүлдөп жана адамдарды, үй-бүлөлөрдү жана элдерди талкалап жатат. Бул ыплас жүрүм-турум жана ага ыктоо менен мамиле кылуу коомдун ирип-чиришине мамилелердин бузулушуна жана ар кандай согуштарга алып барат.

Эгерде ушунун баары жетишерлик кайгылуу болбой жатса, анда Пабыл төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет:

> «Алар Кудайдын адилет сотун, ушундай кылуучулар өлүмгө татыктуу экенин билип туруп, ушуларды жасашат. Жасап эле тим болбостон, ушундай кылгандарды кубатташат» (Римдиктерге 1:32).

Мамлекет, ММК, телекөрсөтүүлөр, кинопродюссерлер, социалдык ишмерлер, лидерлер, таасири бар адамдар жана башка бүт коомчулук, Кудайдын биз тууралуу ойлоруна каршы чыгуу деген эмне экендигин эң сонун билишет. Ошентсе да, өз абийирлеринин үнүн жана бардык адамзаттын кыйкырыгын четке кагышат. Өз добуштарын көбөйтүү үчүн, башкаларды да ошондой кылууга түртөт жана ошону менен алар өз

жүрөктөрүндөгү чындык унчукпай калат деп үмүттөнүшөт.

Жогоруда саналып кеткен жүрүм-турумдун сапаттары элге жарыяланып жатышынын өзү эле, көйгөйдүн тамырын Кудайга Ал Өзү татыктуу болгон табынууну (ар намыс жана тил алчаактык), ыраазычылыкты айтуу каалоосу жоктугун көргөзүп туруат. Биздин Кудайды сыйлаганыбыз Анын чакырыгына жооп бере турган жүрүм-турум менен жүрүү, ал сөз жүзүндө гана болбош керек. Бул адамдардын бүт баарысына тиешелүү, бирок келгиле, бул Кудай менен мамиледе болгон адамдарда кандай болоорлугун карап көрөлү.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Биздин табынуубуз, бул биздин тандообуз: Кудайды угуу, Ага баш ийүү жана Кудайга ыраазычылык билдирүү. Чыныгы табынуунун кандайдыр бир бөлүкчөсүн унутуп калуу менен, бизди бурканга табынууга алып барган адашууга түшүп адашабыз. Бул чындык биздин ар бирибизге ишенимдүү болгон сыяктуу эле, бардык маданиятка да тиешелүү.

Жазуудагы табынуунун ачык түрдөгү биринчи акты, бул Ыбрайым Кудайга тил алчаак болуп, Ыскакты курмандыкка чалганы тоого барганы.

Кудай силерге эмне кылууну буйруду? Балким, силер Библия окуп жатканыңарда Ыйык Рух чакыргандыр, же Ал силердин жүрөгүңөргө силер гана кыла ала турган нерсени салгандыр.

Бул бөлүм Кудайдан алган тапшырманы ойлонууга карата силердин оюңарды канчалык өзгөртө алат? Силерге берилген тапшырманы аткаруу үчүн бүгүн кандай кадамдарды жасашыңар керек деп Кудайдан сурагыла. Анан Ал силерди ушул максат үчүн тандап алгандыгы үчүн анан да, качан силер Ага өз тил алчаактыгыңар менен табынып турганыңарда Ал жаныңарда тургандыгы үчүн Кудайга ыраазычылык билдирүүнү унутпагыла.

# 11

# ИШЕНГЕНДЕРДИН БУРКАНГА ТАБЫНУУСУ

Дүйнөдөгү адамдардын бурканга табынуучулуктары эч кандай жакшылыкка алып барбайт. Бирок, тирүү Кудай менен келишимде болгондордун арасынан ошондойлор кезиккени, абдан эле көңүлдү чөктүрөт.

Жакып бурканга табынуучулуктун мындай түрүн ойноштук деп атайт. Эмне үчүн ойноштук, анткени биз Кудай менен келишимдебиз. Анан күйөөсүнө же аялына ишенимсиз болгон сыяктуу, биз да буркандарга берилип кетүү менен, өзүбүздүн Жубайыбызга, Теңир Ыйса Машайакка болгон ишенимдүүлүктү бузган болобуз.

## Шабыл падыша жана Амалыктыктар

Келгиле, Байыркы Осуяттан баштап Жаңы Осуятка өтөбүз. Ысрайылда алардын атасы Ыбрайымдан бери Кудай менен болгон келишим бар эле. Кудай Шемуел пайгамбар аркылуу Шабыл падышага буйрук берген эле: “...Эми Теңирдин үнүнө кулак сал” (1Шемуел 15:1). Кудайдын эркинде эч кандай каталык болгон эмес, Жараткан аны так жана ачык айткан. Падышага амалылыктарды толугу менен – ар бир эркекти, ар бир аялды, ар бир баланы жана ар бир жаныбарды талкала деп айтылган. Ысрайылдыктар Мисирден чыгышып, абдан аяй турган абалда турганда Амалык ысрайылдыктарга каршылык көргөзгөндүгү үчүн алардан алына турган Кудайдын өчү ошондой болуш керек болчу. Шабыл падыша көз ачып жумганча кол топтоп, алар менен Амалыкка чабуул коёт. Анткен менен, андан ары минтип жазылып турат:

> “Ошондо Шабул амалыктыктарды Хабиладан тартып Мисирдин алдындагы Шур аймагына чейин талкалады. Амалыктыктардын

> падышасы Агакты тирүүлөй колго түшүрдү, ал эми бүт элди кылычтап кырды. Бирок Шабул жана эл Агакты, эң жакшы койлор менен өгүздөрдү, бордолгон козуларды, бардык жакшы нерселерди жок кылууну каалашкан жок, начар жана эч нерсеге арзыбаган нерселерди гана жок кылышты" (1Шемуел, 15:7-9).

Көпчүлүккө балким, Шабыл Кудайдын сөзүнө тил алчаак болгондой болуп көрүнөттүр. Бирок, ал сөздөрдөн кийин дароо эле минтип жазылып турат: "Ошондо Шемуелге Теңирден мындай сөз болду: «Мен Шабулду падыша кылып койгондугума өкүнүп жатам, анткени ал Менден бурулуп кетти, Менин сөзүмдү аткарган жок..." (1 Шемуел 15:10,11). Шабул Кудайды даңктап, Ага тил алчаак болгон жок, Кудай ошондой мамилеге татыктуу болчу. Шабул Кудайга ишенимдүү болгон жок.

Мен бир тынчы кетип, мага келген ата тууралуу эстеп турам. Ага баарынан кыйыны өспүрүм баласын тарбиялоо болгон эле. Анткени, ал бала дайыма эле ага айткандын баарын аткара бербейт экен. Кээде угат, кээде укпастан эле өз билгенин кылып, адатта достору менен убакыт өткөрүүгө кетип калат экен. Качан атасы аны менен катуу сүйлөшкөн кезде ал кескин түрдө минтип жооп бериптир: "Ата, урушканды токтотчу. Мен сенин айткандарыңдын токсон пайызын аткардым. Эмнеге эле жемелей бересиң? Эмне үчүн сенин сөзүң боюнча мен кылган иштердин токсон пайызына караганга болбойт? Мен кылбаган он пайызына карабай эле койсоң болбойбу?" Атасы кейип калат.

> "Мен ал кишиге: "Кудай дагы ушинтет" дедим. Шабул амалыктыктардын жок дегенде жүз миң эркек, аял, балдарын өлтүрүшү керек болгондур. Мен ишенип турам, ал өзү калтырып койгон кой-эчки, бодо малдардан көбүрөөгүн өлтүргөн болуш керек. Ошондуктан, Шабул Кудай айткан буйруктардын токсон пайызынан да бир топ көптү аткарды болуш керек. Бирок, ошентсе да, Шабул тил алчаак болбоду деп, анын жүрүм-турумун "баш ийбес" (23-аят) деп атап жатат.

Бул библиялык негиз атанын баласынын жүрүм-турумун бекеринен туура эмес дебей жаткандыгын түшүнүүгө жардам берди.

Андан тышкары, Шабул падыша Кудайдын буйруктарынын токсон тогуз пайызын аткарууга жакын калгандыгына ишенип турам. Эмне үчүн Кудай Шабулдун аткарган көп пайызына көңүл бурбастан, анын аткарбай койгон аз гана бөлүгүнө көңүл бурду? Көптөгөн адамдардын көз алдында бул башкача көрүнөт. Бирок, Кудай үчүн кээ бир жактарын гана угуп коюу, же ал

тургай дээрлик угуу дагы баш ийбегендик болуп саналат. Бул демек, ал адам Кудайга тиешелүү болгон даңк менен мактоону бербеди дегендикке жатат.

Шемуел адашып, өз дарегине карата айтылган айыптоолорду танып жаткан Шабулга олуттуу түрдө кайрылат. Бирок, Шемуел ага курмандыкка чалууга даярдап коюлган жаныбарларды көргөзөт. Ошондо Шабул күнөөнү адамдарга оодарууга аракеттенет, бирок Шемуел аны кагып коёт:

> “Анткени моюн сунбастык сыйкырчылык сыяктуу эле, каршы болуу бутка табынуучулук сыяктуу эле күнөө. Сен Теңирдин сөзүн четке каккандыктан, падыша болбошуң үчүн, Ал да сени четке какты» (1Шемуел 15:23).

Бул аяттагы экинчи тактоого көңүл буралы – “каршы болуу бутка табынуучулуктай эле күнөө”. Каршы болуу деген “түртүү” же “басуу” дегенди түшүндүрөт. Шабул чындыкты жана толугу менен баш ийүүнү четке түрткөн.

Библияда “сыяктуу, эле” деп курсив менен жазылып турган сөздөр, түп нуска текстте алар жок дегенди билдирет. Иврит тилиндеги Библияда бул сөздөр жок, котормочулар аны окуганга ыңгайлуураак болсун деп кошуп коюшкан. Тагыраак которгондо мындай болушу керек болчу: “каршылык кылуу – бул бутка табынуучулук”.

Чындыгында качан адам чындыкты билгенде, Кудайдын эркин билет, Кудайдын эмне дегенин билет жана ошого карабастан, Анын сөзүн четке кагып жана ага баш ийбесе, бул бутка табынуучулук болот. Эмнеге ал мындай кылып жатат? Анткени, өзүлөрүнүн эркин, планын, өз каалоолорун, талаптарын Кудайдыкынан жогору коюп жатат. Буркан деген – бул, биз Кудайдан эмнени жогору койсок, ошонун баары.

Шабул ишенген жана ал тургай: “Мен Кудайга тил алчаак болгом” деп айткан, бирок ал Кудайга аягына чейин тил алчаак болгон эмес. Ал адамдардын каалоосун (тактап айтканда өзүнүн жеке каалоосун) Теңирдин сөзүнөн жогору койгон, бул бутка табынуучулук болгон. Мына ошол аны Теңирге моюн толготуп, аны сокур кылып койгон.

Бул бүткүл адамзатка мүнөздүү болгон сыяктуу эле, Римдиктерге жазылган Катка ылайык, Шабулга да түздөн-түз мүнөздүү. Түпкүлүгүндө Шабулдун бутка табынганы эстеликтер, курмандык чалынуучу жайлар, бутпарастардын ийбадатканалары болгон эмес. Ал Кудайды талаптагыдай даңктаган эмес. Ал Кудайдын аяндарына баш ийген эмес. Мына ушундай жүрүм-турум адамды байкатпастан туруп эле чындыкты жалгандык менен алмаштыра баштайт, ошондуктан Шабул адашууга дуушар болгон. Калп аны “наадандык” кылууга жана “ал кылбай турган иштерди кылууга”

мажбурлаган. Шабулдун бутка табынуучулугунун трагедиялык натыйжасы катары, анын жашоосунда ыпластыктарды көбөйттү. Ал көз каранды, талап кылган, наадан, каарданган, Кудайдын кызматчыларын жек көргөн, киши өлтүргүч болуп калды. Кудайга кайрылуунун ордуна, атүгүл жиндер менен кеңешип калды. Шабулдун мүнөзүндөгү терс сапаттардын баарынын тамыры, мына ушул бутка табынуучулук болуп калды.

Көбүнчө эле Кудай менен мамилеси бар адамдар өзүлөрүнүн каалоолорун канааттандырууну Жазууда Кудай айткан нерселерден жогору коюп алышат да, жеке баш ийбестиктерин көрө алышпайт. Бутка табынуучулук аларды карайлатып, чындыкты көрсөтпөй коёт, Шабулда да ушундай болгон. Биз чындыкты калпычылык менен алмаштырып алабыз да, баары бир Кудай биз тарапта деп ишенип алабыз. Биз чындыгында Ага каршы чыгып, Аны өзүбүздүн душманыбыз кылып алсак дагы, Ал биздин жүрөгүбүздү түшүнүп, жүрүм-турумубузду актап, биздин жашоо образыбызды колдоп тургандай болуп сезилет.

## Ыраазылык

Бутка табынуучулуктун кийинки аспектин мен негизги эки сөзгө аныктама берүү менен айтып берейин. Биринчи – “ыраазылык” (канааттануу). Аныктамасы Мэриам-Уэбстердин сөздүгүндө жазылган – “сезим же өзүнүн мал-мүлкүнө, статусуна, же кырдаалына канагаттануу”. Гректин «arkeo» деген сөзү көбүнчө канааттануу деген маанисинде колдонулат жана бул «канагаттануу, ыраазы болуу, ооздуктоо, күчтүү болуу жана кимдир бирөөгө жардам берүүгө жөндөмдүү болуу” болуп түшүндүрүлөт (WSNTDICT).

Биз эгерде өзүбүз ыраазы болбосок, чындап кызмат кыла албайбыз. Мына ушул нерселердин жетишпегендиги бизге болуп жаткан кырдаалга ал мага кандай пайда алып келиши мүмкүн деген көз караштa кароого мажбурлайт. Сырттагы сөздөр жана иштер чын жүрөктөн, ал тургай жоомарттык сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Бирок, алардын ниеттери ыраазы болуудан улам болбосо, анда жеке пайдалары менен жылына башташат.

Пабыл жыйынга минтип айткан: “Муну муктаж болгонумдан улам айтып жаткан жокмун, себеби болгонуна ыраазы болууга үйрөнгөм” (Филиппийцам 4:11). Анткен менен, анын чындыгында эле муктаждыгы бар экендигин, алардын курмандыктарын өзүнүн пайдасы үчүн эмес, алардын кызыкчылыгы үчүн суранганын ал кызмат кылып жаткан адамдарга айткан. Ал Каттарды жазып жатканда апыртып же калп айта алчу эмес. Ошондуктан, биз анын чыныгы ниетин билебиз – ал аны өзүн ошондой көргөзөйүн деген ниетте жазган эмес. Анын ниети ушунчалык таза жана арамзасы жок болгон, мунун баарынын бир гана себеби бар болчу – ал көптөгөн муктаждыктарына

карабастан, чын эле толугу менен ыраазы болуп жүрөр эле.

Ушул себептен улам, бизге – ишенгендерге жазылып турат: “Такыбаа болуу жана ыраазы болуу – улуу байлык... Кийгенге кийимибиз, ичкенге тамагыбыз болсо, ошого ыраазы бололу” (1Тиметей 6:6,8). “Улуу байлык”, ыраазылык менен байланыштуу, бирок биз дайыма эле ээ болгон нерселерибизди сезе бербейбиз. Ыраазылык деген бизди жолубуздан тайбаганга жана сыйынуубузга жооп алгычакты, эртелеп багынбаганга жардам берет.

Мен сыйынуумда Теңирден ыраазылыкка карата Анын аныктамасын сурадым жана өз жүрөгүмдө: Менин эрким менен толук канааттануу дегенди уктум. Биздин Теңирибиз Ыйса Машайактын жашоосу-ыраазылыктын чыныгы сүрөттөмөсү. Биз дайыма Анын сөздөрүнөн: “Менин тамагым – Мени жиберген Кудайдын каалоосун аткаруу жана Анын ишин бүтүрүү” (Жакан 4:34). Анын ыраазылыгы жана Кудайдын эркине арналуусу мессиандык забурларда жакшы көрүнөт: “...Мен Сенин эркиңди аткаргым келет, Кудайым. Сенин мыйзамың менин жүрөгүмдө», -дедим”. (Забур 39:9). Кудайдын эрки болмоюн, Ал эч кандай каалоолор менен кумарларды баштан өткөргөн эмес. Анын каалоосу бир гана Өз Атасынын эркин аткаруу болгон.

Ыраазылыкты өзүнө ыраазы болуу менен чаташтырып кереги жок, анткени ал экөөнүн ортосунда эч кандай жалпылык жок. Жазылып турат: “...Кудайга катуу үн менен сыйынды, көз жаш менен жалбарды” (Эврейлерге 5:7). Бир жолу Ал ыйбадатканадагы соодагерлердин үстөлдөрүн көңтөрүп таштаган. Дагы бир жолу болсо, Өзүнүн азап чегээринин алдыңкы түнү Ал кечки тамакты апостолдор менен жегенди ушунчалык каалаган. Ал кишендеги, ооруулу жана жоголуп бара жаткан адамдарды көрүп, ыраазы болгон эмес. Ал бардык эзилгендердин атынан Жоокер болгон. Анткен менен, Анын жеке талаптары менен каалоолору тууралуу сөз болгондо, Ал ыраазы болгон. Ал Өз сураныччтарын Атага алып келип жана Атасы Аны камсыздаарына ишенген.

Анын ыраазылыгынан мындай сөздөр жаралган: “Мени тирүү Атам жиберген сыяктуу эле, Мен Атам менен жашап жатам”. Бул Ага дүйнөдөн көз каранды болбогон ушунчалык күчтүү коопсуздук жана туруктуулук бергендиктен, Ал тайманбастан туруп: “Мен кайдан келип жана кайда бара жатканымды билем” (Жакан 6: 57 жана 8:14тү карагыла) деген. Мына ушул билимге ылайык, Аны жолунан тайдыруу же алаксытуу мүмкүн эмес болгон, Ал жеткилең Кызматчы болгон!

## Ач көздүк

Бутка табынуучулукка аныктама болгон экинчи ачкыч сөз – “жутунуу” (ач көздүк), ал ыраазылыкка толугу менен карама-каршы келген сөз. Бул

сөздү күн сайын колдонгон сөздөрдө көп кездешпейт. Ошондуктан, анын Жазуудагы маанисин түшүнүү үчүн ага аныктама берүүгө туура келет.

Келгиле, англис тилиндеги аныктамадан баштайлы. Уэбстердин сөздүгү боюнча, ал: "башкалар жакшы деп эсептеген нерсени алууну жана ага ээ болууну абдан каалоо. Эгеде грек тилине кайрыла турган болсок, бул аныктаманын сүрөттөлгөн мүнөздөмөсүн көрө алабыз. Келгиле, мунун баарын кылаардан мурда Пабыл Колостуктарга жазган Катында ач көздүктү кантип эскергенин билип алалы:

> "Эгерде силер Машайак менен кошо тирилсеңер, анда асмандагыга умтулгула, анткени Машайак Кудайдын оң жагында, асманда отурат. Жердеги жөнүндө эмес, асмандагы жөнүндө ойлогула. Анткени силер өлдүңөр, силердин өмүрүңөр Машайак менен бирге Кудайда жашырылган. Силердин өмүрүңөр болгон Машайак келгенде, силер Аны менен бирге даңк менен көрүнөсүңөр".

Пабыл бизге ыраазылыктын абалында кала турган ачкычты берип жатат. Ыйса Машайак аркылуу Кудуреттүү Кудай менен келишимде экендигибиз жөнүндөгү түшүнүккө жеткенибизде, биз эч нерсеге, таптакыр эч нерсеге муктаж эместигибизди түшүнүп калабыз. Ыйса: "Падышачылык бизге тиешелүү" деп айтат. Эгерде биринчи кезекте, же экинчи кезекте эмес, баарынан мурда Анын Падышачылыгын издей турган болсок, анда бизге зарыл болгондун баардыгы кошулуп берилет.

Душман Ыйсага карата чабуулун так ушул жаатта жасоону өзүнүн эң алгачкы иши кылып алган. Чөлдө сынап жаткан учурда шайтан Машайакты Атадан эмес башка жактардан камсыздоону издөөгө аргасыз кылууга аракеттенген. Чөлдөгү шарт абдан кыйын болгон. Кырк күндүк орозодон кийин Ыйса абдан ачка болгон. Душман Аны ыраазылык абалынан чыгарууга жана наалууга мажбурлаган. Бирок, Ыйса андан баш тарткан. Көп өтпөй периштелер келишип, Аны асмандагы азык менен тойгузушкан! Душман өз пландарын Ыйса аркылуу ишке ашыра алган жок, бирок бул деген, демек ал стратегияны душман бизге колдонбойт дегендик эмес. Ал камсыздануубу биз Падышачылыктан издөөнүн ордуна, башка жактан издешибизге, нараазылыкты сезүүгө бизди мажбурлоо үчүн ичибизге жайгашып алган.

Пабыл муну Аны өз кызыкчылыктарына жетүүдө пайдалангандар үчүн эмес, Кудайды издегендер үчүн айткан. Бирок, Ага жагып жана Анын жүрөгүн изилдөөнү абдан каалаган адамдар – алар өз ойлорун жердегиге эмес, жогорку максаттарга бургандар. Ушундай абалда биз Ыйсага окшош болуп калабыз. Биздин аракеттерибиз, бизди Ким жиберсе, ошонун эркин ишке ашырат. Ушул жактан керемет натыйжалар келет – биз Ыйсадай

солкулдагыс болуп калабыз, бизди эч нерсе жолдон тайдыра албайт, анан биз чыныгы Ыйсанын жолун жолдоочулар болуп калабыз!

Пабыл сөзүн минтип улантат: “Ошондуктан дене кумарларын: ойноштукту, ыпыластыкты, кумардануучулукту, жаман каалоолорду жана бутка табынуучулук болуп эсептелген дүнүйөкордукту жок кылгыла. Ушундай иштерди кылган баш ийбес адамдар Кудайдын каарына калышат” (Колостуктарга 3:5, 6, ОЖК).

Пабылдын жазгандарына карап көргүлө: ачкөздүк дагы бутка табынуучулуктай эле! Бул биздин чыныгы бутка табынуучулук кандай болоорун түшүнүү үчүн кийинки ачкычыбыз. Аны бутпарас өлкөлөрдө: адамдар стукандарды, курмандык кылуучу жайларды, эстеликтерди жана ыйбадатканаларды курган жерлерде оңой эле табууга болот. Бирок, “өнүккөн өлкөлөрдө” түшүнүү жана талдоолор талап кылынат. Пабылдын айтуусу боюнча ыраазылыктан ач көздүккө өтүп кетүү менен, биз Кудай менен болгон жакын мамилени бутка табынуучулукка жана ойноштукка алмаштырып алабыз.

Келгиле карап көрөбүз, гректин pleonexia деген сөзү, демек “ач көздүк” деген сөз бул аятта эмнени билдиргендигин карап көрөлү. Силерге ишенимдүү булактардан алынган үч аныктаманы берүүгө мага уруксаат бергиле:

1. “Көбүрөөк алууга карата болгон чексиз каалоо” (Pillar. сөздүк).
2. “Керектүүдөн да көбүрөөк алууга умтулуу” (BDAG. сөздүк).
3. “Өзүн өзү буркан кылууга ыктоо, каптап калган рух” (CCE сөздүк).

Келгиле, биздин көңүлүбүздү акыркы: “Өзүн өзү буркан кылууга ыктоо, каптап калган рух” деген аныктамага буруп көрөлү. Эгерде биз Падышачылык тууралуу ойлонбосок жана аны баарынан мурда издебеген болсок, биз бул дүйнөдө эптеп күн көргөн адам катарында жашап калабыз. Биздин көз карашыбыз боюнча ансыз күнүбүз өтпөгөндөй болгон бөксө жактарыбызды жанталашып толтурууга аракеттенип гана жашап калабыз. Биз байлыкты ырахаттардан, байлыктан, материалдык пайдалардан, статустан, даңктан, коомдогу абалыбыздан, репутациябыздан, пайдалуу өнөктөштөрдөн канагаттануудан, бийликтен, абройдон, кумарлардан, адамда болгон ар кандай нерселерден издеп, өзүбүзгө буркан кылып алабыз. Эгерде биз нааразы болсок, анда ач көздүктүн бийлигинин астында калабыз. Бизге Кудай берген тынчтык менен ырахат жетишпегендиктен, эптеп күн көрүүгө тырмышабыз. Биз Анын жашообуздагы планына жана иш жүргүзүсүнө каршылык көрсөтө баштайбыз.

## Ыраазылык менен ач көздүк эки карама-каршы нерселер

экендиги талашсыз. Ыраазылык бизди бутка табынуучулуктан алыстатып, Кудайдын жүрөгүнө жакындатат. Ошол эле мезгилде ач көздүк бизди Кудайдан

алыстатат жана бутка табынуучулукка карай жетелейт. Бул карама-каршы мааниге ээ болгон эки түрдүү сөз – мындан ары алардын айырмасы эмнеде экендигин карап көрөлү. Эмне үчүн автор Эврейлерге жазган Катта зор тайманбастык менен төмөнкү сөздөрдү айткандыгын байкоо кыйын эмес:

> “Дүнүйөкор болбогула, колуңарда болгонуна ыраазы болгула. Анткени Кудай Өзү: «Сени калтырбайм жана таштабайм», – деп айткан. Ошондуктан биз: «Теңир менин жардамчым, ошондуктан мен коркпойм, адам мага эмне кыла алат?» – деп, чечкиндүүлүк менен айта алабыз” (Эврейлерге 13: 5,6, ОЖК).

Биз эмки бөлүмдө такыбаа ыраазычылык бизге ар кандай татаал жана кайгылуу кырдаалдарда ишенимдүүлүк берерин көрөбүз. Ал бизди ишенгендерди капканга түшүрүш үчүн коюлган дүйнөнүн тузактарынан сактайт. Ыраазылык өз ичине ар кандай түшүнүктөн жогору болгон улуу ээликти жана тынчтыкты камтыйт.

Ач көздүк – бул, тескерисинче, ченемсиз каалоолор жана кумарлар менен азыктанган тынчсыздануунун түнөгү. Бул абалдан калп менен кырсык кыя өтпөйт.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Биз Кудайдын Сөзүндөгү чындыкты так жана даана түшүнүүбүз зарыл. Ал биз үчүн жазылган, ошондуктан биз эч нерсе деп актана албайбыз. Биздин эч кимибиз Кудайдын алдында туруп : “Теңир, мен билген жокмун!” дей албайбыз. Ал Өзүн бардык элдерге кандай ачып берген болсо, актана албашыбыз үчүн, так эле ошондой кылып Жазууда бизге да Өз эркин ачып берет.

Бул кандай оор угулгандыгына карабай, толук эмес тил алчаактык да бутка табынуучулуктай эле болгон күнөө. Ушуну билгенибиз үчүн ыраазы болушубуз керек. Эгерде биз кандай гана тоскоолдуктарды жеңип чыгуу керектигин билген болсок, ар бир жолу аларды жеңип чыга алабыз. Бул Кудайдын ырайымы жана кайрымдуулугу!

Биз кайсы бир жерде кээде-кээде гана тил алчаак, кежир, жана ач көз болгонубузда өтө оңой эле сокур болуп коёбуз. Ошондуктан, жаман таасирлердин астында калган жактарыңарды ачып берсин деп Ыйык Рухтан сурагыла. Ал силерге көргөзүп берген жактарыңар үчүн тобо кылгыла да, Андан өзүңөрдү тазалашын сурангыла. Акырында тил алчаактыкта Аны бүткүл жүрөгүңөр менен ээрчишиңер үчүн, Андан жашооңорду жаңылыкка жана күчкө толтурушун сурангыла.

12

# ЖЕҢИЛДЕТИЛГЕН БАСЫМ

Мурдагы бөлүмдөрдө мен буркандарга табынуунун эки түрдүү аспектин көрсөттүм – кежирлик жана ач көздүк. Келгиле анда, биз аларды бириктирип көрөлү, анткени алар дайыма кол кармашып жүрүшөт. Эгерде биз алардын кантип чогуу аракеттенгендиктерин ача ала турган болсок, анда ишенген адам криптониттин алдында эмне үчүн алсыз болгонун түшүнө алабыз.

## Татаал көрүнүш

Шабул падышаны элестетип көргүлө. Ал Кудайдын эркинде болуп жүрүүгө ыраазы болгон эмес. Ал кежирдигинин айынан, ач көздүккө ыктуу болуп калат. Бизге белгилүү болгондой, ал биринчи каталыкты амалыктыктар менен эмес, андан мурдараак, филистимдиктер менен болгон салгылашууда кетирген. Ысрайылдын душманынын көп сандаган: үч миң майдан арабалары бар эле, ал эми жоокерлерине болсо сан жетпейт, деңиз жээгиндеги кумдардай. Алар Михмастын жанына жайгашып, чабуул коюуга даяр турушту.

Ал эми Шабулдун аскер күчтөрү өтө эле аз болчу. Анын аскерлери тажрыйбасыз жаңы тандалгандардан турчу.

Жазылып турат:

> “Ысрайылдыктар өздөрүнүн коркунучтуу абалда экенин, кысымга алынганын көрүшкөндө, үңкүрлөргө, капчыгайларга, аска-зоолордун арасына, казылган орлорго жана аңгектерге

> жашынышты. Эврейлердин кээ бирлери Иордандын аркы өйүзүнө Гат жана Гилат өлкөсүнө өтүштү. Шабул Гилгалда болчу жана анын жанындагы бардык элдин үрөйү учуп турган эле" (1Шемуел 13:6,7).

Шабулдун кандай гана басымдарды баштан кечиргенин элестетип көрө аласыңарбы? Силер лидер, жетекчи, же падыша болсоңор. Анан силердин жаңы тандалган аскерлериңер бир топ тажрыйбалуу, күчтүү каршылаштар менен согушканы жатат дейли. Баарынан да Шабул үчүн оор болгон нерсе, анын жоокерлери анын алдында эле өз алдыларынча эле кетип калып жатышты. Канткен менен, жакында бекемдөө болот – башкы пайгамбар Шемуел белгиленген күнү келип, Теңирге курмандык чалыш керек. Ушунун баары Шабулда жетекчи катары өзүнө карата болгон ишенимди жаңылап жана алдыда боло турган салгылашууда ага кайрат бериши керек. Бирок, көйгөй пайда болот:

> "Шабул жети күн, Шемуел белгилеген мөөнөткө чейин күттү, Шемуел болсо Гилгалга келбей жатты. Эл Шабулду таштап, туш-тушка тарай баштады. Ошондо Шабул: «Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен тынчтык курмандыктарына даярдалганды мага алып келгиле», – деди. Анан ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөдү" (1Шемуел 13:8-9).

Шабулдун курмандык алып келүүгө Кудайдан уруксаты жок экендиги эч ким үчүн сыр эмес. Ыйыктоочулар гана курмандыктарды чалууга укуктуу болушкан (Шемуел болсо пайгамбар дагы, ыйыктоочу дагы болгон). Бирок, бул жерде белгилеп кете турган нерсе, Шабул өз аскерлери менен ушундай күтүүсүз кырдаалдарда эрежени бузса боло берет деп ойлошкондур, күтүүсүз кырдаалдар айласыз чараларды көрүүгө алып келет деп ойлоштору мүмкүн.

Бирок, Шабул баш ийген эмес, ал бул тууралуу ар кандай шектенүүлөрдү четке каккан:

> "Ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөп бүтөрү менен Шемуел келди. Шабул аны менен саламдашуу үчүн, алдынан тосуп чыкты. Шемуел ага: «Бул эмне кылганың?» – деди. Шабул ага: «Эл мени таштап, туш-тушка тарай баштады. А сен белгиленген убакта келген жоксуң. Пелиштиликтер болсо Мукмаска жыйналып калышты. Ошондо мен: "Пелиштиликтер

> эми Гилгалга келип, мага кол салышат, мен болсо Теңирдин эркин алиге чейин сурай элекмин", – деп ойлодум. Ошондуктан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөөгө батындым», – деп жооп берди. Шемуел Шабулга: «Кудай-Теңириңдин сага берген буйругун аткарбай, жаман иш кылдың, анткени Теңир ушул күндө сенин Ысрайылдын үстүнөн болгон падышачылыгыңды түбөлүккө бекемдемек. Эми сенин падышачылыгың туруштук бере албайт. Теңир Өз жүрөгүнө жаккан кишини таап, аны Өз элине жол башчы кылып дайындады, анткени сен Теңирдин буйругун аткарган жоксуң», – деди" (Шемуел 13: 10-14).

Пайгамбарлар ушундай кылат. Алар бардык шек саноолорду алып салып, бизди Теңирдин келишимине кайрып келет. Адамдар кыйынчылыктар учурунда Кудай эмнени кааларын оңой эле унутуп коюшу мүмкүн. Шабулдун кылган ишинен байкалган ишенбестиги менен нааразычылыгы ысрайылдыктарга тандоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө кабар берди. Бул бизге Кудайга тил алчаак болууну тандоо оор мезгилдерден эң жакшы чыгуу жолу экендигин көрсөтөт. Бул туура эмес! Кудайды угуу – бул бардык жакта жана бардык учурда бардыгынан маанилүү.

Шабулдун ишенбестиги анын өзүнө ыраазы болгонун көрсөтүп жаткан. Ал айланасындагылардын бардыгы ага баш ийишин каалаган, бирок түзүлгөн кырдаалдар ага каршы эле. Ал ага оор жүк сыяктуу басым кылып жаткан нерсени жек көрчү жана аны жеңилдеткиси келген. Анын нааразычылыгы ал каалаган тынчтыктан аны арылтып жатты.

Биз бардыгыбыз бир жөнөкөй чындыкты билишибиз керек: Кудайга кызмат кылып жатканда биз кыйынчылыктарга, азгырыктарга жана сыноолорго кабыл болушубуз мүмкүн. Ыйса бизге бул нерсени кепилдик кылып жатат: "...Бул дүйнөдө азап тартасыңар..." (Жакан 16:33тү карагыла). Кыйынчылыктар биздин ишенимибиздин күчүн аныктайт. Эгерде биздин ишенимибиз олку-солку болуп жатса, ишенимдин шкаласында түшүп баратсак, демек Кудайды чакырууга, Анын Сөзүн изилдөөгө жана Анын Рухун күтүүгө убакыт жетти. Ушинтүү аркылуу биз бул сыноолордон мурдагыдан да ишенимде күчтүү болуп чыгабыз.

Биздин ишенимибиз – бул кымбат баалуу буюм, жер үстүндөгү ар кандай башка каражаттарга караганда, бир топ баалуу. Ойлоп көрсөңөр: эгерде кимдир бирөө силерге утулбай турган бизнес планды сунуштап жана аны камсыздоо үчүн каражатты да сунуштаса, силердин таасирленүүңөр кандай болот эле?

Силер ошондо наалып: “Бул өтө татаал, өтө эле көп жумуш талап кылат!”- деп айтат белеңер? Же ушул мүмкүнчүлүктү бекем карманып, утулбай турган планды ишке ашыруу үчүн бекем аракетке өтүп, максаттуу багытта алга умтулат белеңер? Албетте, биздин кимибиз болсок да эмгектене баштап, чоң маянаны күтмөкпүз.

Силер ар бир дуушар болгон кырдаалда да так эле ушундай болот, анан да мага ишенип койгула, Кудай силерде ушундай болушу үчүн кам көрөт. Ал силердин көңүлүңөрдү калтырыш үчүн эмес, бирок, силер сыйлыкка чоoң ишенимди алышыңар үчүн ошентет.

## Дагы бир татаал көрүнүш

Шабулдун карама-каршысы болгон Дөөттү карап көрсөңөр. Ал мындан да көңүл чөктүргөн кырдаалга дуушар болот. Ал өзүнүн акыркы алты жүз досу менен баарынан четке кагылып калат. Ал күн ал үчүн жагымдуу болгон жок, бирок алдыда аны андан да кыйын сыноолор күтүп турган. Алар Секелагдагы үйлөрүнө кайтып келишет жана алар жок болгон мезгилде амалыктыктар келишип бардык баалуулуулуктарды – алардын аялдарын, балдарын жана буюмдарын алып кетишип, калгандарынын баарын өрттөп салышкан болот. Эч нерсе калган эмес!

Элестете аласыңарбы, Дөөт кандай сезимдерди башынан өткөргөнүн? Ал Ысрайылдын чөлдөрүндө он эки жылдан көбүрөөк жашынып жүргөн. Ушунча жыл бою ал өз үй-бүлөсүн, бала чактан берки досторун көрө алган эмес, алар менен чогуу кызматтарга бара алган эмес, ийгиликтери менен бөлүшө алган эмес, улуттук майрамдарды чогуу майрамдай алган эмес. Ага жашынып жүрүүгө туура келген, кээде болсо анын артынан түшүп, аңдышкан Ысрайылдын мыкты жоокерлеринен качууга туура келген.

Аңдуу ушунчалык опурталдуу болгондуктан, ал өз кишилери жана алардын үй-бүлөлөрү менен бөтөн аймакта бүтүндөй эки жыл бою жашаганга туура келген. Бул канчага чейин уланат? Кудайга кылган кызмат үчүн сыйлык кана? Дөөттө баарын өз колуна алып, Кудай анын алдында баш ийүүгө берип койгон Ысрайылдын лидерин өлтүрүүгө бир нече жолу мүмкүнчүлүктөр болгон. Ошенткенде анын бардык бактысыздыктары бүтүп, басым да жоголмок. Бирок, ал ишенимдүү жана туруктуу болуп, жашоодо өзү эмнеге ээ болсо, ошого ыраазы болуп, он төрт жыл жүргөн.

Эми токтогула да, ойлонуп көргүлө. Силерде үч жумага созулган эле сыноолор болгондо, багынууга даяр болуп калган учурлар болду беле? Ал эми, үч ай же үч жылдан кийин эмне кылмаксыңар?

Үч жыл деген – бул, дайыма эле жолу болбой жүрө берүү үчүн өтө узак

убакыт; бирок, бул Дөөттүн башынан өткөргөндөрүнө караганда эч нерсеге турбайт. Шабул бир жумадан кийин багынып берген. Ал Кудайды укпаган адамдарынын алдында өзүнүн жогорку статусун, кадырын сактап калууну каалаган. Ал ага карата болгон басымды жеңилдете турган жана аны көтөрө турган жүрүм-турумду каалаган. Ал Кудайдан гана чыккан кыймылды күткөн эмес.

Дөөттүн таржымалына кайрылып көрөлү. Ал өз адамдары менен Секелагга кайтып келгенде анын жүрөгүнө баалуу жана кымбат болгон нерселердин баары жок болуп чыгат. Ал эркектер кайгылуу кабарды угушканда акыркы күчтөрү калганча күйүшөт. Дөөт эң эле бир түпкүргө түшүп кеттим го деп ойлошу мүмкүн эле, бирок бул дагы али аягы эмес болчу. Алдыда мындан да оор сыноо турган. Эми анын бүткүл жер жүзү боюнча калган алты жүз досу ага ушунчалык ачууланышып, аны өлтүргүлөрү келди!

> “Дөөт абдан кыйналды, анткени эл аны таш баранга алгысы келди. Анткени уулдары менен кыздарынан ажыраган эл кайгырып турган эле” (1Шемуел 30:6, ОЖК).

Ушундай опурталдуу мезгилде Шабулдун адамдары качып жүрүшкөн. Ал өзүн жалгыз сезип, кейишке түшүп, урмат-сый, кадыр-баркка муктаж болгон. Ал Кудайдын тапшырмасы менен компромиссти издеген.

Дөөттүн адамдары качып кетишкен эмес, анын өзүн өлтүргүлөрү келишкен! Дөөт Шабулга караганда да бир топ оор абалга дуушар болгон. Шабулдун нараазычылыгы Кудайга ишенип, Шемуелди күтүүнүн ордуна, аны жеңил-желпи жолду издөөгө түрттү. Дөөт болсо башкача кабыл алды:

> “Бирок Дөөт өзүнүн Кудай-Теңиринен күч алды. Ал Акимелектин уулу Абыйатарга: «Мага эфодду алып кел», – деди. Абыйатар Дөөткө эфодду алып келди. Дөөт Теңирге кайрылып: «Бул сансыз аскердин артынан түшөйүнбү? Аларды кууп жетемби?» – деп сурады. Ага: «Артынан түш, кууп жетесиң, туткундарды алып каласың», – деп айтылды” (1Шемуел 30:7, ОЖК).

Дөөт айласыздыктан кыйгап өткүсү келген жок, өзүнө ишенип, жеке өз планын түзгөн жок. Ал: “Жетишет мага! Ушунча жылдан бери Кудайга кызмат кылуудан эмне таптым? Мен Ага өзүмдүн эң сонун жылдарымды бербедим беле. Ал болсо мени тиранга баш ийдирип койду. Мен Анын айынан нагыз тозокто жашап жатам” деп айткан жок.

Дөөт эч качан Кудайды айыптаган эмес. Ал сарайда жашоого суусап турган эмес. Сыноо мезгилдеринде ага Кудай тарабынан убада кылынган тактыны ээлөө үчүн, анда Шабулду өлтүрүп, өч алууга мүмкүнчүлүгү бар болчу. Бирок жок, ал Кудайды күттү, ал эми Шабул болсо күтө алган жок. Дөөт өзүн сактап, жашоосуна ыраазы болгон, баарынан мурда Кудайдан сураганды артык көргөн.

Кудайдын куткаруусу жана жардамы ар дайым келет, бирок алгач, периштелер келип Ага кызмат кылышканча Машайак чөлдө шайтан тарабынан сыналган учурдагы сыналууга окшоп, Анын Сөзүн угуу керек. Дээрлик дайыма эле ушундай болот. Эгерде биз өзүбүзгө канааттанып кала турган болсок, анда камсыздандыруу жана алга жылуу үчүн өз жолубузду таба албайбыз.

## Амалыктыктарга карай артка

Келгиле, Шабулдун жашоосун изилдеп көрөлү да, амалыктыктар менен болгон окуяга карап көрөлү. Албетте бул анын филистимдиктер менен болгон жолугушуусунан кийин болгон.

Амалыктыктарга карата Шабулдун тил албастыгы эмне аркылуу болгон? Эмне үчүн ал Кудайдын көрсөтмөсү ушунчалык ачык-айкын болуп турганда падышаны жана семиз малдарды өлтүрбөй койду? Кайра эле бул Шабулдун ишене албагандыгы, анын Кудайдын эркине нараазы болгондугу, ичи тардык көз караштарынан башка эч нерсе менен түшүндүрүлбөйт.

Биринчиден, эмне үчүн падышаны тирүү калтырды? Бүт элди жеңип алуу – бул, эбегейсиз чоң жетишкендик. Бирок, ошол эле кезде качан падыша салгылашууда жеңип алган кезде ал тыйпыл болгон падышаны өз сарайына алып келген. Жеңилген элдин падышасы жеңген элдин падышасына олжо катары болчу. Аны караган ар бир көз караш бүткүл элди жеңип алгандагы жеңишти элестетип турчу. Сарайдагы кызматчылардын, малайлардын баары алардын лидерлери канчалык күчтүү экендигин сезип турушчу. Мунун баары өзүнүн өзүмчүлдүгүн, өзүнө ишенгендикти билдирчү. Бул албетте айрыкча лидер өзүнө ишене албаган адам болгон кезде, ага пайда алып келмек.

Экинчиден, эмне үчүн багылган койлорду, эчкилерди, малдарды, музоолорду калтыруу керек эле? Ошол эле себеп менен. Шабул өзүнүн жоокелери менен адамдарынын алдында кадыр-баркка жетүүгө абдан суусап турган. Эгерде ал аларга амалыктыктардан алынган жакшы малдарды бере турган болсо, анда аны алган адам дайыма алардын улуу жол башчысы жөнүндө эстеп турмак. Келе турган күндөрдө да алар аны

мактап жана анын күчүн, бүткүл бир элди багындырып алуудагы анын стратегиясын жана акылмандуулугун эстеп, сыймыктанып турмак. Алар Кудай алар тарапта экендигин билип, анан анын кадыры тууралуу да шектенишмек эмес.

Шабул өзүнүн ач көздүгүнүн айынан дайыма ал бир нерсеге турат экендигин далилдегиси келген. Ал тургай, ал ошол жеңиштен кийин өзүнө эстелик курдурган. Пайгамбар келип, аны ашкерелеген кезде Шабул өз аскерлеринин жана адамдарынын алдында кандай көрүнүп калам деп абдан тынчсызданып жатканын айткан. Бирок, Кудайды укпай коюудан корккон эмес (1 Шемуел 15:30). Анын көз алдында өлкөдөгү эң урматтуу пайгамбар болгон Шемуелдин болбогондугу анын кадыр-баркына зыянын тийгизген, айрыкча пайгамбар келип жана аны ашкерелегенден кийин. Ага өз лидерлеринин жана бийликтегилердин алдында аны жактагандык жана ишенимдүүлүк керек болгон, а чынында анын баары ага Кудай тарабынан берилген да. Ал баарынан да мурда урмат-сыйга, жогору болууга, кадыр-баркка суусап турган. Мына ушул ач көздүк аны кежирликке жана Кудайдын сөзүнө тил алчаак болбогондукка алып келген.

Б. а. Шабул Кудайдын эркине ыраазы болгон эмес.

## Булак

Мына эми буркан биздин ач көздүк эңсөөлөрүбүздү толтуруучу булакка айлана баштаганы айкын болуп олтурат. Буркан чынында Кудайга таандык болгон орунду ээлеп алып жатат. Анан да буркан биз үчүн бакытыбыздын, жайлуулугубуздун, тынчтыгыбыздын, камсыздыгыбыздын, бийлигибиздин, урматыбыздын ж.б. булагы болуп калышы мүмкүн. Кудай: “Өзүңө жалган кудай жасаба...” (Лебилер 26:1) деп жатат. Биз өзүбүзгө өзүбүз буркан жасап алат экенбиз, анан ал дайыма эле таштан, жыгачтан же кымбат баалуу металдан жасалбайт. Алардын күчү биздин жүрөгүбүзгө көңүл буруп турат.

Эгерде биз аны өз жашообузда Кудайдан өйдө коё турган болсок, ар кандай эле нерселер кумир болушу мүмкүн! Алар биз ишенип жана Кудайдан көбүрөөк көңүл бөлгөн бардык нерселер болушу мүмкүн. Теңир менин жубайым Лизага ачып бергендей, кай жактан силер күч алып жана ошол күчүңөрдү кайда берип жатсаңар, ошол бурканга табынуучулук. Ишенгендер өз жүрөктөрүндө нараазычылыкка жол бергенде, Кудайды угуудан башка нерселерге жол берип койгон кезде жалган кудайларга дуушар болуп калышат. Алар башка адамдар, кандайдыр бир буюмдар же иштер болуп калышы да мүмкүн.

Буркандар деген кандайдыр бир айкелдер, тумарлар, ар кандай мазарлар же ыйбадатканалар гана болбостугу тууралуу силерге түшүнүктүү болду го деп абдан ишенгим келип турат. Ошонун айынан, бул күнөөнү ошондой гана элестетип алып, көпчүлүгү Жазуудагы олуттуу эскертүүлөрдү ары жылдырып койгондой. Келерки бөлүмдөрдө биз бурканга табынуунун чыныгы табиятын ачып беребиз дагы, анын жыйырма биринчи кылымдагы дүйнөлүк маданияттагы кыйраткыч күчүн табабыз.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Бурканга табынуучулуктун негизги мааниси силер кайдандыр күч алып же аны кимдир бирөөгө же Кудайдан башка эмнегедир бергениңерде жатат. Буркан биз үчүн булак болуп калат. Бул деген эми жумуш берүүчүнүн ордуна бизди камсыздай ала турган Кудайга болгон өз ишенимин көрсөтүү үчүн, жумуштан чыгып кетүү керек дегенге жатпайт. Бирок, Кудай бизди жумуш аркылуу камсыздап жаткандыгын моюнга алуубуз зарыл.

Кудай бизге үй-бүлөбүз акыркылуу сүйүү берип жаткандыгын көрүп турабыз, биз дагы ага жооп кылып жакындарыбыз менен туугандарыбызды сүйөбүз. Бирок, ошол эле мезгилде биз Кудайды сүйүүнүн булагы катары урматтайбыз. Анан эң негизгиси биз Кудайды өмүрдүн булагы катары урматтайбыз, ошондуктан да, бизди Кудайдан алыстаткан ар бир сүйлөмдү четке кагабыз.

Эми силер түшүнүп жатасыңарбы, бурканга табынуу бул – буркандарга эле табынып калуу эмес экендигин. Силердин шаарыңарга, коомуңарга таасир этип жаткан бурканга табынуучулук эмне экендигин Кудайдан сурап көргүлө, анан ошол жакка арачылык кылып сыйына баштагыла. Кудай Өзүнүн чындыгынын жарыгы менен ушул жерлерге келсин, ал жакка Өз балдарын жиберсин жана Өзүн баарынын Теңири катары көрсөтсүн деп сыйынгыла.

# 13

# КРИПТОНИТ

Келгиле, буга чейинки бөлүмдөрдүн негизги маңызын кыскача кайталап көрөлү.

Бурканга табынуунун маңызы – бул айкелдер, буркандар, курмандык чалынуучу жайлар, ыйбадатканалар эмес. Алар болгону тереңирээк маселелерди чечүү үчүн керек болгон жардамчы каражаттар. Бурканга табынуу деген – бул, адамзат өзүнүн жеке каалоолорун канааттандыруу үчүн, Кудайдын ачык-айкын көрүнүп турган эркине көз жумуп коюусу жана Анын эркине каршы умтулуулары.

Бузулган көз караш деген – бул, ач көздүктүн кошумча каражаттары. Акырында өзүн бурканга табынуунун бийлигине арнап койгон адам Кудайдан бөлүнүп калат да, уятсыз иштерди кылыш үчүн, өзүнүн денелик каалоосунун жетегиндеги булганган нерселерди кылуу үчүн, өзүнүн жеке күнөөлүү табиятына берилип калат. Кумарларга берилүү жана дүйнөлүк ырахаттарга кызыгуу, кандай айткан күндө деле өмүргө эмес, өлүмгө алып келет.

Ушундай эле көрүнүш ишенген адамдын жашоосунда да болуп калышы мүмкүн. Өзүнүн тынчытпаган кумарларынын айынан, Кудай ачык-айкын айтып турган нерселерге көңүл бурбай калуу менен, машайакчы өзүн бурканга табынуучулуктун бийлигине берип салат. Ошондуктан, бурканга табынуучулуктун маңызы – бул, Кудайдын эркине тил албастыкты моюнга алуу. Качан ишенгендер күнөөгө чалынып, анан ал үчүн тобо кылса, бул башка нерсе. Мындай эркек же мындай аял өз каалоолорун Кудайдын эркинен жогору коёт да, өзүнө кумир жасап алат.

Бурканга табынуучулук – бул рухий криптонит.

Эгерде биз артка кайрылып туруп, бир нече мисалдардын үстүнөн ой жүгүртө турган болсок, анда биз анын ар биринде азгырык бар экен деген жыйынтыкка келебиз. Ахан бардык Иерихондон олжолонуп алынган нерселер Кудайга арналышы зарыл деген так нускама алган. Бирок, аны кысмакка алышканда, ал минтип моюнга алган: «олжолордун арасынан “... көрдүм. Алар мага жагып калды, ошондуктан мен аларды алдым. …» (Жашыя. 7:21). NLT англис тилиндеги котормодо: “Мен аларды ушунчалык күчтүү кааладым эле” деп жазылып турат.

Ахан үчүн өзүнүн каалоосу Кудайдыкынан да маанилүүрөөк болгон. Ага такыбаа коркунуч жетишкен эмес, анан ал билип туруп эле Кудайды укпай койгон. Анын билип туруп кылган күнөөсү башка эч нерсеге окшобойт, ал так эле бурканга табынуунун өзү, чынын айтканда рухий криптонит. Ал аны менен өзүнө гана сотту чакырбастан, өз үй-бүлөсүнө жана бүткүл коомчулукту сотко тарткан. Ысрайыл алсыз болгондуктан, башка элдерди жеңе алган эмес.

Корунттагы жыйын Кудайдын айтканын аткарбай коюу менен, көбүнчө өзүнүн денелик кумарларын канааттандырган. Андан да Пабыл минтип жазат: «Анткени силер азыр деле дененин каалоосун аткарып жашап жатасыңар…» (1 Коррунттуктарга 3:3, ОЖК). Алар көрө албастар болушкан, алардын арасында ынтымак болгон эмес, алар бири-бири менен жаңжалдашып турушкан. Чогулушканда да Ыйсанын атын эстөө үчүн чогулушкан эмес. Алар билип туруп эле өзүлөрүнүн денелик табиттерин канааттандыруу үчүн барышкан, ошондуктан билип туруп эле Кудайдын буйруктарын бузушкан. Ошондуктан да, Пабыл аларга минтип жазат: «Ошондуктан, бир туугандарым, Кечки Тамакка чогулганыңарда, бири-бириңерди күткүлө. Ачка адам үйүнөн тамактансын. Кечки Тамак расмисин өткөрүүңөр сотко кабылууңарга себеп болбогондой болсун» (1 Коруттуктарга 11:33, 34, ОЖК). Алардын ач көздүгүнүн (бурканга табынуучулугунун) айынан көптөрү алсыз, оорулуу болушуп жана мезгилинен эрте каза болушкан. Алар Асмандын элчилери жашагандай жашаган эмес.

Ошондой эле нерсе Жакып жазган адамдарга да тиешелүү. Алар бири-бирине көз артышып, өзүмчүлдүк амбициялары менен жүрүшкөн, алар урушуп, жаңжалдашышкан. Аларга Жакып минтип жазат: “... көрө албастык кылып жатасыңар... жете албай жатасыңар...” (Жакып 4:2). Бул жерден кайра эле биз ишенгендердин өзүлөрүнүн өзүмчүлдүк каалоолорун канааттандыруу үчүн, кайра эле ошол бир күнөөгө чалынып жатышканын

көрүп жатабыз. Жазуу аларды “бузуктук кылуучулар” деп атайт, анткени алар өзүлөрүнө кумирлерди жасап жатышат. Бул деген демек, алар айкелдерди, тумарларды, курмандык кылуучу жайларды жана бутка табынуучулардын ыйбадатканасын курду дегенди билдирбейт. Бул жөнүндө түз эскерилбегени менен, бул да алар өз арасында моюн сунуп жашап калган рухий криптонит болсо керек. Ал аларды Кудай менен болгон адаттагы жашоодон кармап калган.

Бурканга табынуучулук – бул жөн гана күнөө эмес, билип туруп, акылы жетип туруп жасалган күнөө. Түпкүлүгүндө биз Кудайдын буйругунан тышкары эмнени баалуу десек, маанилүү десек, ошого жеткенге, ошого ээ болгонго аракеттенебиз.

Мына, бакта (эдем) баары кантип башталган. Адам менен Обо өзүлөрүнө жакшы, пайдалуу, жагымдуу жана аларды акылдуу кылууга жөндөмдүү нерсени каалашкан. Алар билип туруп эле, аларга ачык айткан нерсени аткарышкан эмес.

Качан биз ошондой тандоо кылганыбызда, жалган келет. Биз чын жүрөгүбүздөн мурдагыдай эле Кудай алдында адилеттүүбүз деп ойлойбуз, чынында бирок андай эмес. Кудай бизге элчилерди – апостолдорду, пайгамбарларды, кайтаруучуларды же башка досторубузду, айтор бизге абдан кызыкдар болгон адамдарды чындыкты айтсын деп жиберет. Бирок, ошондой учурда да жалган нерсе биздин ичибизге бекем жайгашып алат, бирок аны сындырса да болгону менен, ал оңойго турбайт. Римдиктерге жазылган Каттын биринчи бөлүмүндө ушундай иштерди кылган адамдар жөнүндө, “...чындыкты адилетсиздик менен басып салышты...” (18-аяттыы карагыла) деп айтылган. Кудайдын чындыктары жана жолдору кармалып жатат, ошондуктан аны кабыл алуу жана түшүнүү оңойго турбай калат. Андан ары бул адамдар “...Ага ыраазычылык билдиришкен жок, тескерисинче, куру кыялдарга батышты, алардын эч нерсени түшүнбөгөн жүрөктөрү караңгыланды. Өздөрүн акылдуу эсептеп, акылынан ажырашты” (Римдиктерге 1:21-22. ОЖК). Чындыктан тайып кетишет да, анан кайрадан Кудай жөнүндөгү жаңы, күнөөгө жол берилген, өмүр жолун туура эмес элестетүүгө алып келген жалган окутуу пайда болот.

Бурканга табынуучулукка кабылган адамдар дүйнөлүк адамдардан эч нерсеси менен айырмаланбайт. Жакып эмне деп айтканына кулак салып көргүлө: “Сөздү угуучулар гана болуп, өзүңөрдү алдабастан, сөздү аткаруучулар болгула” (Жакып 1:22).

Качан биз Кудай Сөзүн даана угуп, бирок аны аткарбаганыбызда, биз менен бирдемедир болот да, анан “калп” деген жабуу биздин жүрөгүбүзгө

жайгашып калат. Эми биз чын жүрөгүбүздөн Кудайдын, Ыйсанын жана Падышачылыктын алдында өзүбүздү адилеттүү сезебиз да, бирок чындыгында Кудайдан оолактап кеткен болобуз. “Алдайт” деген сөз “кимдир бирөөнү чындык эмес жана далилденбеген нерселерди, чындык жана далилденген нерсе катары ишенүүгө мажбурлоо дегенди түшүндүрөт (Мэриам-Уэбстердин англис тилиндеги түшүндүрмө сөздүгүндөгү аныктама боюнча). Бул силерге менде болгондой дирилдеген коркунуч алып келеби, менин оюмча ошондой эле болуш керек. Бул сыяктуу тил албастыктарга үстүртөдөн кароого болбойт.

Эгерде биз Жаңы Келишимдеги бул эскертүүлөрдү четке кага турган болсок, анда өзүбүздү адашууга кириптер кылабыз, анткени баары Жаңы Келишимдеги Кудайдын ырайымы, кечирими жана сүйүүсү менен жабылган. Бизге Жаңы Келишимде Өзүнүн ырайымын көргөзгөн Кудай, кежирлик менен тил албастыктын да ошондой эле опурталдуу экендигин ачып берген.

Биз Жазуудан бизге жаккан аяттарды гана тандап алып, анан жакпаган жерлерди четке кагып же таштап койгонго акыбыз жок. Минтип ойлоонун өзү эле калп болуп саналат. Биз Кудай Сөзүндөгү бардык кеңештерди жана акылмандыктарды кабыл алышыбыз керек. Тилекке каршы, азыркы учурдагы жыйындарда биз эпидемияга дуушар болуп, чындыкты четке кагабыз. Бул Кудай аны кармап жаткандагы себептен эмес, бирок жыйындарда такай эле бурканга табынуучулуктар кездешкен себептен.

Андан ары Жакып минтип улантат:

> “Сөздү угуп, бирок аткарбаган адамды күзгүгө каранып, ары басары менен өзүнүн кандай экенин унутуп койгон адамга окшоштурса болот” (Жакып1: 23,24).

Кудайдын Сөзүн угуп, бирок аны аткарбаган адамдар Машайакта алар ким экендигин унутуп коюшат. Алар жыйында, үй группасында, же коференцияларда – Кудайдын Сөзү насаат болуп айтылган жерлерде өзүлөрүн башкача алып жүрүшөт, бирок чогулуштардан кеткенден кийин алар дүйнөдөгү адамдардан эч нерсеси менен айырмаланбай калат. Кудайдын Сөзү – бул күзгү, ошондуктан, анын алдында турганда адамдар өзүлөрүн ошого жараша алып жүрүшөт. Мына ушинтип атып, акырында дүйнөдөгү башка адамдар сыяктуу эле өзүн алып жүрө берүүнүн эч кандай жаман жери жок деп түшүндүрүү үчүн, аларга туура эмес окутууну ойлоп чыгууга туура келет. Биз минтип айтабыз: “Машайакчылар чынында ишенбегендерден эч нерсеси менен айырмаланбайт деле, болгону биз

кечирилгенбиз” же болбосо: “Биздин күнөөкөр табиятыбыз бар экенин Кудай билет, бул жашоодо биз эч качан ыйык жашай албайбыз. Мына ошондуктан да, Ал бизди Өз ырайымы менен жаап койгон”.

Жазууда Жаңы Келишимдин кээ бир жерлеринде ушул окутууну далилдей турган аяттарды табууга болот, бирок анда көптөгөн адамдарды ушул жалган теологияга ишендирүүгө мажбурлоого туура келет.

Биз буларды чечүүбүз зарыл:

- Кантип эле биз күнөөнүн тузагында жашоону каалайбыз?
- Криптониттин таасири бизди Кудайдын адаттан тышкаркы баталарынан ажыратып коюшун каалайбызбы?
- Кантип эле биз алдамчы окутууну ээрчигендигибиздин айынан өзүбүз кандай деңгээлде жашашыбыз керек болгондон бир топ ылдый жашаганды каалайбыз?
- Кантип эле биз дүйнөдөгү башкалардай эле жашап, анан жөн гана асманга өтүп кеткенди каалайбыз?
- Же болбосо, биз бир нече бөлүм мурда айтылган акыркы даңктуу ыйбадаткананын (Жыйындын) алган аяндарын аткаруу менен, Падышачылык кантип жайылып баратканын көрүүнү каалайбызбы?

Көрсө, криптониттин таасиринин астында биз жашоодогу адаттан тыш күчүбүздү, жигерденүүбүздү, жалыныбызды жана дүйнөнү аңтара турган күчүбүздү жоготуп коёт экенбиз. Чындыгында, биз чындыкты басынтып салабыз. Биз аны кармоо аркылуу Ыйсаны башка дүйнөдөн жашырып жатабыз. Мына ошондуктан да, Пабыл корунттуктарга кайрылып мындай деген:

> “Эсиңерге келгиле, күнөө кылганды токтоткула. Уяткарыш үчүн айтайын, айрымдарыңар Кудайды али тааный элексиңер» (1Корунттуктарга 15:34, РБК).

Ал бул жыйында Ыйсадай жашаганга аларда мүмкүнчүлүк бар деп айтат, анткен менен, алиге чейин буркандарга табынып жүрүшөт. Алар мурдагыдай эле өзүлөрүнүн жеке иштеринин кызыкчылыгы үчүн Кудайдын Сөзүнүн ачык чындыгын четке какса болот деп ойлошот. Алар Кудайдын Сөзү менен тамашалашып, жашоосундагы чындыкты басып салышкан. Натыйжада, коомдун өзгөрүшүнө таасир эте албай, алсырап, аксап жүрүшөт.

Бул жогорку деңгээлдеги трагедия. Баарынан да кейиштүүсү ошол бутка табынуучулар менен катарлаш жашаган адамдар Кудайды билишпейт жана Ыйсаны көрө алышпайт. Бул аят синодалдык котормодо минтип

айтылат: “Эсиңерге келгиле, эрежедегидей, күнөө кылганды токтоткула. Уяткарыш үчүн айтайын, айрымдарыңар Кудайды али билбейсиңер”. Башкача айтканда, Пабыл жыйынга минтип айтат: “Силер аркылуу гана Корунттагы жоголгон адамдар Ыйсаны көрө алышат. Эгерде алар Анын тирилген күчүн жана табиятын силерде көрө алышпаса, анда аны эч жерден көрө алышпайт. Эмне үчүн силер чындыкты басып жатасыңар? Силер муну өзүңөр жана жыйыныңар үчүн эле кылбайсыңар, бирок коомуңардагы куткарыла элек адамдар үчүн да кыласыңар”.

Эгерде биз Кудай менен байланыштуу болсок, анда биз жашоонун өзү менен да тынчтыкта болобуз.

Силер биздин айланабыздагы адамдар эмне үчүн биздин жашообузга кызыгышпайт, эгер кызыгышса да кандайдыр бир арзыбаган эле мааниге ээ болгон нерсеге кызыгышат деп ойлойсуңарбы? Балким, аларга биздин тамашабыз, акылдуу ойлорубуз, биздин майрамдарыбыз, көңүл ачууларыбыз же музыкаларыбыз жагаттыр? Алар ириде биздин ичибизден, биздин арабыздан тирүү, күчтүү падышаны көрө алышабы? Алгачкы Жыйындарды элестетип көргүлөчү: аларды элдер дайыма “кудайлар” деп аташчу, алар болсо жерге жыгылышып “Жок, биз кудайлар эмеспиз! Биз Кудуреттүү Кудайдын балдарыбыз!” деп кыйкырууга аргасыз болушкан.

Петр Рим аскерлеринин жүз башчысынан, ал анын бут алдына жыгылганда: “...тур, мен дагы адаммын” (Элчилердин иштери 10:26) деп жооп берген.

Пабыл бүткүл Листранын тургундарына: “Силер эмне кылып атасыңар? Биз кудайлар эмеспиз!” (Элчилердин иштери, англис тилинен котормо, MSG) деп кыйкырган.

Мальтанын тургундары “...алар ойлорун өзгөртүшүп: «Бул (Пабыл) бир кудай болсо керек», – дешти (Элчилердин иштери 28:6, ОЖК).

Тессалоникада “Кечки жаңылыктардан” минтип кабарлашты: «Бүт дүйнөнү дүрбөлөңгө түшүргөн адамдар бул жакка да келишти (Элчилердин иштери 17:6, ОЖК).

Иерусалимдин тургундары минтип айтышты: “...аларды элдер абдан урматташкан” (Элчилердин иштери 5:13, ОЖК).

Мындай жаңылыктар биздин батыш коомчулугунда болбогон сыяктуу эле, Корунтта да болгон эмес. Мунун баары биз криптонит менен макулдашып алгандыгыбыздан улам эмеспи? Менин оюмча биз билдирүүнү жаза албаган смартфондун сыныгы менен макулдашып калгандайбыз. Андан көрө бизге ал таптакыр бузулуп калды деп айтышса, ансыз эле жашаганга көнсөк жакшы болмок.

Мен ушундай абал менен такыр макул болгум келбейт. Бизге Кудай тарабынан берилген жашоого жөндөмдүүлүктү, күч-кубатты, ден соолукту жана жоголуп бараткан дүйнөгө Куткаруучуну, Падышаны көргөзүүгө болгон жөндөмдүүлүктү жоготкум келбейт. Мен ишенем, көптөгөн адамдарды эле эптеп күн көрүү тажатты болуш керек, алар жашоодон көптү алгысы келет.

Мен болсо силерге ушул китепти жазууга так ушул учурда Кудайдан тапшырма алганымды, Кудайдын убактысы азыр экендигин сезип турам. Эгерде силерди балчыкта, акыр-чикирдин арасында, азыркы замандын калдыктарынын арасында жашоо канааттандырбаса, анда ушул китеп силер үчүн. Эгерде силер жогорку жашоону каалайсаңар, тирилүүнүн күчүндөгү жашоону каалайсаңар, анда бул китеп силер үчүн.

Кудай Атаңар силер үчүн башкача жашоону каалайт, жөн гана каалап эле тим болбостон, Ал силердин жашоонун бийиктигинде жашаганыңарды көрүүгө суусап турат! Ал силердин Анын кудайлык табиятын баштан кечиришиңерди силерден да көбүрөөк каалайт.

Кудай эч нерсени кармап калып жаткан жок. Эгерде бизди бирдеме кармап жаткан болсо, анда бул биздин жеке өзүбүздүн гана бутка табынуучулугубуз.

**111**

Алдыга жылууну улантуу менен, биз азыркы жыйындарды сокур кылып салып жаткан алдамчылыктын маанисин тереңирээк сезебиз. Биз асмандын стандартына туура келбеген нерселерди адаттагы машайакчылыктын сапаты катары кабыл алып жаткандыгыбызды көрөбүз.

Бизди улуу милдет, максат жана тапшырмалар күтүп турат. Бизге летаргиялык уйкудан, баш ийбестиктен силкинип жана Ыйса Машайактагы күчкө, улуулукка, даңкка курчанууга убакыт жетти.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Бутка табынуучулук качан биз Кудайдын Сөзүнө карата өз жүрөгүбүздү жаап алганыбызда келет. Ар кандай бутка табынуучулуктун тамыры ушундай.

Мына ошондуктан да, Кудай Ысрайылга кийимиңерди эмес, жүрөгүңөрдү тазалагыла деп айткан. Ал көйгөйдүн тамырын өзгөртүүгө жөндөмсүз болгон, үстүртөн болгон тобо кылууну каалаган эмес. Ал эми,

алардын катууланган жүрөктөрү болсо Кудайдын үнүн угуп жана Аны ээрчүүнү токтотуп коюшкан.

Мыйзам Кайталоо 8-бөлүмдөн эмне үчүн Кудай  Ысрайылды тартипке чакыргандыгын көрөбүз: Ал адам бир гана нан менен эмес, бирок Кудайдын оозунан чыккан сөз аркылуу жашай алаарын алардын билишин каалаган. Анын сөзү менен жашоо, Кудайдын Сөзүн жашообуздун булагы кылуу - мунун баары бутка табынуучулуктан коргоо жана Ал бизди чакырып алгандагы күч менен жашоо.

Биздин жашообузда Кудайдын үнү кандай роль ойнойт? Качан акыркы жолу силер чечим кабыл алаарда Анын кеңешин сурадыңар эле? Качан силер сыйынып жатканыңарда, силер эле сүйлөйсүңөрбү же ортоңордо диалог болобу? Дароо азыр Кудайды силер менен сүйлөшүүгө чакырууга убакыт бөлгүлө. Тынчтыкта болгула да, Анын үнүн уккула. Аны менен баарлашкыла, сүйлөшүп бүткөндөн кийин Ал айткандарды өзүңөргө жазып алгыла.

14

# КҮНӨӨ

Күнөө. Биз ал жөнүндө сүйлөөгө эрдигибиз жетеби? Бизге бул өтө карама-каршы темадай сезилип жатабы? Бирок, эмне үчүн биз өз душманыбызды таанып-билип, аны жеңүү үчүн алдын ала бир нерсе кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууну каалабайбыз?

Сүйлөшүүлөрдө жана окутууларда "күнөө" деген сөздү көбүнчө колдонбогонго аракеттенишип же такыр эле андан качышат, себеби анын мыйзамдуу айыптоолордо, үйрөтүүдө жана окутууларда кооптуу оор сезимдерди алып келгенинен коркушат. Аны Жазуунун жарыгы менен карап көрөлү.

> "Бирок мыйзамсыздыгыңар силерди Кудайыңардан бөлүп салды..." (Ышайа 59:2).

Эврей тилинде "күнөөлөр" деген сөз – авон. Бул Байыркы Осуятта күнөөнү түшүндүргөн эң башкы сөздөрдүн бири. Бирок, WSWTDICT сөздүгүндө бул сөз "жамандык, болгон күнөө дегенди түшүндүрөт, анткени негизинен, атайын бурмалай турган жана буза турган ойлорду алып келет". Атайын күнөө, же биз аны атап койгондой – руханий криптонит,- бизди Кудайдан бөлөт. Ал бизди Кудайга жаккандай жашоодон жана кудайлык кең пейилдиктерден ажыратат. Эч кандай кайгыруусуз күнөөгө берилгенибизде, биз бутпарастыкка берилип жана ойноштук кылган адам болуп калабыз. Биз өзүбүздү Кудайдын душманы кылып атабыз.

Жаңы Осуятта "күнөө" деген сөздүн түшүнүгүндө hamartia деген сөз колдонулат (тектеш этиш hamartano). Бул эки сөз Жаңы Осуятта көбүнчө

күнөөгө тиешелүү болуп колдонулат. WSWTDICT сөздүгү боюнча, ким hamartia.га кирсе, ал “өзүнүн өмүрүнүн аягынын чындыгы жана жалпы масштабы болгон Кудайды жоготуп жатат”.

Китепти бир азга алып коюп, бул жөнүндө ойлонуп көргүлө! Негизинен, күнөө кылуу менен, биз эч качан кетпей турган (өзүбүздүн акыл-эсибизде) багыттан четке чыгып кетип жатабыз Биз өмүрүбүздүн Булагынан ооп баратабыз – кубанычты, тынчтыкты, акылмандуулукту, канааттанууну, ыраазычылыгыбызды, камсыздыкты жана башка көп нерселерди жоготуп жатабыз... Тизмени чексиз улланта берсе болот.

Көпчүлүк мугалимдер күнөө кайып кетүүгө окшош деп түшүндүрөт. Бул так аныктама, ошентсе да, мен жогоруда берген “күнөө” деген сөздүн эң маанилүү түшүнүгүнүн үстүнөн ойлонуп көрүп айткылачы, сиздин оюңузча “максатынан кайып кетти” деген сөздүн түшүндүрмөсү чынында эле күнөөнүн жаратылышын көрсөтүп турабы?

Жаңы Осуятта күнөөнү аныктоодо башка сөздөр да колдонулат, алар мыйзамсыздык, күнөө кылуу, туура эмес иш жана бузуу. Менде бул сөздөрдүн ар бирин изилдейин деген оюм жок болсо да, адамдарды чыныгы өмүрдүн булагынан алаксытып жаткан күнөөнүн башкы аспекттерин жана анын өзүнө тарткан күчү жөнүндө ойлорумду сүрөттөп берем.

Күнөө биздин жашоого болгон жөндөмүбүзгө, сүйүүбүзгө, күчүбүзгө, акыл эсибизге, дилгерленүү жана максатыбызга чабуул жасап жатат. Жаңылыштык жасабагыла, күнөө коопту жана зыяндуу. Ал жагымдуу болушу мүмкүн, бирок убактылуу гана. Чынында, күнөөгө катышуу – бул кыска мөөнөттөгү позитивди узун мөөнөттөгү негативге алмаштыруу, анткени күнөө бизди өлүмдүн көп мөөнөттүк натыйжалары менен чагат. Биздин денебиз ага жакын, бирок Кудайдын жаратылышына ээ болгон Машайакта жаңы жаралган адам катары, ичибизде аны кылбоого каалобуз бар жана анын азгырыгына каршы турууга жөндөмдүүбүз.

Кудай Кабылга айткан: “...босогоңдо күнөө жатат; ал сени өзүнө тартып жатат, бирок сен ага үстөмдүк кыл” (Башталыш 4:7). Күнөө адамдын жашоосуна эшик аркылуу кире ала турганына көңүл бургула. Бул эшик “каалоо” деп айтылат жана Жакып жазып атат: Кумар түйүлүп, күнөө туулат...” (Жакып 1:15, ОЖК). Бул эшик же ачык же жабык, биздин каалоого болгон мамилебиздеги чечимге жараша болот. Күнөө бизди башкарууга умтулат. Анын да каалоосу бар – ал, бизди кул кылуу каалоосу. Ыйса: ...силерге чындыкты айтып коёюн, күнөө кылган адам – күнөөнүн кулу” деп эскертет (Жакан 8:34, ОЖК).

Пабыл бизге, ишенгендерге Ыйсанын сөзүн айтып жатат: Өзүңөрдү тил

алчаак кулдар катары кимге тапшырып берсеңер, кимге баш ийсеңер, ошонун кулдары болоруңарды билбейсиңерби? Ошол сыяктуу эле силер өлүмгө дуушар кыла турган күнөөнүн же адилдикке жеткире турган тил алчаактыктын кулдары болоруңарды билбейсиңерби? (Римдиктерге 6:16, ОЖК). Эгер бул жетиштүү эмес болсо, Петр ага кошулуп, кайталанып жаткан күнөө жөнүндө айтып жатат: ...ким эмнеден жеңилсе, ал – ошонун кулу" (Петр 2:19, ОЖК). Кулчулукта жагымдуу эч нерсе жок жана күнөө – ырайымсыз кожоюн. Аны менен эркелешүү болбойт, ал өлтүрүүчү экендигин эстеп жүрүш керек. Ал дагы да көп каалоолорду тартат жана бизди акыр-аягы зыяндык алып келе турган нерсеге жетелеп жатат.

Күнөө бизди кул кылуу ниетин ачык көрсөтпөйт. Ал жаңылтуучу, жүрөгүбүздү катуулантып (Эврейлерге 3:13 кара), Ыйык Рухтун башкаруусун сезүүгө, кабыл алууга жана угууга тоскоол болуп бизге үстөмдүк кылат. Күнөө бизди зыян алып келе турган бутпарастыкка азгырып, жолдон адаштырат. Кудай Сулайманга эки жолу жеке Өзү келгенин эстегиле. Элестетип көргүлө! Бирок ошентсе да, кийинчерээк, өз жашоосунда бул падыша жалган кудайларга табынган. Силер айтасыңар: "Кантип Кудайды көргөн адам, жалган кудайларга кайрылган?" Жалган үчүн. Эгер мындай нерсе Кудайды көргөн Сулайман менен болуп жатса, Кудайды көрбөгөндөр менен бул нерсе болору канчалык мүмкүн?

Күнөө – бул тамаша эмес. Ал күчтүү жана адамдын жүрөгүн бат эле өзгөртүп коёт. Эң коркунучтуусу, биздин жүрөгүбүз алданып калганда да катууланса, биз андай болбосо да, биздики туура деп ойлой баштайбыз. Биз өзүбүздүн адашууларыбыз үчүн сокур болуп калабыз. Биз ырайымга толгонбуз жана күнөө кылсак да, акыр-аягы баары жакшы болот деген калпка эч качан ишенбегиле. Күнөөгө мындай мамиле кылуу-от менен ойноо дегенди түшүндүрөт. Силерге түшүндүрүп берүүгө уруксат эткиле.

Билип кылган күнөө ар дайым кайталанып турган күнөөгө алып келет. Бул нерсе төмөндөгүдөй болот. Биз биринчи жолу туура эмес кылабыз жана абийирибиз ашкерелейт. Үнү менен эмес, бирок ыңгайсыз сезим менен. Биздин жүрөгүбүз вебалдык эмес тилде кыйкырып жатат: "Сен максатыңан кайып кеттиң, сен жолуңдан адашып кеттиң, сен өзүңдүн жолуңду кечирим үчүн тобо кылуу жана сыйынуу менен түзөшүң керек!" Ушул баскычта чыныгы тобо кылуу аркылуу биз өзүбүздүн күнөөбүздөн баш тартсак, биздин жүрөк тазара баштап жана Ыйык Рухтун үнүнө сезимтал болуп калат. Жазууда айтылган: "Өз кылмыштарын жашырган адам ийгиликке жетпейт, ал эми өз кылмыштарын мойнуна алып, аларды таштаган адамга ырайым кылынат" (Накыл сөздөр 28:13, ОЖК).

Бирок, биз абийирдин үнүн четке каксак, жүрөктү калп каптайт (биз бул жөнүндө жогорудагы бөлүмдө айтканбыз). Биз Кудайды кайрадан укпай жатканыбызда, катуу ыңгайзыздыкты сезбей калабыз. Анын ордуна бизди ичибизден “тикен” сыяктуу ойгулап жаткан акырын чыккан үн гана калат. Биз дээрлик укпай калабыз, анткени абийирибиз акырындан сезимталдыгын жогото баштайт. Ошентсе да, эгер биз кылган күнөөбүзгө болгон мамилебизди жүрөгүбүз жана акылыбыз менен өзгөртсөк, дагы деле кечирим сурап, калыбына келүүнү кабыл алсак болот.

Эгер биз ашкеренин акырын чыккан үнүн жана абийирибизди четке кагууну улантсак, анда жүрөгүбүздү дагы бир калп каптайт жана сезүү жөндөмү дагы да көбүрөөк мокоп калат. Кудайдын Сөзүнө баш ийүүдөн дагы бир жолу баш тартып, биз абийирдин аябай акырын сайгылашын эле сезебиз. Ал дээрлик сезимталдыгын жоготуп салды, ошол себептен бизге Кудайды угуу дагы да оор болуп калды. Эгер күнөөгө болгон мамилебизди өзгөртсөк, биз дагы эле кечирим сурап, калыптануунy сурай алабыз, бирок өзүбүздүн катабызды моюнга алуу эми өтө оор.

Эгер биз дагы да бул акырын чыккан ашкере үнүн четке каксак, анда жаңы калп жүрөгүбүздү каптайт. Ошентип отуруп, акыр-аягы биздин абийирибиз акырындык менен бутпарастыкка көр болуп калат да, аны байкабай баштайт. Биз мурдагы сезимдерди унутуп жана Ыйык Рухка болгон сезимталдыкты жогото баштайбыз. Эми биз ашкерелөөнү сезбестен, дайыма күнөө кыла берсек болот. Биз дайыма кайталанып жаткан күнөөнүн абалында болуп калабыз. Биз дагы эле, кечирим менен калыбыбызга келүүнү ала алабыз, бирок аны кылууга бизде каалообуз деле калбай калат, анткени биз күнөөдө күнөөнү көрбөй калабыз.

Кудай эмки кадамында жардам бериш үчүн, пайгамбарды, окутуучуну же досту жиберет. Эгер ал элчиге кулак салбасак, бизге жеткирүү үчүн, биздин көңүлүбүздү буруу үчүн Кудай дагы бир кадам кылат, - оор кырдаалдар, сыноо, жадагалса кырсык да болушу мүмкүн. Дөөт айтат: “Азап тартканга чейин, мен адашып жүргөм, азыр болсо Сенин сөзүңдү сактап жүрөм” (Забур 118:67).

Келгиле ачык айталы, эгерде Ал ачып бергенге тил алчаак болуп, күнөөдөн алысыраак болсок, анда биз баарынан жакшы Кудайдан гана үйрөнө алабыз. Бирок биз андай кылбасак, анда бизге болгон чексиз сүйүүсүндө бизди үйрөтүү үчүн жана өмүр жолуна кайтарыш үчүн, Ал бактысыздыкты жана сыноолорду колдонот. Ыйык Жазуунун жаңы котормосундагы аятта мындай деп жазылып турат: “Сен мени жазалаганга чейин, мен адашып жүргөм, азыр болсо Сенин сөзүңдү сактап жүрөм” (ОЖК).

Эгер биз Пабылдын корунттуктарга кайрылган сөзүн кайрадан карап көрсөк, биз ошол эле сүрөттөөнү, Кудайдын бизди артка кайтаруу аракеттерин көрө алабыз. Ал корунттук жыйынга кайрылып жатат: “Бул дүйнө менен бирге соттолбошубуз үчүн, Теңир бизди соттоп, жазалап жатат” (1Корунттарга 11:32). Анын биздин азап чегишибизге жана бактысыздыктарыбызга жол берип коюп жаткандыгынан улам, биз тартып жаткан азаптар жана бактысыздыктар биздин өлүм жолунан өмүр жолуна кайрылуубузга көңүлүбүздү бурарына Кудай үмүттөнөт.

Ошого окшош нерсени биз, өз өгөй энеси менен байланышта болгон адам жөнүндө Пабылдын айтып жатканынан көрөбүз: “Теңирибиз Ыйса Машайак келген күнү Теңирибиз Ыйса Машайактын күчү менен ал адамдын жаны куткарылып калышы үчүн, денеси кыйналышы үчүн, аны шайтанга берип салгыла” (1Корунттуктарга 5:5, англис тилинен котормо AMPC). Жыйындын атасы жазып жатат “аны берип салгыла” – бул буйругу менен ал бат тараган күнөөнүн айынан корунттук жыйынды күйүп кетүүдөн гана коргогон эмес, күнөөдө жашаган ошол адам үчүн да ошондой кылды.

Кудай Өзүнүн балдарын чын жүрөктөн жана катуу сүйөт. Так ошондуктан, биз күнөөнүн кулчулугуна канчалык тереңдеп кеткенибизге жараша Ал бизге ар кандай жолдор менен жеткирүүгө аракет кылат. Мындайча айтканда, Ал үчүн эң башкысы – азыркы ыңгайлуулук эмес, биздин бүт өмүрүбүз.

### Эврейлерге жазылган Катта, бизге күнөөнүн аракеттерин көрсөтүп турган сөздөр жазылган:

> “...оңой эле чырмап алчу ар кандай күнөөдөн арылып, алдыбыздагы жарыштын аягына чыдамдуулук менен чыгалы” (Эврейлерге 12:1, ОЖК).

“Оңой эле чырмап алчу” деген сөзгө көңүл бургула. Мени оңой эле өз торуна чырмап ала турган күнөө, сөзсүз түрдө силерди өз торуна чырмап аткан күнөө болушу керек эмес. Меникин алсак, аракечтик, ач көздүк, баңгизаттан көз карандылык, ушак же дагы башка айкын күнөөлөр жок болчу, бирок порнография болгон. Бул менин жашоомдогу чоң салгылашуу болгон жана эмки бөлүмдө, 1985-жылы бул ырайымсыз кожоюндан акыр-аягы кантип бошонгонумду айтып берем. Биз кандай азгырыктарга көбүрөөк жакын экенибизди түшүнүү зарыл жана алардын жолун тороо үчүн бардык нерселерди кылышыбыз керек. Ыйса айткан:

> “Эгерде колуң сени күнөөгө түртсө, аны кесе чап. Эки колуң менен оттуу көлгө, өчпөгөн отко түшкөнүңдөн көрө, мунжу болуп өмүргө ээ болгонуң жакшы. Эгерде бутуң сени күнөөгө түртсө, аны кесе чап... Эгерде көзүң сени күнөөгө түртсө, аны оюп сал...” (Марк 9:43, 45, 47).

Ыйса түзмө-түз мааниде колду, бутту кесе чап же көзүңдү оюп сал деп жаткан жок. Ал бизге бизди өзүнүн торунда оңой эле чырмап ала турган күнөө үчүн болгон мүмкүнчүлүктү кесип салуу керектигибизди түшүндүрүп жатат.

Менде, качандыр бир убакта аракечтиктен азап чеккен досторум көп болгон, алардын бирөөсүнө бул көз карандылыктан бошонууга мен жардам берген элем. Азыр болсо ал шарапты да ооз тийгенден баш тартып, кайра азгырыкка берилип кетпеш үчүн, өзүнүн айланасындагыларды өтө кылдаттык менен байкап жүрөт. Менин досум билет, бул күнөө аны оңой эле багынтып алышы мүмкүн. Ал акылмандуулук кылып, Машайактын сөзүнө тил алчаак болуп, багынтууга болгон бардык мүмкүнчүлүктөрдү кесип салып жатат.

Башка жагынан, Машайакка кайрыла элегимде, жогорку окуу жайда окуп жүргөндө мен дагы досторум жана бир туугандарым менен иччүмүн, кээде катуу иччүмүн. Төрөлүү майрамдарындагы эс алуу күндөрүнүн биринде досторум менен барга бардым, алар ал жактан өтө көп ичимдик ичишти. Мас досторумдун бардыгын үйлөрүнө жеткирип коюп, түнкү он эки жарымда үйгө келгенимде, мени күтүп отурган апамды көрдүм. Мен ага кеч кандай өткөнүн айтып берип, анан жандуу үнүм менен: “Апа мага ичкен эч жакпайт”,- дедим.

Ал каткырып жиберип: “Сен чыныгы Биверсиң” – деди.

Ошол учурда мен түшүндүм, мен атамды эч качан мас көрбөптүрмүн. Биздин үй-бүлөдө эч ким иччү эмес. Ошондуктан Биверлер үчүн бул оңой чырмоочу күнөө болчу эмес, бирок башкалары бар эле. Ал кандай гана күнөө болбосун, анын биздин жашообузга кирип кетүүсүнө болгон мүмкүнчүлүктүн бардыгын токтотуп салуу керек.

Андан кийин Эврейлерге жазылган Каттын автору кошумчалап жатат:

> “Силерге уулдары катары “Уулум, Теңирдин жазасын четке какпа, Ал сенин айыбыңды ашкерелегенде, көңүлүңдү чөгөрбө. Анткени Теңир кимди сүйсө, ошону жазалайт. Кабыл алган ар бир уулун уруп-сабайт”- деп айтылган насаатты да унутуп койдуңар” (Эврейлерге 12:5, 6, ОЖК).

Кудай биз күнөөгө берилип кеткенибизде жазалайт. Келгиле, бул тартип кандайча болоорун кыскача кайталап көрөлү. Биринчи кадам – Анын Сөзү менен болгон жүрөктөгү ашкере аркылуу бизди оңдоо. Эгер биз жамандыктын биздин абийирибизди каптоосуна жол ачып, укпасак, анда ал ашкере досуң, окутуучу же пайгамбар аркылуу келет. Эгер биз анда да укпасак, Ал кыйынчылыктардын, сыноолордун жана бактысыздыктын болушуна жол берет.

Ойлонуп көргүлө: ал жогорудагы аятта эмнеге: “Кудайдын жазалоосуна кайдыгерлик кылба”- деп жазып жатат, качан бул оор болушу керек? Төмөндө эмне деп жазылып турганын окуп көргүлө:

> “...Кудай болсо бизге пайдалуу болушу үчүн, Өзү ыйык болгонундай, бизди да ыйык кылыш үчүн жазалайт. Убагында ар бир жаза кубанычтай эмес, кайгыдай туюлат. Бирок ал аркылуу тарбиялангандан кийин, ал адилеттиктин тынчтык берүүчү жемишин берет” (Эврейлерге 12:10,11, ОЖК).

Жазалоо азап алып келерине көңүл бургула! Аны жашыргандын кажети жок, Кудай Өз балдарына “жазалоо үчүн чыбык” колдонуудан коркпойт. Ошондуктан, эгер өзүбүздүн каалоолорубуздун артынан баргыбыз келсе, биз канчалык акылсыз экенибизди ойлонуп көргүлө. Бул жөнүндө ойлонуп көргүлө: бат эле учуп кетчү ырахатка кубангандын ордуна, күнөө кылуудан карманып, азап тартпаганыбызга кубансак жакшы эмеспи.

Кудайдын Руху корунттуктарга, жадагалса атасынын аялы менен ачык эле ойноштук кылган адамга да Пабыл аркылуу таралган. Кудай бизди өмүр жолуна кайтарам деген үмүт менен, биз Анын жарыктыгынын катышуучулары болушубуз үчүн муну кылууну улантып атат. Бул жакта экинчи жол жок. Же биз Кудайдын Сөзүнө тил алчаак болуу менен жашоонун толуктугуна ырахаттанабыз, же биз акыр-аягы тең келгис оруу менен азапка салган бутпарастык, билип кылган күнөө (рухий криптонит) тарапка ыктоону чечебиз.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Күнөө өзүнүн жаратылышы боюнча жаңылтуучу. Ал кандай жагымдуу болушун айтып, алдайт. Ал бизге, күнөөңдү көзөмөлдөп жатасың деп айтып алдайт, чындыгында эгер биз аны таштабасак, ал бизди көзөмөлдөрүн түшүнбөй жатабыз. Бирок, көбүнчө биз күнөөгө алданып

калабыз, анткени ал бизди өзүбүз жашоо үчүн чакырылган чыныгы даңктан алаксытып жана Машайак менен болгон тирүү мамилебиздин болушуна тосколдук кылат.

Бирок, биз Аны менен кандай гана күчтө, адаттан тышкаркы натыйжалуулукта, эркиндикте жана Аны менен болгон жакындыкта жашай алышыбыз үчүн Кудай бир топ көп нерселерди кыла алаарына көзүбүз жетсе, анда биз күнөөнүн канчалык алдамчы экендигин билебиз.

Анын силер үчүн ойлоп койгон жашоодогу аяндарыңарды кайсы жерде жогото баштадыңар, кайсы жерде күнөө жана компромисс силер үчүн жагымдуурак болуп калганын көргөзүп берүүсүн Кудайдан сурангыла. Ал силердин жашооңордун ошол жактарына жаңы аяндарды берсин. Анан Ал көрсөткөн нерселерди жазып алгыла.

# 3-БӨЛҮК

15

# КҮНӨӨНҮН КҮЧҮ (1-БӨЛҮМ)

Байыркы Осуятта Кабыл мындай эскертүү алган: “...босогоңдо күнөө жатат. Ал сени өзүнө тартып жатат, бирок сен ага үстөмдүк кыл” (Башталыш 4:7, ОЖК). Бардык эле адамдын жашоосунда ушундай нерсе болот. Күнөө бизди каалап турат, ал өзүн көрсөтүү үчүн бизди багынтып жана биздин үстүбүздөн үстөмдүк кылгысы келет. Күнөө – бул алдамчы, азгырыктуу жана күчтүү каршылаш.

Биз кантип ага үстөмдүк кыла алабыз? Кудайдын эркине, Сөзүнө жана Анын жолуна тил алчаак болуу менен. Кудай Кабылга 7 – аяттын башында эмне деп жатканын дагы бир жолу карап көргүлө: “Эгерде жакшы иш кылсаң, анда башыңды жерге салбайт элең да. Эгерде жакшы иш кылбасаң, анда босогоңдо күнөө жатат...” (ОЖК). Чыныгы тил алчаактык күнөөгө болгон каалоого эшигин жаап салат.

Пабылдын ишенгендерге кайрылган сөзүн эстегиле (ал Кудайдын ырайымы жөнүндө терең аян алган адам экени эсиңерде болсун):

> “Өзүңөрдү тил алчаак кулдар катары кимге тапшырып берсеңер, кимге баш ийсеңер, ошонун кулдары болоруңарды билбейсиңерби? Ошол сыяктуу эле силер өлүмгө дуушар кыла турган күнөөнүн же адилдикке жеткире турган тил алчаактыктын кулдары болоруңарды билбейсиңерби?” (Римдиктерге 6:16).

Пабыл Кудай Кабылга айткан сөздөргө окшогон сөздөрдү айтып жатат. Бирок, алардын ортосунда бир чоң айырмачылык бар. Эски Осуятта адамдарда

өлүк рух бар болчу. Адамдын ичинен жандуу күч чыгып турган эмес. Жаңы Осуятта жана азыр рух Ыйсага ишенген адамдын ичинде, ал Кудай менен тирүү жана Анын кудуреттүү жаратылышына ээ. Ошондуктан, биз ичибиздеги адам жана рухка тил алчак болуу менен биздин сыртыбыздагы адам, биздин денеге тил алчаак болуунун бирөөсүн тандай алабыз.

Кудайдын ырайымы да аракеттенет, ал жөн гана бизди кечирип жана куткарып гана койбостон, чындыкка тил алчаак болушубуз үчүн бизди бекемдейт. Бизге эскертип жатышат: "...коркуу жана урмат көрсөтүү менен, Ага жаккандай кызмат кылалы" (Эврейлерге 12:28). Ырайым бизге Кудайга тил алчаак болууга күч берет.

Петр жазып жатат: "Кудайды жана Теңирибиз Ыйсаны таанып билүү аркылуу Кудай силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин! Бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын кудайлык күчү бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген..." (2 Петр 1:2, 3). Эки аятта тең жана Жаңы Осуяттын көптөгөн башка аяттарында да бизди жандандырган жана бекемдик берүүчү күчтүү ырайымды көрүп турабыз. Бизге Анын ырайымы менен октолгон жаңы табият белекке берилген. Ал Кабылга жана Эски Осуяттагы эч кимге жеткиликтүү эмес болчу.

Анда эмнеге мынчалык көп ишенгендер күнөөнүн үстүнөн болгон үстөмдүктү жоготуп алышат? Эсиңерде болсун, биз күчкө ээ боло алабыз, бирок колдонбосок, андан пайда ала албайбыз. Кудай ар бирибизге тандоо жөндөмдүүлүгүн берет жана Ал бизге Өзүнүн тандаганын мажбурлап тандатпайт. Ошондуктан, машайакчы Кудайды укпаса, ишенгендердин жашоосунда күнөө үстөмдүк кыла баштайт. Эмне үчүн алар буга жол беришет? Бул нерсе бир гана учурда болушу мүмкүн: Кудайга тил алчаак болууга караганда анын каалоолору ага көбүрөөк пайда алып келерине күнөө адамды ишендиргенде гана. Ошол себептен Пабыл: "...күнөөнүн күчү – мыйзам" (1Коруntuктарга 15:56) деп жазып жатат.

Мыйзам күнөөгө адамдын үстүнүнөн бийлик берет деген балким күтүүсүз, оор билдирүүдүр. Балким, силер шарт эле: мен Мусанын мыйзамы алдында эмесмин! – дейттирсиңер. Бирок, Жазуудагы "мыйзам" деген сөз дайыма Мусанын мыйзамы экенин билдирбейт. Жакып жакыныңа болгон сүйүү жөнүндө айтып жаткан "падышачылык мыйзам" (Жакып 2:8 кара) тууралуу айтып жатат. Ишенгендердин жүрөгүнө жазылган "Кудайдын мыйзамы" бар (Римдиктерге 8:7 жана Эврейлерге 8:10 кара). Биз бири- бирибиздин жүгүбүздү көтөргөндөгү "Машайактын мыйзамы" бар (Галаттыктарга 6:2 кара). Дагы, биз соттоло турган "боштондук мыйзамы" бар (Жакып 2:12 кара). Башка "мыйзамдар" да бар.

Корунттуктарга жиберилген биринчи Катта (15:56), Пабыл бул мыйзамдар тууралуу жана Мусанын мыйзамдары жөнүндө айтып жаткан жок.

Пабыл, ишенген адамдын жашоосунда, күнөөнү бийлик кылууга укуктуу кылып койгон кайсы мыйзам жөнүндө айтып жатат? Баарынан мурда силерге муну көрсөтүүгө уруксат этиңиздер. Адам Пабыл айтып жаткан мыйзамдын алдында болгондо, негизинен ага мындай ойлор келет: “Мага бул тасманы көрүүгө болбойт, анткени ал жакта уят сөздөр жана төшөк үстүндөгү болгон нерселер көрсөтүлгөн”, “Мен ондук бөлүк беришим керек”, “Мен маңдайымда отурган, уятсыз кийинип алган аялды карабашым керек”.

Бул нерселер кайсы мыйзамда чагылдырылган? Мындай нерселерди сүйлөгөн адам, көбүн эсе Кудайдын Сөзүн кубаныч жана ырахат эмес, өзү үчүн болгон чектөө катары кабыл алат. Ага Кудайдын Сөзү аны кишендеп, жашоонун жыргалчылыгынан ажыратып жаткандай сезилет, бирок бул забурчунун сөзүнө каршы келген нерсе: “Мен Сенин эркиңди аткаргым келет, Кудайым. Сенин мыйзамың менин жүрөгүмдө” (Забур 39:9). “Мыйзам алдындагы” адам Анын эркин аткаруу үчүн дилгирленүү менен жалындабайт (Жакан 7:17ни кара).

Бул билдирүүн чечмелениши кийинки нерсеге такалат: Мен каалар элем... бирок, Кудайдын Сөзү башкача айтып жатат”. Байыркы Осуятта мындай мамиленин эң жакшы мисалы бар.

## Пайгамбар оюнда өзүнө

Билам пайгамбар болчу. Ал Кудайдын үнүн билчү жана Теңирдин жолдору ага бөтөн эмес болчу. Валамат Мааптыктар менен Мидиандыктардын үстүнөн бийлик кылган падыша болчу. Бул падыша ээлик кылып турган жерлердеги жашоочулардын бардыгы коркунучтан титиреп үрөйү учуп турду, анткени ысрайыл эли алар тарапка багыт алган. Ысрайылдыктар жаңы эле дүйнөдөгү эң күчтүү болгон Мисир мамлекетин тоноп бүтүп, Кызыл деңизди кечип өтүштү. Мисирдин аскердик күчү, айыл чарбасы жана экономикасы кейиштүү абалда калды, андан башка ар бир үй-бүлө кандайдыр бир сыр менен тун балдарын жоготууга учурады.

Ысрайыл Мисирден чыккандан кийин аморлуктардын каршылыгына учурады жана аларга да катуу кыйроо алып келди. Эми Ысрайылдыктар Маап талааларына жайгашып алышты жана ал жактагы элдер, аксакалдар, төрөлөр Ысрайыл Мисирлик жана Аморрлуктар менен кылганын эми биз менен да кылат деп үрөйлөрү учту.

Балак падышасына Билам аттуу атактуу жана күчтүү пайгамбар жөнүндө эскертишти. Анын батасынан улам бардык нерсе өзгөрөр эле.

Бирок, Билам бирөөнү каргаса, каргышы да жазбай тийчү. Балак падышасы аксакалдарды жакшы сунуштар жана мындай сөздөр менен Билам пайгамбарга жөнөттү: "Келип, ушул элди каргап бер, анткени бул эл менден алда канча күчтүү. Балким, бул элди кыйратып, жеримден кууп чыкканга ошондо күчүм жетер..." (Сандар 22:6).

Билам келгендерге мындай жооп берди:

> "...Ушул жерге түнөп калгыла. Теңир мага кандай айтса, силерге ошондой жооп берем. Маап аксакалдары Биламдыкында түнөп калышты" (Сандар 22:8).

"Теңир" деген созгө көңүл бургула. Ал башка кудайлардан кеңеш издеген эмес, анткени ал жалгыз, чыныгы Кудайдын пайгамбары эле. Ал өзүнүн Кудайын "Яхве" деп атады. Бул Эски Осуяттын авторлору башка кудайларга караштуу эч качан колдонбогон Кудайдын аты.

Биз Ыйса менен Кудайды Атабызды өзубүздүн Теңирибиз деп көп айтабызбы? Ошол учурда биз өзүбүздүн Жаратканыбызды, Улуу Теңирибизди, биз үчүн Өз өмүрүн бергенди гана айтып жатабыз. Билам да так ошондой эле Кудайга кайрылды.

Келгиле, ошол түнү Кудай Биламга эмне дегенин жакшылап окуп көрөлү. Кызыктуусу Ал Билам Аны издөөсүн күткөн да жок:

> "Кудай Биламга келип, мындай деп сурады: Сеникинде түнөп калган кайсы кишилер?" (Сандар 22:9).

Мындайча айтканда, Теңир Биламга: "Бул адамдар Мага кандай тиешеси бар? – деди. Булардын мени менен болгон келишими жок! Сен чынында эле Менден Менин келишимим бар элди каргасам болобу деп сурап жатасыңбы? Бул жөнүндө сыйынып эмне кыласың? Жообу түшүнүктүү болуп турган жокпу?"

Биздин сыйынуубуздун кереги жок болгон нерселер бар! Бизге Кудайдын Өзүнүн жазылган келишиминде ачып берген эрки кандай экендигин билебиз. Бизге башка машайакчылар менен мамилелешибиз керекпи же жокпу деп сыйынып же сурашыбыздын кереги жок. Кудай эчак айткан: "Чогулушка барбоону адатка айландырып алган кээ бирөөлөргө окшоп, чогулуштарыбызды калтырбайлы..." (Эврейлерге 10:25).

Силерге кызмат кылган адамдарга курмандык берүү керекпи деп сыйынуунун кереги жок, анткени жазууда жазылган: "Теңир да Сүйүнчү Кабар тараткандар ошол үчүн өз азыктарын алсын деген көрсөтмөнү

берген" (1Корунттуктарга 9:14, ОЖК).

Бачабаздык мамиледе болсом болобу, же башкаларга ошол нерсеге түрткү берүүгө болобу деп суроонун кереги жок. Кудай түшүнүктүү айтып койгон:

> "Же эмне, адилетсиздердин Кудайдын Падышачылыгын мурастабай тургандыгын билбейсиңерби? Алданбагыла! Ойноштук кылуучулар да, бутка табынуучулар да, нике бузуучулар да, аял жандуулар да, бачабаздар да, уурулар да, дүнүйөкорлор да, аракечтер да, ушакчылар да, талап-тоноочулар да Кудайдын Падышачылыгын мурасташпайт" (1 Корунттуктарга 6:9,10, ОЖК).

Салык бербей койсом болобу деп Кудайдан суроонун кереги жок, бул уурулук деп аталат. Же жолдош кызыңдыкына же жолдош балаңдыкына никеге чейин көчүп барып, аны менен жатсам болобу деп суроонун кереги жок – бул жыныстык күнөө. Же башка бирөөнүн аялы менен мамиледе болуу – бул ойноштук жана ушундай тизмени чексиз уланта берсе болот. Жаңы Осуятта бизге көптөгөн буйруктар берилген, алардын ичинен Кудайдын эрки дээрлик түшүнүктүү.

Башкача айтканда, Кудай андан ары мындай деп жатат: "Макул, Билам, сен эч нерсени түшүнбөгөнүң үчүн, тактап айтканда түшүнгүң келбегендиги үчүн, Мен сага Өзүмдүн эркимди ачык жана түшүнүктүү ачып берейин..." "...Булар менен барба, ал элди каргаба, анткени ал эл – *бата алган эл*" (Сандар 22:12).

Түшүндүрмөнүн кереги жок.

Эми Билам бул Кудайдын көрсөтмөсүнө эмне деп жооп кайтарганын карап көрөлү:

> "Билам эртең менен туруп, Балактын төрөлөрүнө мындай деди: "Жериңерге кете бергиле, анткени Теңир менин силер менен барышымды каалаган жок" (Сандар 22:13).

Көпчүлүк Биламга кол чапмак. Биз анын тил алчаактыгын баалап: "Кандай гана Кудайга жаккан бир тууган!" - десек болмок. Бирок, анын сөздөрүндө бизди башкача ойлондура турган бир нерсе бар. Анын сөздөрүнө көңүл буруп көргүлө: "Теңир менин силер менен барышымды каалаган жок". Ал: "Теңир Өзүнүн каалоосун мага так айтты, ошондуктан мен силер менен барбайм," – деген жок. Ал "каалаган жок" деп атат.

Өзүңөргө мындай нерсени элестетип көргүлө: мектепте окуган достор чогуу дүкөндөргө кирип, анан кино көрүп келүүнү чечишти. Эми деген

кыз өзүнүн ата – энесинен уруксат сурап жатат. Алар мындай деп жооп беришти: “Эми, бүгүн бизде үй-бүлөлүк кечки тамак бар, ошондуктан сен биз менен калышыңды каалар элек”.

Эминин достору аны алып кетиш үчүн үйүнө келишти. Ал эшикти ачканда: “Сен даярсыңбы?” – дешти.

Эми кебетесин бузуп: “Мен бара албайм” деп жооп берди. Башкача айтканда, ал: “Досторум, мен силер менен аябай баргым келип жатат, бирок үй-бүлөлүк кечеге калышым керек” – деп жатат. Ата – эненин каалоосу ага каалаганын кылганга бербей, аны чектеп жатат. Ата – эненин сөзү – ал үчүн мыйзам. Так ушуну Билам да айтып жатат.

## Пайдалуу иш

Мааптын аксакалдары падышага кайтып келип, ага Биламдын жообун беришти. Бирок, падыша нааразы болуп, мындай жоопту кабыл алган жок. Ал Билам ишти аткарышы үчүн, мурункудан да атактуураак төрөлөрдү, мурункудан да жакшыраак сунуштар менен жиберди. Падышанын так сөздөрү бул: “Сага чоң сый көрсөтөм, сен мага эмне айтсаң, ошонун бардыгын жасайм. Келип, бул элди каргап бер” (Сандар 22:17).

Эгерде сиздин коңушуңуз: “Менде болгон нерсени сага берем” – десе, ал нерсе көп деле болбошу мүмкүн, бирок бүтүндөй мамлекеттин падышасы айтып жаткан болсо, бул өтө көп.

Мен мектептин жогорку класстарында окуп жатканда, Филип Уилсон аттуу куудул актер аябай белгилүү киши эле. Анын: “Шайтан мени бул нерсени кылууга мажбур кылды” – деген белгилүү сөзү бар болчу.

Ал сөз күлкүлүүдөй сезилчү жана аны такай кайталашчу, бирок ал адашкан. Шайтан ишенген адамды бир нерсени кылууга мажбурлай албайт. Жазууда түшүнктүү айтылып турат: “тескерисинче, ар ким өзүнүн кумарына берилип, алданып азгырылат” (Жакып 1:14). Кумарына берилип- бул эң маанилүү сөз. Шайтан ишенгендерге башка эч нерсе кыла албайт. Адам өзү каалаган нерсесинин гана кумарына бериле алат. Эгер менин алдыма кокаин коюшса, мен мындай деп жооп берем: “Муну менден алып салгыла”. Мени аны менен азгыруу мүмкүн эмес, анткени менде мыйзамсыз баңгизаттарды колдонууга эч кандай каалоом жок.

Бирок, шайтан акылдуу жана ал уктабайт. Ал, силердин гана эмес, ата-энеңердин, чоң ата, чоң энеңердин жашоосун изилдөө үчүн жиндерди жиберет. Силердин үй- бүлөңөрдүн канындагы каалоого болгон алсыз жерлерин ал билет.

Ал ошондой эле, Биламдын жашоосун изилдеген жана пайгамбар байлыкты, атактуулук жана баалуулукту каалаганын билген. Так ошол үчүн, шайтан бул ыймансыз падыша Балакка, пайгамбарга дагы да көбүрөөк нерсени сунуштоосун айткан. Бирок токтогула, Билам чоң сыйлыктардан оңой эле баш тартып жатат:

> “Балак мага алтын-күмүшкө толгон үйүн берсе да, Кудай-Теңиримдин буйругун аттап, чоң да, кичине да иш кыла албайм” (Сандар 22:18).

Мурдагыдан да чоңураак сыйлык сунуш кылынганына карабастан, Кудайдын Сөзүн бузуудан баш тарткандыгы үчүн, пайгамбардын эрдигине биз кайрадан кол чаап атабыз. Бирок, маанилүү сөздөрдө, кайрадан, пайгамбар байланып турганын көрүп турабыз. Ал: “кылбайм” дегендин ордуна “кыла албайм” деп жатат. Эч нерсе өзгөргөн жок. Ал үчүн мыйзам болгон Кудайдын Сөзү менен мурдагыдай эле байлануу. Кийинки сөздөрдө буга тастыктоо болгон нерсени көрүп жатабыз:

> “Ошентсе да, мында түнөп калгыла. Теңир мага дагы эмне дээр экен, ошону билейин” (Сандар 22:19).

Эмне? Мурдагыдан көбүрөөк болгон сунуш Кудайдын оюн өзгөртүп коймок беле? Чын эле Кудай падыша Биламга кийинки элчилери аркылуу көбүрөөк сый-урмат менен байлыкты сунуштоосун билип, биринчи жолу ошол себептен “жок” дегенинен ишенсе болобу? Кандай гана маанисиз божомол! Кудай Биламга, дагы ыңгайлуурак сунушту күтүп турсун деп айткан эмес! Ошондуктан, Биламга биринчи жолкусунда бул жөнүндө сыйынуунун кереги жок болсо, экинчи жолку сыйынуусу ого бетер керек эмес эле! Анткени Кудай, биринчи элчилер келгенде, Өзүнүн эркин түшүнүктүү эле көрсөткөн: “алар менен барба” деп.

Ага карабастан, Билам ошол түнү сыйынууну чечти. Кудай эмне деп жатканын окуп көргүлө:

> “...бул кишилер сени чакырып келсе, ордуңан туруп, булар менен жөнө, бирок Мен айтканды гана кыл” (Сандар 22:20).

Токтогула! Эми Кудай: “алар менен бар” – деп айтып жатат. Биз туура эле окудукпу? Эмне болуп жатат? Таң калаарлык, абал түп тамыры менен өзгөрүлүп кетти! Билам Маалтын төрөлөрү жана аксакалдары менен баруу жөнүндө Теңирден сөз алып жатат. Кудай ага эмне деген болсо, так

ошондой кылып жатат. Ал өзүнүн эшегине ээр токуп, Мааптын төрөлөрү менен чогуу жөнөдү. Ал Кудайдын көрсөтүп жаткандарына тил алчаак. Бирок, андан ары эмне болгонун карап көрөлү:

> “Анын кеткенине Кудай каарданды...” (Сандар 22:22).

Эмне болду? Кудай акылынан айныганбы? Билам Ал өткөн түнү кандай десе так ошону кылып жатат, анан эле Кудай ага ошол үчүн каарданып жатат. Муну кандай түшүндүрүүгө болот?

Жазууда биз бул суроону ачып берген так жоопту таба алабыз. Анын түшүндүрмөсү күнөөнүн күчү – мыйзам деген чындыкка алып келет. Эмки бөлүк бизге себебин ачып берет.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Силер толугу менен күнөөнүн күчүнөн бошоно аласыңар деп үмүт берген бул кабарды көптөгөн ишенгендер угушу керек.

Ооба, так ушундай. Машайакчылар күнөөдөн өйдө көтөрүлө алышат. Ыйса бизге асманга болгон кирүү билетин белек кылыш үчүн гана өлгөн эмес. Өзүнүн өлүмү менен Ал силерди күнөөнүн жана өлүмдүн күчүнөн бошотту. Күнөө силерге үстөмдүк кыла албайт, бирок силер күнөөгө үстөмдүк кыла аласыңар.

Бул болгону Кудайдын ырайымы – адамдын аракети менен кылууга мүмкүн болбогон нерсени ишке ашыруу үчүн Анын кудайлык күчү менен бизге белек кылып берилген. Биз ырайымга тоскоолдуксуз эле жете алабыз – биз андай күчкө ээбиз, бирок аны колдоно билбесек, анда аны жогото баштайбыз. Ишенгендер көбүнчө ал күчтү колдоно алышпайт, анткени аларда ошо күчтүн ансыз деле бар экенин түшүнүшпөйт.

Күнөөнүн үстүнөн чындап эле бийлигиңер бар экендигин көрсөткөн Жазуудагы аяттарды изилдөө менен, бүгүн ага каршы бекемделгиле. Бул жөнүндө силер үчүн жашоодогу чындыкка айланып калгычакты ой жүгүртө бергиле. Бул маселеде Кудай менен биримдикте болгула, күнөө силерге үстөмдүк кылуусуна жол берген бардык нерселер үчүн тобо кылгыла жана Ал силерди бүгүн бошоткондугу үчүн Ага ыраазычылык билдиргиле. Өткөндөгү жол болбогондуктар үчүн өзүңөрдү кечиргиле жана Кудайдан силердин келечегиңерди Ал кандай кылып көрүп жатканын көрсөтүүсүн сурангыла. Ал силерге көрсөтүп же айткан нерселерди жазып алгыла.

16

# КҮНӨӨНҮН КҮЧҮ (2 – БӨЛҮМ)

Биз жогоруда калтырган Билам пайгамбарга кайтып келели.

Кудайдын Маап жана Мадиандыктар менен барба деген нускамасын уккан Билам, ага мурдагыдан да атактуурак болгон экинчи топ келгенде, кайрадан Теңирге барды. Ал таптакыр башка жооп алганга үмүттөнүп атат.

Силер менен качандыр бир кезде ушундай болуп көрдү беле? Силер Кудай эмне дегенин өз жүрөгүңөрдө билип турсаңар да, Ага башка жооп алыш үчүн сыйынуу менен келчү белеңер? Балким, силер өзүңөрдүн бузуку каалооңорду: “Барып бул жөнүндө сыйынып келейинчи”, “Мага бул жөнүндө дагы бир жолу сыйынууга мүмкүнчүлүк бергиле”– деген ойлор менен жашырчусуңар.

Силерди билбейм, бирок менин бул нерседе күнөөм бар жана ушул бөлүмдө өзүмдүн бул темага тиешелүү бир-эки кейиштүү мисалым менен бөлүшөм.

Билам ошол кудуреттүү падышадан белектерди жана сыйлыктарды күткөн, бирок Кудайдын нускоосундагы “чектен” аттап кетүүгө батына албай аткан. Эгер ал билип туруп баш ийбестигин көрсөтсө, батаны көрбөй кала турганын түшүнүп турган, акылы жетик эле адам болчу. Кээ бирде мындан да чоң калпка эшигиңдин ачылып калуусуна, ушул билген билимиң деле жетиштүү болуп калат.

Кудай: “Тур да, алар менен бар”, - дегенин укканда, Биламдын таң калганын ойлоп көргүлө. Балким, ал: “Бул укмуш! Мен бул жөнүндө дагы бир жолу сыйынганым жакшы болду” деп ойлогондур.

> Ошентип, Билам эртең менен ойгонду да, Кудай ага өткөн түнү эмне деп буйруса, так ошону кылды. Андан ары бизди таң калтырган нерсени окуйбуз: “Анын кеткенине Кудай каарданды...” (Сандар 22:22).

Эмне, Кудай акылынан айныдыбы? Албетте, бул риторикалык суроо, анткени ал андай эмес экендигин баарыбыз эле билебиз! Анда эмнеге Кудай каарданып атат? Билам Кудай ага эмне деп буюрса ошону кылды жана алар менен кетти. Бирок, Кудай ошол үчүн ага каарданып атат. Эмне эле болуп жатат?

Бул жакта көпчүлүк билбеген жана түшүнбөгн чындыкты көрө алабыз, мен да аны тапканга чейин бир нече сыналган жылдарды өткөрдүм:

Эгер биз бир нерсени каалап турсак (кумарлануу менен), Кудай болсо бул маселе боюнча ал биз үчүн эң жакшы нерсе эмес экендиги тууралуу Өз эркин ачып койгон болсо (Анын сөзү же сыйынуу аркылуу), бирок биз каалаганды уланта берсек, анда Кудай бизге аны берип коюшу да мүмкүн, бирок акыр-аягында ал үчүн соттолобуз.

Бул сөздөр силерди таң калтырышы мүмкүн, бирок бул - чындык. Мен силерге Ыйык Жазуудагы мисалдардын кээ бирлеринен далилдерди көрсөтүп берем.

## Жооп алынган өтүнүчтөр

Ысрайыл падышаны каалаган. Аксакалдар Шемуел пайгамбарга келип, өзүлөрүнүн каалоосун айтышкан. Алар айткан: “...Башка элдердикиндей эле, биздин үстүбүзгө падыша кой, ал бизди башкарсын” (1Шемуел 8:5).

Шамуел пайгамбар алардын өтүнүчү менен Теңирге кайрылды жана Кудай ал аркылуу аксакалдарды падыша аларга пайда алып келбестигин эскертти. Падыша алардын уулдарын өзүнө аскерликке алып алаарын эскертти. Падыша алардын уулдарын өзүнүн талааларын өөрчүтүүгө, эгин жыйноого, өзү үчүн курал жана башка жабдууларды жасоого алып кетет.

Ошондой эле, ал кыздарын да алып кетет жана аларды күч менен ашканада, кир жуучу жайларда иштетет, ар кандай жыпар жыттарды жасатат жана башка жумуштарды кылдыртат. Ошондой эле, падыша өзүнө эң жакшы талааларды, жүзүмдүктөрдү, зайтун токойлорун, малдарды, койлорду талап кылат жана анын баарын өзүнүн төрөлөрүнө берет. Анан Кудай элге, акырында алар өзүлөрү Ага келип, өзүлөрү каалаган падышадан боштондук сурашат, бирок анда Ал аларга жардам бере албайт.

Андан ары жазылып турат: Бирок, эл Шемуелдин сөзүнө макул болбой, мындай деди: “Жок, бизге падыша бийлик кылсын. Ошондо биз башка

элдердей болобуз...” (1 Шамуел 8:19, 20).

Ошентип, Шамуел Кудайга эл аябай каалап жатканын кайталады. Кудай ага Өзүнүн эркине карама-каршы жооп берди: “...Элдин сөзүн ук, аларга падыша коюп бер...” (1 Шемуел 8:22). Аларга бул нерсе жакшы болбосо да, Кудай аларга каалаганын берди. Алар өзүнө монархты алышты, ал андан кийинки падышалар кылгандай эле, Кудай элге эскерткен нерселердин баарын кылды.

Мына дагы бир мисал. Ысрайыл Мисирден чыкты жана Кудай аларды манна – асмандан келген нан менен, Жазууда “периштелердин тамагы” деп аталган асман тамагы менен тамактандырды (Забур 77:25 кара). Манна ушунчалык аш болумдуу болгон экен, кийинчерээк Ильияс маннанын эки кесимин гана жеп, анан кырк күн бою токтобой күч үрөп чуркаган экен. Менин жашоомдо ушундай тамакты аябай каалаган учурларым болот!

Бирок, ысрайылдыктар бул нандан тажап кетишти жана эт каалашты. Забурчу жазат: “Алар сурашты, ошондо Ал бөдөнөлөрдү жиберди...” (104:40). Кудай алардын өтүнүчүнө эң таң калаарлык жооп берди. Ыйык Жазууда жазылып турат:

> “Асмандан чыгыш шамалын козгоду, Өз күчү менен түштүк шамалын жиберди. Аларга этти топурактай жаадырды, канаттууларды деңиз кумундай жаадырды. Аларды кошуундарынын арасына, үйлөрүнүн жанына жаадырды” (Забур 77:26-28).

Кудай алардын өтүнүчүнө жооп берип гана калбастан, Ал аны кереметтүү түрдө жасады! Өзүнүн кубаттуу күчү менен Ал алардын кошуундарына жүз миңдеген куштарды алып келди. Ысрайылдыктар алардын артынан аң уулоого чыккан эмес, аларга бул куштарды кармаш үчүн иттер, куралдар, торлор жана башка жасалгалар кереги жок болчу. Бөдөнөлөр жөн гана алардын кошуундарына учуп келишти жана адамдарга аларды жөн гана абадан же жерден көтөрүп алуу керек эле. Эгер мындай нерсе бүгүн боло турган болсо, бул жөнүндөгү жаңылыктар бардык коомдук тармактарда жана гезиттердин баш жагында болмок. Кудай укмуштуу нерсе кылды, бирок, забурчу эмне деп жазып жатканын карап көргүлө:

> “Алар жеп, аябай тоюшту. Аларга каалаганын берди. Бирок алардын каалоосу кана электе эле, алар тамактарын жута электе эле, аларга каршы Кудайдын каары келип, алардын бараандууларын өлтүрдү, Ысрайылдын жигиттерин сулатты” (Забур 77:29-31).

Жалган кудай эмес, жин эмес, Кудай аларга каалагандарын берди жана муну кереметтүү түрдө кылды, бирок тамактанып жатканда алардын үстүнөн сот келди.

Кудай адамды жаратып, биз Ал каалаганын тандабастыгыбызды алдын ала билип, тандоо эркиндигин берген. Бирок, биздин тандообуз аягында бизге зыян келтирип коюшу мүмкүн.

Мисалы, адашкан уул эсиңердеби? Ал мурастын өзүнө тиешелүү бөлүгүн атасынан сураган. Атасы, баласында акчаны туура колдонуп, каражатты акылмандуулук менен сарптоого жөндөмдүүлүгү жок экенин билген. Ошентсе да, баласы аябай каалаганы үчүн атасы багынып, ага тиешелүү мурасын бөлүп берди. Натыйжасында, баласынын эптеп күн көрүү үчүн да каражаты калбай, чочкоканада болуп калды.

Жазуудагы дагы башка мисалдарды келтирсе болот, бирок силер чындыкты түшүнүп жатат деп ойлойм. Биз үчүн Кудайдын эрки болбогон нерсени жигерленүү менен суранганыбызда, жагымсыз жана талкалоочу абалга туш болуп калабыз.

## Акылдуу эшек

Келгиле, эми Биламдын таржымалына кайрылалы.

Ал Мааптын падышасы менен жолугууга бет алды. Аны менен падышанын жардамчылары бара жатышат, бирок, Кудай анын тандоосу үчүн ага каарданып жатат. Күтүлбөгөн жерден Биламдын алдында периштелер пайда болду. Периштелер – бул жаасы жана жебеси бар чыт курсак ымыркайлар эмес экенин унутпагыла, алар таасирлүү күчү бар, аябагандай чоң жандыктар экенин унутпагыла. Менин божомолдорум боюнча, ал эки жарым метрден үч метрге чейин болчу.

Периште кынынан суурулган кылычы менен Биламдын жолун тороду жана Кудай кереметтүүлүгү менен эшектин көздөрүн ачты. Ал даяр куралы менен турган чооң жандыкты көрөөр замат, Андан качып кетүү үчүн жолдон талаа тарапка секирип кетти. Билам кыжырдануу менен айбанды урду да, жолго кайтарды.

Периште кайрадан эки тарабы дубал болгон жердеги жолдо турду. Эшек периштени көрүп, Андан кайра качуу аракетин кылып Биламдын бутун дубалга кыпчый кысып салды.

Периште кайрылаарга жер жок болгон, аябай кууш жерге туруп алды. Бул жолкусунда эшек кынынан кылычын чыгарып турган периштени көргөндө, Биламдын алдына жатып алды. Эми пайгамбар аябай

кыжырданды, ал каарданнуу менен өзүнүн жаныбарын сабай баштады.

Ошондо Кудай эшекке тил киргизди жана ал Биламга мындай деди: "Мени үчүнчү ирет сабап жатасың, мен сага эмне кылдым?" (Сандар 22:28).

Билам эшекти урушууну улантып атты, акырында, периштени көрсүн деп Кудай Биламдын көзүн ачты. Пайгамбар ошол замат ылдыйга кулады.

Кайсы бир убакытка чейин мен, бул периште Кудайдын алдында кызмат кылган көпчүлүк периштелердин бири деп ойлогом. Бирок, Ыйык Жазуунун котормочулары (аны менен бирге мен) бул периште Теңирдин Өзү болчу деп эсептешкен. Бирок, бул нерседе мен тандоону өзүңөрдүн көз карашыңарга калтырам жана силерди бул же тиги тарапка ишендирейин деген оюм жок.

> "Теңирдин периштеси ага мындай деди: Эмне үчүн эшегиңди үч жолу сабадың? Бараткан жолуң Менин алдымда туура болбогондуктан, Мен сага тоскоолдук кылыш үчүн чыктым. Эшегиң Мени көрүп, үч ирет жолдон бурулду. Бурулуп кетпегенде, Мен аны тирүү калтырып, сени өлтүрүп коймокмун" (Сандар 22:32, 33).

Бул эшек Биламдын жанын сактап калды! Теңирден качпаса, ал өлмөк. Билам Мааптын жана Мадиамдын төрөлөрүнө: "Достор мен кайтуум керек. Өзүңөрдүн падышаңарга айтып койгула, акчасын өзүнө алып калсын" – деп айтканын элестетсек болмок. Бирок ,ал башка нерсени айтып жатат. Билам Теңирдин алдында тобо кылып жатат:

> "...мен күнөө кылдым, анткени мен Сенин мага каршы чыгып, жолумда турганыңды билген эмесмин. Бул Сага жакпаса, анда мен кайра тартайын" (Сандар 22:34).

Билам өзүнүн күнөөсүн мойнуна алды, бирок ошол эле учурда өз оозу менен: "бул Сенин көз алдыңда жагымдуу болбосо" – деп кошуп жатат.

Билам, сен эмне болуп атасың? Качанга чейин бул нерсе уланат? Теңир Өзү анын жолунда турса да, ал өзүнүн каалаганын алгысы келип атат. Ал падыша сунуштаган акча менен атак-даңкын ушундай катуу каалагандыктан, Кудайдын кийлигишүүсү менен жазасынын алдында сокур болуп жатат. Анын бутка табынуучулугу анын көз алдында Кудайдын жүрөгүн жаап салып жатат.

Биздин каалоолорубуз Кудайга тил алчаак болуудан ашып кеткенде, өзүбүздү Анын тапшырмаларына байланып калгандай сезген кезибизде, биз

менен да так ушундай болот. Калпычылык аркылуу күнөөнүн күчү өсөт. Мурда айкын эле Кудайга каршы болгон нерсе, анча ачык болбой калды. Тил алчаактарга бул жакшы эле байкалып турат, бирок, бутпарастыкта болсо, алар өзүлөнүн күчтүү каалоолоруна атүгүл Кудайдан колдоо алууга карата аракеттерин улантышат.

## Менин жетишпестиктерим

Менин жашым отуздан бир аз ашып калганда, Кудай Лиза экөөбүзгө бир жакшы, белгилүү болгон басмакана менен келишим түзүү Анын эркине каршы экендигин айкын эле көрсөткөн. Жооптуу редактордун биринчи сунушунан мен баш тарткам, бирок Билам Балактын төрөлөрү менен биринчи жолу жолуккандай эмес.

Редактор мага күн сайын чалууларын улантып атты. Ал мага, менин кабарым Машайактын Денеси үчүн негизги маанилүүлүккө ээ жана дээрлик белгисиз авторлор аныкынан китептерин басып чыгарып, белгилүү болуп кеткендерин айтып жатты. Мен анын кошоматчылыгын бүт бойдон жутуп алдым. Ал убакытта менин эки китебим өз каражатыма жарык көрүп, көп деле эмес окурмандарга жеткен болчу. Мен ал басмакердин улуттук камтуусуна жана таасирине ээ болууну каалаган элем. Ал мага берген кабардын таралышын Кудай да каалап жаткандыгына карабастан, Анын убактысы али келе элек болчу. Сөз да, басмакер да андай болбош керек болчу. Баарынан да менин ниетим туура эмес болчу: мен атактуу болгум келди, башкача айтканда өзүмдүн текеберчилигимдин айынан статус жана аброй издегем.

Мен китептин белгилүү басмакер аркылуу жарык көрүүсүн ушунчалык каалаптырмын, Кудайдын айкын буйругуна, аялымдын кеңештерине жана кандайдыр бир белгилерге кайдыгер болдум, ошондуктан да бардыгы ойдогудай эмес болду. Ыйык Рух аркылуу болгон ички жетектөөлөрдүн эскертүүлөрү тынчып калды, анын ордуна дагы көбүрөөк каалоонун жалганчылыгы келди.

Басмакана башка штатта эле. Биз Лиза экөөбүз мындай чечимге келдик: ал учуп барып биздин уюмдун атынан келишимге кол коюп келмек болду, анткени ал нерсени кылууга менин убактым жок эле. Ал жөнөп кетээр күнү эрте менен биздин уулдарыбыздын бири өзүнүн кусундусу менен тепкичтеги килемди үйүбүздүн экинчи кабатына чейин булгап салыптыр. Биз баарын тазалап жаткан учурда аялым айласыз үнү менен: “Джон, Кудай мындай кылышыбызды каалабай турганын кантип эле көрбөй атасың?”

Мен кайраттуулук менен: “Жок, душманыбыз бизди үмүтсүздөндүрүп,

токтоткусу келип атат" – дедим. Эгер ушуну менен кыйынчылыктын бардыгы бүтүп калса, меники туура болушу мүмкүн эле. Бирок, иштер жакшы жүрбөй жатты, мен болсо байкабай аттым. Мен өзүмдүн күнөөмдүн күчү менен алданып калыптырмын.

Ошол күнү Лиза ал жакка барып, келишимге кол койду. Бир нече айдын ичинде менин жашоомдо баш аламандыктар болуп жатты. Тынчтыгым жоголду, анын ордуна бактысыздык менен кыйналуулар келди. Үч айдын ичинде мен эмне менен гана ооруган жокмун – ар кандай жугуштуу оорулар, суук тийүү жана башка физикалык алсыроолор болуп жатты. Басмакер менен иштерибиз жүрүшпөй жатты, биз эч нерсе жөнүндө сүйлөшө албай жаттык жана биздин кызмат миңдеген долларларын жоготту.

Ошентсе да, мени менен Биламдын отосунда бир айырмачылык бар эле: менин күйүп-жанган каалоом мени сокур кылып койгонун жана менден Кудайдын эркин жаап салганын акыры түшүндүм. Мага Кудайдын соту (жазалоосу) жетти. Пабылдын сөзүн эстеп көргүлө: "Ошондуктан көпчүлүгүңөр алсызсыңар жана оорулуусуңар, араңарда өлгөндөр да аз эмес. Өзүбүздү өзүбүз текшерсек, сотко кабылмак эмеспиз. Бул дүйнө менен бирге соттолбошубуз үчүн, Теңир бизди соттоп, жазалап жатат" (1Корунтуктарга 11: 30-32). Мен акыры өзүм жаратып алган жасалма кудайды көрүшүм үчүн, мага керексиз сыноолор керек болду. Мен өзүмдүн көк беттигим үчүн тобо кылдым жана ошол эле замат баары жакшы боло баштады. Бир аз убакыт өткөндөн кийин эле, басмакер биз менен болгон ишмердик мамилесин токтотууну каалаганын кабарлады.

Бир жылга жакын убакыттан кийин бир белгилүү басмакана менин башка – таарынычтан бошонуу жөнүндөгү жазгандарымды чыгарууну сунуш кылды. Кудай мага мындай деп сүйлөдү: "Буга чейинки басмакер сенин оюң болчу, бул басмакер – Менден". Мен буга чейин башыман өткөргөн жазалардын айынан, менин сыйынууларым да өзгөрүп калды. Элдер чыныгы боштондукка ээ болуулары үчүн, мен Кудайга дилгирленүү менен тил алчаак болгум келди. Бул Кудай тараткысы келген билдирүү болчу жана Бүгүнкү күндө "Шайтандын азгырыгы" деп аталган китептин сатылышы эки миллион нускадан ашты.

Мен сабак алдым жана бул акылсыздыкты башка кайталаган жокмун деп айткым келээр эле. Бирок, жашым кырктан бир аз ашканда, кайрадан эле мен үчүн айкын болгон Кудайдын эркине, аялымдын жана биздин кызматыбыздын кеңештерине кайдыгерлик кылып койдум. Ушунусунда алдоо дагы да күчтүүрөк болду, сыноолор, оорулар жана азаптар менен болгон жаза катуурак болду жана ал он сегиз айга жакын созулду. Мен

кайрадан өзүмө жасалма кудайды жаратып алганымды түшүндүм, бирок мага кымбат нерсе менен төлөөгө туура келди.

Мен толугу менен ишенем: Эгер Билам өзүн Кудайдын жүрөгү үчүн ачкан болсо, ал дагы да көбүрөөк утууга ээ болмок. Бирок, ал ошол бойдон өзүнүн бутпарастыгынан баш тарткан жок жана акыры Кудайдын сотунун алдынды өлдү (Нундун уулу Жашыя 13:22ни кара).

Кымбатууларым, меники сыяктуу болгон жол аркылуу сабак алганыңарды мен каалабайм. Мен ишенем, бул күчтүү билдирүү, мен башыман өткөрүүгө туура келген кереги жок ооруларды жана кыйынчылыктарды алдын ала жок кылууга силерге жардам берет.

## АРАКЕТЕНГИЛЕ

Эгер биз өзүбүздүн каалоолорбузду Кудайга багынтып бербесек, алар бизди Андан алыска алып кетет жана Ал бизди аларга берип салышы да мүмкүн. Кудай Жазуудан Өзүнүн эркин көрсөтүп койгонун көрө алабыз. Бирок, Анын эли жагымсыз нерсе сураган болсо, кийин ал сыноолордон өтүүгө мажбур болсо да, Ал анын эркин ишке ашырып койгон.

Бүгүнкү күндө да Кудай муну мурдагыдай эле кылып жатат. Ал биздин каалообузду, алар Анын эркине каршы болуп турса да канаатандырат, бирок биз каалаган батаны ала албай калабыз. Бул бизди оор жана жагымсыз жазага алып келет.

Бирок, биздин ага кабылуубуз шарт эмес. Тескерисинче, биз үчүн кандайдыр бир жакшы нерсе кыла ала турган Кудайга кайрыла алабыз. Ал көбүнчө биздин бардык каалоолорубузду аткара алат, бирок адилеттүү жолдор менен гана. Эгерде биз Аны ээрчий турган болсок, Ал бизди баталуу жолго алып келет. Бирок, каалаган жыйынтык Анын убакты-саатында гана келет. Силер каалагандай эмес, Ал Өзү каалагандай силерди жетелеши үчүн, Аны чакыргыла. Анын артынан дагы да ишенимдүү жүрүүңөр үчүн, бүгүн кандай кадам таштооңорду Андан сурагыла. Аларды жазып алгыла да, андан кийин аткара баштагыла.

# 17

# АДАШКАНДАР

Биз көңүл буруп жаткан нерседен алаксып кетпеш үчүн, келгиле бутка табынуучулуктун мааниси эмнеде экендигин кайталап карап көрөлү. Бул, ишенген же ишенбеген адамдар, Анын жолуна ылайык келбеген, өзүнүн жеке каалоолорун жана кумарларын канааттандырыш үчүн, Кудайдын айкын талаптарын четке каккан нерсе. Ошол себептен Пабыл минтип жазып жатат:

> "Билип койгула: ойноштук кылуучу, нике бузуучу, дүнүйөкор, башкача айтканда, бутка табынуучу Машайактын жана Кудайдын Падышачылыгында мураска ээ болбойт. Эч ким силерди маңызсыз сөздөр менен алдабасын. Ошондой кылган баш ийбес адамдар Кудайдын каарына калышат. Ошондуктан аларга шерик болбогула" (Эфестиктерге 5:5 – 7).

Кудайдын каары ишенбеген адамга келет, бирок Кудай ошондой эле бутпарастыкка берилген ишенген адамдарды, кайрадан Өзүнүн жүрөгүнө кайтарыш үчүн жазалайт. Бирок, ишенген адам Билам сыяктуу өжөрлөнүүнү жана Кудайга табынбоону улантса, аягы өлүм болгон сыяктуу оор болот. Пабыл ишенгендерге эскертип жатат: "...табиятыңардын каалоосу боюнча жашасаңар, анда өлөсүңөр" (Римдиктерге 8:13). Ошондой эле, Апостол Жакып да бизге эскертип жатат: "Кумар түйүлүп, күнөө туулат. Ал эми кылынган күнөө өлүмгө дуушар кылат. Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла" (Жакып 1:15, 16).

Бутпарастык акырындык менен таасир тийгизген уу сыяктуу –

бул, рухий криптонит. Өзүңөргө алар менен тамашалашууга уруксат бербешиңер керек. Бутпарастыктын желеси ичке жана бекем. Биламдын мисалын карап чыгуу менен, биз анын күчүнүн четин эле байкай алдык, эми болсо бир кадам алдыга таштайлы. Кудайдын Ысрайылдын башчыларына эскертип, кайрылганын кунт коюп окуп көргүлө:

> "Ошондо мага Теңирден сөз болду: Адам уулу! Бул адамдар өз жүрөгүнө жасалма кудайлардын кирүүсүнө жол бериשти, өздөрүнүн алдына өздөрүнүн күнөөсүнүн азгырыгын коюп алышты: Мен аларга жооп бере аламбы?" (Жезекиел 14:2, 3).

Жалган кудайларга табынуу айкелдер, бутпарастык курмандык жайлар жана ийбадатканалар менен гана чектелбесин биз кайрадан айкын көрүп турабыз. Кудай: "Алар өз жүрөгүнө жасалма кудайлардын кирүүсүнө жол беришти" – деп, шектенүүлөргө орун калтырган жок. Бул борбордук коомдук жайлардагы, бак - дарактардын астындагы же ийбадатканалардагы айкелдер эмес. Жок – бул буркандар адамдардын жүрөктөрүнө коюлган жасалма кудайлар. Алар өзүнүн ичинде Кудайдын эркине карама- каршы келген каалоолорду жашырышкан. Кудай минтип улантып жатат:

> "Ошондуктан алар менен сүйлөшүп мындай деп айт: Кудай-Теңир мындай дейт де: "Эгерде Ысрайылдан ким өз жүрөгүнө жасалма кудайлардын кирүүсүнө жол берсе, өзүнүн алдына өзүнүн күнөөсүнүн азгырыгын коюп алса, анан пайгамбарга келсе, анда Мен, Теңир, ага жасалма кудайларынын көптүгүнө жараша жооп берем" (Жезекиел 14:4).

Адам бутпарастык менен байланышы бар болуп туруп (карама-каршы каалоолорго байланган болуп), ыйык кызматкерге кеңеш, нуска же кандай болбосун бир окутуу алуу үчүн келсе, ал жооп алышы мүмкүн, бирок бул жооп Кудайдын эркине дал келбейт. Бул жооп Билам алган жоопко окшош болот. "Америкалык жаңы стандарттык Ыйык жазуу китебинен" которулганда бул аят мындай болуп угулат: "Мен, Теңир, ага толтура жасалма кудайларынын алдында анын иштери боюнча жооп бергенге келем".

Адамдын жалган кудайга табынуусун ашкерелегенден баш тартып, ага баары жакшы эле деп айтып жаткан кызматчыга берилген эскертүүнү угуп көргүлө (Байыркы Осуятта пайгамбарлар жана ыйыктоочулар кызмат башчылары болушкан; мындан ары мен азыркы кызматтын башчыларына тиешелүү сөздөрдү колдоном):

> “А эгерде пайгамбар азгырылып, ал Мен, Теңир, ага үйрөтүп койгонсуп сөз айтса, анда Мен ага каршы Өз колумду сунуп, аны Өз элим Ысрайылдын арасынан жок кылам” (Жезекиел 14:9, Англис тилинен котормо, AMPC).

Сыйынып жатканымда мен азыркы кызматкерлер, өзгөчө Батышта, кандай окутууларды таратып жатышат деп, көп ойлонуп, ыйлап, өтө кайгырган учурларым да болду. Мен азыркы күндө айтылып жана жазылып жаткан алсыз жакшы кабарлардын артында эмне турат деп Кудайга жалбарып, жооп берүүсүн сурандым. Кудайдын Руху, мага жоопту Жезекиел китебиндеги 13 жана 14-бөлүм аркылуу берди. Бул бөлүмдөр бүдөмүк окутуулардын, дайым болуп аткан күнөөлөргө, ашкерелерге кайдыгер болуунун артында эмне турганын көрсөтөт – бутпарастык. Эгер кызматчы, өзүн ээрчигендерди же даңкын жоготууну каалабагандыктан, толук эмес Жакшы Кабарды окутуп жаткан болсо, анда бул жөн гана жашыруун ач көздүк. Так ушунун айынан, калп окутуу гүлдөп аткан убакта, Жеремия мындай деген:

> “Анткени кичинесинен чоңуна чейин, булардын ар бири ач көздүккө берилген, пайгамбардан ыйык кызмат кылуучуга чейин жалган иш кылышат” (Жеремия 6:13).

Мен азыркы жыйындардын көпчүлүк бөлүгүндө криптониттин – рухий алсыздыктын көрүнүп турган аракеттерин тереңдеп карай баштадым. Мен өзүлөрүн ишенген адам деп атагандардын көпчүлүгүнөн нараазычылыктарды байкачумун. Алардын жүрөгүнүн абалынан, аларга “жашоодо жетпеген” нерсеге ээ болуу каалоосу туулчу (көбүнчө бул чыныгы талаптар эмес, бирок көпкө жана жакшыга ээ болсом деген суусоо жана табит болчу).

Ач көз каалоолору үчүн адашкан лидерлер, Жазуудагы таза эмес мүнөздөрдү ашкерелеген ыңгайсыз жерлерден качуу менен бирге, чындыкты издегендердин жашоосундагы күнөөкөр образды байкамаксан болуп, Жазууну ошого жараша окутушчу. Буркандарды күчөткөн жана ушундай каалоолор менен кумарларга түз кайрылган мындай бутка табынуучулук, кызматчыны же ишенген адамды кабарды же кеңешти кабыл алуудан ооздуктайт.

Жаңы Осуятта Пабыл, Жеремия жана Жезекилге окшоп келечектеги мезгилди пайгамбарчылык кылат:

> “Анткени адамдар туура окутууну кабыл албай, кошомат кылып сүйлөй турган окутуучуларды өз каалоолору боюнча тандап кала турган убак келет” (2Тиметей 4:3).

Убакыттын ошол мезгилине кош келгиле! Өзүлөрүнүн каалагандарын угууну каалаган изденүүчүлөргө керек болгон нерсе – бул, өзүлөрүнө окшогон ач көз “кызматчыларды” табуу.

Кудайдан корккон, жүрөгү таза лидер болсо, Кудайдын Сөзүндөгү бир дагы кеңешинен баш тартпайт. Жазууну өзүнчө бир санкциялар менен эмес, толугу менен кабыл алып жана аткарыш керек. Мындай лидер чындыкты айтып, оңдоп-түздөгөндөн коркпойт жана да дем берет.

Пабыл айтып жаткан кызматчылар өзүнүн абийири, сырткы көрүнүшү, бою, долбоорлору жөнүндө кам көрүшөт. Аларды керектүү жыйынтык же сыйлык менен ынандырса болот. Ошондуктан, аларды кабыл алышар-алышпастыгына карабай, Кудайдын Сөзүн туура жарыялагандын ордуна, алар өзүлөрүнүн угуучуларынын каалоолоруна карап сүйлөп, окутушат.

## Бир гана кызматчы чындыкты жарыялаган

Жүйүттөрдүн падышасы Жошапат, Ысрайылдын падышасы Ахаптын кызына туугандаш болуу менен, аны менен союздаш болуп калган. Бул достук Жошапатка пайдасы жок эле, анткени ал Кудайдан корккон адам эле, Ахап болсо – буркандарга табынчу. Бир нече убакыт өткөн соң Жошопат ысрайыл падышасына баруу үчүн Самарияга жөнөдү.

Ахап өзүнүн коногунан Жүйүттөрдү Ысрайылдыктар менен чогуу аскер топтоп, чогуу Сирияга чабуул коюуга чакыруусун суранды. Жошапат мындай деп жооп берди: “Эмнеге жок, албетте! Биз экөөбүз бир тууганбыз, менин аскерлерим сенин кол алдыңда, буйру. Биз албетте бул салгылашууда сага көмөк көрсөтөбүз”. Бирок анан: “Алгач Теңир эмне дейт экенин сурап көрөлү”- деп кошумчалады (2 Жылнаама китеби 18ди карагыла).

Ошентип, Ахап падыша Ысрайылдын эң белгилүү кызматчылары жана лидерлерин өзүнө чакырды. Алар Баалдын, Астарттын, Шемоштун жана башка жалган кудайлардын кызматкерлери эмес болчу, алар Теңирибиз Кудайдын кызматчылары болчу (алар  Яхвенин атынан пайгамбарчылык кылышчу). Ахап алардан согушууга барса болобу же жокпу деп сурады.

Кызматчылар бир адамдай: “...Бар, Кудай аны падышанын колуна салып берет” – деп айтышты (2Жылнаама китеби 18:5). Бул жетекчилер угуучуларга, өзгөчө маанилүү адамдарга, жалаң оң жана шыктандыруучу сөздөрдү гана айтууга үйрөтүлүшкөн. Алар Яхвенин кызматчылары

болгону менен, ач көздүккө чалынгандар болчу – алар бутпарастар болчу.

Булар Ысрайылдын эң сыйлуу адамдары жана алардын билдүрүүлөрү бардыгы үчүн талашсыз болгону менен, Жошпатка кеңеш жакпай калды. Кудайдын коркунучу ага айырмалоочулук жөндөмдүүлүгүн сактоого жардам берчү. Ал сурады: "...Бул жерде дагы Теңирдин пайгамбары барбы? Ошондон сурап көрөлүчү" (6 – аят). Ал билчү, сүйлөп жаткандар Яхвенин пайгамбарлары болчу, бирок бирдеме туура эмес болуп жаткандай сезилди.

Ахап: "...Дагы бир киши бар, ал аркылуу Теңирден сурасак болот, бирок мен аны жактырбайм, анткени ал мен тууралуу жакшы пайгамбарчылык кылбайт, дайыма жаман пайгамбарчылык кылат. Ал – Жимланын уулу Михей" (7-аят) деп жооп берди. Буркандарга табынган адам же мактоого көнгөн ишенгендердин коому үчүн, Жакшы Кабардын чыныгы кызматчысы жагымсыз, тажатма адам болуп көрүнүшү мүмкүн.

Михей Ахаптан эч нерсе каалап же күтчү эмес, ошондуктан ал айырмаланып турчу. Ал адамга караганда Теңирден көбүрөөк коркчу жана ийгиликке караганда Кудайдын макулдугун көбүрөөк каалачу. Яхве анын булагы болгонун ал билчү жана криптониттин таасиринин алдындагы падышага эмес, Ага жагууну каалачу. Бул нерсе ага, башка кызматчыларды талкалаган калптан алыс кармануугa жана тазалыкты сактоого жардам берчү.

Анда Ахап Михейдин артынан киши жөнөттү. Алар Кудайдан болгон чыныгы пайгамбарды күткөнчө, кызматчылар эки падышанын алдында пайгамбарчылыктарын улантып жатышты. Алардын бири – Бенжамин уруусунан болгон Седекия аттуу эврей, өзүнө темир мүйүз тагып туруп мындай деди: "...сен булар менен Сириялыктарды өлтүрө сүзөсүң", – деп жатат Теңир" (10-аят).

Ошол замат кызматчылардын бардыгы падышага кайталап айта башташты: "Гилаттын Рамотуна бар, жеңишке жетесиң, Теңир аларды падышанын колуна салып берет" (11-аят). Албетте өзгөчөлөнүп, бөлүнбөй башкалардын артынан кайталоо оңой, туурабы? Бардыгы сенин сөзүңдү ырастап жана ага макул болуп жатышса, биз андан да көбүрөөк демге толуп коопсуздукту сезебиз! Ооба, алар Ахаптын жүрөгүндөгү каалоону так ырастап беришти жана анын олжого ээ болуу калоосуна түз тийип жатышты – бутпарастык!

Кызматчылар биримдикте эки падышага кеңеш берип жаткан убакта, жиберилген адам Михейди тапты да, ага: "Пайгамбарлардын бардыгы бир ооздон падышанын жолу болот деп жатышат, сенин сөзүң да булардын айтканындай болсун, сен да жакшы сөз айт", – деди (2 Жылнама 18:12).

Кээ бир мени чакырган жана мага жакшы белгилүү болгон жыйындарда,

мен так ошондой сөздөрдү уккам. "Джон, элдерди шыктандырчы. Позитивдүү кабарлардан сүйлө. Аларга акыл үйрөт жана соорот. Сен бийик нотада аякташың үчүн, биз чогулушту шайыр ыр менен бүтүрөбүз. Биз алардын бардыгы жүрөгүндө жеңилдик менен кетишин каалайбыз". Жөнөкөй кызматчы Падышанын билдирүүсүн бурмалап коё ала тургандай! Эгер Анын билдирүүсүн алмаштырып сала турган болсок, биз Кудайдын пайгамбарлары сыяктуу сүйлөгөн өкүлүнө окшобой, элдин каалаганын бериш үчүн, Жаңы Осуяттын ар кайсы жагынан алынган Анын позитивдүү сөздөрүн гана сүйлөгөн жөнөкөй эле адам болуп калабыз.

Михей тайманбастан жооп берди, анткени ал мактанычка берилген эмес эле: "Теңир тирүү, Кудай эмне десе, мен ошону айтам" (13-аят).

О, Ата биздин убакта да, ошондой кыла ала турган лидерлерди жибер!

Михей Ахаптын алдына келгенде, башка кызматчылар жообун берип койгон, суроону ага да беришти. Михей какшыктап мындай деди: "Баргыла, жеңишке жетесиңер, алар колуңарга салынып берилет" (14-айт).

Ахап Михей аны шылдыңдап жатканына кейиди. Ошондо Михей аларды кызыктырган абалга тиешелүү болгон Кудайдын сөздөрүн айтты: "Бүт Ысрайыл уулдарынын кайтаруучусу жок жайылган койлордой тоо-тоого чачырап кеткенин көрдүм. Ошондо Теңир: "Булардын башчысы жок, ар кимиси өз үйүнө тынчтык менен кайтсын" – деди" (16-аят).

Ахап Жошпатка кайрылып мындай деди: "Мен сага айтпадым беле, бул мен жөнүндө жакшы пайгамбарчылык кылбайт, жалаң гана жаман пайгамбарчылык кылат" (17-аят).

Анда Михей Ахапка, аны эмне күтөөрүн айтканын улантты.

"Михей: «Теңирдин сөзүн уккула: Мен Өз тагында отурган Теңирдин Өзүн көрдүм, бардык асман кошуундары Анын оң кол тарабында да, сол кол тарабында да турушуптур. Теңир: "Гилаттын Рамоту менен согушууга барып өлүшү үчүн, Ысрайыл падышасы Ахапты ким азгырат?" – деди. Бири мындай, бири тигиндей деп айтышты. Теңирдин алдына бир рух келип: "Аны мен азгырам", – деди. Теңир андан: "Эмне менен?" – деп сурады. Ал: "Мен чыгам да, анын пайгамбарларынын оозунда жалган рух болом", – деди. Теңир: "Сен аны азгыра аласың, муну кыла аласың, бар, так ошондой кыл", – деди. Мына эми Теңир сенин пайгамбарларыңдын оозуна жалган рухтун кирүүсүнө жол берди, Теңир сен жөнүндө жакшы нерсе айткан жок», – деди" (18-22 аяттар).

Кудай Ахаптын жүрөгүндөгү бутпарастыкты (ач көздүктү) көрүп, ага жооп берди. Бул жакта Жезекиел жазып жаткан чындык мисалга келтирилген. Кудай жөн эле, түптүз, мурдакы бөлүмдөгү Биламдын жана

бул бөлүмдөгү Ахаптын жүрөгүндөгү бутпарастыкты ашкерелеп жаткан жок. Ал ошондой эле, бул пайгамбарчылыкты айткандарды да ашкерелейт.

Ахап уккусу келген билдирүүнү алды, бирок коргоо менен куткаруу алып келе турган Кудайдын чыныгы сөзүн четке какты. Ахап салгылашууга кетти. Аны сириялыктар таанымбай калышы үчүн, кийимин алмаштырып жанын сактап калса да, ага кокустан келген жаа тийип, күн киргенге чейин өлүп калды. Адамдан жашынып алсаң болот, бирок Кудайдан – эч качан!

Бүгүнкү күндө эмне болуп жатат? Бизге Кудай убада кылган коргоону, молчулук жана куткаруучулукту каалайбызбы? Же бизге кошоматчылык кылып тургандарды каалайбызбы? Калп үчүн түшүп калган олуттуу бактысыздык бизди күтүп турганда, биз "тынчтык" жөнүндө уккубуз келеби?

Биз бул жөнүндө, Жазуунун жарык жагынан ойлоно алабызбы? Эмне жакшы – Кудайдын сөзүнө баш ийүүчүлүктө узак мөөнөттөгү корголуубу же бизди бурчтун аркасында кутула алгыс өлүм менен сот күтүп турган учурда, кыска мөөнөттөгү үстүртөн болгон бата жакшыбы?

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Өзүлөрүн машайакчымын деп атаган көп адамдар, жакшы гана сөздөрдү уккусу келет. Ач көздүктөн же адамдан болгон коркунучу үчүн, көпчүлүк кызматчылар аларды ээрчигендерди шыктандыруучу гана сөздөрдү сүйлөгүсү келет. Мындай учурда бардык таттуу сөздөр жагымдуу угулат, бирок бул жетишсиз жана алар лидерлер менен ээрчигендерди жакшы эмес жакка алып барат.

Башында оор сезилгени менен, биз чындыкты угушубуз керек. Чындыкты уккан кандай оор болбосун, биз калпта жашаган учурда үстүбүзгө келген сыноолорго караганда ал жеңилирээк.

Силер чындыкты издеген адам боло аласыңар.

Кудайдан силердин жашооңор жөнүндө Анын чындыгын айтсын деп сурап баштагыла, силер билбей алданып жаткан нерселерди Анын ачып берүүсүн сурангыла. Келе жаткан күндөр менен жумаларда ой жүгүртүү үчүн, Ал силерге айта турган чындыкты жазып алгыла. Анан силер чындыкты, ал популярдуу же саясий жактан туура эмес болсо да айта алышыңар үчүн, Кудай силерди бекемдөөсүн сурангыла. Уруш-талашты чыгарбай, Михейдей болуп жооп бергенди билиш керек: "Кудайым мага эмне десе мен ошону айтам".

18

# ЖАЛГАН ЫЙСА

Силер ишенимдүү түрдө: “Дагы эмне деген жасалма Ыйса?” – деп ойлогондурсуңар. Бул бөлүм, ишенгендерди бутпарастыкка алып бара жаткан кадырбилгилүү, негизги элементти камтыйт. Бул аспект, эмне үчүн азыркы учурдагы аябай көп машайакчылар рухий криптониттин жеңил курмандыгы болуп, ал алардын ар бирин өзүнчө, ошондой эле бардык жыйынды күч жагынан уурдап жаткандыгынын чындыгын ачып берет.

## Силерди Өзүнө алып келди

Мен жогоруда айтып кеткендей, Ысрайылдын Мисирден чыгуусу биздин куткарылуубузду, биздин дүйнөдөн чыкканыбызды белгилейт. Муса  Ысрайылдыктарды Синайга алып барды, ал жактан ал, күйүп турган бадалдын жанынан Кудай менен жолукту. Муса, анын эли мындай жолугушууну башынан өткөрүүсүн каалаган. Эмне үчүн ал аларды убадаланган жерге ошол убаданы Берген менен тааныштырбай туруп, дароо эле алып кирип кеткиси келген жок? Алар Синайга келээр замат:

“Муса Кудай менен сүйлөшүү үчүн, тоого чыкты.

Тоодон Теңир ага мындай деп кайрылды: Жакыптын элине, Ысрайыл уулдарына мындай дегин: “Менин Мисирликтерге эмне кылганымды көрдүңөр, Мен силерди бүркүт балапанын канатына көтөргөндөй көтөрүп жүрүп, Өзүмө алып келдим” (Чыгуу 19:3,4).

Анын: “Өзүмө алып келдим” - деген сөзүн карап көргүлө. Бул билдирүү өз ичине биздин дүйнөдөн куткарылуубуз үчүн болгон кудайлык себепти камтыйт. Кудай силерди Өзүнө алып келди. Ал силерди каалайт, силер

менен сүйлөшүүнү каалайт жана силер менен Атасы менен балдарынын ортосунда болгон мамилени каалайт.

Кудай Өзүнүн элин бир нече жүз жылдарга уланган кулчулуктан кийин тосуп алып жаткандагы кубанычын элестете аласыңарбы? Лиза биздин ар бир төрт балабыз менен бойкат болуп жүргөндө, алардын төрөлүшүн чыдамсыздык менен күткөнүм эсимде. Мен узаак тогуз ай бою күткөм. Мен аларды колума алгым келчү, алар кантип өсүп жаткандыгын байкап-караганды, алардын үнүн укканды, алардын инсандык өзгөчөлүктөрүн түшүнүүнү жана алар менен ата-баланын ортосунда болгон мамилени курууну каалагам. Башкача айтканда, мен аларды эңсегем.

Кудайдын мамилеси да ушундай болгон, бирок ал тогуз айдан көп күткөн!

Ийгиликтүү жолугушуулар үчүн, адамдарга белгилүү бир түрдө даярдык керек болчу. Кудай айтты: «Элге барып, аларды бүгүн да, эртең да ыйыкта. Алар кийимдерин жууп тазалашсын. Үчүнчү күнгө даяр болушсун, анткени үчүнчү күнү Теңир бүт элдин көз алдында Синай тоосуна түшүп келет” (Чыгуу 19:10, 11).

Теңир Өзүнүн элине: “Мен силерди эңсеп турам, бирок жылуу жолгушуу өткөрүшүбүз үчүн, силер өзүңөрдүн кийимиңерден Мисирдин кирин жууп салышыңар керек. Мен силердин Атаңармын, бирок андан да Мен ыйык Кудаймын жана силер менен үстүртөн болгон мамилеге чыдабаймын” деди.

Өзүмчүл адамдар менен терең мамиле куруу мүмкүн эмес. Кудай биз үчүн Өзүн толугу менен берди, Ал биздин дүйнө кандай жашаса, ошондой жашашыбызга, айланадагы элдерди жана алардын мамилелерин жеке өзүнүн өзүмчүл каалоолорун канаатандырыш үчүн колдонуп жашоосуна жол бербейт.

Синайда эки күн өттү, үчүнчү күнү эртең менен Теңир Өзүн элге көрсөтүү үчүн түштү. Ал муну кылганда, алар коркунучтан титиреп, артка чегиништи. Алар Мусага айтышты: “Биз менен сен сүйлөш, сени угалы, биз менен Кудай сүйлөшпөсүн, болбосо өлүп калабыз” (Чыгуу 20:19).

Муса аң-таң болду. Аларды куткарып, кулчулуктан арылткандан алар кантип чегиништи? Кантип алар Жараткандын үнүн угууну каалашкан жок? Бирок, Кудайдын көңүлү калганын элестетип көргүлөчү? Ал бул учурду аябай эңсеген. Ал аларды Мусаны билгендей эле билүү учурун кызгануу менен күткөн. Бирок, алар Анын катышуусун четке кагышты.

Эгер менин балдарымдын бирөөсү мага: “Ата, сен мени менен жеке сүйлөшүшүңдү каалабайм. Бир туугандарым аркылуу сөздөрүңдү айтып жибересиңби” – деп айтса, мен өзүмдү кандай сезеримди элестете да албайм. Бул кандай жаман!

## Ыйык кызматчылыкты орнотуу

Элдер Аны менен жеке сүйлөшкүсү келбегендиктен, Кудай ыйык кызматчылыкты орнотууну туура көрдү. Ыйык кызматчы – бул, Кудайга адамдардын атынан сүйлөгөн адам. Эврейлерде Кудайдын сөзүн элдерге айткан Муса пайгамбары бар эле. Бирок, Кудай дайыма жана узаак мөөнөткө чейин болго мамилени куруу үчүн, ыйык кызматчылыкты орнотуусу керек болчу.

Анан Кудай минтип айтты: "Ылдый түшүп кел. Кайра өйдө чыгып келе жатканыңда, Арунду ала кел (Мисирден чыгуу 19:24). Бул нерсе Кудайдын башындагы планы болбосо да, Арун Анын биринчи ыйык кызматкери болот. Башында Ал алардын бары ыйык кызматкер болууларын каалаган. Алар Синайга келгенде Ал айткан: "силер Мен үчүн ыйык кызмат кылуучулардын падышачылыгы жана ыйык эл болосуңар. Сенин Ысрайыл уулдарына айта турган сөзүң ушул" (Чыгуу 19:6). Ал Ысрайылдагы ар бир адам Аны менен сүйлөшө алуусун каалаган.

Кудай Мусага, Арунду тоого ээрчитип келишин буюрду. Бирок, Арундун ошол жолугушууга келгендигинин жазуулары бизде жок. Кандайдыр бир себептерден улам ал станда, эл менен калып калган. Ал эми, Муса тоого жалгыз чыккан жана кырк күн, кырк түн ал жакта жалгыз болгон. Эмне үчүн Арун аны менен барган жок? Балким, ага Кудай менен болгондон көрө, эл арасында болгон ылайыктуудур? Балким, ал Кудай менен жалгыз калгандан корккондур? Биз жообун билбейбиз, бирок Арундун көп өтпөй ойго келбеген нерсени кылгандыгын билебиз.

## Яхвенин көчүрмөсү

> "Ысрайыл эли Мусанын көптөн бери тоодон түшпөй жатканын көрүп, чогулуп келип, Арунга..." (Чыгуу 32:1).

Эмне болду? Биринчиден, эл өзү аткаргысы келген каалоосу бар эле. Экинчиден, Арунда элди өзүнө тарта билген лидерлик сапат бар эле. Бул маанилүү суроо, анткени ал Кудайга тил алчаакпы же жокпу, элдер күчтүү лидерге тартылат. Лидердин артынан көпчүлүк адамдардын ээрчишинин өзү гана ал Кудайды чынында эле билээрин түшүндүрбөйт. Арунга элдер эмне деп жатканын угуп көргүлөчү:

> "...Бизди Мисир жеринен алып чыккан Мусага эмне болгонун билбейбиз, ошондуктан сен бизге бизди баштап жүрө турган кудай жасап бер" (Чыгуу 32:1).

Биринчи көңүл бура турган нерсе, - элдер: “Кудай менен эмне болгонун билбейбиз” – деп айтып жатышкан жок. Бул биз жакында карай турган маанилүү суроо.

Экинчиден, алар “бизге кудай жасап бер” деп жатканына көңүл бургула. Эврей сөзүнүн “кудай” деген сөзү – elohiym. Бул сөз Эски Осуятта 2600 дөн ашыгыраак жолу кездешет. 2250 жолу бул сөз Улуу Кудайга тиешеси бар. Мисалы, Башталыш китебинин биринчи бөлүмүндө отуз эки жолу кездешет. Ыйык Китептин эң биринчи аяты мындай дейт: “ Башында *elohiym* асман менен жерди жаратты”.

Дагы бир мисалды биз Мыйзам Кайталоо китебинде көрүп жатабыз (13:4): “Кудай (Яхве) Теңириңердин (*elohiym*) жолу менен жүргүлө, Андан корккула. Анын осуяттарын аткаргыла, Анын үнүн уккула, Ага кызмат кылгыла, Ага жабышкыла”. Силер Жазуу Кудайдын атын – Яхве деп, анан кийин болсо Ал жөнүндө *elohiym* деп жазып жатканын көрүп атасыңар. Ал Кудай, абсалюттуу, абройлуу жана эң башкы булак.

Бирок, Байыркы Осуятта 250 дөн ашыгыраак жолу elohiym деген сөз Дагон (1Шамуел 5:7) же Баал (1Падышачылык 18:21) дегенге окшогон жалган кудайды сүрөттөө үчүн колдонулат. Ошондуктан, сөз ким жөнүндө болуп жатканын билишибиз үчүн, бул сөздү биз дайым контекстте окушубуз керек.

Арун элдердин суранычына жооп берип, аларга алтын сөйкөлөрдү алып келишин буюрду. Ал алтынды ээритип, андан бизге белгилүү болгон музоону жасады. Музоо даяр болгондо адамдар: “Мына сенин кудайың, Ысрайыл! Сени Мисир жеринен алып чыккан кудайың ушул!” – дешти (Чыгуу 32:4). Эврей тилинде “кудай” деген сөз *elohiym* дегенди түшүндүрөөрүн эсиңерге салайын. Бирок, биз алардын сөзүнөн ким жөнүндө айтылып жатканын түшүнө баштайбыз – “сени Мисир жеринен алып чыккан!” Аларды Ким алып чыкканын жакшы билишкен, алар акылсыз эмес эле. Биздин баамдоолор кийинки аятта ырасталып жатат:

> “Арун муну көрүп, алтындан куюлган музоонун алдына курмандык чалынуучу жай жасап: Эртең Теңирге арналган майрам болот, – деп жарыялады” (Чыгуу 32:5).

“Теңир” деген сөз бул аяттын түп нускасында Яхве. CWSBнин коментарийинде мындай деп жазылган: “Бул сөз Ысрайылдын Кудайынын өз атына тиешелүү, өзгөчө Ал Өзүн Мусага көрсөткөн атына” (Чыгуу 6:2, 3). Салт боюнча Анын ыйыктыгына болгон урматтоону көрсөтүп, Кудайдын атын аташчу эмес. Кайра жаралуу дooруна чейин Байыркы Осуяттын

текстинде, эврей тилинде аны YHWH үндүү тамгалары жок жазышкан.

Бул сөз, ушул үзүндүдөн тышкары жалган кудайдын атына караштуу, Ыйык Китептин эч жеринде жазылган эмес. Болуп жаткан нерседе эч кандай катачылык жок. Арун менен эл ошол музоону карап жана аны Яхве деп атап жатканы акылга сыйгыс. Алар музоону Баал, Дагон, Астрата, Ра, Нефтида же дагы башка мисирлик кудайдын аты менен аташкан жок. Алар: “Мына, бизди Мисирден чыгарган Ра”- деп айтышкан жок.

Алардын айтканын эстеп көргүлөчү: “Биз Муса менен эмне болгонун билбейбиз”. Алар: “Биз Кудай менен эмне болгонун билбейбиз” – деп айткан жок. Алар Яхвенин бар экенин жана Ал алардын жашоосуна катышы бар экенин танган жок. Алар дагы деле Жахаба (Яхве) аларды куткарганын, айыктырганын жана камсыз кылганын моюнга алышат. Алар жөн гана Анын чыныгы кейпин, аларга каалагандарын берген, өзүлөрүнө ыңгайлуу болгон Яхвеге алмаштырып алышты.

Бул көрүнүштүн азыркы мисалы мындай: биз Лиза менен “Messenger International” уюмуна көп барабыз, бизде эң жакшы командабыз бар. Ошондуктан, келгиле кийинки абзацты жөн гана талкуулоо катары эсептейли, анткени биздин команданын мүчөлөрү эч качан андай кылбайт. Лиза экөөбүз лидерлер катары жумушта жана маданиятта өзүбүздүн принциптерибизди дайыма баса белгилейбиз, анткени алар биз үчүн маанилүү. Алардын кээ бирлери булар: биз өзүбүздүн командадан алар сегиз саат иштешсе да, тогуз сааттык жумуш кирешелүүлүгүн суранабыз. Биз жумуштагы атмосфера жеңил болушун, бардыгы саппаттуу иштөөсүн, адамдарды сүйүп жана ар бирине, өнөктөшүнө же башчысына, бизге кайрылгандардын баарына кызмат кылуусун, белгилүү бир күнүмдүк же бир жумалык маселелерди аткаруусун жана башка нерселерди каалар элек, тизмени уланта берсе болот. Мен оюман чыгарган Тим деген ат менен атап койгон биздин директор, жумуштагы жана сүйлөшүүдөгү маданияттык стандарттардын талаптарынын аткарылышына жооп берет.

Мындай учурду элестетип көргүлө, биз Лиза менен бир жакка кеттик, аткаруучу директор дагы жок. Тартип боюнча кийинки башчы, биздин каржы директорубуз Джордан (ат ойдон чыгарылган) болуп калат. Тим кетери менен, Джордан командага кулактандыруу жасайт: “Достор, Джон менен Лиза биздин командада шаңдуулук болуусун каалап жатат. Келгиле, диджейди чакырып, бийлөө жайын жасап, түстүү музыка жана түтүн менен кийинки бир нече күн бою кечелерди уюштуралы”.

Майрам уланып аткан бүт убакыт бою команда, алардан эмне суранышса, ошону кылдык деп “тобо кылышат”. Алар дайыма: “Биз

Джон менен Лизанын каалоосун аткарып жатабыз – алар бизде шаңдуулук болушун каалап жатышат," – деп айтышат. Анан кийин команданын мүчөсүнүн бири кыйкырат: "Достор Джон чалып атат. Мен ага майрам жөнүндө айтып берип жатам, ал биз үчүн ушундай кубанычта". Албетте бул калп, мен чынында эле чалып, ал жакта эмне болуп жатканын билсем, өзүмдүн командама аябай кыжырым келмек.

Эми элестетип көрөлү, аткаруучу директор Тим бизден эрте кайтып келди. Ал да аябай кайгырат. Ал музыканы, түстүү музыканы жана түтүн берүүчү машинаны өчүрүп, биздин командага өзүнүн оюнун баарын жашырбай айтат: "Джон менен Лизага бул жакпайт. Силер аларды туура эмес түшүндүңөр!" Анан ал биз курган маданиаттын карама - каршысына жол берген бөлүмдүн башчыларын жумуштан чыгарат.

Эми, ыңгайлуу болгон бул "Яхве" кудайын жаратып алган Ысрайылдыктардын жүрүм – турумун карап көргүлө:

> "Алар эртеси эртең менен эрте туруп, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен тынчтык курмандыгын чалышты. Анан эл ичип-жегени отурду, көңүл ачканы турду" (Чыгуу 32:6).

Бул Яхвенин майрам күнү. Лидерлер жана калган элдин баары Ага курмандык алып келип, анан аларды коё берет. Алар өзүлөрүн, кылган жумушу менен Яхвеге жагынып жатабыз деп ишендирген. Ал алардын тойгус ач көздүгүнө, тартиптсиздигине жана шаан-шөкөтүнө (менин оюмча жыныстык күнөөнү камтыган) каршы эмес деп ойлошот. Алар мындай жүрүм-турум Кудайга (Яхвага) жагат деп чечишкен, бирок чынында ал Ага эч жакпайт.

Эми алар бутпарастыктын эң бир алдамчы формасына кирип калышты. Алар Анан толук карама-каршысын - Яхвенин көчүрмөсүн жаратып алышты. Бул жасалма аларга кантип жана кандай жашагысы келсе, ошого уруксат берет. Негизинен алар Кудайга баш ийгенден (тил алгандан) баш тарткан бутка табынган башка элдерден эч нерсеси менен айырмалары жок. Пабыл алар "куру кыялдарга батышты" – деп айткан (Римдиктерге 1:21). Ысрайыл өзүнүн Кудайын Яхве деп атаса да, бутпарас элдердин булардан бир гана айырмачылыгы болгон, алар кудайларын Дагон, Баал, Хапи, Аммит, Сопду жана башка аттар менен аташчу.

Андан ары Кудай аткаруучу директор Мусага мындай деп жатат: "Тезирээк тоодон түш, анткени Мисир жеринен алып чыккан элиң бузулду. Алар тез эле Мен осуят кылган жолдон чыгып кетишти. Өздөрүнө алтындан музоо куюп алып, ага сыйынып, курмандык чалып: "Ысрайыл эли, сени Мисир жеринен алып чыккан кудайың мына ушул!" – деп жатат" (Чыгуу 32:7,8).

Муса кайрылып келди, ал отчётту талап кылыш керек эле. Биринчиден, өзүнүн ордуна калтырган Арундан, анан кийин башчылардан жана акырында элден. Жазылып турат: “Муса бул элдин баш бербес эл экенин, Арундун алардын бузулушуна, душмандарына шылдың болушуна жол бергенин көрдү. Муса стандын дарбазасынын жанына туруп: “Ким Теңирди ээрчигиси келсе, мага келсин!” – деди. Ошондо анын алдына Лебинин бүт уулдары чогулушту” (Чыгуу 32:25, 26). Алар биз сыяктуу эле жөн эле Анын атын айтып жана Ага ыр ырдоого эле келбейт. Биз Анын эркине жана Анын буйругуна жараша жашаганды чечип, Ал тарапты тандайбыз.

Ошентип, биздин алдыбызда бир нече маанилүү суроолор пайда болду:

Биздин башыбызга эмне келсе, ошону бере турган “кандайдыр бир Ыйсаны” өзүбүзгө жаратып алган жокпузбу?

Ал биз үчүн Өзүнүн канын төгүп, бизди куткарып, жана бизди дүйнөдөн бошотконун танбайбызбы?

Ал жөнүндө жана Ага, бизге асманга жол ачты деп ырларды ырдабайбызбы, бирок чынында болсо “биздин Ыйса” Атанын оң колу тарабында отурган Ыйса эмес болуп жүрбөсүн?

Биз өзүбүзгө Ыйсага окшош нерсени жаратып алган жокпузбу?

Мисирден чыккан ысрайылдыктар сыяктуу, алданган элдер жыйында көппү?

Дагы бир толуктоочу суроо: жанагы Мусага окшоп Кудайдын тоосунан түшүп, от менен сүйүүгө толгон жүрөгү менен, алдангандарды ашкерелей турган директорлор ким?

Эгер алар пайда болбосо, биздин жалганыбыз дагы да күчөйт. Криптонит биздин алсыздыгыбызды өлгөнүбүзгө чейин колдонот.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Азыркы заманда оңой эле мен Ыйсага ишенем деп айтып койсо болот. Ошентсе да, элдердин дээрлик бир бөлүгү машайакчылыкка каршы, анткени алар биз менен дүйнөнүн айырмачылыгын көрбөй жатышат. Машайакчылар Ыйсанын атын жарыялап, андан кийин Кудайды урматтайбыз дешет да, Ыйса жакшы көрбөгөн күнөөдө жашашат. Муса Ысрайылды отчётко чакырып эмне деди: “ Ким Теңирди ээрчигиси келсе, мага келсин!” Чыныгы машайакчылар көтөрүлүп өзүнүн бир туугандарын чындыкка келүүгө чакырууга убакыт келди.

Ыйсанын артынан ээрчүү деген нерсе - кымбат бааны төлөө дегенди

түшүндүрөт. Биздин өмүрүбүз бизге таандык эмес. Биздин эркибиз Кудайга табыныш керек, андай болбосо, Ал биздин Кудай эмес. Ал бизге бардык керектүү нерсени берерине ишенебиз. Машайакчылыктын чакыруусу ушундай – ооба, келгиле, куткарылууну кабыл алгыла, бирок силер өзүңөр үчүн өлүп жана жаңы жаралгандар болушуңар керек.

Машайакчылыктын чыныгы чакыруусун кабыл алгыла. Жаңы билгениңер менен мурда билгениңердин ортосунда эмнени көрүп жатканыңарды-бул темага болгон оюңарды жазып алгыла. Өзүңөрдүн үйүңөрдө же жыйыныңарда бул жөнүндө сүйлөшө турган адамды тапкыла. Ага бул чындыкты айтып бергиле.

# 19

# ЖӨНӨӨ ЧЕКИТИ

Яхве аларды куткарып Мисирден чыгарганын моюнга алып турушса да, Муса Кудайдын тоосунан кайткан кезде, Ысрайыл толугу менен бутка табынуучулукта болгону айкын. Биз мурда айтып өткөндөй эле, бутпарастык Кудай бизге айкын көрсөткөн нерсеге тил албастыктан тамырлайт. Биз Ыйса Машайакты өзүбүздүн Теңирибз жана Куткаруучубуз деп ишенип, бирок ачык эле Анын башкаруусуна баш ийбесек, бул бутпарастыктын эң жалган формасына айланып калат.

Келгиле, биздин “Messenger International” уюмдагы командабызда болгон мисалга кайрылып келдик деп элестетип көрөлү. Биздин директор Тим офиске кайрылып келип, ал жактагы шаан-шөөкөттү көрөрү менен, ал каржы директорубуз Джорданга кыжыры келет. Бирок, Джордан Тимге жеңил эле: “Биз Джон менен Лиза айтканын так эле аткарып атпайбызбы! Биз убактыбызды көңүлдүү өткөрүп жатпайбызбы!” – деши мүмкүн.

Тимдин жообу кандай болот? “Ооба Джон менен Лиза майрам атмосферасын каалашат, бирок алар бизге берген башка тапшырмаларчы, - күнүмдүк сегиз сааттык иш убактысында тогуз сааттык ишти аткаруу, бизге кайрылган ар бир адамга ачык болуу, күнүмдүк маселелерди аткаруу жана башкалар? Силер, алар берген бир тапшырмага гана көңүл буруп, калгандарына кайдыгер болуп койдуңар”.

Биз азыркы учурдагы жыйында ушуга окшош нерселерди кылып жаткан жокпузбу? Менин оюмча, биз Жаңы Осуяттан ушуга окшогон, өзүбүзгө жаккан тапшырмаларды таап алып жатабыз. Биз ишеним аркылуу, ырайым менен куткарылганбыз, Кудай аны бизге Өзүнүн ырайымы менен берип аткандан кийин, биз ал ырайымга татыктуу боло албайбыз деп

жарыялайбыз. Биз бири-бирибизди сүйөбүз, жашоо менен ырахаттанып жатабыз, бири-бирибизге кызмат кылабыз, даңктоо менен табынуунун жаңы ырларын ырдайбыз, биз жаңыбыз, биз жакшы башчыларбыз жана саламаттыгы чың коомду куруп жатабыз деп баса белгилейбиз. Биз мунун баарын дилгерленүү жана кызгануу менен жарыялайбыз. Мунун баары өтө жакшы ыкмалар жана алар Жаңы Осуятта бар.

Бирок, биз жошштуктун, ыйыктыктын, жыныстык жактан тазалыктын жана башка күнөөлөрдөн кармануунун маанилүүлүгүн сактабай, башка нерсеге ооп кетип жаткан жокпузбу, мисалы порнографияга?

Биз өзүбүздүн туугандарыбызды жана жакындарыбызды, Жаңы Келишимде жазылган бачабаздыктан, ойноштуктан, аракечтиктен, орой тамашалардан, бекер сөздөрдөн, кечирбестиктен, кейүүдөн, ушактан жана башка көптөгөн осуяттарда көрсөтүлгөн, эскертилген нерселерден качуудан сактап жатабызбы?

Ыйсанын биздин коомдун коюлган стандарттары жана ыпластыгы менен карама-каршы келбеген гана сөзүнө көңүл бурганыбыз биз үчүн туура болобу?

Биздин маданиятыбыздын таза эмес жолдорун ашкерелебеген Ыйсаны жаратып ала алабызбы?

Биз Анын коомчулук жакшы деп эсептеген гана сөздөрүн жарыялап жана Анын жек көргөн нерселеринен качып, аларды белгилебей коё алабызбы?

Биз өмүргө алып бара турган жол менен дарбазаны кеңейте алабызбы?

Адам бир нече сөздү кайталап койсо эле, автоматтык түрдө куткарылып кетет деп ишенебизби?

Биз чындап эле Ыйсага пародия жасап алдыкпы, Жазууда ачылган Кудайга окшош эмес башка кудайды ойлоп таптыкпы, Жаңы Осуятта коюлган суроолор менен темалардан атайын качып жатабызбы? Бул нерсени эч кимибиз четке какпашыбыз керектигин Пабыл ырастап жатат:

> “Ошондуктан бүгүн силерге айтып коёюн: мен эч киминердин каныңар үчүн жооп бербейм. Анткени мен силерге Кудайдын эркин толугу менен айткам” (Элчилердин иштери 20:26, 27, ОЖК).

Пабыл Жакшы Кабардагы жагымдуу сөздөрдү гана айткан эмес, ал Кудай бизге ачкысы келгендин барын жарыялоого умтулган. Ал Лиза экөөбүздүн каалагандарыбыздын жакшы гана тарабын сүйлөгөн, биздин каржы жетекчибизге окшош эмес. Мына дагы бир версиясы: “Мен силерге

Кудайдын бардык эркин жарыялоону өткөрүп жиберген эмесмин". Башка котормосунда: "Мен Кудайдын бардык оюн, планын жана кеңешин силерге жарыялоодон эч качан коркуп, карманып же уялган эмесмин" – деп айтып жатат (*Amplifed Classic* англис котормосу).

Эгер Жаңы Осуяттын ыңгайсыз окутуусунан кача турган болсок, анда биз Пабылга окшоп: "Мен эч кимдин өлүмүнө күнөөлүү эмесмин" – деп айта албайбыз. Эгер биз Жаңы Осуяттын негизги бөлүктөрүн жарыялагандан корксок, карама-каршысы чын болушу мүмкүнбү? Өзүбүздүн чындыгыбыз менен бөлүшүү биздин колдо, бирок биз андан качып атабыз. Биз чынында эле элдер эмки кызматка же үй чогулушуна келбей коёт деп коркобузбу?

Биздин машайакчылык маданиятта, Жазууда коюлган оор суроолордон качып жүргөнүбүздөн көп жылдар өткөндөн кийин, өзүбүздүн кылган кайдыгерлигибиздин түшүмүн азыр оруп жатабыз. Тилеке каршы, көп адамдар мыйзамсыздык жолу менен бара жатышат. Бул жакта сансыз мисалдарды келтирсек болот. Көп угуучулар билген, автор жана жыйындардын белгилүү спикери, таасирлүү бир кызматчы эсиме келип турат. 2016 – жылы ал өзүнүн ажырышканы жөнүндө жарыялады (каалаганыңдай түшүн). Ал күйөөсү менен ажырашып жана азыр мен бул китепти жазып жаткан учурда, ал аял киши менен жашап жатат жана аны менен баш кошоорун жарыялады.

Ал өзүнүн интернеттеги көрүүчүлөрүнө алардын биргеликте жашагандары туралуу жаңылыктарды чыгарып турат. Ал билдирүүсүнүн биринде өзүнүн өнөктөшү менен Ынтызарлык менен өбүшүп аткан сүрөтүн коюп, коментарийине анын өмүрлүк жолу бул мамилеге аны кантип алып келгенин жана анын ар бир учуру "ыйык" деп жазган. Жазуу ыйыктыкты минтип сүрөттөбөйт. Менин жүрөгүм ал үчүн ыйлап жатат. Бул "Жакшы Кабардын кызматчысы" Кудайдын алдында акмын жана адамдарга жардам берип, аларга кызмат кылып, аларды сүйгөнгө каалоом бар деп эсептеп жатат, бирок ал чындап жаңылып жатат.

Баарынан дагы, жүз миңдеген аны ээрчигендер тараптан толугу менен колдоп жана жактап жазган сансыз коментарийлер кооптондуртат. Анын жарыялары ал Кудайдын атынан чыгып жатам дегенин көрсөтүп турат, ага кошулгандар (интернетте) болсо, макул болуп жатышат. Анын популярдуулугу бир аз да азайган жок, тескеринче, улам өсүп жатат. Муну көрүп туруу кейиштүү, оор жана коркунучтуу.

Жакында эле өзүнүн бардык катталган адамдарына (интернетте) жана жыйынга, бачабаздык жуптар - бул Ыйсаны чыныгы ээрчигендер экенине

күмөн жок деп жарыялаган, Америкадагы Жакшы Кабар жыйнынын бир белгилүү лидири жөнүндөгү дагы бир кейиштүү окуяны мисалга келтирейин. Ал бул чечимдин пайда болгондугун, бачабаздар менен көп убакыт сүйлөшүүлөрдү өткөргөндөн кийин, алардын ортосундагы мамилеси эркек менен аялдардын ортосундагы мамиледен айырмасы жок экендигин тапкандыгы жөнүндө айтты. Жаңы Осуяттагы белгилүү бир аяттарга атайлап кайдыгер болуп жана Ыйык Китептин бардык контекстин четке кагуу менен гана мындай тыянакка келсе болот. Арун менен алтын музоонун окуясындай көпчүлүк адамдар лидердин сөзү менен чындыктан баш тартып кетет.

Бул трагедиялык жалган. Батыштагы кызматтын философиясында жасалма Ыйса пайда болду, ошондуктан күнөлүү адамдар үчүн чыныгы Куткаруучуну табуу кыйын болуп баратат. Биз мындай суроо беришибиз керек: “Чыныгы Ыйса ушундайбы? Кудайдын сүйүүсү ушундайбы? Чынында эле чыныгы сүйүү жакшылык, чыдамкайлык жана элге жардам берүү менен гана билинеби?” Биздин коомчулукта бул сапаттардын бардыгы туура, жакшы жана белгилүү. Ошентсе да, Жазууда берилген сүйүүнүн түшүнүгүн четке кага алабызбы: “Кудайды сүйүү деген – Анын осуяттарын аткаруу. Анын осуяттарын аткаруу кыйын эмес” (1Жакан 5:3).

Өзүбүздүн сүйүү жөнүндөгү түшүнүгүбүздү ойлоп табуу үчүн, биз чындап эле толук эмес Жаңы Осуятка макул болдукпу?

## Тобо кылуудагы зарылдык

Бул Жакшы Кабарды бурмалоо, тобо кылуунун жоктугунан келип чыккан жокпу? Чынында эле ошол аял – китептердин авторубу, ошол кайтаруучу жана башка кызматчылар, Ыйсанын артынан ээрчү үчүн күнөөдөн кармануу керектигин эч качан угушкан эмеспи? Же аларга биз үчүн стандарттык болуп калган: “Ыйса менин өмүрүмө кир жана мени машайакчы кылып кой” – деген, жөнөкөй сыйынуу менен гана сыйнууну үйрөтүштү беле?

Пабыл эмне деп айтып жатканын уккула:

> “Силерге пайдалуу боло турган нерселердин бардыгын айттым, силерди бүт эл алдында да, үймө-үй кыдырып да окуттум. Жүйүттөргө да, эллиндерге да тобо кылуу жөнүндө жана Теңирибиз Ыйса Машайакка ишенүү жөнүндө жарыяладым” (Элчилердин иштери 20:20,21).

Бир гана кабар! Биринчи кадам – бул күнөө үчүн тобо кылуунун зарылчылыгы! Тобо кылуу – бул Кудайдын баласы болуу үчүн сөзсүз

болгон нерсе, ал бизге тандоого сунушталбайт. Ошентсе да, көбүнчө, биздин куткарылуу жөнүндөгү стандарттык түшүндүрүүдө жана ага чакырууда көп колдонулбайт.

Бир нече жыл мурун, майрамдын биринчи күнүндө мага Ыйык Рухтун: “Марктын Жакшы Кабарындагы биринчи бөлүмдү оку” - дегенин уктум. Мен бир заматта аны окуп бүттүм да жана андан мурда көрбөгөн жаңы эч нерсе ала алган жокмун. Ыйык Рух: “Кайра окуп көр” – деди. Мен дагы бир жолу окуп чыктым жана кайра эле эч нерсе көрө алган жокмун. Ал ошол эле сөздөрдү үчүнчү, төртүнчү, бешинчи жолу кайталады. Мен бөлүмдү бир нече жолу окуп чыктым... жана кайра эле эчтеке көрө алган жокмун. Бул болжолу менен жети жолкуга чейин уланды. Акыры мен шашпай окуп көрдүм жана бул жолкусунда биринчи сүйлөм беттен чыгып калды:

> “Кудайдын Уулу Ыйса Машайактын Жакшы Кабарынын башталышы” (Марк 1:1).

Кийинки сөздөр мен үчүн ачкыч болду: “Мына, Мен өзүмдүн Периштемди Сенин алдыңа жөнөтүп атам, ал Сенин алдыңда Сенин жолуңду даярдайт”. Ал периште чөмүлдүрүүчү Жакан болчу. Ал “чөмүлдүрүү тобо кылуу” кызматын жүргүзчү. Чөмүлдүрүү деген кээ бир жерлерин гана эмес, толугу менен чөмүлүү дегенди түшүндүрөт. Толук тобо кылуу жөнүндөгү Жакандын Кабары – бул Жакшы Кабардын башталышы (жөнөө чекити). Чыныгы тобо кылуусу болбосо, Ыйса менен чыныгы мамиледе эч ким боло албайт.

Ошондо Ыйык Рух мага мындай деди: “Ар бир Жакшы Кабардын эң башында Жакандын кызматыжөнүндө жазылган. Жакандын окуясы Байыркы Осуяттын бир да китебинде жок, анткени бул кабар Жаңы Осуяттын Жакшы Кабарынын эң маанилүү бөлүгү болуп саналат”.

Андан ары Ыйык Рух мени Ыйсанын сөздөрүнө алып барды:

> “Анткени пайгамбарлардын китептеринде жана мыйзамда Жаканга чейин эле алдын ала айтылып келген” (Матай 11:13).

Мен өзүмдүн отургучуман секирип турдум да: “Бул так ошондой” – дедим. Ыйса: “Анткени пайгамбарлардын китептеринде жана мыйзамда Мага (Ыйса Машайака) чейин эле алдын ала айтылып келген” – деп айткан жок. Жок, анткени Жакандын толугу менен тобо кылуу жөнүндөгү кабары – бул Жаңы Осуяттагы жөнөө чекити. Силер Ыйса менен болгон мамилеге өзүнөрдүн күнөөлөрүңөр үчүн толугу менен тобо кылганда гана кире аласыңар.

## Тобо кылуу – бул биринчи эшик!

Джастин менен Анжеланын таржымалы жана анын нике жөнүндөгү кызыктай түшүнүгү жөнүндөгү таржымалды эстеп көргүлө. Ал өзүнүн мурдакы сүйлөшкөн жигити менен кош айтышкан эмес. Ал Джастинди аябай катуу сүйөт, ал анын эң жакын адамы, Ал өзүнүн убактысынын көп бөлүгүн аны менен өткөрүүнү пландаштырган. Ошентсе да, Джастин менен үй-бүлөлүк келишимге макул болуу үчүн, ага мурдакы жигиттери менен болгон (жан дүйнөлүк, эмоцияналдуу жана физикалык) мамилени кесип салуу зарыл экендигин эч ким айткан эмес. Бул чечим жөнөө чекити болуп калышы керек, же анын Джастин менен мамиледеги келишимге кирүүсүнүн мүмкүнчүлүгүнүн башталышы.

Тони менен жолугушууга бара жатканын билгенде, анын кыжырданганын көрүп ал аң-таң болду. Ал эмнеге кейиди? Ал түшүнбөй жатты: *"Ал кызганып жатабы?"* Ооба, ал кызганып жатат жана толугу менен ага акысы бар. Кудай бизди кызганып жатат, башкача болушу да мүмкүн эмес. Биз Аны менен келишимге киргенбиз, анан кантип ага ойноштордु тартабыз?

Жазуудагы Жакандын: "Тобо кылгыла! Анткени Асман Падышачылыгы жакындап калды" (Матай 3:2) – деген сөздөрү чынында кокустукпу?

Бул жөнүндө Жакан гана айтып жатабы? Жаңы Осуятта ошол эле сөздөрдү айтып аткан башка үндөр жокпу? Таптакыр жок! Ыйсанын сөзүн окуп көргүлө:

> "Тобо кылгыла! Анткени Асман Падышачылыгы жакындап калды" (Матай 4:17).

Биздин Теңирибиз жана Падышабыз, Кудай менен болгон узаак мамиле үчүн тобо кылуу керек жана кыйла зарыл экендигин билген. Бул критерийди Ал адамдардын Кудайга таандык экендигин белгилөө үчүн колдонгону таң калыштуу.

Бир аз кийинчерээк Ыйса кайсы шаарларда Өзүнүн кереметтерин көп көрсөтсө, бирок алар өзүлөрүнүн күнөөлөрү үчүн тобо кылбай жана Кудайга кайрылбай коюшкандыгы үчүн, ошол шаарларды айыптай баштады (Матай 11:20ны карагыла).

Эгер адамдын аткара турган милдети – "Кудайга кайрылуу гана" болсо, анда Ыйса башка эч нерсеге көңүл бурмак эмес. Бирок, Анджела өзүн Джастинге толугу менен арнаш үчүн, мурдакы мамилелерин унутуш керек болгондой эле, биз да өзүбүздү толугу менен Ыйсага беришибиз үчүн күнөлөөрүбүз үчүн тобо кылышыбыз керек.

Биз бул кабарды бир нече жолу көрүп жатабыз, анткени ал Ыйсанын

кабарынын негизи болуп саналат. Ал жарыялап жатат: “Мен тобо кылууга адил адамдарды эмес, күнөөкөрлөрдү чакырганы келгем” (Лукман 5:32). Тобо кылуу деген сөзгө көңүл бургула. Башка жерде болсо Ыйса бир топ адамдарга кайрылып: “Силерге айтып коёюн, андай эмес. Эгерде тобо кылбасаңар, бардыгыңар ошолорго окшоп өлөсүңөр” (Лука 13:3) дейт.

Кудайга тобо кылуусуз кайрылууга мүмкүн эмес – бул чындык.

Келгиле, Ыйсанын шакирттери Жакшы Кабарды кантип айтып бергенин, алар өзүнүн биринчи миссионерлик тапшырмасында эмнени жарыялаганын карап көрөлү: “Ошентип, шакирттер жолго чыгышты да, адамдарды тобо кылууга чакыра башташты” (Марк 6:12, ОЖК).

Адамдарды деген сөзгө көңүл бургула. Анткени тобо кылбаса куткарылуу болбойт, бул жөнүндө бардыгына айтып бериш керек! Тозокто күйүп аткан бай да тобо кылуу кандай зарыл экендигин билген:

> “Жок, Ыбрайым ата! Эгерде өлгөндөрдөн бирөө барса, алар тобо кылышат”, – дейт (Лука 16:30).

Машайактын тирилгенинен кийин эмне болду? Кабар чындап эле өзгөрүлүп кеттиби? Лука Ыйсанын шакирттеринин алдында пайда болгонун сүрөттөп жатат. Теңир аларды жүрөгүнүн катаалдыгы үчүн жемелеп, анан чындыкты түшүндүрүп жатат. Ал Ага чейин келген пайгамбарлардын сөздөрүн кайталап жатат.

> “Иерусалимдин элинен баштап, бардык элдерге күнөөлөрү кечирилиши үчүн тобо кылуу Анын ысымынан жарыяланышы керек” (Лука 24:47).

Пайгамбарлар алдын ала айткан кечиримди тобо кылуу аркылуу бир гана Куткаруучудан ала алабыз деп, апостол Петр да бул чындыкты ырастайт. Ал кызганыч менен изденгендерге Элүүнчүлөр күнүндө кантип куткарылууга болорлугун үйрөтүп аткан биринчи сөздөрүн окуп көргүлө:

> “Күнөөңөр кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, ар бириңер Ыйса Машайактын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлгүлө, ошондо Кудай силерге Ыйык Рухту белек кылат” (Элчилер 2:38).

Кудайга тобо кылуусуз кайрылуу мүмкүн эмес экендигин кайрадан көрүп атабыз. А Пабылчы? Ал чынында эле өзүнүн катын бутпарастар үчүн өзгөртүп салдыбы? Албетте жок:

> "...Мен асмандан болгон ошол көрүнүшкө каршы чыккан жокмун. Тескерисинче, адегенде Дамасктын жана Иерусалимдин тургундарына, андан кийин бүтүндөй Жүйүт аймагына жана бутпарастарга: Тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла, тобо кылганыңарга ылайык иштерди кылгыла" (Элчилер 26:19, 20).

"Алар тобо кылсын деп" деген сөздөргө көңүл бургула. Ал "алар тобо кыла алыш үчүн" же "тобо кылышса жакшы болмок" деп айтып жаткан жок. Албетте жок! Ал: "алар тобо кылсын деп" – деп жатат.

Бул талаптарды ар бир адамдын, жүйүттүн жана башка элдердин куткарылуусу үчүн, Кудай Өзү орноткондун Пабыл түшүндүрүп берип жатат:

> "Ошондуктан Кудай биздин билбестик кылып жүргөн убакыттарыбызды эсине албастан, азыр бардык жерде бардык адамдарга тобо кылууну буйруп жатат" (Элчилер 17:30).

Эгер силер Ыйсанын негизги окутуусун карасаңар, анда биринчи пункт кандай болорлугун билип эле турасыңар деп ойлойм:

> "Ошондуктан Машайак жөнүндөгү окутуунун алгачкы негиздеринен жеткилеңдер үчүн арналган нерселерге өтөлү. Биз өлүмгө алып бараткан иштер үчүн тобо кылуунун керектиги, Кудайга ишенүүнүн зарылчылыгы жөнүндөгү түшүнүктөргө кайра-кайра кайрыла бербейбиз" (Эврейлерге 6:1, ОЖК).

Бул Жаңы Осуяттагы ушундай буйрук берилген аяттардын бардыгы эмес. Бирок, өз күнөөсү үчүн тобо кылуу канчалык маанилүү экендигин көрсөтүү үчүн мен алардын арасынан жетишерлигин эле санап өттүм. Теңирибиз Ыйса Машайакта өз баш ийбестигиң үчүн тобо кылмайынча, ишенимге ээ болуу мүмкүн эмес.

Ошондуктан, биз порнографиядан баш тартпасак, өзүбүздү машайакчы деп эсептей албайбыз.

Эгер биз өзүбүздүн сүйлөшкөн кызыбыз же жигитибиз менен никеге чейин болгон жыныстык мамилебизди токтотпосок, өзүбүздү машайакчы деп эсептей албайбыз.

Машайакчы болгон соң, бачабаздык мамилелердиташташыбыз керек.

Эгер жашообузда жыныстык ыпластыкка жол бере турган болсок, өзүбүздү Ыйсанын шакирттерибиз деп эсептей албайбыз.

Эгер биз кечирүүдөн баш тартып жаткан болсок, өзүбүздү машайакчы деп эсептей албайбыз. Бул дагы толук тизме эмес.

Эгер биз Жаңы Осуяттагы буйруктарга тандап мамиле кылууну талап кылганды улантсак, анда биз өзүбүзгө "Ыйсанын көчүрмөсүн" ойлоп таап алдык. Биз жүрөгүбүздө алданып жатабыз, ишенимибиз жөн гана элес. Жазуу бизге эскертип жатат:

> "Сөздү угуучулар гана болуп, өзүңөрдү алдабастан, сөздү аткаруучулар болгула" (Жакып 1:22).

Эгер биз айтпасак, Кудайды издеген адамдар чындык жөнүндө кантип билет? Лидер болуп туруп, анан кантип биз ал жөнүндө кандайдыр бир жолдор менен өзүлөрү билип алат деп ойлойбуз? Биз аларга: "Сен Кудайдан жүзүңү буруп кеттиңби? Ал сени үйгө качан келет деп күтүп атат. Мени менен чогуу сыйын", - деген чакыруу менен кайрылсак, кантип эле ошол аларга болгон чыныгы сүйүү болсун?

Эгер биз ошондой деп ойлосок, анда биз Анджеланын ата-энесинен жана аны нике менен үй-бүлөгө үйрөткөндөрдөн эч айырмабыз жок. Алар ага – Джастинге күйөөгө тийгенди каалаcа, анда башка жигиттерин унутуу керектигин айтууну унутушкан. Же алар, акыр-аягы ал баарын өзү түшүнөт деп ойлошконбу? Эми Анджела түшүнбөй жатат. Аны сүйгөн жана алардын никелик келишимине чындап берилген Джастин болсо кыжырданууда.

Биздин угуучуларыбыз кандай адамдар болбосун, биз адамдарга айта турган бир гана Жакшы Кабар бар: биринчиден, бардык белгилүү күнөөлөр үчүн тобо кылуу, андан кийин Кудайга кайрылуу. Тобо кылуу болбосо, чыныгы ишеним да жок.

Азыркы кабар таратууда, ишенгендер Кудайды издеген адамдарга ишенип жана сыйынсын, анан өз күнөөлөрүнөн – бир нече жумадан, айлардан, балким жылдардан кийин баш тартсын деп айтышат. Бирок, бул адамдарда кийинчерээк тобо кылууга шыктануусу болбой калышы мүмкүнбү, анткени алар куткарылгандыгына күмөнү жок болуп калат да?

Анджела Джастинге күйөөгө чыгууну чечкенге чейин чындыкты билбегенине өкүндү. Эгер биз куткарылуу үчүн эмне керкектиги жөнүндө чындыкты айтпасак, анда биз так эле ошондой ызы-чуу болгон келермандарды өстүрүп аткан болобуз.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Жаңы Осуят тап-так кабар берип жатат: күнөөлөр үчүн тобо кылбаса куткарылуу жок деп. Дүйнө менен болгон мамиледен баш тартпай туруп, Ыйсага күйөөгө чыгууга болбойт. Жаңы жашоону башташ үчүн, эски жашоо үчүн өлүш керек.

Силер жок дегенде кандайдыр бир убакытка коомчулук менен иштеген адис болсоңор, анда өзүңөрдүн эң манилүү ойлоруңарды өтө таза жеткирүү керек экендигин бат эле түшүнөсүңөр. Эгер аны кылбасаңар, анда угуучуларыңар силерди түшүнбөй калышы мүмкүн жана силердин кабарыңар максатына жетпей калышы мүмкүн. Кудай муну билет. Ошондуктан, Ал биз тобо кылышыбыз керектигин түшүнүктүү эле көрсөткөн!

Азыркы учурда бул китепти окуп жатып силер бир нече жолу тобо кылгандырсыңар, бирок тобо кылуу зарыл экендигин бул бөлүм кандайча белгилеп жатат? Эми силер бул жөнүндө билгенден кийин, жашооңордо эмне өзгөрүлүп жатат? Силердин дүйнө, бир туугандар, жакын адамдарыңар жана күнөөкөрлөр менен болгон өз ара аракеттериңер кандай болуп алмашып атат? Тобо кылуу канчалык маанилүү экендигин түшүнгөнүңөргө жооп катары, силер өзүңөрдүн жашооңордо кыла баштай турган так аракеттерди көрсөтүп берүүсүн Кудайдан сурангыла. Адаттагыдай эле, ошол аракеттерди ишке ашыруу планы менен бирге, Ал силерге эмне айтканын жазып алгыла.

20

# ТОБО КЫЛУУ

Жогорудагы бөлүмдө биз Жазуудан: “өз күнөөлөрүңөр үчүн тобо кылгыла жана Кудайга кайрылгыла” – дегенди бир нече жолу окудук. Тобо кылуу – бул түбөлүк өмүрдү кабыл алуу үчүн тандама эмес, милдетүү түрдөгү шарт болгондуктан, келгиле, аны кененирээк талкуулап көрөлү. Бул чындыкты кантип ачканыбызга жараша, биз машайакчылар үчүн Кудай менен болгон жеке мамилени өрчүтүүдө, тобо кылуу кандай маанилүү ролду ойногонун көрө алабыз (эмки бөлүмдө).

Биринчиден, Жаңы Осуяттагы тобо кылуунун Байыркы Осуяттагы тобо кылуудан айырмачылыгы бар экендигин түшүнүшүбүз керек. Тобо кылуу учурунда Бакйыркы Осуятта Кудайдын эли зумбал кийим кийип, өзүнүн үстүнө күл чачкан. Алар каттуу өкүрүп, жерге кулап жана тобо кылуусун көрсөтүү үчүн көп көз жаш төгүшкөн. Бул өкүнүүнүн жана тил алчаактык менен таза жашоого кайтуунун сырткы көрүнүшү болгон. Антсе да, Жаңы Келишимде басым сырткы көрүнүшкө эмес, жүрөккө коюларын көрө алабыз.

## Жаңы Осуяттагы тобо кылуу

Жаңы Осуятта “тобо” (metanoia)  деген зат атооч жана “тобо кылуу” (metanoeo) деген этиш жыйырма төрт жолу жана отуз төрт жолу кездешет. Бул сөздүн эң кеңири таралган жана белгилүү аныктамасы – “акылдын алмашуусу”. Бирок, ушул эки сөзгө гана токтоло турган болсок, биз чыныгы ааныктаманын маңызын жоготуп алабыз.

“Baker Encyclopedia of the Bible” Ыйык Китебинин энциклопедиясы жарыялайт, тобо кылуу – бул “акылдын так өзгөрүшү, жөн гана жеке

пландардын, ой-максаттын же ишенимдин эмес, баарынан да күнөөкөр жашоо образынан адамдын толугу менен Кудай тарапка өзгөрүүсү" (курсив кошулган).

Мага адам толугу менен деген сөз аябай жагат. Мен өзүмдүн акылымды өзгөртө алам, бирок ошого карабастан, акырына чейин ишенбеген бойдон кала алам. Бул сөздөрдө окумуштуулар бир акылдын же маалыматтын өзгөрүлүүсү гана жетиштүү эмес экендигин көрсөтүп жатат. "Te Lexham Teological Wordbook" сөздүгү андан да терең аныктама берип, бекитип жата: тобо кылуу – бул "адам акылы менен эркинин багытын күнөөдөн алысыраак, Кудай тарапка буруу процесси".

Акыл албетте тобо кылууга катышат, бирок жалгыз ал жетиштүү эмес, тобо кылуу биздин эркибизди жана сезимдерибизди да кошот. Ал биздин ички адамыбыздын толуктугуна ынанган жерибизге чейин, жүрөгүбүздүн терeңине чейин кирет. Ыйса айтат:

> "Анткени жаман ойлор, киши өлтүрүү, нике бузуу, ойноштук кылуу, уурулук, жалаа жабуу, ушак жүрөктө пайда болот. Мына ушулар адамды арам кылат. Ал эми кол жуу расмисин аткарбай тамактануу адамды арам кылбайт» (Матай 15:19, 20).

Жүрүм-турум, күтүүсүз болобу же адаттагыдай болобу, ичиндеги адамдан чыгат. Эгерде чыныгы тобо кылуу үчүн биз интелектибизди гана өзгөртушүбүз керек болсо, анда Ыйса жүрүм-турумубуз биздин акылдан чыгат деп айтмак. Жазуу мындай дейт: "...жүрөгүндөгү ойлору кандай болсо, өзү да ошондой..." (Накыл сөздөр 23:7). Биздин жан дүйнөбүздүн жашоону кабыл алуусу, биздин кылганыбызды жана реакциябызды ошондой эле биздин өзүбүздү да аныктайт.

Балким, силер: "Менин жүрү- турумум мени аныктоосун каалабайм" – деп ойлошуңар мүмкүн. Мен макулмун, бул жагымсыз чындык, бирок биз Ыйсанын: "Аларды жемиштеринен билип аласыңар..." – деген сөзүн четке кага албайбыз да (Матай 7:16). Бизди биздин кылган иштерибиз эмес, ниетибиз аныктайт.

Бул нерсени билүү эле Жакшы Кабардын күчүн көрсөтүп жатат. Анткени, анда бул ички ойлорду өзгөртүүчү жөндөмдүүлүк бар. Ошону менен биздин жүрүм-турумубузду да өзгөртөт. Чыныгы Жакшы Кабар толтура эмоциядагы таасирленүүдөн же жаңыча ой жүгүртүүдөн эле билинбейт, бирок, чыныгы жаңыланган жүрүм-турумдун коштоосундагы терең өзгөрүлгөн кабыл алуу жана ынанымдан билинет.

Биздин жүрүм-турумубуз жана жашоодогу философиябыз Жараткандын

мүнөзүнө карама-каршы экендигине жан дүйнөбүздүн тереңинде көзүбүз жетип жана чындыкка карата ойгонгонубузда гана тобо кылуу келет. Жүрөк менен муну түшүнүү көз караштарды гана өзгөртпөстөн, калоолор менен иш-аракеттерди да өзгөртөт. Качан биз Кудай жактырбаган нерсени каалап жана сүйүп турганыбызды сезсек, анда биз ичибизде өзгөрүүгө бекем чечим кабыл алабыз. Ал иштердин баарын калтырабыз, ал тургай, аларды жек көрө баштайбыз. Тобо кылуу деген – бул, чыныгы баш ийүү. Ал эми, баш ийүү Кудайдын ырайымына жол ачат, ырайым болсо бизге күч жана такыбаа жашоого жөндөмдүүлүк берет.

## Ишенбеген адам

Ишенген адам да, ишенбеген адам да өкүнөт, бирок ар ар түрдүүчө. Келгиле, алгач ишенбеген адамды карап көрөлү.

Өткөн бөлүмдө биз Жаңы Осуятта Чөмулдүрүүчү Жакан, Ыйса жана Анын шакирттери кайталаган көп мисалдарды келтирдик: “Өз күнөөлөрүңөр үчүн тобо кылгыла жана Кудайга кайрылгыла”. Бул эки буйрук менен тыгыз байланыштуу жана бири-бирисиз болбойт. Б.а. бири-бирисиз мумкун эмес, анткени алар медалдын эки бетиндей. Библиялык тобо кылуу бардык мааниде Кудайга кайрылуу болуп саналат. Чындап Кудайга келген адам минтип билдирет:

> “Мен өзү үчүн эмне баарынан жакшы экендигин өзү билип жашаган адам болупмун, бирок көрсө таптакыр адашып жүргөнүмдү билдим. Эми мындан кийин мен бүткүл жүрөгүм, акылым жана иштерим менен Кудай мен үчүн эмнени жакшы десе ошону кабыл алам жана ошого ишенем”.

Мындай адам жүрөгү менен (б. а. ителекти, эмоциясы жана эрки менен) Кудайдын эркин аткарат. Мындан ары да Кудайдын үнүн угушу анын ажырагыс батасы болуп калат. Ыйсанын мындай деген сөзүн эске салалы: Кудайдын каалоосун аткаргысы келген адам, бул окутуу Кудайданбы же Мен Өз атымдан сүйлөп жатамбы, билип алат” (Жакан 7:17). Ишенбеген адам өкүнүп, өзүн өзү башкаруудан толугу менен Кудайга баш ийүүгө өтөт, ошентип анын жүрөгү Кудайдын үнүн угуу үчүн ачылат.

Ишенбеген адам чын жүрөктөн өкүнгөндө, алар бурканга табынуучулуктан баш тартып, толугу менен Кудайдын эркине баш ийип жана Аны угуп калат. Алар негизинде минтип жарыялашат: “Мен мындан ары Кудайдын Сөзүнөн жогору болуп кеткен ойлорду, ынанымдарды жана аргументтерди кабыл

албайм”. Пабыл тайманбастан туруп минтип жарыялайт:

> “Анткени күрөшө турган куралдарыбыз адамдык куралдар эмес, алар – чептерди талкалаган Кудайдын күчүнө ээ куралдар. Алар менен биз Кудайды таанып билүүгө каршы турган ар кандай ойлорду, менменсинүүчүлүктү талкалайбыз жана ар кандай ой жүгүртүүлөрдү Машайакка тил алдыруу үчүн туткундайбыз” (2 Корунттуктарга 10:4,5).

Кудайдын куралы – бул, Анын Сөзү, акылмандуулугу жана кеңеши. Денелик куралдар – булар, философия, маданият, каада-салт, мыйзамдар жана коомчулук кабыл алган, Кудайдын Сөзүнө карама-каршы келген жашоо образы. “Дүйнөдө денелик куралдар барбы?”- деп сурап көргүлө. Ооба, бул машайакчыларды жана ишенбегендерди компромисске барууга мажбурлаган дүйнөлүк система аркылуу тозоктон келип жаткан басым.

Жогоруда мисал келтирилген үзүндүдөн “талкалайбыз” жана “туткундайбыз” дегенге көңүлүбүздү буралы. Бул сөздөр Байыркы Келишимде, адамдар бутка табынуучулуктан баш тартканда көп колдонулган. Ысрайыл бийиктикте турган буркандарды талкалап, жер менен жексен кылып, жок кылышкан. (Алардын эмне кылганы эсиңерде болсун; бутка табынуучулуктун тамыры – белгилүү бир күнөөгө көнүп калган адат. Алар жөн гана айкелдерди эмес, мына ошолорду талкалашкан).

Пабыл мына ошол принципти айтат. Биз Машайактан алыстап кеткен адамдардын денелик ойлоруна карата Кудайдын Сөзүн колдонобуз. Мына ошого ылайык, угуучулар тобо кылышып, Кудайга каршы болгон катуулуктар менен ойлорду талкалап жана Анын кадыр-баркына баш ийбегендикти талкалашат. Негизинде өз күнөөсү үчүн тобо кылып, Кудайга кайрылып жана эркиндик алуу деген мына ушул.

## Философиядагы айырмачылык

Ошентип, биз азыркы дүйнөдөгү, айрыкча Батыштагы кызматтагы эң чоң философиялык айырмачылыктардын бирине келдик. Көптөгөн сандагы жетекчилер күнөөкөрлөргө биз жетиш үчүн Жакшы Кабарды жеткирүүдө ашкерелебеген жактарга көңүл бурушубуз керектигибизди айтышат. Башкача айтканда тобо кылууну талап кылган күнөөнү атабастан, позитивдүү бойдон калуу. Ушундай кылуу менен биз товарынын кемчилдиктерин эскертип койбостон, кардарды анын артыкчылыктарына ишендирүүгө аракеттенип жаткан соодагерге окшойбуз. Тилекке каршы, күнөөкөрлөргө жетүүдө ушуга

окшогон ойлор дээрлик стандарт болуп баратат.

Бул адашкан философиянын көрүнүп турган эки артыкчылыгы бар. Биринчиден, биз адамдарды “сабоонун” ар кандай мүмкүнчүлүгүнөн өзүбүздү ажыратабыз. Легализмде боор оору жок, ал көбүнчө адамдардын каалоосунан улам, кадыр-барктуу болуу, өз жүрүм-турумун көзөмөлдөй билүү, чынчыл болуу деген мыйзамдарга көңүл бурат. Легализм, өзүнүн катуулуктары менен Кудайды издеп бара турган жери жок адамдардын жан дүйнөсүн жаралантат, анткени Ыйсанын атынан чыгып жаткан адамдар менен институттар аларды “жок кылышкан”. Легализм көптөгөн адамдардын Кудай менен болгон чыныгы мамиледен оолактап кетишинин негизги себеби болуп калгандыр.

Ыйса легалдык “кызматтын” акыры эмне болорун бөлүп көрсөткөн:

> “...Асман Падышачылыгына адамдардын кирүүсүнө тоскоолдук кыласыңар. Өзүңөр кирбейсиңер, киргиси келгендерди да киргизбейсиңер” (Матай 23:13, ОЖК).

Ошентип, биздин легализмден кутулсак деген каалоолорубуз акталды, бирок такыр эле алыстап кетип калууга болбойт. Чындыгында эле биз ансыз деле зыян алып келип жаткан опурталдуу абалга түшүп калуу коркунучу үчүн Жаңы Келишимдин чыныгы кызматынан качабызбы? Биз чынында эле күнөөнү ашкерелөөдөн качып, легализмге багытталган ар бир нерсени четке кагып, тобо кылууга чакырбай калабызбы? Мындай кылуу менен биз, сууну гана эмес, аны менен кошо баланы да төгүп салып жаткан жокпузбу?

Ар бир нерсени өз аты менен атаган жакшы. Анткени азыркы кабар айтуунун нормасы болуп эсептелген нерсе Жазууга ылайык келбей калды. Эгерде бизге Библия тобо кылуунун зарылдыгын так көрсөтүп берип жатса, анда кантип биз тобо кылуусуз эле куткарылууну сунуш кылабыз? Биз жеткирип жаткан чектелген Жакшы Кабар аркылуу адамдар чындап эле куткарылып жатышабы?

Тобо кылуудан кетип калуунун экинчи “артыкчылыгы” мында, жаңыдан кайрылгандарды ээлеп алуу жеңилирээк жана чоң кызматтарды, жыйынды жана үй группаларын тезирээк түзүп алууга мүмкунчүлүк бар. Бирок, Арундун катачылыгынын артынан канчалаган адамдар ээрчигенин унутуп калбадыкпы? Биздин Кудайдын жүрөгү менен болгон байланышыбызды ээрчиген адамдардын саны аныктабайт да. Аныктоочу фактор – бул мүчөлөр эмес, - бул чындык.

Кантип эле биз Ыйсанын кандай баа төлөгөнүн унутуп калдык? Кантип

эле Анын бизге күнөөнү калтыруу тууралуу көп жолу айткан нускоосуна (өзүңдөн баш тарт) маани бербейбиз жана айкаш жыгачыбызды албайбыз (Ага баш ийүүгө толук даяр болуу)?

Эгерде биз кайталана бере турган күнөөлөрдү көргөзүп бербесек, анда Ыйсаны кабыл алган адам Кудайдын Сөзү боюнча эмес, коомдун стандарты боюнча жашаганды уланта берет. Коомдо никеге турбай эле өнөктөшү менен жашай бергенди, бачабаздык байланыштарды, атүгүл алардын никелешүүсүн, ичимдиктерди ашыкча ичүүнү, марихуана жана башка заттарды пайдаланууну, пас, көңүл ачуучу көрсөтүүлөрдү, видеороликтерди, фильмдерди ж.б. көрүүнү адаттагы эле иш деп эсептешет. Бул тизме дагы да улана берет. Ошол мезгилде ушуга окшогон нерселер Жаңы Осуяттын парыздарына түздөн-түз каршы келип турат.

## Асмандын стандарттары

Кантип эле Жаңы Осуятта парыздар бар? Ооба бар. Такыбаалык ойлорго жана иштерге чакырган андай парыздар беш жүздөн ашык. Кудайдын ырайымы тууралуу эң чоң аян алган апостол Пабыл минтип жазат: “Сүннөткө отургузулуу же отургузулбоо маанилүү эмес, маанилүүсү – Кудайдын осуяттарын аткаруу” (1Корунттуктарга 7:19).

Мисалы, Кудай никеде болбогон жыныстык катнашка тыюу салынып гана калбастан, ал сотко дуушар болот. Төмөндө Жазуудан келтирилген аяттар – бул, бекер сөздөр эмес:

> “Билип койгула: ойноштук кылуучу, нике бузуучу, дүнүйөкор, башкача айтканда, бутка табынуучу Машайактын жана Кудайдын Падышачылыгында мураска ээ болбойт. Эч ким силерди маңызсыз сөздөр менен алдабасын. Ошондой кылган баш ийбес адамдар Кудайдын каарына калышат” (Эфестиктерге 5:5,6, ОЖК).

Дагы башка жерде:

> “Никеңер адал болсун, нике төшөгүңөр булганбасын. Бузулгандар менен нике бузгандарды болсо Кудай соттойт” деп айтылат (Эврейлерге 13:4).

Бул сөздөр никесиз сексdefinitely гана байланыштуу эмес, ошондой эле порнографияга, дагы башка сексуалдык туура эмес мамилелерге тиешелүү. Эгерде биз аларга айтпасак, анда Кудайды издеп жаткан адамдар кантип

муну билишет? Биз алардан чындыкты жашырып кала турган болсок, анда Кудай үчүн жеткибиз келип жаткан адамдарды сүйөбүзбү?

Кудай ачык-айкын айтып жаткандай, ойноштук кылуучулар, бачабаздар, уурулук кылуучулар, аракечтер (анын ичинде баңги заттарды пайдалангандар дагы) ж.б көптөгөн адамдар боло берет деп эсептеген нерселер Кудай Падышачылыгын мурасташпайт.

> "Же эмне, адилетсиздердин Кудайдын Падышачылыгын мурас-табай тургандыгын билбейсиңерби? Алданбагыла! Ойноштук кылуучулар да, бутка табынуучулар да, нике бузуучулар да, аял жандуулар да, бачабаздар да, уурулар да, дүнүйөкорлор да, аракечтер да, ушакчылар да, талап-тоноочулар да Кудайдын Падышачылыгын мурасташпайт" (1Корунттуктарга 6:9,10).

Чыныгы сүйүүгө жана боор ооруга ээ болбогондуктун айынан легалисттер көп зыян алып келишкен. Алар адамдарды өзүлөрү жактырган жүрүм-турумга мажбурлоо үчүн курал катарында Жаңы Осуяттан сөздөрдү алып өз жеке ойлорун кошуп айтышкан. Бирок биз өз реакциябыз менен бир учуна чыгып кетип, анан Ыйсанын парыздарын жарыялагандан, Анын өзү айткан жана Анын апостолдору айткан нерселерден качып калган жокпузбу?

Бир нече убакыт мурда мен Корунттуктарга жазылган биринчи Каттын ушул үзүндүсү боюнча бир чооң, белгилүү жыйында насаат айттым. Менин артынан бир топ сериялары улана турган биринчи насаатымдан кийин жыйындын кайтаруучусу мага калган насааттарда бачабаздык деген сөздү эскертпешимди суранды.Тагдырдын тамашы менен ошол көз ирмемде биздин аныбызга жыйырма жылдан ашыгыраак убактан бери башка аял менен ынак мамиледе болуп келе жаткан бир плицейский аял кеоип калды. Анан ал ыйлап минтип айтты: "Мага бүгүн насаатчы айткан "Жакшылыкпы же Кудайбы" деген китеп керек. Джон бугүн тууралуу айтты".

Эгерде биз кызматыбызда өз философиябызды колдоно бере турган болсок, анда адамдар асмандын стандарты тууралуу кайдан билет? Жакан чөмүлдүрүүчүнүн катын эстеп көргүлө. Анын окутуусу ошол мезгилдеги коомдо толуп бараткан кунөөлөрдү ашкерелеген. Өзүнө байлык чогулткандарга байлыгын кедейлерге таратып берүүнү, уурдагандарга эми уурдабоо керектигин, алсыздарды таарынткандарды эми таарынтпоо керктигин, жумушчуларга болсо өз сыйлыктарына ыраазы болууну айткан (Лука 3:10-14тү карагыла). Адамдар какыраган чөлдөргө барышкан, анткени алар чындыкка суусап турушкан. Ал айткандарды угуп, эстерине келишип, кунөөлөрүнөн тобо кылышкан. Алар дагы жыйындагы полицей

аял кылгандай кылышкан. Алар мурда өзүлөрүнүн жашоодогу тандоосуна маани бербей жүрө беришкен.

Жакан чөмүлдүрүүчү элдин көзүнчө эле Ирод падышаны ашкерелеген. Ал өз бир тууганынын аялы менен ынак мамиледе болуп алуу менен, Кудайдын Сөзүн бузуп жаткандыгын айткан. Кийинчерээк ал чындыкты айткандыгы үчүн өмүрү менен жооп берген. Ал таасирдүү башкаруучуга жакканга аракеттенген эмес, бирок урматка татыктуу болгон. Эгерде Жакан Ироддун күнөөсүн ашкерелебегенде, Ал узагыраак жашайт эле. Бирок узакка созулган натыйжага маани бергиле: бир нече убакыт өткөндөн кийин көптөгөн адамдардын алдында Ыйса Жаканга урмат көрсөткөн (Матай 11: 7-15 ти карагыла). Анан элестетип көрсөңөр, анын Сот күнүндө ала турган түбөлүк сыйлыгын. Жакан күнөөкөрлөрдүн куткарылып калышы үчүн, асмандын талаптарына моюн сунууга даяр болгон.

Ошол эле нерселер боюнча Пабыл да жазгандарында жана насааттарында анын мисалын ээрчийт. Анын күнөөкөрлөргө жиберген каттары абдан таза болгон, ал баарын: «…алар тобо кылышты жана Кудайга кайрылышты, тобо кылгандарына жараша иштерди кылышыт” (Элчилер 26:20). Ал Тиметейге мындай тапшырма берген: “Кудайдын сөзүн айт, аны ыңгайы келсе да, ыңгайы келбесе да айтууга даяр бол, ашкереле, тыюу сал, акыл-насаат айт, чыдамдуулук менен үйрөт” (2Тиметей 4:2, англис тилинен которулду, AMPC). Башка кызматчыга ал минтип айткан: “Ушуну бийлик менен айт...” (Титке 2:15, ОЖК).

Пабыл компрмисске орун калтырбайт. Бир жолу анда мамлекеттин таасирлүү лидери Феликс жана анын аялы Друзиллеге Жакшы Кабар айтууга таң калаарлык мүмкунчүлүк түзүлөт. Улуу апостол аларга кубана турган, жандана турган насаат айтуунун ордуна таптакыр башкача кылды. Бул тууралуу мындай деп айтылат:

> “Бир нече күндөн кийин Феликс өзүнүн жүйүт аялы Друзила менен келди да, Пабылды чакыртып алып, Машайак Ыйсага болгон ишеним тууралуу укту. Пабыл адилеттик, өзүн өзү тыюу жана келечектеги сот тууралуу айта баштаганда, Феликсти коркунуч басты. Ошондуктан ал: «Азыр бара бер, убакыт болгондо өзүм чакыртып алам», – деди (Элчилердин иштери 24:24, 25).

AMPC англис тилинен которулган котормодо дагы да айкыныраак жазылган: “...Пабыл адилеттик, өзүн өзү тыюу жана келечектеги сот тууралуу айта баштаганда, Феликстин тынчы кетип, коркуп, анан: “Кеткин ары” деди”.

Таржымалды толугу менен окуй турган болсок, Феликс өлө турган жашоодо Кудай жөнүндө уккусу келип, Пабылды чакырткан. Башкаруучу жараткан менен белгилүү бир мамиледе болууну каалаган. Аны Кудайга кызыккан, жыйынга барган, бирок алы куткарылуу ала элек адамга окшоштурсак болот. Пабылдын насааты Феликсти ал өзу арылгысы келбеген күнөөлөрү үчүн ашкерелеген көрүнөт, ошондуктан ал коркунучка кептелип, Пабылды жөнөтүп ийгендир.

Бүгүнкү күндө аны ишенбеген таасирлүү адам Кудайга кызмат болуп жаткан учурда залда ордунан туруп: "Мен эми бул жакка келбейм, силердин насаат сөзүңөр мени чоочутту!" деген адамга окшотсок болот. Эмне үчүн чоочутту? Балким, ал насаат аркылуу ашкереленген күнөөдөн баш тарткысы келбейттир?

Эгерде Пабыл азыркы батыштык философияга ылайык келгендей насаат айткан болсо, анда анда анын кабары болжол менен мындай болсо керектир эле: «Феликс, Кудай сени сүйөт. Сен куткарылышың үчүн, Ал Ыйсаны сен үчүн өлгөгө жиберди. Аны өз жүрөгүңө кабыл алгың келеби? Эгерде ооба дей турган болсоң, анда мени менен чогуу бул сыйынууну кайтала: "Ыйса, менин жүрөгүмө кир жана мени Кудайдын баласы кыла көр"». Ошону менен бүттү.

Бирок, баары башкача болду – Феликс Пабылдын сөзунөн коркуп кетти. Феликс өзү кетирген күнөөлөрү үчүн тобо кылуу жолу менен гана машайакчы болуп калаарын апостол билген. Эгерде Пабыл аны менен аны кийинчерээк аны жандандырган күнөөкөрдүн сыйынуусу менен сыйынган болсо, анда Феликс алданып калмак. Ал жогорудан төрөлдүм деп ишенип калмак да, чындыгында куткарылбаган бутпарас бойдон эле жүрө бермек. Пабыл жыйынга криптониттин таасирин киргизип коймок. Бирок, Ыйса Машайакка ишенимдүү кызматчы болгон апостол ага жол берген эмес.

Мен билем, мунун баары силкинтип жибергендей туюлат, бирок бүгүнкү күндө биз, Жакшы Кабарды таратуучулар так ушундай кылышыбыз керек.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Азыркы жыйындардын көпчүлүгү "куткарылуу сыйынуусу" менен сыйынгандардан, б.а. Ыйсанын биздин күнөөлөрүбүз үчүн болгон курмандыгын моюнга алган, Аны өз жүрөктөрүнө чакырган адамдардан турат. Элестетип көрсөңөр, эгерде лидерлик команда адамдарды күнөөлөрү үчүн тобо кылып жана Кудайга кайрылууга чакыра баштаганда силердин

жыйыныңар кандай болоорун элестетип көрсөңөр. Кандайча ойлойсуңар, канча адам калмак жыйында?

Бул тууралуу бир ойдон кээ бир адамдар, айрыкча жыйындын лидерлери кыжырданышмак. Элестетип көрсөңөр, ошол калган адамдар кандай адамдар болушмак. Ойгонуу тууралуу насаат айткан насаатчылар жыйындарды кыдырышканда, кабарды уккандарстулдарды кармашып, катарлардын арасына кыйкыра жыгылышып, Кудайдан куткаруусун сурап, жалынып-жалбарып ыйлашкан.  Мына ошол адамдар (миңдеген) дүйнөнү өзгөртүшкөн. Бүтүндөй шаарлар кунөөдөн Кудайга бурулушкан.

Тобо кылуу жөнүндөгү насааттар балким биздин жыйындарды суюлтаар, же тескерисинче аны адамдарга толтураар. Кудайдан тобо кылуунун потенциалын сурагыла, андан кийин Ал ошол потенциалды силердин жана силердин жыйыныңарга жиберсин деп Ага сыйынгыла.

# 21

# ҮЧ ПАДЫША

Бул китепте жазылгандар мени Байыркы Келишимдеги алты бөлүмдү окуп чыгууга түрткү берди.

Акыркы кырк жыл ичинде мен Шемуелдин эки китебин, эки Падышачылыкты жана Жылнааманын эки китебин көп окудум. Бирок жакында мен сыйынып окуганымда мен алардын ушунчалык ойлуу жана усулдуу экендигин мурда болуп көрбөгөндөй байкадым. Мен мурда байкабай жүргөн нерселерге Кудай көзүмдү ачкан кезде, мен абдан таң калдым.

Мындан ары бул китептерге бир аз академиялык жана абийирлүү анализ керек. Бирок, мен Байыркы Келишимдеги падышалар тууралуу окуялардын жалпы көрүнүшүнөн кыскача сунуштабасам, анда мен чыгарган бүтүмдөр көп пайда алып келбей калат. Алардын жашоо таржымалдарын карап көрүү менен, биз күчтүү чындыкты көрө алабыз. Бирок, эгерде бардык алты китепти толугу менен окуп чыга турган болсок, ал чындык анча деле көзгө көрүнө бербейт, анткени аларда көптөгөн башка сюжеттердин да кошулуп кеткен жактары бар.

Мен мурда бул китептерди окуп чыкканда дайыма пайдышалардын негизги эки коатегориясы бар экендигин ойлочумун – “Теңирдин көз алдында жагымдуу иштерди кылгандар” жана “бутка табынуучулар”. Ошентсе да, мен убакыттын өтушу менен падышаларлдын үч тобу бар экендигине көзүм жетти.

Чындыктын баары мына мында: алардын бирөөсү да Кудайдын көз алдында жагымдуу болгон нерселерди кылышпаптыр. Жейу падыша гана

алардан башкача болгон, бирок ал дагы жашоосунун акырында башка жакка кеткен. Келгиле, Жүйүттөн баштайлы. Шабыл, Дөөт, Сулаймандан башка Жүйүттү жалпысынан алганда жыйырма падыша башкарыптыр. Таза эмес падышалардын катарына Рехабам, Абиям, Жорам, Ахазия, Аталея (хабыша), Ахаз, Менаше, Амон, Жаахаз, Жайаким, Жайахин жана Ситкия кирген. Бул падышалардын башкарган убагында эл чыдай алгыс кыйынчылыктардан жана душмандардын басып киришинен азап чегишкен. Бул нерселердин мамлекетке тийгизген зыянын чагылдыруу да мүмкүн эмес эле.

Кудайга жаккан нерселерди кылган падышалар да болгон. (Мисалы: Дөөт, Сулайман, акыркы жылдары Сулайман Кудайдын парыздарын аткарбагандыктарына карабастан). Бөлүнүүдөн кийин бул падышалар болгон: Аса, Жошапат, Жааш, Аматсия, Узия, Жотам, Хиския жана Жошия. Бул тизмедеги сегиз падышаны эки категорияга бөлсө болот. Биринчиси – өзүлөрүнүн жеке жашоосунда Кудайга жаккан нерселерди кылган, бирок эл ичинде табунуу үчүн коюлган бийик жерлердеги буркандарды талкалабаган падышалар болгон.

Экинчи категориядагы падышалар өз жеке жашоолорунда гана Кудайга жаккан иштерди кылып калбастан, эл арасында табынуу үчүн бийик жерлерге орнотулган буркандарды да жок кылышкан. Бул падышалардын учурунда буркандарды талкалабаган падышалар башкарган жылдарга салыштырмалуу мамлекеттин бир топ өнүгүп-өскөндүгү байкалып турган. Келгиле, алардын ар бирин карап көрөлү.

1. Дөөт. Анын падышычылыгынын убагында өлкөдө буркандарга табынуу болгон эмес. Ал адамдарды бүткүл жүрөгү, акылы, жаны жана денеси менен Кудайга кызмат кылууга ынтаалуулук менен чакырган. Анын падышачылыгы абдан бай болгон. Өзүнөн кийин ал өз ордуна падышачылыкты ийгиликтүү байкарып баштаган өз уулун койгон.
2. Сулайман. Падышачылыгынын белгилүү учуруна чейин ал өз атасы Дөөттүн изин улаган. Натыйжада анын өз жашоосу гана эмес, ага ишенимдүү болгондордун жашоосу да эң жакшы болгон. «Сулаймандын көзү өткөнчө, Дандан Бейер-Шебага чейин жаткан Ысрайыл менен Жүйүт эли өздөрүнүн анжыр жыгачынын, жүзүм багынын астында бейкапар жашады» (1 Падышалар 4:25). Элестетип көрсөңөр, эч ким мамлекеттин колдоосуна муктаж болгон эмес, анткени молчулук өкүм сүрүп турган. Анын падышачылыгы ушунчалык улуу болгондуктан, ага «Сулаймандын акылмандыгы жөнүндө уккан жер үстүндөгү бардык падышачылыктардан,

бардык элдерден анын акылмандуулугун угуу үчүн келип турушчу» (1Падышачылык 4:34). Андан ары минтип жазылып турат: «Кудай тарабынан берилген Сулаймандын акылмандуулугун угуш үчүн, жер жүзүндөгү бардык падышалар Сулайманды көргүлөрү келген» (1Падышачылык 10:24). Анан дагы минтип жазылып турат: «... аны ийгилик коштоп жүрдү. Бүткүл Ысрайыл эли ага баш ийип турду» (1Жылнаама 29:23). Анын учурунда өлкө гүлдөп турган: «Падыша Иерусалимде алтын менен күмүштөрдү ташка теңеди. Кедр жыгачынын көптүгүнөн аны ойдуңда өскөн тытка теңеди» (2Жылнаама 1:15). Антсе да, убакыттын өтүшү менен Сулайман Кудайды укпай баштаган жана көптөгөн чет элдик аялдарды алган. Алар анын жүрөгүн бөтөн кудайларга бурган (билип кылган күнөөнүн кайталанышы), натыйжада Теңир Сулаймандын ийгилигине тоскоолдук кылган жана анын падышачылыгынын тынчын алган душмандарды көтөргөн (1Падышачылык 11:14,23тү карагыла). Көз көрүнөө баш ийбестиктин натыйдасында падышачылык бөлүнүп, анын уулу эки урууну сактап калган, калган ону чачырап кеткен.

3. Рехабам. Кудайдын көз алдында жагымдуу эмес иштерди кылган.
4. Абиям. Кудайдын көз алдында жагымдуу эмес иштерди кылган.
5. Аса. Ал чын жүрөгү менен Кудайды ээрчиген. Өз жашоосу менен гана Кудайдын көз алдында жагымдуу иштерди кылбастан, өз элинин арасында бутка табынуучулукту жок кылуу үчүн жигердүүлүк менен аракеттенген. Ал жрецтердин арасындагы эркектердин жана аялдардын сойкулугуна тыюу салган, бардык буркандарды жок кылган, өз энеси Ануну ал Астартаны стукан кылгандыгы үчүн ханышалык наамынан ажыратып салган (1 Падышачылык 15:11-13). Ал ошондой эле бардык курмандык чалынуучу жайларды, ыйык, бийик жайларды жоюп, Астартанын эстелигин жана Жүйүттүн бардык шаарларындагы башка кудайларга жыпар жыттарды түтөтө турган жайларды талкалаган. Аса Жүйүт элин кайталан берген күнөөлөр үчүн тобо кылууга чакырган. Ал элге Теңирди издөөгө жана Анын мыйзамдары менен парыздарына баш ийүүгө буйрук берген (2 Жылнаама 14:2-4тү карагыла).

Аса адамдарды кайталана берген күнөөлөрү үчүн чакыргандыктан, алар өлкөдө жыргалчылыктын болгонун көрүшкөн:…Анын убагында падышачылык тынч болду» (2 Жылнаама 14:5). Ошол тынчтык

мезгилдеринде ал буткул Жүйүт аймагындагы шаарларды бекемдеген. Ошол учурда сырттан эч ким ага басып кирүүгө аракеттенген эмес. Кийинчерээк миллиондогон аскерлер Жүйүткө чабуул койгонун, бирок кандай болгону жазылып турат: "…алар Теңирдин алдында, Анын жоокерлеринин алдында кырылышты. Аса өз аскери менен эбегейсиз көп олжого ээ болду" (2 Жылнаама 14:13). Аса өз армиямы менен душмандарын жеңип гана калбастан көптөгөн олжолорго ээ болгон.

Жеке өзү эле табынып жана кайталана берген күнөөнү токтотуп калбастан, башкаларды да ошондой кылууга үндөгөн лидердин батасын ачык эле көрүп жатабыз.

6. Жошопат. Бул падыша Кудайдын көз алдында өз жашоосу менен да, өлкөнү башкарууда да жагымдуу иштерди кылган. Ал адамдарды бурканга табынуучулуктары (белгилүү кайталана берген күнөө) үчүн тобо кылууга чакырган. Ал бүткүл өлкө боюнча сойкулук кылган эркектерди да, аялдарды да жок кылган (1Падышачылык 17:6ны карагыла). Падышачылыгынын үчүнчү жылында ал кызматчыларды Жүйүттүн бардык шаарларына окутканга жиберген. Алар Кудайдын мыйзамынын көчүрмөсүн алып алышып Жүйүттүн бардык шаарларында элди окутуп жүрүштү.

Жошапаттын жетекчилигинин кандай натыйжалары болду? "Ошондо Жүйүт аймагынын тегерегиндеги жерлердин бардык падышачылыктарына Теңирден коркунуч туулду. Ошондуктан алар Жошапат менен согушушкан жок. Пелиштиликтер болсо Жошапатка тартууларды жана салыкка күмүш алып келишти. Жошапат күч алгандан күч алып, Жүйүт аймагына чептерди жана азык-түлүк сактоо үчүн шаарларды курду" (2 Жылнама 17:10-12). "Жошапат көп байлыкка, атак-даңкка ээ болду" (2 Жылнаама 18:1). Алардын ааскерлери Жүйүттөргө басып кирди, бирок Теңир алардын өзүлөрүн бири-бири менене уруштуруп койду, натыйжада Жүйүттөр көп олжолорго ээ болушту.

Бул падыша тууралуу Жазуу мындай дейт: "Теңир анын падышачылыгын бекемдеди. Жүйүттөрдүн бардыгы ага тартууларын берип турушту. Ал көп байлыкка, атак-даңкка ээ болду. Ал Теңирдин жолунда кайраттанды..." (2 Жылнаама 17:5,6).

Жошапат Ахаптын үйү менен келишим түзүп чоң ката кетирген, анткени алардын баары бутка табынуучулар эле. Ал мунун айынан өлүп кала жаздаган, анын уулу ушул ыпластыктан азап чеккен. Жейу пайгамбар аны минтип ашкерелеген: «Эмне үчүн мыйзамсызга жардам бердиң, эмне үчүн Теңирди жек көргөндү жакшы көрдүң? ... (2 Жылнаама 19:2). Ошентсе

да, жалпысынан алганда Жошапат жана Жүйүт анын тил алчаактыгынан улам гүлдөп-өскөн. Бул деген – ал кайталана берген күнөөгө (бутка табынуучулукка) көңүл бурбай койбогондугун билдирет.

7. Жорам. Теңирдин көз алдында жагымдуу иш кылган эмес.
8. Ахазай. Теңирдин көз алдында жагымдуу иш кылган эмес.
9. Аталея (ханыша). Теңирдин көз алдында жагымдуу иш кылган эмес.
10. Жааш. Ал тууралуу минтип жазылган: «... Жааш Теңирге жаккан иштерди кылды (2 Жылнаама 24:2). Анткен менен, анын падышачылыгы тууралуу таптакыр башка таржымал жазылган. Ал буркандарга табынган бийик жайларды жок кылган эмес. Б.а. ал өз элин кайталана берген күнөөлөр үчүн тобо кылууга чакырган эмес. Акырында "…Жүйүт төрөлөрү келип, падышага таазим кылышты. Ошондо падыша аларды уга баштады. Ошентип, алар ата-бабаларынын Кудай-Теңиринин үйүн таштап, Ашейра мамыларына, буркандарга табына башташты. Ушул күнөөсү үчүн Теңир Жүйүт менен Иерусалимге каарданды" (2 Жылнаама 24:17, 18).

Ал таасир этиши керек болгон адамдар аны башкача ишенимге ынандыра алышкан, ошондуктан "... Ушул күнөөсү үчүн Теңир Жүйүт менен Иерусалимге каарданды" (18-аятты карагыла). Пайгамбар келип ага минтип айткан: "Силер эмне үчүн Теңирдин буйругун аткарбай жатасыңар? Силер ийгиликке жетпейсиңер..." (20-аятты карагыла). Андан ары минтип жазылып турат: "Бир жылдан кийин ага Сирия аскерлери кол салды… элдин арасындагы бардык төрөлөрдү кырып салышты. Алардан алынган олжолордун бардыгын Дамаск падышасына жөнөтүштү. Сириянын аскерлери анчалык көп болбосо да, Теңир алардын колуна сансыз көп аскерлерди салып берди, анткени бул эл өз ата-бабаларынын Кудай-Теңирин таштап койгон. Жааш ушундайча жазасын алды" (23, 24-аяттар).

Жааш алгач сириялыктардан жаракат алат, анан өлтүрүлөт. Анын падышачылыгы үлгүсүн мисалын көрсөтөт. Анын падышачылыгы кайталана берген күнөөнү жок кылууга аракеттенбеген жана кайгылуу натыйжаларга алып келген лидердин үлгүсүн көргөзөт.

11. Аматсия. Жазылып турат: "Ал (Аматся) Теңирге жаккан иштерди кылды, бирок аларды бүт жүрөгү менен кылган жок" (2 Жылнаама 25:2). "Анан ал жүйүттөргө ата-бабаларынын Кудай-Теңирин издөөнү, Анын мыйзамдары менен буйруктарын аткарууну буйрук кылды» (2 Падышачылык 14:4).

Анын падышачылыгы да катуу сыноолордон өткөн. Аматся жүйүттөрдү женип, ошол жениши менен абдан мактанган. Андан кийин ал ысрайыл

падышасы Жаашка чакырык таштаган. Жааш аны анын элине тийбегин деп эскерткен. Аматсия ага тил албай, Ысрайылга согуш ачат, анан толук талкаланууга учурайт.

Ал туткунга түшүп калат. Ысрайыл андан кийин 180 метр ысрайылдык дубалдарды талкалап жана бардык алтын, күмүштөрдү жана Теңирдин ыйбадатканасынан бардык буюмдарды алып кетишкен. Ысрайыл падышанын сарайындагы бардык казынаны басып алган жана көптөгөн адамдарды барымтага алган. Аматсия өлтүрүлгөн (2 Жылнаама 25:11–28). Биз кайрадан эле өлкөнүн лидерлери Теңрге жаккан иштерди кылганы менен, өз падышачылыгында адамдарды кайталана берген күнөө үчүн ашкерелебеген кезде кантип азапка кабылышканын көрдүк.

12. Узия. Ал Теңирдин көз алдында жагымдуу болгон нерселерди кылган. Ал Аны издегенче, Кудай Ага гүлдөп-өсүү берген. Ал күчтүү жана ийгиликтүү падыша болгон. Библияда анын буркандарга табынган ыйык жайларды эмне кылгандыгы тууралуу эч нерсе жазылбагандыгына карабай, ал өз текебердигинин айынан пес оорунун кесепетинен өлгөн.
13. Жотам. Бул падыша тууралуу аз эле жазылган. Ал Тенирге жагымдуу иштерди кылган, бирок анын тушунда адамдар ыплас иштерди кыла беришкен. Тилекке каршы, анын тушунда “Бийик жерлердеги бутканалар жок кылынган жок. Эл дагы эле бийик жерлердеги бутканаларда... жыпар жыттуу зат түтөтүп жатты...” (2 Падышачылык 15:35). Кандай натыйжалар болгондугун биз көруп турабыз: “Ошол күндөрү Теңир Сирия падышасы Ретсинди жана Ремалия уулу Пекахты Жүйүткө каршы жиберип турду (2 Падышачылык 15:37).
14. Ахаз. Теңирге жагымдуу иштерди кылган эмес.
15. Хиския. Жезекиелдин атасы Ахаз абдан таза эмес падыша болгон. Ахаз ыйбадаткананын эшигин жаап койгон жана чыныгы табынууну токтоткон. Биринчиден Жезекиелдин кылган иши – ал Теңирдин ыйбадатканаларын кайрадан ачтырган, аны ар кандай ыплас нерселерден тазалап, оңдоп-түздөө иштерин жүргүзгөн. Ал тууралуу минтип жазылган: “Ал атасы Дөөттөй болуп, Теңирге жаккан иштерди кылды. Ал бутканаларды жок кылды, буркандарды талкалады, Ашейра мамысын кыйды. Ошондой эле Муса жасаган жез жыланды кыйратты, себеби Ысрайыл уулдары ошол күнгө чейин ага арнап жыпар жыттуу зат түтөтүшчү жана аны Нехуштан дешчү” (2 Падышачылык 18:3,4). Андан кийин ал кайрадан Теңирдин Пасах майрамын жарыялады. Бул деген чоң окуя болгон, “Булардын бардыгы аяктаган соң, ошол

жердеги бүт ысрайылдыктар Жүйүт аймагынын шаарларына барышып, балбалдарды талкалап, Ашейра мамыларын кыйратышты. Бүт Жүйүт аймагындагы, Эпрайымдын, Менашенин, Бенжеминдин жерлериндеги бутканаларды, курмандык чалынуучу жайлардын бардыгын кыйратышты. Ошондон кийин гана Ысрайыл уулдары өз үйлөрүнө, өз шаарларына кайтышты" (2 Жылнаама 31:1).

Хиския жөнүндө минтип жазылган: "Ал Теңирге жабышты, Андан четтеген жок, Теңирдин Мусага берген осуяттарын аткарды. Теңир аны менен болду: кайда гана барбасын, ал бардык жерде акылмандык менен иш кылды. Ашур падышасынан бөлүнүп, ага кызмат кылбай калды" (2 Жылнаама 18:6,7). Сириялык аскерлер ага каршы чыгышкан, бирок аягында Теңирдин периштеси Сириялык дагерге келип, 185 000 жоокерин жок кылып салган. Хиския элдеги кайталанып жаткан күнөөлөр менен күрөшкөндүктөн анын падышачылык кылып турган убагында анын жашоосунда да, өлкөдө да жакшы нерселер болгон.

16. Менаше. Теңирге жагымдуу иштерди кылган эмес.
17. Амон. Теңирге жагымдуу иштерди кылган эмес.
18. Жошия. Ал өз жашоосунда да, лидерликте да абдан тил алчаак падыша болгон. Ал тууралуу минтип жазылат: Алар бүткүл Жүйүт аймагын кыдырып, бардык Жүйүт аймагынын шаарларынан лебилер менен Ысрайыл тукумунун уруу башчыларын чогултуп, Иерусалимге келишти" (2 Жылнаама 23:2).
19. Жаахаз. Теңирге жагымдуу иштерди кылган эмес.
20. Жайаким. Теңирге жагымдуу иштерди кылган эмес.
21. Жайахин. Теңирге жагымдуу иштерди кылган эмес.
22. Ситкия. Теңирге жагымдуу иштерди кылган эмес.

Бул падышалардын таржымалын жыйынтыктайбыз: эгерде алардын жашоолоруна бүт бойдон карап көрө турган болсок, анда качан лидерлер эл арасында кайталана бере турган (бутка табынуучулук) күнөөлөр менен күрөшкөндө, ал башкарып турган өлкөгө жыргалчылык келген. Бирок башкаруучу такыбаа жашаганы менен, эл арасындагы кайталанып жаткан күнөөлөр менен күрөшпөгөндөгү көрүнүш башкача болгон.

Биз бүгүнкү күндө жыйында ушуга үйрөнүшүбүз керек. Эгерде биз адамдарды күнөөкөрдү жөнөкөй гана сыйынуу менен гана сыйындырып, бирок аны чыныгы тобого чакырбасак, анда өзүбүзгө кыйынчылыктарды чакырып алабыз. Эгерде биздин "жаңы кайрылгандар" өз күнөөлөрүнөн баш тарткылары келишпесечи? Ошентүү аркылуу биз өзүбүздүн коомго бутка табынуучуларды алып келген болобуз.

Биз, лидерлер, өзүбүз жеке такыбаа жашоодо жашаганыбыз менен, адамдар арасындагы күнөөнүн бийиктиктери менен күрөшпөсөк, анда падышалар сыяктуу болуп, анын натыйжасы бизди да кыя өтпөй, акырында падышалардай болуп калышыбыз мүмкүн. Балким, кыска убакытка ийгиликтер келеттир, бирок ал деле жакшылык менен бүтпөйт. Өз элинин кемчилдиктери менен күрөшпөгөн кээ бир падышалардын иштери жакшы жүрүшкөн, бирок алардын лидерлик жөндөмдүүлүгүнүн жетишпестигинен улам, акырында анын таасири алардын жашоолоруна да тийген.

Эгерде биз адамдардын тобо кылышын талап кылбай туруп эле, Жакшы Кабар менен бөлүшө турган болсок, анда биз өзүлөрүн Кудайдын алдында туура деп эсептеген бутка табынуучунун ордуна туруп калабыз. Ушундай жол менен биз өз коомубузга рухий криптониттни таасирин тийгизген болобуз.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Эгерде биз майда нерселерге карай брсек, анда көз алдыбыздан чоң сүрөттү жаготуп коёбуз. Б. а. дарактардын артындагы токойду көрбөй калабыз. Биз Кудайдын Сөзүн окуп жатканыбызда деле ушундай боло бериши мүмкүн. Айрыкча узакка созулган таржымалга көңүл бурсак. Биз ушул бөлүмдө кылгандай, тарыхта узакка созулган темага көз салуу, аларсыз карап чыгууга кыйын болгон мисалдарды ачат. Ошондо биз толук сүрөттү көрөбүз.

Ысрайылдын жана Жүйүттүн толук сүрөтү Кудай лидерлерге качан алар өз жашоосун тартипке келтирип жана Кудай аларга эмнеге бийлик берсе, ошонун үстүнөн жоопкерчилик алышканда, Кудай аларга гүлдөп-өсүү берген.

Балким, силер падыша же ханыша эместирсиңер. Балким, ал тургай силер жумушуңарда жетекчи же менеджер деле эместирсиңер. Бирок силердин Кудай бийлик берген жактарыңар бар. Силер өз жеке жашооңорго гана жоопкерчиликтүү болуп калбастан, бул жактарда да таасир эте аласыңар. Кудайдан кайсы жакта таасир эте алаарыңарды жана анда адилеттүүлүк үчүн жоопкерчиликтүү болууга акылмандуулук сурагыла. Силерге Ал эмне дегенин жазып алгыла да, анан аракеттенүү планын түзгүлө.

# 4-БӨЛҮК

22

# Бетме бет

Келгиле, жеке жашообузда да, коомубузда да криптонитти четтетүү жолун баштайбыз. Бул өлтүрө турган нерсеге карата кенебестиктин жана чыдай берүүнүн натыйжасы менен бетме-бет келишип көрөлү.

Мен жогорку класста окуп жүргөн кезимде бизден мыйзамсыз баңги заттарын колдонгон кезде укмуш жаман натыйжаларды берери тууралуу ачып берген эки күндүк курстан өтүшүбүз талап кылынчу. Ал тургай, Машайакка жолукканга чейинки абдан кызуу кечелерде деле мен эч качан баңги затын колдонгон эмесмин. Анткени, анын тийгизген таасиринен өзүмдү сактачумун.

Албетте, туура эмес коркунучтар да бар, бирок Ыйса бизди андан бошоткон. Бирок, мен мектептеги баңги затына каршы профилактикалык сабактарда башыман өткөргөндөй жакшы коркунучтар да бар. Алар биздин жашообузду баңги затынын башкарып алышынан сактайт. Жазууда мындай деп айтылат: “Анын бейпил жайына кирүү жөнүндөгү убада күчүндө турганда, арабыздан эч ким кечигип калбашы үчүн сак бололу” (Эврейлерге 4:1). “...Теңирден коркуу жамандыктан алыстатат” (Накыл 16:6).

Бул бөлүмдө мен кайрадан машайакчы лидерлерге кайрылам. Анткени, бул кат баарыбызды эскертип жатат, анткени биз «куйрук эмес, башпыз» (Мыйзам Кайталоо 28:13). Биз баарыбыз Анын Падышачылыгынын элчилери болууга чакырылганбыз – бул эң бир маанилүү лидерлик абал.

Биз азыркы кызматтын стратегиясы тууралуу Жазуунун жарыгында ойлонуп көрдүкпү? Эмне үчүн биз күнөөнүн бийиктиги менен күрөшүүгө чечим кыла албайбыз? Кудайды таанып-билгиси келген адамдар

бизден чындыкты айтышыбызды талап кылып жатышат. Биз бирок, чыныгы мамиле түзүүгө аларга эмне тоскоол кылып жаткандыгын алардан жашырып жатабыз. Ошондо аларды коргоп жатабызбы? Биз чындыкты айтуудан качуу менен, адамдарды коркунучка кириптер кылып жатканыбызды ойлодукпу? Түбөлүк өмүрдү уккусу келип келген адамдарды эмнеге капа кылышыбыз керек?

Анджеланы эстеп көрөлү, ага никенин маңызы жөнүндө мурда эскертишкен эмес, ошондуктан ал өз никесин кыйын абалга алып келген. Эмне үчүн биз адамдарга Ыйса менен мамиледе болуп туруп эле кайталанып, адатка айланып кеткен күнөөдө жүрө берүүнүн жаман жагы деле жок деп ойлоого мүмкүнчүлүк беришибиз керек? Бул болбойт да. Биз болбой турган мамилени сунуштап жаткан жокпузбу? Биз аларды куткарылуудан ажыратып койгон жокпузбу?

Келгиле, кырдаалды бар тараптан карап көрөлү. Кудайды издеп жаткан адамдар үчүн, криптониттин таасирин моюндоодон качкан лидерлер үчүн, акыр-аягында бардык жыйын үчүн – бүт үч тарап үчүн мындан аркы талкалоочу таасирлерин аныктап көрөлү.

## Издегендер

Сот күнү кээ бирлер же такыр эле аз адамдар Ыйсанын алдына Кудайдын Падышачылыгына кирем деген толук ишеним менен келерин эске алышыбыз керек, бирок көпчүлүгү келгенде: «…Менден алыс кеткиле, мыйзамсыз иштерди кылуучулар» (Матай 7:23) дегенди угушарын биз эске алышыбыз керек.

Бул кайсы адамдар? Спиритуалисттерби? Башка диндеги адамдарбы? Оккультизмге чаташкан адамдарбы? Эгерде биз Ыйсанын сөзүн изилдей турган болсок, алар биздин жыйындарыбызда жүрүшөт, алар биздин арабызда, машайакчылыкта. Ал бул сөздөн баштайт: “Мени “Теңир! Теңир!” дегендин баары эле Асман Падышачылыгына кирбейт, асмандагы Атамдын каалоосун аткаргандар гана кирет” (Матай 7:21). Ыйса Аны Теңир деп атаган адамдарды бөлүп жатат. Ал Джозефе Смит, Мухаммед, Будда, Хари Кришна, Конфуции, Ра, Сикх жөнүндө же кандайдыр бир башка жалган пайгамбарлар, жалган кудайлар тууралуу айтып жаткан жок. Жок, асманга киргизилбей калып жаткандар Ыйса Машайакты «Теңирим» деп бериле айтып жаткандар.

Эмне үчүн «Теңир» деген сөз бул аятта кайталанып жатат? Жогоруда айтылган себептен улам – Жазууда кээ бир сөздөр же фразалар бекеринен кайталанбайт. Автор билип туруп акцент жасап жатат. Бул жөн гана акцент эмес, эмоциянын күчөшү.

Мисалы, Дөөт падыша өзүнүн уулу Жойаптын аскерлеринин колунан өлүп калгандыгын укканда, анын жүрөгү тилинген. Анын абалы тууралуу Жазуу мындай дейт: “Падыша болсо жүзүн жаап алып, өкүрүп жатты: «Уулум Абышалом! Абышалом, уулум, уулум менин!” (2 Шемуел 19:4). Дөөт «уулум менин» деген сөздү кайталап айтпагандыр деле, ал кайгыдан кыйналып, ыйлап тургандыр, автор ошол сөздү кайталоо аркылуу баласын жоготкондогу кайгы канчалык азап болгондугун окурман түшүнсүн деген мааниде ошентип жазган.

Ошентүү менен Теңир ал адамдардын Өзүнө карата мамиледеги күчтүү сезимдерин берип жатат. Алар Ыйса Машайактын Кудайдын Уулу экендиги тууралуу окутуу менен жөн гана макул болуп койгондор эмес, алар абдан жигердүүлүк менен өз ишенимдерин билдирет. Биз машайакчы болуудан бакыт тапкан адамдар жөнүндө айтып жатабыз, алар өз ишенимдери жөнүндө энтузиазм менен айтып жатышат.

Алар Ыйсага терең ишенип эле калбастан, ага кызмат кылууга да катышышат:

> “Ошол күнү көп адамдар Мага: «Теңир! Теңир! Биз Сенин атыңдан пайгамбарчылык кылчу эмес белек? Сенин ысымың менен жиндерди куучу эмес белек? Сенин ысымың менен кереметтерди көрсөтчү эмес белек?” - дешет (Матай 7:22, англис тилинен котормо, MSG).

The Message.дин алмаштырылып айтылган котормосу абдан жакшы бергендей, ал адамдар сырттан байкап гана турган эмес эле. Алар жыйындагы иштерди колдошуп жана өзүлөрү да ал иштерге катышкандар эле. Алар Жакшы Кабарга өзүлөрүнүн ишенгендиктерин катуу үн менен жарыялашкан: “биз пайгамбарчылык кылчу эмес белек” дешип. Алар адамдардын жашоосун өзгөртүү үчүн эмгектенишкен.

Бул алмаштырылып айтылган түрү «миң» деген сөздү колдонот. Бирок, көптөгөн котормолордо «көпчүлүк» деген сөз колдонулуп жүрөт. Гректин polus деген бул сөзү «көп санда, суммада» дегенди түшүндүрөт – анан көбүнчө «көпчүлүк» деген мааниде колдонулуп жүрөт. Кандай болгон күндө да, Ыйса аз сандагы адамдар тууралуу айткан жок, бирок чоң, жалпы сандын көп бөлүгү тууралуу айтып жатат.

Ошентип, жыйынтык чыгаралы: Ыйса Жакшы Кабар окутуусуна ишенип жана Аны Теңир деп атаган адамдар, толтура эмоция менен Жакшы Кабарга үн кошушуп, машайакчылык кызматка активдүү катышкандар тууралуу айтып жатат. Биз алардын чыныгы машайакчы экендиктерин оңой

эле баамдасак болот. Анан кайсы жер бөлүп коюп жатат? Алар чыныгы ишенгендерден эмнеси менен айырмаланып жатышат? Ыйса бизге: “Ошондо Мен аларга: «Мен силерди эч качан таанычу эмесмин. Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар», - деп айтамын” (Матай 7:23) деп жатат.

Бул жердеги негизги сөз – мыйзамсыздык кылгандар деген сөз экендиги көрүнүп турат. Биринчиден, мыйзамсыздык деген эмне? Бул гректин anomia деген сөзү. Тэйердин грек тилиндеги сөздүгү боюнча «мыйзамсыздык абалы, маданиятсыздык, же мыйзамды бузгандык». Б.а. мыйзамсыздык кылган адам Кудайдын Сөзүнүн абройуна баш ийбейт. Ал чындап тобо кылуусу жок дайыма эле күнөө кыла берет. Мындай адам – заманбап бутпарас.

Ошентип, мыйзамсыздык – бул, криптониттин формасы.

Бул адамдар мезгил-мезгили менен чалынышпайт. Алар дайыма Кудайдын Сөзүн угуудан качкан, четке каккан, жана угууга кайдыгер болгон адамдар. Алар Жазуунун тигил же бул үзүндүлөрү анда жазылган нерселерди билдирбейт деген ишеним менен, ыймансыз жашоодо жашашат. Башкалары болсо Жазуудагы сөздөр бүгүн бизге тиешеси жок дешсе, көпчүлүгү библиялык эмес эле ырайымдын ичинде жүрөбүз деп эсептешет.

Тилекке каршы, менин көз карашымда адамдардын күнөөдө жашоону уланта беришинин себептеринин бири – бул, алардын лидерлеринин оңолууга жана татыктуу тобого чакырбагандыгы. Бул адамдарга Ыйса Машайак менен болгон келишимдеги мамилеге бутка табынуучулук деген ойношту алып келүүгө мүмкүн эмес деп эч ким айтпаса керек. Эгерде алар чындап эле ырайым менен куткарылышкан болгондо, күнөө жөнүндөгү ойлордон жийиркенип гана койбостон, кайталана берген күнөөдөн алысташ үчүн баарын кылышмак. Алар өз денелеринин кумарлары менен каалоолорун керип салышмак да, такыбаа мүнөзгө жана жемиштерге умтулушмак. Бул чыныгы ишенгендердин айырмаланып турган жагы.

Ыйсанын: «Мен силерди эч качан билчү эмесмин» дегенин белгилеп кетүү кызык. Грек тилиндеги ginosko - «билген эмесмин» деген сөз, «жакындан билбептирмин» дегенди түшүндүрөт. Алар Аны «Теңир, Теңир» дегендиктерине карабастан, - алар атап гана коюп жатышат, бирок, Ага баш ийишкен жок. Кудай менен чыныгы мамиленин далили болуп Кудайдын Сөзүн аткаруу эсептелет:

> “Осуяттарын аткарганыбыздан улам, Аны таанып билгенибизди билебиз. Ким: «Мен Кудайды таанып билдим»,– десе, бирок Анын осуяттарын аткарбаса, ал жалганчы, анын ичинде чындык жок” (1 Жакан 2:3,4).

Бул бекемдөө Ыйсанын сүйлөшүүнү баштагандагы бул сөзүнөн толук чагылып турат: “Демек, аларды жемиштеринен билип аласыңар” (Матай 7:20). Ыйса бул жерде айтып жаткан жемиштер – машайакчылык кызмат эмес. Ал каттар тууралуу, жыйынга келүү тууралуу айткан жок, анткени бул асмандан баш тартып кеткен бардык адамдарга бейтааныш нерсе эмес. Бүгүнкү күндө көпчүлүк адамдар Ыйсаны Теңир деп атагандарды, анын окутуусуна ишенгендерди, эмоцияга толуп жана машайакчылык кызматтарга активдүү катышкандарды эле Кудайдын адамы деп ойлошот. Ошого карабастан, биз Ыйсанын сөзүнөн ачык эле көрүп тургандай, бул чыныгы ишенгендин аныктамасындагы чечүүчү фактор болуп саналбайт.

Мага мындай ойду айтууга уруксат эткиле: албетте ушул көрүнүштөрдүн баарын чыныгы ишенген адамдан да таба аласыңар. Анын үстүнө аларсыз чыныгы машайакчы болуу мүмкүн да эмес. Антсе да, ушул сапаттарга ээ болуу менен эле адам автоматтык түрдө Кудайдын баласы болуп калбайт. Ал өзүндөгү кайталана берген күнөөлөр үчүн тобо кылдыбы жана Теңирди угууга ынтаалуулук менен умтулуп жатабы, чечүүчү маселе мына ушунда. Ал Ыйсанын: «бар жана мындан ары күнөө кылба» деген сөзүн милдеттүү түрдө деп кабыл алып жатабы же жокпу – кеп мына ушунда (Жакан 5:14тү карагыла).

## Кабарчылар

Келгиле, Жакшы Кабардын лидерлер жана кабарчылар үчүн көпкө созулган таасири кандай болоорун карап көрөлү. Жазуу Кудайдын Сөзү ишенилип берилген адамды күтүп турган сот тууралуу айтып жатат. Ал аны кармаган бойдон чындыктын ашкерелей турган жактарын адамдарга айтпай койду. Кудайдын Анын элчилерине айткан сөзүн кунт коюп уксаңар:

> “Мен мыйзамсыз адамга: “Сен өлөсүң”, – деп айтканда, сен аны алдын ала эскертпесең, мыйзамсыз адам тирүү калыш үчүн, аны мыйзамсыз жолунан сакташ үчүн, аны менен сүйлөшпөсөң, анда мыйзамсыз адам өзүнүн мыйзамсыздыгы үчүн өлөт, анын канынын кунун Мен сага төлөтөм. Эгерде сен мыйзамсыз адамды алдын ала эскерткен болсоң, бирок ал өзүнүн мыйзамсыздыгынан, өзүнүн мыйзамсыз жолунан бурулбаса, анда ал өз мыйзамсыздыгы үчүн өлөт, сен болсо өз жаныңды сактап калдың. Эгерде адил адам өзүнүн адилдигинен четтеп, мыйзамсыздык кылса, анда Мен анын алдына тоскоолдук коём, ошондо ал өлөт. Сен аны алдын ала эскертпеген болсоң, ал

> өзүнүн күнөөсү үчүн өлөт, анын адил иштери эске алынбайт. Анын канынын кунун Мен сага төлөтөм. Адил адам күнөө кылбашы үчүн, сен ага алдын ала эскертсең, ал күнөө кылбаса, анда ал тирүү болот, анткени ал эскертилди. Сен да өз жаныңды сактап калдың" (Жезекиел 3:18–21, ОЖК).

Жогоруда келтирилген аяттардан «сактоо» деген сөз канчалык көп айтылгандыгын карасаңар. Кайтаруучуларга, лидерлерге, бардык ишенгендерге –жоголуп бараткан жандарга жетип жана күнөөдө жашагандарды сүйүү менен оңдоо тапшырмасы кимге берилген болсо, ошолордун баарына бир суроо берүүгө уруксат эткиле. Силердин кеңешиңер боюнча Кудай алдында туура абалда турам деп ишенип алган, бирок чынында туура эмес кылган адамдар үчүн жооп берүүнү каалайсыңарбы? Анткени, аларды силер кайталана берген күнөөдөн баш тартсын деп сактабагансыңар. Аларды эч ким сактабагандыктан, алар күнөөнү улантып, бирок куткарылганга окшоп, жалганга ишенип жашап жатышат, анан сот күнүндө алар: «Менден алыс кеткин» дегенди угушат.

Ошондуктан да, мындай Кабарды айтуу зарыл чыгар: "Ар бир адамга акыл айтып, ар бир адамды акылмандык менен үйрөтүп, ар бир адамды Машайак аркылуу Кудай алдына жеткилең кылып алып келүү..." (Колостуктарга 1:28). Биз окутуп гана тим болбостон, адамдарды сактап жана акылга келтиребиз.

Жезекиел пайгамбар аркылуу Өз Сөзүндө Кудай кандай гана ачык айткандыгын карап көргүлө: "Анын канынын кунун Мен сага төлөтөм". Биз өзүбүздүн адашканыбыз жөнүндө түбөлүккө билип жүрөөрүбүздү ойлондуңар беле? Ышайа пайгамбар айтып жатат, жаңы асман жана жаңы жерде:

> "Ошондо ай сайын, ишемби сайын ар бир адам Менин алдыма таазим кылууга келип турат, – дейт Теңир. Сыртка чыгып, Менден баш тарткан адамдардын өлүктөрүн көрүшөт, анткени алардын курту өлбөйт, алардын оту өчпөйт. Алар ар бир адам үчүн жийиркеничтүү болот" (Ышайа 66:23, 24, ОЖК).

Кантип эле «жооп талап кылынган» адамдар өлүп бара жаткан адамдардын өзүлөрү сактап-үйрөтпөгөнүнүн айынан оттуу көлдө калганын жөн гана унутуп коюусу мүмкүн деп ойлойсуңар?

Эгерде биз адамдарды алар кандай болсо, ошондой эле кабыл алып, аларга куткарылуу сунуш кылып, «куткарылуу сыйынуусу» менен тобо

кылдырбай эле сыйындырып, ошону менен аларга асман тууралуу жалган үмүт берип койсок, анда натыйжасы кандай болот? Бизди уккандарга чыныгы коопсуздукту бере албай, аларды өз күнөөлөрүнөн чындап баш тартсам деген ниеттеринен кур калтырбайбызбы? Балким, ошондо биз аркылуу адашкан бул адамдар кантип «жийиркеничти киргизип жатышкандыгын» көрөттүрбүз.

Пабылдын силкинткен бул сөзүн эстеп көрсөңөр: «Ошондуктан бүгүн силерге айтып коёюн: мен эч кимиңердин каныңар үчүн жооп бербейм. Анткени мен силерге Кудайдын эркин толугу менен айткам” (Элчилердин иштери 20:26, 27). Анын Сөзүн айтып жүргөн ар бир адамга Жезекиел аркылуу Кудай айткан нерсени Пабыл жакшы билген. Эгерде биз Анын жолдорун жарыялоодон баш тартсак, анда биз жооп кармап турабыз - ал биздин күнөөбүз болот. Балким, ошон үчүн да апостол Жакып минтип жазгандыр:

> «Бир туугандарым, бизге, окутуучуларга, сурак катуураак болорун билесиңер, ошондуктан баарыңар эле окутуучу боло бербегиле» (Жакып 3:1).

Библиядагы бул сөздөр биз аларды четке кагышыбыз үчүн же олуттуу кабыл албашыбыз үчүн жазылган эмес. Кудай Анын эскертүүлөрүнө кайдыгер болбоону жана кайталана берген күнөөлөр үчүн тобо кылууну суранат. Ал муну Кудайды издеген адамдар үчүн жана лидерлерге пайда болушу үчүн айтып жатат. Ал бизди сүйөт, бирок Ал ыйык Кудай. Ал Өз алдында күнөө болгонуна чыдай албайт. Ал кымбат кун төлөп, биз күнөөлөрдөн арылып, эркин болушубуз үчүн куткарылуу берген. Эгерде биз окутууга же улуу куткарылууну кабыл алууга кайдыгер болсок, анда кантип соттон кутулабыз?

Жаңы Келишим жөнүндө катуу жарыялап жаткан Жакшы Кабардын чакырыгын четке кагууга болобу? Жаңы Келишимдеги акыркы китептин жыйынтыктоочу сөзү минтип айтылат: “Ким бул пайгамбарчылыктар жазылган китептеги сөздөрдөн бир нерсе алып салса, Кудай андан өмүр дарагындагы жана ыйык шаардагы үлүшүн, ошондой эле бул китепте жазылган үлүшүн алып коёт” (Аян 22:19). Бул эскертүүнү кантип биз четке кагабыз? Бизден чындыкты угууга суусап турган адамдарга кантип биз чыныгы куткарылууга болгон биринчи кадам жөнүндө – күнөөлөрдөн тообо кылуу жөнүндө айтпай коё алабыз?

Кантип эле Кудайдан көптү билебиз деп ойлойбуз? Кантип эле биз адамды жыйынга алып келип коюу кийин аны күнөөдөн баш тарттырууга караганда маанилүүрөөк деп ойлойбуз? Чындыгында баары башкача.

Эгерде адам куткарылуу жөнүндө укса, сыйынып, “үй-бүлөнүн” бир бөлүгү болуп калган болсо, анда кийинчерээк анда эмнеден тобо кылууга каалоо пайда болот? Ал “куткарылган” да, “ырайым менен жабылган”.

Чарльз Г. Финней улуу кабарчы болгон. Анын кызматтары ушунчалык күчтүү болгондуктан, бир нече жолу бүтүндөй шаалар (атап айтканда, бир жолу Нью-Йорк штатындагы Рочестер шаарында да) анын күчтүү өткөн кызматынын айынан күндөлүк жумуштарын таштап коюшкан. Күн сайын кечинде ал күнөөлөрдөн тобо кылуу жөнүндө насаат айтып жана өз аудиториясын куткарылууга чакырганда адамдар стулдарынын четинде катып калганга чейин бериле угушчу. Бир нече жолку кечтен кийин ал: “Эгерде силер машайакчы болгуңар келсе, чогулуштан кийин тигил бурчка келип, кантип андай болуш керектиги тууралуу суроолорду берсеңер болот,” - деди.

Анын чогулуштарында миндеген адамдар куткарылуу алып, алардын ичинен токсон пайызы ишенимдүү бойдон калгандыгын тарых көргөзүп турат. Бүгүнкү күндө куткарылып жаткан адамдардын саны бир аз азыраак. Анын ийгилигинин улуулугунун себеби, ал Жаңы Осуяттын окутуусунан алыстаган эмес: ал анда эң бир мыкты ыкмалар бар экендигин билген!

## Коом

Эми силер китептин башында жазылган нерсе канчалык маанилүү экендигин көрүп жатасыңар. Эгерде биз күнөө кыла берүүнү улантып жаткан адамдарга куткарылууну сунуш кылсак, анда өз коомубузда күнөөнүн ачыткысына эшик ачкан болобуз. Билип туруп кылган күнөө тез жайылат жана Суперменге криптонит таасир эткен сыяктуу ар бир адамга да, бүткүл коомго да таасир этет.

Эгерде биз күнөөдөн баш тартпасак, анда өз жыйыныбызды жана коомубузду алсыратабыз, аны менен бирге эле айыл, шаар жана өлкө Кудайдын даңкын көрбөй калат. Алгачкы Жыйын өзүнүн Кудайдын даңкындагы күчү менен бүтүндөй шаарларды, ал тургай, өрөөндөрдү өзгөрткөн. Эмне үчүн жыйырма биринчи кылымда биз өз аймагыбызды өзгөртө албайбыз? Адамдарга натыйжалуу жетүү үчүн, баштапкы Жыйындар учуруна караганда бир топ өнүккөн, заманбап технологиялар бар эмеспи.

Эмне үчүн Америкада жана батыштын башка өлкөлөрүндө аборт жасатуулар, ойноштук, жыныстык мамиледеги жийиркеничтүү нерселер, бачабаздык жана гендерлик маселедеги башаламандыктар болууда? Биздин коом бир топ прогрессивдүү болуп калганы үчүн эмес да. Ушундай эле мыйзамсыздыктардын өсүшү бешинчи, алтынчы кылымдарда жыйындар

салкындай түшкөн маалда да байкалган. Римдик коомдо машайакчылык популярдуулукка жеткенинен улам, жыйын көпчүлүккө кошула баштады жана Орто кылымдар деп аталган белгилүү эпохага келгенге чейин өзүнүн натыйжалуулугун жогото баштаган.

Мен дагы ушундай эпоханын күбөсү болгум келбейт жана көптөгөн башка лидерлер да мени менен макул болушса керек. Биз жан тартуу жана сүйүү менен бардык чындыкты жарыялоодон артка кайтпайбыз.

Эгерде силер да чындыкты жайылткыңар келсе, ал белгилүү болсо-болбосо, аны каалашса-каалашпаса да кошулгула. Адамдардын, жыйындын, шаардын жана өлкөнүн жашоосун өзгөртө ала турган Кудайдын Сөзүн айткыла. Башкача болуу – демек, өз жакындарын сүйүүдөн баш тартуу.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Машайактын Денесинде күнөөнүн издерин жашырып коё ала турган роль жок. Ал лидерлерге гана зыян келтирбестен, өз жашоосуна күнөө киргизген бир эле адамдын айынан бүт жыйынга тарап кетиши мүмкүн. Эгерде биз унчукпай коё турган болсок, адамдар азап тартышат, ал эми алардын өлүмү үчүн биз жооп беребиз.

Акыркы сүйлөмдү өзүңөрдү коюп кайрадан окуп чыккыла: эгерде мен күнөө тууралуу унчукпай коё турган болсом, адамдар азап тартышат, ал эми алардын өлүмү үчүн, мен жооп берем. Бул сөздөр силерде терең тамырлашы үчүн, бир нече жолу кайталагыла. Бул чындык бүткүл салмагы менен силердин жүрөгүңөргө жана акылыңарга орноп калсын.

Кудай бул суроо боюнча силерди жоопко тартат. Күнөөгө унчукпай коюуга болбойт. Бул чындыкты өз жашооңордо карап көргүлө. Силердин никеңерде жана балдарды тарбиялооңордо бир нерсе өзгөрөөр бекен? Бул чындык менен кантип жашоо керектиги жөнүндө так жооп алмайынча, Кудайдан сурай бергиле. Андан кийин өзүңөр ишенген досуңарга барып, өз жашооңордо бул өзгөрүүнү кантип колдонууну пландаштырып жатканыңар тууралуу сүйлөшкүлө.

# 23

# Чыдамкайлык

Келгиле, биздин тирилген Падышага түздөн-түз айтылган сөзгө маани берип көрөлү.

Библиядагы акыркы китепте Ыйса Азиядагы жети жыйынга жети кат жиберет. Эгерде Анын сөздөрү ошол тарыхый жыйындарга гана тиешелүү болгон болсо, анда алар Жазууга кирбестир эле. Алар жалпы канонго кирген соң, демек аларда кабыл ала турган пайгамбарчылыктар бар. Б.а. алар алгачкы айтылган адамдарга кандай тиешелүү болсо, бүгүн бизге да ошондой эле тиешелүү.

Кудайдын Сөзү тирүү, ошондуктан Ыйсанын айткандарына азыркы кездеги баарыбызга айтылып жаткандай карайлы. Эгерде бут кийим чак келсе, келгиле аны киели – же Анын шыктандыруусу менен бекемделип, же Анын сүйүү аркылуу бизди өзгөртүүсү менен  тазаланып алгалайлы.

## Изабел деген ким?

Биз Тиатирадагы жыйынга көңүл буралы. Ыйса Өзүн “Көздөрү оттун жалынындай күйүп турган, буттары жездей жаркырап турган Кудайдын Уулу...” (Аян 2:18, ОЖК) деп атап ага кайрылуусун баштады. Бул сөздөрдөн улам Анын көздөрү маңызын көргөзө алган лазер нурларына окшош десек да болот. Анын буттары болсо Анын кудуреттүүлүгүн символдоштурган жалтырак колодой.

Тилекке жараша, Ал бизди мактай баштайт: “Сенин иштериңди да, сүйүүңдү да, ишенимиңди да, кызматыңды да, чыдамкайлыгыңды да, кийинки иштериң мурунку иштериңден көп экенин да билем” (Аян 2:19, ОЖК).

Бардыгы жетишээрлик түшүнүктүү: Ал өлүк жыйынга эмес, тирүү, өсүп келе жаткан жыйынга кайрылып жатат.

Ал биздин сүйүүбүздү таануудан жана мактоодон баштайт. Жыйын же кызмат өлгөн кезде, эрежеге ылайык ал алгач өчөт жана Кудайга, адамдарга болгон сүйүүсү муздай баштайт. Мына ушундай кайгылуу абалдан улам, адилеттүүлүктүн башка жемиштери да акырындык менен өлө баштайт.

Теңир Эфесстеги жыйынды тизменин башына келтирип, анда сүйүү муздап баратат дегени таң калыштуу эмес. Бирок, Фиатрдеги жыйын тууралуу Ал башкача айтат. Ыйса аны сүйүүсү үчүн мактайт. Ишенгендердин коому деп бири-бири үчүн кам көргөн адамдарды айтат – бул Кудайдын алдында өтө маанилүү. Ыйса бизди алгач сүйүү үчүн мактап, анан гана ишеним, кызмат жана чыдамкайлык сыяктуу маселелерди көтөрөрүнө ишенем.

Андан ары бул жыйын сүйүүдө, ишенимде, кызматта жана чыдамкайлыкта өсүп жаткандыгы тууралуу таң калыштуу сөздөр айтылат. Укмуш! Ишенгендердин Денеси "сактоо жана колдоо" деген сыяктуу сөздөр менен мүнөздөлбөйт. Жок, алар бир жерде туруп калган жок, бирок маанилүү маселелерде такай өсүп турат. The Messageдин котормосунда керемет сөздөрдү айткан: "Мен силердин мен үчүн кылып жаткандарыңардын баарын көрүп турам. Таасирдүү! Сүйүү, ишеним, кызмат жана жигердүүлүк. Ооба, абдан таасирлүү! Силер күн өткөн сайын мыкты болуудасыңар". Теңирдин Өзүнөн ушундай сөздөрдү угуу ар бир эле лидерге жана жыйынга жагымдуу болмок.

Бирок, Анын мактоосу капысынан эле түзөтүүгө өтүп кетсечи:

> "Бирок Менин сага айта турган бир аз наразычылыгым бар: сен өзүн пайгамбар эсептеген Изебел деген аялдын Менин кулдарымды бузуктук кылууга, буркандарга чалынган курмандыктан жегенге үйрөтүүсүнө, адаштыруусуна жол берип жатасың" (Аян 2:20, ОЖК).

Бул сөздөрдө көп нерсе айтылган. Биринчиден, Изабел деген атка карап көрөлү. Бул аттуу белгилүү бир аял тууралуу сөз болуп жатабы? Көптөгөн пикирлерде "жок" деген ойлор айтылууда. "Жаңы америкалык комментарий. Аянда" минтип жазылган: Ошол мезгилдеги грек-рим адабиятында Изабель деген ат кездешпейт... Биринчи кылымдан кийин эврейлар баласын Ыйса деп же машайакчылар баласын Жүйүт деген ат менен атагандай болуп, кандайдыр бир эврей өз кызын Изабел деп атагандыр". "Жаңы тирүү котормонун" котормочулары бул ой менен

макул болушкандай, анткени алар Ыйсанын “бул Изабель” деген сөзүн которушкан.

Ошентип, биз күлкүлүү адам жөнүндө, эстегендердин баары “баякы боорду эзген” деп эстеген адам жөнүндө айтып жатабыз. Бул ат эмес, бирок анын туруктуу мүнөзүнүн белгиси.

Биз тарыхый персонаж болгон “Изабел” деп аталган аял киши тууралуу айтып жатканыбызды айтуу эле жетиштүү, бирок бул анын чыныгы аты болгон эмес. Анын таасири күчтүү болгон, натыйжада лидерлердин тобу анын катын бекитип коюшкан. Азыркы учурда бул бир эркек, бир аял же окшош окутууну жайылтышкан бүтүндөй лидерлердин тобу болушу мүмкүн. Кандай болгон күндө да, кызматтагы бул философия бүткүл жыйынга таасир этет.

Эмне үчүн Теңир бизге ушул сөздү берди? Балким, анын түшүмү Падышалар китебиндеги, Байыркы Ысрайылдагы Ахап падышанын аялы Изабелдин түшүмүнө окшош болгондон уламдыр. Ал бутка табынуучулукту жайылткан, натыйжада бүт Ысрайыл өлкөсүндө Теңирдин Сөзү угулбай калган. Лидерлер унчукпай калышкан жана бүт эл бир сөз айта албай, жалдырап калышкан. Болгону Илияс деген бир адам гана ага каршы үн чыгарган. Илияс элди ашкерелеп, же Кудайга тил алчаактыкты же кайталана берген күнөөнү тандоо керектиги тууралуу айткан учурдагы Изабелдин таасири жакшы көрүнүп турат. Бул аны анын камсыздоосунда турган Баал пайгамбардын жана Астарта деген “кызматчылардын” көзүнчө кылган. Илиястын убагында булар медиа бөлүмдө иштегендер, көйгөйлөрдү чечүүчү атайын топтор, мыйзам чыгаруучулар, юристтер ж. б. болушкан. Бүт эл ушул “элитанын” алдында чогулушкан, анан Илияс аларга чакырык таштаган:

> “Ошондо Илияс элдин алдына келип: «Качанкыга чейин эки бутуңардан аксайсыңар? Эгер Теңирди Кудай десеңер, анда Аны ээрчигиле. Эгерде Баалды Кудай десеңер, анда аны ээрчигиле», – деди. Эл ага эч нерсе деп жооп берген жок” (1 Падышачылык 18:21, ОЖК).

Кудайдын артынан ээрчүү деген – бул жөн гана унчукпай ишенүү дегендик эмес. Биз элчи болууга чакырылганбыз, биз Анын Сөзүн айтышыбыз керек. Аны кантип кылуу керек? Пабыл бизге өтө ачык түрдө түшүндүрөт:

> “Ошондо Илияс элдин алдына келип: «Качанкыга чейин эки бутуңардан аксайсыңар? Эгер Теңирди Кудай десеңер, анда

> Аны ээрчигиле. Эгерде Баалды Кудай десеңер, анда аны ээрчигиле», – деди. Эл ага эч нерсе деп жооп берген жок. (2 Тиметей 4:2, AMPC, англис тилинен котормо).

Илияс Ысрайылдагы адамдарга алар эмнеден адашып жаткандыгын көрсөтүү үчүн, аларды жеткилең сүйгөн жалгыз гана адам болгон.

Изабелдин таасири лидерлерди жана бүт элди титирөөгө алып келген. Баары терең уйкуга кеткенсип, эч ким унчукпады, *Yahweh* деген ысымды атоого эч ким батынган жок. Кайталана берген күнөө аларды чырмап алган эле жана Кудайдын Сөзү кастарланбагандай болуп калган. Жаңы Келишимде бул таасир жыйындарга кире баштаган. Ыйса буга жол бербей жатат, ошондуктан Ал Илияска окшогон, унчукпай калбаган кызматчыны – апостол Жаканды табат.

## Тамашалуу эмес суроолор

Эми биз минтип суроо беришибиз керек: кантип эле Ыйса Фиатирлик жыйынга кайрылганда, бул жыйындын мүчөлөрү сексуалдык ыплас нерселер менен алектенип, буркандарга арналган тамактарды жегендиктери тууралуу айтты экен? Балким, ушундайдыр. Бирок, мен бул ойдон баш тарткым келет, анткени Пабыл Римдеги жана Корунттагы жыйындарга кайрылганда, аларды буркандарга арналган тамактарды жегендиктери үчүн айыптабайт (Рим.14тү, 1Корунттукттуктарга 10ду карагыла). Эмне үчүн Пабыл Ыйык Рухтун деми менен колдогон нерсени Ыйса жамандык деп айтууда? Бир ишенимдүү комментарий мындай дейт: “Адамдардын сексуалдык ыпластыкка азгырылышы боюнча болсо, түздөн-түз сексуалдык актылар тууралуу сөз болуп жаткандыгы чындыкка жакын эмес деп эсептешет, анткени жыйында ага чыдашмак эмес. Бул жерде рухий жана доктриналык ишенимсиздик тууралуу сөз болуп жаткан чыгаар” (“Жаңы америкалык коммнетарий. Аян”).

Кандай болгон күндө да, Ыйсанын көңүлү такыр башка оңолууга бурулган. Ал бул жерде аракетти эмес, аракетсиздикти белгилеп жатат. Ал бул жерде биздин көңүлүбүздү толеранттуулукка буруп, “сен чыдап жатасың” дейт. Грек тилинде бул **eao** деген сөз. Бул сөз “Апостол Жакандын Аян китеби боюнча жол башчы” (A Handbook on the Revelation to John) деген китепте минтип түшүндүрүлөт: “анын мааниси: “сен жол берип жатасың”, “сен мүмкүнчүлүк берип жатасың” дегендей, туура болушу да мүмкүн, же болбосо: “сен тыюу салбайсың, “сен токтотпойсуң”, “сен алдын албайсың” дегендей болушу да мүмкүн.

Бул сөздөрдүн үстүнөн ой жүгүртүп көрсөңөр, алар такыр башка кирбегендей. Ыйса күнөөкөрлөрдү атап жатат. Ал эми, биздин кырдаалда болсо бул күнөөкөрлөр жалган окутууларды жайылтып, адамдарды бутка табынуучулукка азгыргандар (кайталана берген күнөөгө). Ал ачык эле минтип айтууда: “Мен ал аялга бузуктугу үчүн тобо кылууга убакыт бергем, бирок ал тобо кылгысы келген жок” (Аян 2:21). Мурда да эскертүү болгону көрүнүп турат, бирок тилекке, каршы алар угулган эмес.

Ыйса ыпластыктын уланышына жол бергендерди башкача айтканда, күнөөнү ашкерелебегендердин баарын кескин түрдө оңдойт. Биз болсо тескерисинче, Жаңы Келишимдин жалаң гана жакшы, дем берген жана шыктандырган гана жерлерин окуганды токтотпой келебиз. Биз ошол мезгилдеги ысрайыл элинен эч нерсебиз менен айырмаланбай, унчукпай келебиз. Муну төмөнкүдөй кырдаал менен салыштырса болот: биз күйүп жаткан имараттын ичинде калдык, бирок эч ким өзүнө же башкаларга жардам берийин деп эч нерсе кылбайт. Биз жөн гана бири-бирибизге кандай гана биз баталуубуз деп айтып, бири-бирибизге сүйүү көргөзүүнү улантып келебиз, ал эми ошол маалда дубалдар менен чатырлар кыйрап жатат.

## Окшош диллемалар

Апостол Жүйүт ушуга окшош диллемалар менен кездешкен. Ал бир тууган машайакчыларга куткарылуу керемети тууралуу жазгысы келген, бирок анте алган эмес. Үй күйүп жатты. Ага жыйынга кирип алган криптонитти ашкерелөөгө туура келген. Анын сөзүн окуп көргүлө:

> “Сүйүктүү бир туугандар, силерге жалпы куткарылуу жөнүндө жазууга дилгир элем, бирок мен силерди ыйыктарга бир ирет берилген ишеним үчүн күрөшүүгө чакырууну зарыл деп таптым. Анткени силердин араңарга жашыруун түрдө кирип алган адамдар бар. Алар – Кудайыбыздын ырайымын бузуктукка алмаштырган, жалгыз Эгедерибиз жана Теңирибиз Ыйса Машайактан баш тарткан, кудайсыздар. Алар үчүн байыртадан эле сот белгиленген” (Жүйүт 3, 4, ОЖК).

Бул Кудайдын кызматчысы өзүнүн кымбат сезген адамдарына артыкчылык, бата жана Машайактагы биздин батабыз тууралуу чын жүрөктөн жазгысы келген. Ал биздин көпчүлүгүбүз сыяктуу эле жандандырган, шыктандырган ыргакты сактап калгысы келет.

Мага анын кыйналып жана өзүн жоготуп койгон абалы түшүнүктүү.

Жазыш керек же окуш керек деген калоолордо “жандандыруунун” бирөөсүн гана тандап алуу керек деген тандоо келгенде мага көбүнчө эң күчтүү эмоционалдык күрөшкө түшүүгө туура келет. Мага шыктандырган жагат, кимге эле жакпасын? Анткен менен, Ыйык Рух бизди Кудайдын кымбат баалуу балдарынын өмүрүнө коркунуч алып келип жаткан нерсеге көңүл буруууга мажбурлайт.

Ошондуктан, Жүйүттүн чыныгы сүйүүсү аны эскертүүнү коргой турган сөздөр менен жазууга мажбурлайт. Эмне болуп жатат? Кырдаал Фиатирадан бир аз айырмаланат. Бул кайтаруучунун, лидердин жана ишенгендердин бет кабын кийип алган таза эмес пропогандисттер, “ырайымдын күчү менен камсыз кылынган” деген чындыктын ордуна, “жол берилген ырайым” деп атаган нерсени өзүлөрүнүн жашоо образы менен же окутуп же көрсөтүп жатышат. Б. а жол берилген ырайым бизди криптониттен сактабайт жана андан алысыраак болууга күч бербейт. Ал бизге аныкталган чек аралар менен же таптакыр ансыз жашоого мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан, коомчулук бизге күчкө толтуруп турган эмес, жөнөкөй гана маалымат менен капталган, ырайымга ылайык келген жашоо образын айтат. Мына ушинтип, баёо ишенгендер коомдук маданият айтып тургандай, өзүнүн күнөөкөр табиятынын каалоосун ээрчип, криптониттин эмнеге дуушар кылганын эсепке албай жашай беришет. Кудайдын ырайымынын максаты мындай эмес.

Жүйүт жыйындарда аракеттенип жаткан ачыткыларга чыдагысы келбейт. Ал чыныгы ата, ал Кудай менен жашоодон алыстатып кете турган жашоо образынан өз балдарын сактагысы келет. Ыйса фиатирлик жыйындардын лидерлерин оңдогондой кылып, аны оңдоп отурбайт, тескерисинче, ал ишти Жүйүткө тапшырат.

Пабыл дагы жыйында бөлүнүү, ыпластык, соттук талаштар, ж. б. туура эмес иштер болуп жатканда унчукпай коё албаган, камкор атанын образын берет. Ал аларды ушунчалык сүйгөндүктөн, Денеге тез тарап кете турган ачыткыга каршы маселелерден качкан эмес. Жакып менен Петр дагы ошондой болушкан.

Эгерде силер баштапкы жыйындын аталарынын каттарын окуп көрсөңөр, алар да Кудайдын элинин арасында кайталана берген күнөөнү оңдоо үчүн, Кудайдын Сөзүндө айтылган жана жазылган куралдарды колдонуу менен ушундай кылышкан. Алар туура окутууга каршы келген, маданияттын негизинде калыптанган идеялар менен актанууларды өз аты менен аташкан. Маданий буркандарды талкалашкан кезде, Изабелдин баш кесерлери ал лидерлерди коркута алышкан эмес.

## Унчукпоо – макул болуунун белгиси

Унчукпай коюу – лидерликте баарлашуунун азык-сөз каражаттары болуп саналат. Ал: “Сенин кылып жатканыңда эч кандай жаман нерсе деле жок” деп айтуу менен макулдук, уруксаат берип турат. Эски латын тилиндеги мындай лакап бар: “Унчукпай коюу – макул болуунун белгиси; убагында сүйлөш керек болчу”. Баштапкы жыйындын аталарынын жана лидерлеринин бирөө да алар жоопкерчиликтүү болгон жана өзүлөрү сүйгөн адамдардын жашоосунун жолдорунда криптонит турганда эч качан унчукпай калышкан эмес. Ачыткы сыяктуу болуп жайылып кете турган, өлтүрө турган, талкалай турган, уулуу криптонитти көрүшкөндө алар үндөрүн көтөрүшкөн.

Апостол Жакан минтип жазат: “...бүт дүйнө амалкөйдүн бийлиги астында экенин билебиз (1 Жакан 5:19, ОЖК). Коомдо жамандыктын агымы, эң бир кыйраткыч күч – көрүнбөгөн жамандык токтобой жатат. Ооба, ал жакшылыкты беткап кылып алган. Бул алдамчы агым “бул дүйнөнүн адаты” деп аталат (Эфестиктерге 2:2ни карагыла).

Мындай көрүнүштү элестетип көргүлө: силер жогору чыгышыңар үчүн дарыянын агымына каршы сүзүзүшүңөр керек. Биз Кудайдын Падышачылыгына карама-каршы тарапка багытталган агымы бар дүйнөдө жашайбыз. Бирок, мунун эң бир опурталдуу жагы – ал агым жакшы деген беткап кийип алган. Эгерде биз үнүбүздү чыгарбай турган болсок, анда бул баары бир агым менен кошо сүзгөнгө барабар. Биз ал тургай, жогору карай сүзүп бараткандай, машайакчыдай түр көрсөтүшүбүз мүмкүн, машайакчылардай болуп сүйлөп коюшубуз да мүмкүн, бирок, биздин мезгилдин социалдык этикасы менен макулдаша сүзүп жана өз эффективдүүлүгүбүздү жоготуп коёбуз.

Калакты көтөрүп алып, бетме-бет келген азаптуу тирешүүдөн качабыз, каршылык кылбасак да биз өзгөрүүнү көрбөйбүз. Эммунд Берк минтип жазган экен: “Жамандыктын салтанат курушуна керек болгон бир гана нерсе – бул жакшы адамдардын эч нерсе кылбай коюусу”. Лидерлер унчукпай турган маалда ири буркандар ишенгендердин жүрөгү менен акылын ээлеп алышат.

Калпычылык өөрчүгөн сайын, биз акырындык менен чыдап келе жаткан нерселердин азгыргына багына баштайбыз. Биздин күчүбүздү соруп жаткан нерсени аяп жана ал тургай аны менен макулдаша баштайбыз. Биз контромаданият болуунун ордуна, субмаданиятка айлана баштайбыз. Биз өзүбүзгө “машайакчы” деген жарнакты илип алабыз дагы, күчтүн элчилери болуунун ордуна дүрбөлөңдүн өткөргүчтөрү болуп калабыз. Айлана-чөйрө бизге суроо берет: “Биз силердин жыйынды көрүп турабыз, музыкаңарды, сүйүү, ырайым тууралуу окутууңарды угабыз, бирок силердин Кудуреттүү

Кудайыңар тууралуу күбөлүгүңөр кана?”.

Пабыл машайакчылыкты айтып коюп, бирок дүйнөнүн агымын тандап алган адамдар чынында айкаштын душманы деп тайманбастан айтууда. Ооба, душманы!

> “Анткени Машайактын айкаш жыгачынын душмандары катары жашагандар көп. Алар жөнүндө мен силерге мурун да көп айткам, азыр да көз жаш менен айтып жатам. Алардын акыры – өлүм, алардын кудайы – курсак, алар уятсыз иштери менен мактанышат, алар жердеги жөнүндө ойлошот. Ал эми биздин мекенибиз асманда. Асмандан Куткаруучубузду – Теңирибиз Ыйса Машайакты күтүп жатабыз” (Филиппиликтерге 3:18–20, ОЖК).

Биринчи аятты кунт коюп окугула: биринчиден, “көпчүлүгү” деп айтылууда. Экинчиден, алардын душман экендигин сөздөрү айтып жаткан жок, анткени сөздөрү менен алар Ыйсаны Теңир деп моюндап жатышат. “Алар Кудайды билебиз деп ырасташат, бирок кара ниет, баш ийбес, жакшы иштерди кылууга жөндөмсүз болушкандыктан, кылган иштери менен Аны танышат” (Титке 1:16). Алар сыртынан такыбаа көрүнүшүп, бирок жүрүм-турум жагынан душмандай болуп жатышат; алар дененин табити – кумарлануу, ырахат, статус, атак-даңктуулук, сексуалдык жаман иштер, ушак ж .б. күнөөлөр менен жүрүшөт.

Пабыл унучукпай, чыдап калган жок, бирок каршы турган. Анын каттарын окуп көрсөңөр, анан бизди ыплас жана дүйнөлүк жүрүм-турумдардан акыйкатсыздыктардан кантип сактап жана оңдоп турганын көрөсүңөр. Бирок, эсиңерде болсун, Пабылдын калеми менен бизге Кудайдын Сөзү жазылган.

Катуулуктарды сындыруунун жалгыз жолу – Кудайдын Сөзүн жарыялоо менен каршы туруу. Эгерде биз Жазуунун аброюн көтөрбөй турган болсок, анда бул философиялык чептер ишенгендердин да, күнөөкөрлөрдүн да жүрөктөрү менен акылдарында бекемделип жана жогорулай берет. Өз үнүбүздү чыгарбоо менен, биз криптониттин таасирине эшик ачып коёбуз.

## Карама-каршы натыйжалар

Биздин жыйынга Ыйсанын акыркы сөзү кандай? Ал солкулдап тургандар үчүн эмес. Машайак ачык эле айтып жаткандай, жалган окутууну ээрчиген адамдар эгерде тобо кылышпаса, анда “улуу кайгыга берилет”. Бул белги болот, анан бүт жыйындар Ал биздин ойлорубуз менен

ниеттерибизди да изилдеп турарын жана ар бирибизге ишибизге жараша берерин билишет (Аян 2:22,23тү карагыла).

Бирок, укмуш сонун жаңылык бар: ким криптонитке багынбаса, ким Анын Рухун, Анын Сөзүн бекем кармаса, ага элдердин үстүнөн бийлик берилет... ошол бийлик Атадан Ыйса Машайакка берилген.

Кескин карама-каршы болгон натыйжалар: бирөө – кайгылуу натыйжа, башкасы – баа жеткис сыйлыктар. Айрыкча, ал биздин тирилген Падыша тууралуу болуп жатса, кантип анан биз өзгөчө көңүл бурбай коё алабыз?

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Изабел Кудайдын пайгамбарларын унчукпоого аргасыз кылды, ал тургай көпчүлүгүн өлтүрттү. Бирөө гана Кудай тууралуу айтууга батынды, бирок Кудай бул пайгамбарга эмне кылгысы келгендигин карап көргүлө. Ал аны коргоп, камсыздап жана биз бүгүнкү күндө да тамшанып тургандай адаттан тыш кереметтер менен коштоду.

Кудай мурдагыдай эле, азыр да туруп, чындыкты айта ала турган адамдарды издейт. Бул, эми баарын эле сындап баштоо керек дегендикке жатпайт. Биз күнөөлөр үчүн ууга чыккан аңчылар эмеспиз. Бирок, ошол эле кезде толкундоолордо басынып, адамдар бизге артта калган, толеранттуу эмес, же кандайдыр бир дагы башка ат коюп койбосун деп, тартынчаак боло берүүгө да жол бербешибиз керек.

Эң биринчиден биз өз жашообуздагы алдын ала этиеттенүүлөрүбүзгө кулак салганыбыз жакшы. Мурда берилген күнөөңөрдөн кандай жол менен болсо да бошонгула. Өзүңөр бошоноор менен башкаларды бошото баштагыла, аларга күнөөнүн коркунучтуулугун жигердүүлүк менен түшүндүргүлө. Пабыл: “Силер тил алгандан кийин, биз тил албагандарды жазалоого даярбыз” (2 Корунттуктарга 10:6) деп жазат.

Эгерде силерге оңолуунун зарылдыгы тууралуу ой жакпаса, анда силерди оңолууга мажбурлай турган адамдарга карата Кудайдан сүйүү сурагыла. Бул кадам силердин кийинки максатыңар болуп калсын. Ошондо Кудайдын ырайымы менен, силер башка адамдардын ушул максатка жетишине жардам бере аласыңар.

24

# СҮЙҮҮ ЖАНА ЧЫНДЫК

Эми биз криптонитти четтетүүнүн эң бир маанилүү аспектине – аны жок кылуунун мотивине келебиз. Криптонитти жок кыла турган күчтүн жетишпестиги же жоктугу Жакшы Кабарды таратуу жана биздин философиялык кызматыбыздын ортосундагы олку-солкулукка көз каранды. Мен айтып жаткан күч, Кудайдын сүйүүсүнөн башка эч нерсе эмес. Пабыл бизге укмуштуудай сөздү айтат:

> “Ал буларды адамдык амалкөйлүк жана ар кандай азгыруу ыкмасы менен адаштырган ар кандай окутуулардын шамалына айдалган, олку-солку болгон жаш балдардай болбой, тескерисинче, чындыкты сүйүү менен айтып, бардык жагынан Башчыбыз Машайакка окшошуп өсүшүбүз үчүн дайындады” (Эфестиктерге 4:14,15, ОЖК).

Жалган окутуулар Ыйса Фиатирде айтканга, ошондой эле Жүйүттүн, Петрдин, Жакандын жана Пабылдын каттарында сүрөттөлгөнгө окшоп абдан акылдуу айтылат. Аларды оңой эле чындык деп кабыл алып калууга болот. Душман биз ойлогондон бир топ акылдуураак. Эгерде идеалдуу дүйнөдө Кудайдын болушу менен курчалып турган Обону азгырууга жетелеп кете алган болсо, анда азыркы күнөө менен булганган дүйнөдө бизди алдоо ага канчалык жеңил? Бизди жалган окутуунун калпынан эмне коргой алат?

Жооп – чындык, бирок жөн гана чындык эмес, сүйүүдө айтылган чындык. Сүйүүсүз чындык бизди легализмге - өлтүрө турган “мыйзамдын тамгаларына” алып кетет. Акыры барып ал калпты сугарып жана качып

калууга, ал тургай, жыйындын саламаттыгы үчүн абдан маанилүү болгон библиялык алдын алууларды кесип салууга алып келет.

Бизди легализм талкалап жатат, анткени ал катуу, жек көрүмчүл жана көңүл айнытарлык. Анын жырткычтыгын басаңдатуу үчүн, биз сүйүүнү жогорулатабыз. Бирок, чындык болмоюнча сүйүү сүйүү эмес, ал анын көчүрмөсү гана болуп калат. Жакшылык, жактыруу, назиктик менен чыдамкайлык – ушунун баары, такыбаа сүйүүнүн түрлөрүнө ээ. Бирок, ошол жакшылыктардын баарын чындыгы жок койсок, анда биз калптын жолуна бурулуп кетерибиз анык.

Келгиле, чынчыл бололу: биз белгилүү бир библиялык чындыктарды айтууга шашпайбыз, анткени анда биз ушунчалык суусаган чындык жок деп ойлойбуз. Биз четке кагып койгон чындык адамдардын жашоо образынын өзгөрүшүнө жана жогору көтөрүлүшүнө жардам берет. Биз адамдарды тобого чакыруу менен жан тартууну, жумшактыкты, жакшылыкты жана сүйүүнү жетишерлик түрдө көргөзө албай жаткандай болобуз. Бирок, элестетип көрсөңөр, мен түптүз эле жарга, ал түшүп кетсе, сөзсүз өлүм күтүп жаткан жакка бара жаткан сокур кишини көрүп турганымды. Мен анын өлүмүнө жол берип коём, анткени ал кишинин тандоосуна ылайык, менин кийлигишүүм туура эместей, толеранттуулукка жатпагандай көрүнүшү мүмкүн. Эгерде мен аны токтотпосом, же жолун түздөп койбосом, анда ал жанчылып жок болот. Эгерде мен аны көтөрмөлөп, жакшы ойлор менен шыктандырып, бирок аны четирээк бас деп айтпасам, анын акыркы кадамдарын жагымдуу эле таштап кете беришине шарт түзөм, бирок кандай болгон күндө да, ал жар түбүндө өлүк абалда калат. Кантип эле анан ушул чыныгы сүйүү болсун?

Дүйнөдө жана көптөгөн жыйындарда чыныгы сүйүү жек көрүмчүл жана фанаттыктай болуп саналат. Бул катуулуктун келип чыккан себеби, алар жашоого түбөлүктүүлүктүн призмасы менен эмес, жетимиш же сексен жаштын гана перспективасында карашкандыгында. Мындай мисалды элестетип көргүлө: эгерде менин бакытка карата көз карашыма бир күн гана бата турган болсо, анда мен үйлөнүү үлпөтүндөгү стол сынгыдай болуп даярдалган даамдардын баарынан ооз тием. Менин ал күнүм кубанычтуу жана бактылуу болот. Бирок, менин бакытка карата болгон көз карашым жарым жылга чейин узара турган болсо, анда мен ал дасторконго башкача көз караштa болом. Анда мен бир гана тамакты жейм дагы, баарынан жебейм. Анткени мен тоё жеп алгандыктан, эртеси күнү азап тартып, анан 3кг.га чейин семирип, аягында ден соолугума зыян келтиргим келбейт.

Чыныгы сүйүүгө жетүү үчүн, жашоого түбөлүктүүлүктүн контекстинде караган туура. Жердеги жашоонун чеги менен өлчөнгөн сүйүүдө

адамдарды алар кандай болсо ошондой кабыл алат, алардын адаттарын оңдоо керек деген чакырыктар менен тынчын алгысы келбейт. Бизге эч нерсенин кереги жок, түбөлүккө жок боло турган болуп жыгылганга чейин, мейли акыркы кадамдары менен ырахаттана берсин. Ал эми чыныгы сүйүү түбөлүктүүлүктүн перспективасы менен минтип айтат: “Сен мага баары бир эмессиң. Ошондуктан, сенин чыдай албай тургандай кыйноолордон, азаптардан жана кыйынчылыктардан түбөлүк куткарылышың үчүн сага бир нече мүнөттүк ыңгайсыздыктарды тартуулайм”.

Чыныгы тозок бар. Бул метафора, элестүү сүрөттөө же убактылуу гана жазалануучу жай эмес. Ал жакка түшкөн адамдар “..күндөн күнгө, кылымдан кылымга азап тартышат” (Аян 29:19,ОЖК). Кантип эле Ыйсанын сөзүн четке кагууга болсун: “Булар түбөлүккө азап чегишет, адил адамдар болсо түбөлүк өмүргө ээ болушат” (Матай 25:46)**,** же Пабылдын бул сөзүн “...Теңирден жана Анын кудуретинин даңкынан ажырап, түбөлүк өлүм жазасына тартылышат” (2 Тессалоникалыктарга 1:9).

Түбөлүк деген биротоло дегенди билдирет, бул сөздүн мындан башка чечмелениши жок. Ал жакта күтүп турган азап, оору жана жазанын аягы жок, аны сүрөттөөгө мүмкүн эмес. Андан да жаманы-ал адамдар Теңирден бөлүнүп калышат. Алар тигил дүйнөдөгү гана жашоосунда эмес, бул дүйнөдөгү жашоосунда да Аны менен болушпайт. Мен ал тууралуу кыскача жаза кетейин.

Кудай тозокту адамдар үчүн жасаган эмес. Ал аны “шайтан жана анын периштелери үчүн даярдаган” (Матай 25:41). Шайтан адамзатты алдап, анын өзү үчүн даярдалган жакка адамзатты туткунга түшүрүп алды. Ыйса Өзүнүн улуу сүйүүсү менен бизди бизге тиешелүү болгон жазадан куткарганы келген. Эгерде Ал жан чыдагыс азапты тартып жана кудуреттүүлүгү менен бизди андан куткарса, кантип Анын бизди үрөй учурган тагдырдан куткарганына жеңил ойлуулук менен карай алабыз?

Келгиле, кайрадан үйлөнүү үлпөтүндөгү сүрөттөөгө кайрылалы. Эгерде мен бир гана тамакты жеп, же такыр эле жебей койсом, адамдар мага асыла башташат. Кимдир бирөө: “Кел, Джон. Десерттер даамдуу экен, андан эч нерсе болбойт. Сага жагат, бол жашоонун ырахатын ал” деши мүмкүн.

Бирок жок, бул сөздөр чындыктан алыс, алар мени жолдон тайдырат. Бул “жашоодон ырахат алуу” болуп эсептелбейт, “бир күндөн ырахат алуу” болуп эсептелет. Чындык бул жакта, мен келечекти ойлоо менен жашоодон көбүрөөк ырахат алам. Бул Кудайдын Падышачылыгына да тиешелүү.

Силер кандай ойлойсуңар, эмне үчүн элчи Пабыл ташбараңга алууларга чыдаган, беш жолу отуз тогуз жолудан камчы менен, үч жолу таяк менен

сабоого, коркунучтарга, түнү-күнү уйку көрбөгөн ж. б. сыноолорго чыдаган? Кантип эле ал ушунун баарын өз кадыр-баркынын көтөрүлүшү, жакшы аттуу болушу, конференцияларда белгилүү болушу, артынан толтура адамдарды ээрчитүү же белгилүү автор болуш үчүн кылсын? Жок, аны Кудайдын сүйүүсү алдыга түрткөн – анын кыймылдаткыч күчү сүйүү болгон. Ал түбөлүктүүлүктү ачык көрүп турган жана коркпостон сүйгөн. Ал чындыкты атак-даңк менен алмаштырган эмес, анткени өзү жиберилген адамдардын Ыйсага келишине жардам берүү үчүн аларды сүйгөн,

## Чыныгы сүйүү деген эмне?

"…Кудай Өзү сүйүү" (1 Жакан 4:8). Анда жөн гана сүйүү бар эмес, бирок Ал Өзү сүйүүнүн маңызы. Сүйүүнү кантип аныктаса болот?

Бир нече убакыт мурда сыйынууда Теңир менин жүрөгүмө сүйлөгөн: "Уулум Менин, элдер сүйүүнүн өзүнүн маңызына эмес, анын экинчи жагына көңүл коюп жатышат".

Ошондо менин башыма мындай ой келди: *"сүйүү көпкө чыдайт, сүйүү ырайымдуу, ал текеберденбейт, адепсиздик кылбайт, өзүнүкүн издебейт"* андан аркы сүрөттөөлөр Корунттуктарга жазылган каттагыдай (13:4) жана Библиянын башка жерлериндегидей эле. Андан кийин Ыйык Рух мага мындай нерсени көрсөттү. Качан биз балага эркек менен аялды айырмалоону үйрөткөнүбүздө кандай кылабыз? Эгерде биз ага: "Аялдын эки буту, эки көзү, мурду, оозу, эки колу, эки таманы болот" деп үйрөтсөк, ушул так сүрөттөө болобу?

Бала ушул жалпы сүрөттөөнү үйрөнгөндүктөн, эркек кишини карап деле: "Бул аял" дей берет. Эгерде силер так сүрөттөп бербесеңер жана эркек менен аялдын айырмасын жакшылап түшүндүрүп бербесеңер ушундай боло берет. Эгерде силер: "Аял эркектен бул-булары менен айырмалант..." дебесеңер.

Бүткүл дүйнө ырахаттанган сүйүү бар: ал дагы көпкө чыдайт, ырайымдуу, бой көтөрбөйт, ж. б көп жактары менен Кудайдын сүйүүсүнө окшошот. Ошентсе да, Кудайдын сүйүүсү менен дүйнөлүк сүйүүнүн ортосунда айырмачылыктар бар экендиги бул сөздөрдө жазылган: "Кудайды сүйүү деген – Анын осуяттарын аткаруу..." (1 Жакан 5:3).

Эгерде биз сүйүүнүн белгилүү апостолу Жакандын биринчи катындагы бул маанилүү аныктаманы кармап калбаган болсок, анда экинчи мааниде кайталанып атат:

> "Сүйүү биз Анын парыздары боюнча иш кылганыбыздан турат..." (2 Жакан 6)

Апостол Пабыл сүйүү эмне экендигин Корунттуктарга жазылган 1Катта түшүндүрөт. Жакан сүйүүнүн сапаттарын сүрөттөбөйт, бирок аныктаманын эң бир маңызын – Кудайдын сүйүүсү анын башка формаларынан эмнеси менен айырмаланып тургандыгын берет. Сүйүү – бул Ыйсанын парыздарынын аткарылышы. Теңир бул тууралуу Теңирдин кечесинде ачык эле айтып жатат:

> “Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал Мени сүйөт...” (Жакан 14:21). .

Ошентип, мен жакшы, чыдамкай, назик, көрө албастык кылбаган, орой эмес, мактанбаган, кыжырданбаган, бирок ар дайым аялымды алдаган, салыктарды төлөгөндөн качкан адам болсом, анда Кудайдын сүйүүсүндө жүргөн жокмун.

Эгерде мен жакшы, чыдамкай, назик, көрө албастык кылбаган, орой эмес, мактанбаган, кыжырданбаган адам болгонум менен, сексуалдык ыпластыктарды колдосом, мисалы, улам барган сайын ал тургай, көптөгөн өлкөлөрдун өкмөтү тарабынан колдоого алына баштаган бачабаздыкты колдосом, демек мен, Кудайдын сүйүүсүндө жүргөн жокмун.

Анысы аз келгенсип, орой, көрө албас, мактанган жана кыжырданган, коркунучтуу абалдагы адамга караганда, мен алданып жана чоң коркунучтун алдында турам. Анткени, ал адам өзүнүн Кудайдан алыс адам экендигин билет. Мага тобо кылуу сыйынуусун берип, кайталатып коюшкандыктан эле, мен Кудай алдында туура абалдамын деп адашкан чечим чыгарышым мүмкүн, бирок мен өзүмдөгү кайталана берген күнөөм үчүн өкүнүп тобо кылган жокмун да. Б. а. мен Ыйса Машайактын парыздарын аткарган жокмун.

Эми мага абдан маанилүү ойду белгилеп кетүүгө уруксат эткиле: мен куткарылуу үчүн эле Кудайдын парыздарын сактабайм. Мен куткарылгандыгым үчүн жана Анын сүйүүсү менде бар болгон үчүн гана сактайм. Тил алчаактык деген – бул, мен Ага өз жүрөгүмдү жана жашоомду бергендигим.

Кайрадан кайталайбыз, Анын Сөзүнө жана Анын жолдоруна карама-каршы келген сүйүүнүн ар кандай формасы түбөлүктүү боло турган сүйүү эмес. Ал убактылуу. Адамдар ал сүйүү менен өзүлөрүн жакшы сезиши мүмкүн. Ал тургай, курмандыкка даяр болушу мүмкүн, ал сүйүү аларга эң жакшы нерселерди бериши мүмкүн, бирок ал түбөлүктүү эмес. Ал түбөлүктүү жашоого алып барбайт. Бир жолу ал жардан кулайт дагы, биротоло оттуу көлдө жок болот.

Эмне үчүн ушунчалык туурадай сезилген сүйүү чынында убактылуу гана? Адам менен Обо жакшылык менен жамандыкты билдире турган дарактын жемиши аларды акылдуу кылып коёт деп ойлошкон.

> “Аял дарактын жемишинин жегенге жакшы экенин, көзгө сүйкүм экенин көрдү. Ал билим бергендиктен...” (Башталыш 3:6).

Балким, Обо мындай багытта ойлонгондур: “Эмне үчүн бизди сүйгөн Кудай, биз үчүн ушунчалык жакшы болуп жаткан нерсени жебе деди? Мында эч кандай логикалык ойдун кереги жок”. Ал билимди тандап алды, бирок, Кудайдын көз алдында жакшы эмес нерсени кылды. Биз “эмне үчүн” деген суроого берилер жоопту билгибиз келет, бирок келгиле, түз карап көрөлү: кээде эмне үчүн андай экендигин түшүнбөсөк деле, Ыйса биздин тил алчаактыгыбызды күткөн нерселер бар. Бизге жакшыдай көрүнгөн нерсеге тийбеш керек деп буйрук кылып жаткан кезде да, Ал бизди сүйөт деп ишенсек болобу? Анын мүнөзүнө ишенсек болобу? Же биз Ага көрсөтмө берип турган соттор сыяктуу болуп калабызбы, анда биз Эйден багындагы түгөйлөрдөн эч нерсебиз менен айырмаланбай калбайбызбы?

Кудайдын сырлары жана Кудайдын көрсөтмөлөрүнүн же “эмне үчүн” деген суроолордун артында жашынган көп мисалдарды келтирүүгө болот. Мен алардын бирөөсүн гана айтып берейин. Кырк жылдан бери мен пайгамбарга Кудайдын: “Ал жерден нан да жебе, суу да ичпе, өзүң барган жол менен кайтып келбе” деп, буйрук бергендиги (1Падышачылык 13:9) тууралуу суроого жооп бере алган адамды жолуктура элекмин. Пайгамбар ага маанисиздей сезилген бул буйрукка баш ийген эмес, бирок бүткүл өмүрү бою өзүнүн укпай койгондугунун азабын тарткан.

Чындап эле мойнубузга алалы, чыныгы сүйүү сүйүү сезимине карама-каршы келгендей. Эмне үчүн Пабыл Корунттагы жыйындагыларга: “Силер мени мен силерди сүйгөнчөлүк сүйбөсөңөр да, силердин жаныңар үчүн мен чын көңүлүм менен колумда болгондун баарын сарптаймын, өзүмдү да аябаймын” (2 Корунттуктарга 12:15) деген. Ишенгендердин бул коому Пабылдан сүйгөн адамды көрө албаганы кандай гана таң калыштуу! Алар аны белгилүү бир эрежеге аларды баш ийдиргиси келип жаткан догматикалык мыйзамчыл адам катары элестетишкен окшойт. Балким, аны алар эки жүздүү деп эсептешкендир. Бирок, алар адашышкан. Ал аларды дүйнөлүк эмес, түбөлүк сүйүү менен сүйүшкөн. Ал аларды чындык менен ашкерелеген, аларды сактаган жана тобого чакырган. Анын сөздөрү Кудайдын сүйүүсүнө толуп тургандыктан да, угуп жаткандарга ал аларды сүйбөчүдөй сезилгендир.

## Сүйүүдө чындыкты айткыла

Жогоркулардын баарынан кийин, келгиле чыныгы сүйүүнүн манилүүлүгү жөнүндө сүйлөшүп көрөлү. Сүйүү кандай экендигин сүрөттөөдөн баштайлы:

Сүйүү көпкө чыдайт.

Сүйүү көрө албастык кылбайт,

Сүйүү мактанбайт.

Сүйүү текеберденбейт.

Сүйүү адепсиздик кылбайт.

Сүйүү өз пайдасын көздөбөйт.

Сүйүү ачууланбайт.

Сүйүү кек сактабайт.

Сүйүү адилетсиздикке кубанбайт.

Сүйүү чындыкка кубанат.

Сүйүү эч качан токтобойт.

*Сүйүү биз Анын парызын ишке ашырганыбызга жараша болот.*

Эгерде биз чындыкты айтып жатсак, бирок жакшы маанайда, чыдамкайлык менен айтпастан, тескерисинче, көрө албастык кылып, мактанып, текеберденип, бой көтөрүп, өзүбүздүкүн издеп, кыжырданып, жамандык ойлоп, кечирбей, адилетсиздикке кубанып, сүйүүнү токтотуп коё турган болсок, анда биз Анын парыздарын аткарып жаткан жокпуз. Ошондуктан, Жазууда жазылып тургандай, тобо кылуу жана Ыйса Машайакка ишенүү тууралуу насаат айтып, бирок чыныгы сүйүүдө жашабай жатабыз. Биз адамдарды Кудайга алып келгенден көрө, аларды жаралантып, легализм тарапка кетип калуудабыз.

Бир жолу мага бир жаш жигит келип, мындай деди: “Мен сиз кызмат кылып жаткан кызматка чакырылганмын. Мен Машайактын Денесин оңдоп-түздөгөнгө чакырылгам!”

Мен бул сөздөрдү укканымда, анын жүрөгүндөгү туура эмес ниетти көрдүм. Ыйык Рух мага ал үчүн бул сөздөрдү берди: “Сен бул пайгамбарчылык кызматта кантип аракеттенүү керек экендигин билгиң келеби?”

Анын өңү жаркырай түшүп: “Ооба, абдан билгим келет,-” деп жооп берди.

> “Ар дайым кандайдыр бир түрдө сен адамдарды оңдоп-түздөп же сактай турганыңда, жүрөгүңдө аларга деген сүйүү жалындап турушу керек”, - дедим мен ага.

Ал кандайдыр убакка чейин унчукпай туруп, анан минтип айтты: "Кудай дагы мени менен иштеши керек экен". Мен ага: "Мен сени менен сыймыктанам. Момун адам гана ушундай сөздөрдү айта алат. Сен өзүң ойлогон кызматка жакындап калыптырсың. Сенин жүрөгүң жумшак экен", - дедим.

Сүйүү өзүнө караганда, башка адамга көбүрөөк кам көрөт. Ал кайдыгер эмес жана адамдын жардан кулап, жоголушуна жол бербейт. Ал 1Корунттуктарга 13-бөлүмдө сүрөттөлгөн бардык назик жактарга ээ. Бирок, ошол эле маалда ал эч качан биздин Куткаруучубуздан жана Кудайыбыздан баш тартпайт.

Сүйүү канчалык маанилүү, канчалык зарыл, ал - жашоонун маңызы. Силер өзүңөрдүн жеке жашооңорго караганда, башка адамдар үчүн көбүрөөк кам көрүшүңөр үчүн, Кудай жүрөгүңөрдү Өзүнүн сүйүүсү, Өзү менен толтурсун деп сыйынгыла. Ыйык Рух Өзүнүн сүйүүсүн жүрөктөрүбүзгө төгөөрү тууралуу жазылып турат. Биз Анын жашоо бере турган сүйүүсүнүн тереңдигин, бийиктигин, узундугун сурай алабыз.

Ошондуктан, сурагыла, дагы да сурагыла, Ал силердин жүрөгүңөрдү кудайлык түбөлүктүү сүйүү менен толтурсун үчүн, тынымсыз сурагыла.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Жыйынга кантип күнөө кирип жатканын көрүп туруп, унчукпай калбагыла, бирок ал жөнүндө сүйүү менен гана айтыш керек, ансыз биздин этиеттөөлөрүбүз каалаган натыйжаны алып келбейт. Кудайдын бизди абайлап-сактаганы Библияда көп эле кездешет. Бирок, Анын чексиз сүйүүсү жоомарттык кадамды жасоого барды – Ал биздин күнөөлөрүбүз үчүн кун төлөш үчүн, Өзүнүн Уулун берди.

Бизде адамдарды күнөөдөн сактоо үчүн ушундай сүйүү жалындап туруш керек. Сүйүүнүн бир гана булагы бар – бул, Кудай. Кудай Өзү Сүйүү. Эгерде биз анда өскүбүз келсе, анда Кудай менен болгон мамиледе чоңоюшубуз керек.

Кудай менен дайыма убакыт өткөрүү жана Андан бизди дагы да Өзүнүн сүйүүсүнө толтурушун сурануу абдан маанилүү жана зарыл. Бизди сүйүү толтурган кезде бардык коркунучтар кетет жана биз күнөөнү өз атынан атап калабыз. Сүйүү бизди курчап турган адамдарга карата чара колдонууга мажбурлайт. Аны гуманитардык максатта гана эмес, коргоо-сактоо иретинде да зырыл. Кудайдын сүйүүсү бизди бошотот жана башкаларга да боштондук жеткирүүгө бизге күч берет. Бүгүн жигерденип сыйынууга убакыт бөлгүлө, - колуңарды түшүрүүгө шашпагыла, - Кудай силерди Өзүнүн сүйүүсүнө толтурсун.

Качан күнөө тууралуу сөз болгондо, ишенген адамдардын жашоосунда

25

# КРИПТОНИТТИ ЖОК КЫЛУУ

үч нерсе көз алдыга тартылат.

Биринчиден, адамдар жүрөгү катууланып калгандыктын айынан, өз күнөөлөрүн көргүсү келбейт. Аларда Кудай алар үчүн азап тартып жатат деген Кудайдын жүрөгүнө карата иммунитет иштелип чыккан. Теңир алар үчүн ыйлайт: “Алар жийиркеничтүү иштерди кылгандан уялышабы? Жок, такыр уялышпайт, кызарып да коюшпайт...” (Жеремия 8:12). Алар абийири менен макулдашып, ал тургай, кээде абийирлери толугу менен күйүп кеткичекти компромисске барып жатышат.

Экинчи көрүнүш да андан кем эмес опурталдуу. Адамдар Ыйсанын каны бизди жазадан бошотконго жетишерлик эле күчтүү, бирок күнөөнүн кулчулугунан эмес деген калп менен макулдашып алышат. Бул адамдар Ыйса Машайакта биз ыйыкпыз деген чындыкка бекем жармашып алышкан, бирок ыйыкталган жашоодо жашоонун зарылчылыгы деле жок деп ойлошот. Ушундай окутуу Фиатирдеги жыйында абдан жайылган. Пабыл бул ой жүгүртүүнү белгилеп кеткен:

> “Буга эмне демекчибиз? Кудайдын ырайымы көбөйүш үчүн, биз күнөө кыла беришибиз керекпи? Албетте, жок! Биз күнөө үчүн өлгөнбүз, кантип дагы эле күнөө кылып жашай бермек элек?” (Римдиктерге 6:1, 2).

Алгачкы эки көрүнүш – таза түрүндөгү эле криптонит, кайталана берген белгилүү күнөө. Ал адамды, ошондой эле бүткүл машайакчылык коомчулукту алсыратат. Ушул эки категорияда күнөө кылган адамдар

күнөөгө берилген. Бул адамдарга Сот күнүндө Ыйса: “Менден алыс кеткиле” (Матай 7: 20-23) дейт.

Үчүнчү категориядагы адамдар – өзүнүн күнөөдөн бошонушу үчүн күрөшкөндөр. Алар бошонгулары келет, бирок күнөө аларга бекем жармашып алган. Алар өзүлөрүнүн ишеними аркылуу боштондукка чыга турган  Кудайдын Сөзүндөгү күчтү али билише элек. Алар күнөө кылып алганда жүрөгүнөн өкүнүшөт. Анткени, Кудайды сүйүшөт. Алар чын жүрөктөрүнөн өкүнүшөт, бирок кандайдыр бир убакыт өткөндөн кийин кайрадан эле күнөөгө батышат. Тилекке каршы, алар күнөөлүү сезимге жана айыптоого чырмалып калышкан. Ошондуктан, аларга күнөөнүн чынжырынан бошонуу кыйын. Өзүлөнүн күнөөсү үчүн уялуу аларды ошондо кармап турат.

Эгерде силер үчүнчү топко тиешелүү болсоңор, анда кунт коюп уккула. Ыйса бизге: “Өзүңөргө сак болгула. Эгерде бир тууганың сага каршы күнөө кылса, ага эскертүү бер. Эгерде кечирим сураса, аны кечир. Эгерде ал бир күндүн ичинде сага каршы жети жолу күнөө кылып, сага жети жолу келип: “Күнөөмдү мойнума алам”, – десе, аны кечир” (Лука 17:3,4) деген. Түшүнгүлө, эгерде силер көп жолу күнөө кылган болсоңор, бирок ар бир жолу өкүнүү менен Кудайга кайрылып, чын жүрөктөн тобо кылган болсоңор, анда эч качан күнөө кылбагандай болуп, Ыйсанын Каны менен жуулгансыңар. Өзүңөрдү жазалай бербегиле, антпесеңер, силер Ыйсаныны канынын улуулугун басынткан болосуңар да, анан кайра эле өз күчүңөр менен адилеттикке жетүүнү каалагандай болосуңар. Антсеңер, силер куткарылуу менен кечирилүүнү ала албайсыңар. Кечирим – бул, Кудайдын кымбат баалуу белеги.

Бул бөлүмдө мен үчүнчү көрүнүштү карап чыгайын дегем. Мени Кудайдын даңкы кантип бошоткондугу тууралуу өз таржымалым менен бөлүшкүм келет.

## Мен бошоно албай жүргөм

Он эки жашымда мага досторум порнографиялык журналдарды көрсөтүштү. Биз аларды бири-бирибизге беришип жүрдүк жана көп убакыт өтпөй эле мен алардан көз каранды болуп калгандыгым жөнүндө айтпаса деле белгилүү болду окшойт.

Бардыгы жеңил порнографиядан  башталган, бирок тез арада эле ал нерсе оор мазмундуу материалдарга өтүп кетти.  Жыйынтыгында, менин оюмда жыныстык мүнөздөгү мен акыл-эсим менен токтото албай турган ой-чабыттар башталды. Жогорку класстардагы сабактарда мен

кыздарды жалдырап карап, алар менен болуп жаткан жыныстык катнашты элестетчүмүн. Мени жыныстык кумар каптап алды.

Он тогуз жашымда жатаканадагы чогулушта мен өз өмүрүмдү Ыйса Машайакка бердим. Көптөгөн күнөөлөр ошол замат менин жашоомдун үстүнөн бийлигин жоготту. Ичимдик ичүү, сөгүнүп-сагынуу, кыздар менен болгон туура эмес мамилелер, оройлук жана менин жүрүм-турумумдагы дагы башка көптөгөн терс нерселер өзүнөн өзү эле жоголуп кетти. Бирок, порнграфия менен ал нерсени каалоо мени коё берген жок. Мен мурдакыдай эле байлануу болчумун жана алардан бошоно албай жаткам. Мен ар бир жолу азгырыкка берилип, күнөө кылгандан кийин, дароо эле тобо кылып, Кудайдан кечирим сурачумун.

Куткарылганга чейин мен эки жолу ойлончу эмесмин – каалоом пайда болору менен мен ага дароо берилчүмүн. Куткарылгандан кийин бекем айлампада болуп калдым. Мен порнография көргүм келген эмес, анткени бул ыпластык экенин билгем, бирок каалоом каршылык көрсөтүү жөндөмүмдөн күчтүү болуп жатты.

1982 – жылы, жыйырма үчкө толгондо мен Лизага үйлөндүм. Өзүмдүн кыялымдагы кызга үйлөнгөндөн кийин, каалоо өзү менен өзү жоголот деп ойлогом. Бирок, ал кетмек түгүл, дагы да күч алды. Кандайдыр бир жакыныраак жерде порнографиалык материалды көргөн болсом, алар мени магнит темир бритваны тарткандай эле өзүнө тартып турчу. Менин көз карандылыгым Лиза экөөбүздүн төшөктөгү мамилебизге жана башка ынактык жактарга таасирин берип жатты.

1983 – жылы мен жыйында кызмат кыла баштадым, бирок мурдакыдай эле порнография менен күрөшүп жаттым. Жыйында мен кайтаруучуга, анын үй-бүлөсүнө жана бардык үгүттөөчү-конокторго жардам беришим керек эле. Биздин жыйын Америкадагы эң чоң жана эң белгилүү жыйындардын бири болчу, биз көптөгөн белгилүү кайтаруучуларды жана спикерлерди кабыл алчубуз. Алардын бири бошонуу кызматын кылуусу менен белгилүү болчу. Ал бир нече жыл Азияда кызмат кылган. Анын адамдарды кемчиликтеринен жана жин-перилерден бошоткондугу жөнүндөгү окуялары укмуштуудай, кээде акылың менен түшүнө албагыдай болчу. Кудай аны күчтүү колдончу. Анын аты Лестер Самралл болчу.

1984-жылы күзүндө төрт күндүк семинар өткөрүү үчүн ал биздин жыйынга келди жана мен адаттагыдай эле аны тосуп алып, жанында болушум керек эле. Ал мурда бизге келгенден улам, аны жетишээрлик эле жакшы билип алгам. Бул жолкусунда аны жеткирип баратып, унаада экөөбүз гана болгондуктан, мага ыңгайлуу учур келип жана өзүмдүн

жыныстык каалоом менен күрөшүүм жөнүндө ачык айтып берсем боло тургандай көрүндү. Мен муну кабыл алдым да жана ага өз каалоом менен мүмкүн болушунча чындыктын бардыгын айтып бердим. Лестер ишенимдеги чыныгы ата  сыяктуу жетишээрлик кескин жооп берди. Мен анын ар бир сөзүн кунт коюу менен угуп жаттым жана айлам кетип андан сурандым: "Суранам, менин бошонуум үчүн сыйынып бериңизчи".

Ал күчтүү сыйынуу менен сыйынды, бирок келерки жумада жана айларда да тилекке каршы, эч нерсе өзгөргөн жок. Мен каалоом менен күрөшүүнү улантып жаттым.

Болжол менен тогуз айдан кийин мага орозо менен сыйынуу өткөрүүгө мүмкүнчүлүгүм боло турган бөлмө сунуш кылышты. Орозомдун төртүнчү күнүндө (бул датаны эч качан унутпайм, 1985-жылдын 6-майы), терең сыйынууда мен толугу менен ал каалоодон бошондум. Ыйык Рух мени кызганыч менен өмүрүмдөн чыгып кетүүгө кумарга буйрук берүүгө алып келди. Мен ошондой кылдым жана менин ичиме кирген бийлик эч нерсе менен теңегис болчу. Кудайга шүгүр, мен азыркы күнгө чейин бошмун!

## Эмнеге дароо эмес?

Эркиндикте эки жыл өмүр сүргөндөн кийин, мен кыйналып жаткан суроом менен сыйынууда Кудайга келдим. "Ата, – дедим мен Ага, - мен түшүнбөй жатам. Мен Кудайдын улуу эр адамы болгон Лестердин алдында момун болдум. Көптөгөн элдер анын кызматы аркылуу боштондукка ээ болушту. Эмне үчүн мен ал сыйынган күнү дароо боштондук алган жокмун? Эмне үчүн тогуз ай өткөндөн кийин гана бошоно алдым?"

Теңир мага ошол убактагы менин жашоомду көрсөтө баштады. 1984-жылы күзүндө, Лестер сөз айтууга келген мезгилде, мен күн сайын эртең менен эң азы бир жарым сааттан сыйынчумун. Бул нерсе эки жылга жакын уланды. Мен таңкы 5те туруп, 5:30га чейин эртең мененки иштеримди жасап, анан саат 7ге чейин сыйынчумун. Ошол убактагы менин эң дилгирленген сыйынуум мындай эле: "Кудайым, Ыйсага көп адам алып келүүм үчүн мени колдон, оорулууларды сакайтуу үчүн мени колдон, адамдарды бошотуу үчүн мени колдон. Ата, Машайак үчүн элдерге таасир берүүдө мени колдон!" Мен дайыма бул жөнүндө сыйынчумун, күндөн-күнгө, Кудайдан мени кызматка киргизип жана эч ким жаба албай турган эшикти ачып берүүсүн суранчумун. Мен улуу жигердүүлүк менен сыйынчумун!

Ошол эле күздүн таңдарынын биринде, мен адаттагыдай эле мурунку айлардагы атүгүл, жылдардагы өтүнүчүм менен Кудайга сыйынып, жалынып жаткам. Капысынан менин ысык сөздөрүмдүн агымынын

арасынан, Ыйык Рух мага үн катты: "Уулум, сен Ыйсага көптөгөн адамдарды алып келип, көптөрдү бошотуп, ооруулууларды сакайтып койгон кезде да түбөлүккө тозокко түшүп калышың мүмкүн".

Мен катып калдым. Бул кантип болсун? Мен Ыйык Рухту угуп жатамбы? Ал кайрадан бул сөздөрү менен тынчтыкты бузмайынча мен шектенүүдө унчукпай эле калдым: "Уулум, Жүйүт Менин артыман ээрчиш үчүн өзүнүн жумушун таштаган, Жакшы Кабар тараткан, Менин атыман орулууларды сакайткан, Менин атыман адамдарды бошоткон жана азыр Жүйүт тозокто".

Мен католиктердин үй-бүлөсүндө төрөлгөм жана жогорудан кайра төрөлгөн ишенүүчү катарында болгонума беш эле жыл болгон. Ошондуктан, кийин мени менен болгон нерсе мага тааныш эмес эле. Бул сөздөрдү укканымда мени титирөө менен калтыроо каптады. Муздап кетип, сүйлөй да албай калдым. Ошол эле мезгилде тап-такыр түшүнө албай жаттым, бирок мени менен Кудай сүйлөшүп жаткандыгын мен так эле билип турдум. Анын болуусу мени титиретип жана урматтоого дем берип турду.

Акыры, мен бардык күчүмдү топтодум да, урматтоо менен сурадым: "Анда мен бардыгынан мурда эмнеге умтулушум керек? Эң маанилүү эмне?"

Мага айкын жооп келди: "Мени жеке билүү".

Ошол жолугушуудан кийин, жеке өзүм үчүн Ыйык Китепти окуп жатып Дөөттүн, Мусанын, Пабылдын жана башка өзүнүн өмүр жолун жакшы аяктаган адамдардын эң чоң каалоосу эмне болгонун түшүндүм. Пабыл айтат:

> "Теңирим Машайак Ыйсаны таанып билүү артыкчылыгы үчүн башка нерсенин баарын пайдасыз деп эсептейм. Ал үчүн баарынан баш тарттым, Машайакка ээ болуу үчүн" (Филипиликтерге 3:8).

Ал Ыйсаны жеке таанууга умтулган, ошондуктан анын кызматы ошончолук күчтүү болгон. Мен Ыйсаны жеке таанууну эмес, кызматтын аркасынан куугам. Ошол күнү бардыгы өзгөрүлдү.

Эми менин эртең мененки сыйынууларымдын басымы жылдырылды, мен сүйлөй баштадым: "Теңирим, мен Сени адам баласына билүүгө канчалык мүмкүн болсо, ошончолук жакын билгим келет. Адам баласына мүмкүн боло тургандай Сага жаккым келет. Мага Өзүңдүн жүрөгүңдү көрсөт, Сага маанилүү болгон нерсени ачып бер жана Сага маанилүү эмес нерсени көрсөт. Мени Өзүңдүн жолдоруңа үйрөт жана менин жашоом Сага кубаныч алып келсин..."

Мен эртең менен турууну уланттым, бирок менин сыйынууларымдын максаты башка жакка бурулду. Мен эмне болуп жатканын түшүнбөй

жаттым, бирок кийинчерээк Кудай мага көрсөттү.

Ошентип менин: “Лестер Самралл мага сыйынганда мен эмнеге бошонгон жокмун?” деген суроом түшүнүктүү боло баштады. Анан Кудай мага: “Сен Жакшы Кабарчыга ачылганыңда, кумардануу күнөөсү Мен сени чыкырган кызматыңан кармап жатат деп коркконсуң. Ал сени укугуңан ажыратып салат деп коркконсуң. Кайгырууңдун борбору өзүң болчусуң, бул дүйнөнүн кайгыруусу болчу”.

Анан Ал минтип улантты: “Тогуз ай мурун сен Мени жеке билүүнү каалооң менен Мага жалынганыңда, сенин жүрөгүң талкаланды, анткени сен өзүңдүн күнөөң менен Менин жүрөгүмдү жаралладың. Мен сени күнөөдөн куткаруу үчүн өлгөнүмдү билгенсиң. Менин айкашка чыгуумдун себеби болгон нерсеге катышууну сен жек көрдүң. Сенин кайгыңдын борбору Менде болду, бул Кудай үчүн болгон кайгыруу болду”.

Пабыл Корунттагы жыйынга мындай деп жатат:

> “Азыр болсо кубанып турам. Албетте, кайгырганыңар үчүн эмес, күнөөңөрдү сезип өкүнүп, кайгырганыңар үчүн кубанып жатам. Анткени силер Кудайга жаккандай кайгырдыңар, демек, биз силерге эч кандай зыян келтирген жокпуз. Себеби Кудайга жаккан кайгы тобо кылып куткарылууга алып келет, ал эми бул дүйнөнүкүндөй кайгы өлүмгө дуушар кылат” (2 Корунтуктарга 7:9, 10).

Бул аяттагы “куткарылуу” деген грек сөзү, сөзсүз эле жогордан төрөлүү дегенди түшүндүрбөйт. Бул “коопсуздук, куткаруу, коркунучтан жана талкалоодон сактоо” дегенди түшүндүргөн *soteria* деген сөз (WSNT-DICT). Келгиле, бул аныктоодон “бошонуу” деген сөздү бөлүп алалы да, жогорудагы аятка коюп көрөлү: “. Себеби, Кудайга жаккан кайгы тобо кылып бошонууга алып келет”. Мен кутулгам, бошонгом жана Кудай үчүн болгон кайгыруу гана боштондукту сактоого эшигин ачып берди.

## Эки кайгы

Кайгыруунун эки түрү бар, бири – Кудай үчүн кайгыга батуу, башкасы – дүйнөлүк кайгы. Алардын айырмасы эмнеде? Шабул падышанын жана Дөөт падышанын жашоолору айырмачылыкты жакшы көрсөтүп турат. Буга чейин айтылгандай, Шабул амалыктыктар менен болгон абалда Кудайдын тилин албады. Шемуел аны жооп берүүгө чакырды, ал болсо өз күнөөсүн мойнуна албай жатты. Бирок, Шемуел анысына көнгөн жок. Анан Шабул элди күнөөлөп

баштады, бирок эл артка кайтпагандан улам акыры Шабул: “Мен күнөө кылдым” деп мойнуна алып жатат. Бирок, ал сөздөрдөн кийин эле ал дароо Шемуелге мындай деп жатат: “ Мен күнөө кетирдим, бирок сенден суранам, бүгүн элимдин аксакалдарынын жана Ысрайылдын алдында мага урмат көрсөт...” (1 Шемуел китеби 15:30). Шабулдун кайгыруусу өзүнө гана багытталган. Шемуел аны жетекчилердин жана элдин алдында ашкерелеп, оңтойсуз абалга калтырды. Ошондуктан, Шабул анын ар-намысы калыбына келүүсүн каалады.

Дөөт падыша болсо оор күнөө кылды. Ал башка бирөөнүн аялы менен ойноштук кылып, өз күнөөсүн жашырыш үчүн анын күйөөсүнүн өлүмүн уюштурду. Натан пайгамбар аны анын жетекчилик тайпасынын жана элдин алдында ашкерелеп жатат. Дөөттүн күнөөсү билингенден кийин ал жерге жыгылып: «Мен Теңирдин алдында күнөө кылдым» (2 Шемуел китеби 12:13тү кара) деди.

Шабул “мен күнөө кетирдим” деп айтты. Дөөт «Мен Теңирдин алдында күнөө кылдым» деп айтты. Алардын ортосунда айырма бар. Дөөт аябай кайгырып жатат. Анткени, ал өзү сүйгөндүн жүрөгүн жаралап алды. Анын кайгысы Шабулга окшоп өзүнө багытталган эмес. Бул нерсени Дөөт тобо кылуунун үстүндө бүтүндөй түндү өткөрүп жана жети күн орозо кармаганынан бекемдеп көрө алабыз. Ал Кудайга каршы кылган нерсеси үчүн аябай өкүнүп жатты. Ал Кудайга кайрылганынан биз муну көрүп жатабыз:

> «Мен Сага, бир гана Сага каршы күнөө кылдым, Сенин көз алдыңда жаман иш кылдым. Сенин өкүмүң адилет, Сенин сотуң таза.» (Забур 50:6).

Дүйнөлүк кайгыруу силердин өзүңөргө багытталган. Анын артынан эмнелер болот? Мени соттошобу? Мен кызматымды жоготуп аламынбы? Мен өз күнөөм үчүн жабыр тартамынбы? Адамдар мен жөнүндө эмне деп ойлоп калышат жана башка ушул сыяктуу ойлор**.** Кудай үчүн кайгы Ыйсага багытталган: мен мени Сүйгөндүн жүрөгүн жараладым жана Ал эмнени чечсе Өзү билет: Анын соту адилет жана чынчыл жана мен Анын ырайымынын алдында баш ийемин.

## Кантип чыгуу керек

Ошентип, мен эркин болдум, бирок менин акыл-эсиме мурдагыдай эле эки-үч жылды ээлеген жаңылануу керек болду. 1985-жылдын май айына чейин мен порнографиялык материалдарды көрдүм. Мен ал тартылууга каршы тура албай жаттым. Бир нече убакыттан кийин мен каршы чыкканды

үйрөнүп, аларга каршы болуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болдум. Бирок, жаныман кооз, чапташкан кийимчен аял өтүп баратса, мен оюм менен башка жакка кетип калбаш үчүн көзүмдү ала каччумун. Бул Ыйса бизге тартуулаган толук эркиндик эмес. Бошонуу толук болгон жок.

Бошонуу жана эркин болуу деген түшүнүктөрдүн ортосунда айырма бар. Мен эркиндикти 6-майда алдым, бирок Ыйса айтып жатат: "Ошондо чындыкты билип каласыңар жана чындык силерди эркин кылат" (Жакан 8:32). Бизди чындык эркин кылышы бизге керек. Ал үчүн ал бизге терең кирип, сиңиш керек.

Убакыт өтүп, мен Анын Сөзүндө жана сыйынууда болуп жаттым жана менин акыл-эсим аялдарды Кудай кантип көрсө, ошондой кабыл алып баштады. Парадигманын биринчи кыймылы менин жүрөгүм аялдардын бардыгы бирөөнүн кыздары деген билимге толгондон кийин болду. Бул нерседен бардыгы эле терең ачылыш албайт, бирок мен үчүн чынында эле кандайдыр бир жаңы нерсе ачылды. Ыйык Рух мага ар бир аял бирөөнүн бир кызы экенин көрсөттү. Мен бошонууга чейин ойлогондой, ал дененин бир бөлүкчөсү эмес.

Бир нече убакыт өткөн соң, мындан да чоң аян менин жүрөгүмдү толтурду. Аялдардын бардыгы Кудайдын образы менен жаратылганын жана Ал аларга урмат менен атак-даңкты таажы кылып кийгизгени мага түшүнүктүү болду (Башталыш 1:26 жана 8:9 кара). Балким, бул анчалык тереңдей сезилбейттир, бирок мен үчүн бул жүрөгүмдүн түбүнө чейин кирип жана жашоомду өзгөрткөн улуу аян болду.

Эми кайда болбосун, менин алдымда порнографиялык сүрөттөр көрүнсө, жек көрүүнү гана сезип калдым! Ооба, мурда мени тарткан нерсе, эми түртүп калды. Мен куткарылуу алгандан кийин, жанымдан жагымдуу аял өтсө, башымды башка жакка буруп жүрдүм, эми мен андай кылбай калдым. Эми анын көзүнө тике карап, эч кандай каалоо сесимсиз жана жайдары гана: "Саламатсызбы" – деп коё алам.

Мен Ыйса Машайактын ырайымынын күчүн таптым. Көпчүлүк машайакчылар ырайымды куткарылуу, күнөөлөрдү кечирүү жана татыктуу эмес белек катары көрөөрүн түшүндүм жана көпчүлүгү ушу менен токтошот. Кудайдын ырайымы чынында эле бул таң калыштуу өзгөчөлүктөргө ээ экенин түшүндүм. Ал бизди таптакыр башкача кылуу күчүнө ээ жана бизди чындык эмнеге чакырып жаткан болсо, ошону кылууга күч берээрин байкадым.

Ыйсанын бекер белеги бизди күнөө үчүн болгон түбөлүк жазадан гана бошотпостон, ошондой эле күнөөнүн чынжырынан бошотуу үчүн

жетишээрлик күчкө ээ экенине ишене алабызбы? Ооба, силер мени андай эмес деп ишендире албайсыңар.

Мен билем! Мен Анын жашоону өзгөрткөн ырайымын башыман өткөрдүм жана эми мен куткарылдым. Анын мен үчүн кылгандарына аябай ыраазымын жана Ал силер үчүн да ошол эле нерсени кылганына ыраазымын! Бул парктагы сейилдөө эмес, бул салгылашуу болчу, ал тырышчаактыкты жана ысык сыйынууну талап кылган. Силерден да ошол эле нерсе талап кылынышы мүмкүн. Жакшы Кабардын мааниси мында, силер кулап калбайсыңар, анткени Кудайдын ырайымы менен сүйүүсү эч качан буга жол бербейт. Ошондуктан, аны менен жана боштондукта болгула.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Кудай – силердин Куткаруучуңар, жалгыз Ал гана. Бизди күнөөнүн байланышынан бошотуп коё турган беш кадамдуу программа, адамдык аракет, эрежелердин тизмеси жок. Бирок, бул биз аракеттенбесек деле, Кудай бизди күнөөдөн бошотот дегенди түшүндүрбөйт. Кудай силерди бошото алат, бирок ал Ага умтулуу аракетин талап кылат. Асмандагы Атага туура ниеттер менен умтулуу – Андан бир нерсе алуу эмес, Аны таанып-билүү. Так ушул нерсе бизди куткарылууга алып келет.

Маселе, силер үчүн куткарылуу канчалык зарыл экендигинде? Силер Кудайды издөөгө убакыт бөлөсүңөрбү? Керек болсо, Аны менен жолугуу үчүн кайндайдыр бир руханий чыгууларга даярсыңарбы? Анын жаныңарда болуусун билгенче жана Анын убадасын алганга чейин тынбай чакырасыңарбы? Силер менен болгон мамиле кылууга уруксат берип, Ага жакындайсыңарбы? Жөн гана жашооңордогу көз карандылыктан бошонуш үчүн эмес, Аны менен болгон мамилеңер үчүн күнөөдөн куткарылууга умтула аласыңарбы? Калыптанган таза лидерлер силер үчүн сыйынып жана жашооңор жөнүндө айтканына момун боло аласыңарбы?

Силердин чынжырыңардын баасын түшүнүп билгиле жана ошондой эле, эркиндигиңердин баасын эске алгыла. Андан соң жүрөгүңөр менен Кудайдын артынан ээрчигиле. Силер Аны жеке таанышыңарды Ал күтүп жатат!

26

# КҮНӨӨ ЭМЕС КҮНӨӨ

Бул бөлүмдүн темасын окуганда кашыңарды көтөргөн жоксуңарбы?

Биз бутка табынуучулуктун дагы бир аспектин камтыган жокпуз, ал күнөө эмес болгон күнөө. Криптонитти жок кылуу процессин аяктоо үчүн биз бул аспекти четке кага албайбыз, анткени аны кармоо кыйыныраак. Келгиле, накыл сөздөрдөн баштайбыз.

Бир жолу өтүп бара жаткан жолоочу Ыйсага, Кудайдын Падышачылыгында банкетте болуу жакшы экендиги тууралуу айтып калды. Ыйса анын айтканын терең бир чындыкты түшүндүрүп айтып берүү үчүн колдонду. Ал минтип айтат: «Бир адам кечкиге чоң дасторкон даярдап, көп конок чакырат. Тамак ичер убакыт болгондо, ал чакырган адамдарына: "Келгиле, баары даяр болду", – деп, кулунан айттырып жиберет. Бирок сүйлөшүп алгансып, баары тең кечирим сурай башташат..." (Лука 14:16-18). Бул накыл сөздөгү ачкыч сөз – "кечирим суроо".

Силер менен ошондой болду беле? Силер кимдир бирөөдөн бир нерсе сурасаңар, балким жардам, балким майрамга же тамакка чакырсаңар, балким, кандайдыр бир керектүү ишти же тапшырманы аткарууну же дагы башка бир нерсени сурансаңар, анан ага акылсыз жоопторду алсаңар. Жогорудагыдай "кечирим сурашса". Адамдар силердин сураныч ыңарга караганда өзүлөрүнүн ишин маанилүүрөөк сезишет. Негизинде алар: "Өз тизмемдеги иштеримди сеникинен жогору коём" дегендик.

Ыйсанын айтымына караганда, бул адам жөн гана чипсы менен гамбургер, ходдогду сунуштаганга чакырган жоктур эле. Ал маанилүү окуя үчүн чооң майрамды уюштурган эле. Ал тектүү адамдарды баталагысы

келген. Чакыруу кагаздары жазылып, конвертке бекитилип, майрамга келүүнү каалаган бардык адамдарга жөнөтүлгөн болчу. Бирок, ал ар кандай шылтоолорду уккан: “Алардын бири ага: “Мен жер сатып алдым эле, аны барып көрүшүм керек. Суранам, мени кечирип койчу” дейт (Луки 14:18).

Анан маанилүү суроо пайда болот: “Жер сатып алган эмне, күнөөбү? Албетте, жок. Эгерде бул күнөө болсо, анда мен тобо кылышым керек. Анткени, мен да жер сатып алгам. Бирок, эгерде жер сатып алуу Кудайдын Сөзүнө караганда маанилүү болсо, анда бул – күнөө, күнөө эмес болгон күнөө. Тактап айта турган болсок, анда бул бутка табынуучулук же криптонит.

Эми башка бир адамга карап көрөлү: “Мен он өгүз сатып алдым эле, ошолорду сынап көргөнү барам. Суранам, мени кечирип койчу” (Лука 14:19). Кайрадан сурайбыз, өгүздөрдү сатып алуу же азыркы тил менен айтканда бизнес үчүн жабдыктарды сатып алуу – күнөөбү? Албетте жок, мен өз жашоомдо офиске керектүү жабдыктарды сатып алгам. Анткен менен, ошол сатып алган же башка нерселер Кудайдын Сөзүнөн маанилүүрөөк болсо, анда бул күнөө. Кайра эле күнөө болбогон, күнөө. Анан кайра эле бул күнөө эмес болгон күнөө, тактап айта турган болсок, анда бул бутка табынуучулук же криптонит.

Келгиле, чакырууну алган акыркы адамдын жообун угалы: “Мен жаңы эле үйлөндүм, ошондуктан бара албайм”, – дейт (Лука 14:20).

Ошол эле суроону акыркы жолу берүүгө уруксаат эткиле: үйлөнгөн күнөөбү? Эгер күнөө болсо, анда мени кошуп, эркектердин баарынын шору куруйт го. Албетте, бул күнөө эмес. Бирок, аялың Кудайдын Сөзүнөн маанилүүрөөк болуп жатса, анда күнөө. Кайра эле күнөө болбогон, күнөө, тактап айта турган болсок, анда бул бутка табынуучулук же криптонит.

Ойду тактап айткым келет: эгерде биз кимдир бирөөнү же эмненидир же кандайдыр бир иш-аракеттерди Кудайдын Сөзүнөн жогору койсок, анда ал күнөө болбогон эле нерсе, күнөө болуп калат.

## Менин криптонитим өзүн көрсөттү

Мурда айтып кеткендей, мен Пердью университетинде экинчи курста окуп жүргөнүмдө Ыйса Машайакты сүйүп калганым тууралуу айтып бергенмин. Мен Аны 1981-жылы жатаканада жашап жүргөнүмдө Теңирим деп кабыл алгам. Мен Ал үчүн жалындап турчумун!

Бир нече айдан кийин Пердьюда футболдук сезон башталды. Мен 3-курста окучумун, анан студент болуп туруп, бардык үйдөгү матчтарга абономент алып алдым. Акыркы эки жыл ичинде мен алардын бирөөнү да өткөрүп жиберген эмесмин. Бирок, мен эми ушунчалык Ыйсага кирип кеткендиктен,

матч болуп жаткан мезгилде Библия окуп жаттым. Жатаканада тынч болчу, анткени бардык балдар оюн көргөнү кетишчү. Бул мен үчүн сыйынууга болгон кереметтүү убакыт эле. Мен футболдук матч менен өткөргөн убакыттан көрө Кудай менен өткөргөн убакыттан көбүрөөк ырахат алып жаттым.

Мага эч ким: "Сага футболдук матчка барууга болбойт" деп айткан жок. Мен оюнга баруу – бул, жаман экен деп эч качан ойлогон эмесмин. Анын үстүнө, университеттин акыркы курсунда көптөгөн оюндарда болгом.

Университетти бүтөөр менен мен Далласка бардым да, бир нече ай өткөндөн кийин ал жакта жыйында иштей баштадым. Кызмат ири жана таасирдүү болгондуктан, ал жерде иштеген адамдардын саны төрт жүздөн ашчу.

Ошол мезгилде "Далласттык ковбойлор" деген команда улуттук футболдук командалардын эң мыктысы болчу. Мен "Ковбойлордун" чоң фанаты эмес болчумун, антсе да офистеги балдардан ар бир дүйшөмбүдө ал команда тууралуу укчумун. Алар эртеси күнү оюндун бардык майда-чүйдөсүн – статистиканы, урунттуу учурларды, плей-оффтун потенциалдык сеткасын талкуулашчу.

Мен "Ковбойлорду" кызыгып көрө баштадым. Алгач мен төрттөн бир же эки бөлүгүн көрүп жаттым. Мага аларды көргөн жакчу, анткени алар ушунчалык жакшы ойношчу. Анан дагы бир артыкчылык бар болчу, мен офистеги балдар менен акылдуу талкууларды жүргүзө алчумун.

Бирок, убакыттын өтүшү менен бул командагы болгон кызыгуум күчөп кетти, мен оюнду толук бойдон көрүп калдым. Телевизор менен абдан эмоционалдуу түрдө сүйлөшө баштадым, оюнчуларга жан тартып, ал тургай, алар үчүн кыйкырып жаттым. Акыры, мен бир да матчты өткөрүп жибербей калдым, экрандан ажырабай баарын көрдүм. Ал тургай, туруктуу жарыштар болбой калган учурларда да, биз коллегалар болуп, эмки сезон кандай болот жана анда "Ковбойлор" өзүлөрүн кандай гана укмуш көрсөтөөрү тууралуу сүйлөшүп жаттык. Мен таптакыр эле фанат болуп калдым!

Сезон келер менен менде тартылуу болчу. Ар бир жекшемби күнү чогулуштан кийин мен үйгө келип, дароо кийимимди да которбостон, телевизорду койчумун (ал кезде костюмдарды кийчүбүз). Менин кийимдерим ыңгайсыз болсо да, ваннага киришим керек болсо да, телевизорго жабышып калгандай болуп отурчумун. Мен оюнду өткөрчү эмесмин. Тыныгуу мезгилинде кийим которчумун. Лизага жардамдашуу тууралуу сөз да болчу эмес. "Кымбаттуум, "Ковбои" ойноп жатат" дечүмүн. Биз тыныгуу учурунда же оюн бүткөндө гана түштөнчүбүз, эч качан оюн маалында эмес.

Ал кезде мен команданын бүт статистикасын билчүмүн. Мен аларды

дыкаттык менен изилдечүмүн жана канткенде оюнчулар мыкты натыйжа берерин да билчүмүн. Жумушта мен бардык сөздөрдүн алып баруучусу болчумун. Биздин жыйында өзүнө абономент алгандар бар болчу, анан мени стадионго чакырышса, барчумун. Мен эч качан барбаш үчүн болбогон шылтоолорду тапчу эмесмин.

Мына ошентип кезектеги сезон келет. Ошого чейин мен жөнөкөй гана, менин оюмча маанисиз эле сыйынуу менен сыйынчумун. Бирок, мен ал менин жашоомду өзгөртөт деп ойлогон эмесмин. Мен минтип сыйынгам: “Теңир, менин жүрөгүмдү тазала деп суранам; мен Сен үчүн бөлүнүп коюлган, ыйык болгум келет. Ошондуктан, менин жашоомдо Сага жакпаган, же мага Сенден маанилүүрөөк болгон нерселер болсо, аларды мага ачып бер жана алардан арылууга мага жардам бер”.

Футболдук сезон тез эле аяктап, плей-офф оюндары жакындап калды. Абдан маанилүү оюн боло турган күн да келди. «Ковбоилор» «Филадельфиялык бүркүттөр” менен ойношот. Уткандар плей-оффко чыгышат, утулгандар болсо турнирден чыгарылат. Мен телевизорго чапталгансып, бир жерге отура албай жаттым, телевизордун алдында тикемен тик турдум. Оюндун акыры болуп жатты, финалга чейин сегиз гана мүнөт калды. “Ковбоилор” төрт очкого артта калып жатышты. Бирок, алардын белгилүү квоторбеги команданы атаандаштын дарбазасына карай алып бара жатты. Мен алардын кыймылы ойдогудай болбой калганда полду тепкилеп, алар ийгиликтүү ойносо, кыйкыра колдоп жаттым. Оюндун таасири ушунчалык күчтүү болчу.

Капысынан, эч кандай эскертүүсүз туруп эле Ыйык Рух мени сыйынууга чакырды. Мени сыйын, сыйын, сыйын деген чакырык каптап калды! Жүрөгүмдү абдан оор жүк басып калды. Ошол эле убакта Ыйык Рух мени сыйынууга жетелеп жатканын түшүндүм.

Мен: “Теңир, оюндун бүтүшүнө болгону сегиз мүнөт калды. Ал бүткөндөн кийин мен сыйынам” деп катуу айттым.

Кызыгуу мени таштабады жана коё бербеди.

Бир нече мүнөт өттү. Жүктөн жеңилдөөнү күтүү менен мен кыйкырып жибердим: “Теңир, оюн бүткөндөн кийин мен беш саат сыйынам. Болгону алты мүнөт калды!”

“Ковбоилор” топту алып, атаандаштын дарбазасын көздөй чуркай башташты. Алар канткен күндө да ушул маанилүү матчта жеңишээрин билгем. Антсе да, сыйынууга болгон түрткү мени таштабай койду. Андан дагы күчөп кетти. Мен көңүлүм чөгүп, экрандан алыстагым келбеди.

Ошондо мен: “Теңир, мен күндүн калган бөлүгүн, ал тургай түнү менен сыйынам, эгерде Сен кааласаң!”

Мен оюндун калганын көрдүм. “Ковбоилор” утушту. Мен дароо телевизорду өчүрүп, тепкич менен өз офисиме чыктым. Эшикти жаап алып, сыйынуу үчүн килемге чөгөлөдүм. Бирок, сыйнууга карата түрткү жок болчу. Эч кандай жүк дагы, кичине гана сезим дагы жок эле. Эч нерсе.

Мен аракеттендим. Мен сөздөр менен сыйынып баштадым, бирок ал дубалга тийген нокоттой болуп жатты. Бир аз гана убакыт өткөндөн кийин мен эмне болгонун түшүндүм. Мен Кудайдын чакырыгына караганда оюнду артык көрүпмүн. Анын суранычынан баш тартуу үчүн болбогон шылтоону таапмын.

Мен жүзтөмөндөп килемге жыгылып, онтоп жаттым: “Кудай, эгерде менден кимдир бирөө “Далластык ковбоилор маанилүүбү же Кудайбы?” деп сураса, “Албетте, Кудай!” демекмин. Бирок, азыр эле мен ким маанилүү экендигин көрсөтүп койдум. Мен сага керек болдум, бирок мен Сага караганда футболду артык көрдүм. Мени кечирип койчу, суранам!”

Ошол замат өз жүрөгүмдө: “Уулум, Мен сенин беш саат сыйынганыңды каалабайм. Мен тил алчаактыкты каалайм” дегенди уктум.

## Жашоонун ар кандай жактары

Бутка табынуучулуктун ушундай түрлөрү жашоонун ар кандай жактарында болуп калышы мүмкүн. Эсимде, бир жолу эрте мененки кургак тамакты кесеге салып жаттым. Негизи мен эрте менен ошондой тамактанганды жактырам. Бирок, ошол күнү эрте менен Кудай: “Мен сенин эрте мененки тамакты жебей, орозо кармашыңды каалайм” деп шыбырады.

Мен ал тамакка карап туруп, абдан жегим келди. Анан: “Теңир, мен эмки жумада үч күндүк орозо кармайм”,- дедим. Анын суроосун укпаш үчүн, дагы бир туура эмес шылтоо. Ал ошондо мага тамак менин жашоомдогу буркан болуп калгандыгын көрсөттү. Мен Аны менен боло турган кымбат убакытты коё бердим, анткени Аны менен жана Сөзү менен болуудан көрө, тамакты артыгыраак көрдүм.

Ошентип жүрүп, менин гольфко болгон кызыгуум жашоомдо өтө чоң орунду ээлей баштаганда, Ыйык Рух менин бардык клюшкаларымды бир пасторго белекке беришимди айтты (так ошого бериш керектиги да кокустук эместир).

Мен бир жарым жыл бою бир да жолу ойнобой калганымдан кийин Теңир бир нече миң доллар турган гольфко керектүү буюмдарды бир адис гольфистке белекке берүүнү жүрөгүмө салды. Мен түйшөлө түштүм. Анан бир нече ай өткөндөн кийин бир пастор гольф үчүн керектүү буюмдардын баарын мага берүүнү анын жүрөгүнө салгандыгын айтты. Мен ого бетер кызыктай болдум! Кийинчерээк мен жалгыз калганда Теңирден: “Мен гольфтун ушунча жабдыктарын эмне кылайын?” деп сурадым.

“Бар, гольф ойно”, - дегенди уктум жүрөгүмдө.

“Бирок, бир жарым жыл мурда Сен мага спорттон кет, бардык коклюшкаларды берип сал дебедиң беле”.

“Эми гольф сен үчүн тоскоолдук эмес. Эми ал сен үчүн эс алуу жана убакытты жагымдуу өткөрүү үчүн гана керек” дегенин уктум Кудайдын.

Ошондон бери мен гольф ойноп келе жатам. Кудай аны мага эс алдыруу жана сергилентүү үчүн колдонуп келе жатат. Ал эми, мага көптөгөн адамдарды куткарууда, өз уулдарым, жыйындын лидерлери, кызматтагы өнөктөштөрүм менен убакыт өткөрүүдө колдонгон керектүү нерсем болуп калды. Андан тышкары биздин досторубуз менен өнөктөштөрүбүз «Messenger International» уюмунун миссиялык иштерине гольф –турниринин Messenger кубогу үчүн беш миллион доллардан ашык курмандык кылышты. Эгерде мен жашоомдун калган бөлүгүндө таптакыр гольфтон баш тартып койгонумда, мындай болмок эмес. Гольф криптонит болбой калды.

Мына, күнөө эмес болгон күнөөлөр. Алар биздин бизнесте, кызматта, спортто, мамилелерде, ырахатта, ал тургай кээ бир буюмдарда да болот. Буюмдар, иштер, мамилелер жана позициялар сыяктуу эле бул тизме да чексиз.

Кудайдын каалоосу биздин баарыбыздын жашоодон ырахат алышыбыз. Андан дагы мени апостол Пабылдын сөзү таң калтырат:

> “…биздин жыргалчылыгыбыз үчүн бардыгын мол берүүчү тирүү Кудайга...” (1 Тиметей 6:17).

Ал биздин Ал берген бардык керемет баталарды алышыбызды каалайт. Ал биздин жашоодон ырахат алышыбызды каалайт. Ал болгону артыкчылыктардын тизмесинде негизги орунду Ага беришибизди гана каалайт, - бул демек, Ал жана Анын каалоосу ар кандай убакытта, ар кандай жерде жана бардык иштерде негизги экендиги.

Эч кандай болгон-болбогон шылтоолордун кереги жок.

## Банкетти коё бербегиле!

Келгиле, Ыйсанын накыл сөздөрүнүн акыркы бөлүгүнө карап көрөлү. Биз үч адам тууралуу, майрамга чакырылгандар, шылтоо айткандар тууралуу окудук. Андан ары дагы окуйлу:

> “Кул кайтып келип, муну кожоюнуна айтат. Ошондо үй ээси каарданып, кулуна: “Сен тезинен шаардын чоң-кичине көчөлөрүн аралап, жардыларды, мунжуларды, аксактарды

> жана сокурларды бул жерге алып кел”, – деп айтат. Кул барып келип: “Кожоюн, буйругуң орундатылды, бирок дагы орун бар”,– дейт. Ошондо кожоюн кулуна: “Жол боюндагыларды, шаар тосмосунун сыртындагыларды келүүгө аргасыз кыл, менин үйүм толсун. Анткени силерге айтып коёюн, мурунку чакырылгандардын эч кимиси менин кечки тамагымдан даам татпайт. Анткени чакырылгандар көп, бирок тандалгандар аз”, – деп айтат” (Лука 14:21–24).

Бул үлгүлүү аңгеме Козу менен болгон нике майрамы тууралуу - Кудай Ата кылымдын аягында Өз Уулу үчүн жасай турган майрам тууралуу айтып жатат. Биз баарыбыз ага чакырылганбыз. Бул жерде азыр жана ушул жерде колдонулган принциптер сүрөттөлүп жатат. Кудай эгерде биздин күнүмдүк расписаниебизди бузуп, же бизге жаккан бир иш менен алек болуп жаткан мезгилибизде Кудай чакырса, демек Анын бизге деген жакшыраак тилеги бар. Бул – демек, кудайлык жолугушуу, Анын Сөзүнүн, акылмандуулугун, кошо болушунун, камсыздоосунун, кеңешинин, күчүнүн ж. миб. көптөгөн башка баталарынын, Ал гана бере ала турган нерселердин майрамы.

Ошол “Далласттык ковбоилор” ойноп жаткан маалда Анда мен үчүн бирдеме болгон. Бир кезде ал эмне экендигин мен билермин, бирок Ал “көчөлөр жана тосмолордун боюнан” мен үчүн даярдалган өзгөчө баталарды алган башка бирөөнү тапканына күмөнүм жок. Мен аны өткөрүп жибердим.

Мен айыптоону сезген жокмун, анткени кечирим сурадым, ал эми Анын кайрымы улуу. Бирок, мен албетте ушул ж. б. каталыктарымдан сабак алдым. Мен криптониттерге берилүү менен, Ал мага даярдап койгон бир дагы сюрпризди өткөрүп жибергим келбейт.

Качан Ал бизге ушундай кокусунан болгон чакырууларды бергенде Анын Сөзүн жана акылмандуулуктарды кабыл алсак, биз күчтүүрөөк болуп калабыз. Криптонит болгону бизди алсыратаарын эсибизде саташыбыз керек.

Тилекке каршы, кээ бир адамдар кайра-кайра ар кандай шылтоолорду таба беришет. Алар Аны өзүлөрүнүн кадырлуусу кылбагандыктан, чоң банкетти өткөрүп жиберишет. Мен мындай нерсе болбойт деп үмүттөнөм, анткени Анын үйүндө баарыбызга орун жетет, баарыбыз чакырылганбыз.

Мен көп жыл мурда сыйынган ушул жөнөкөй сыйынуу менен сыйынгыла деп суранам: “Атаке, Теңирим Ыйса Машайактын ысымынан суранам, менин жүрөгүмдү тазалачы. Мен Сен үчүн бөлүнүп коюлган ыйык болгум келет. Эгерде менин жашоомдо Сага жакпаган, же Сенден жогору

сезилген бир нерсе болсо, ачып бер жана андан бошонууга жардам бер. Мен Сенин бир дагы тоюңду өткөрүп жибергим келбейт!”

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Бул бөлүмдүн аягындагы сыйынуу менен сыйындыңар деп ойлойм. Ошондой болгон болсо, анда алдыдагы күндөр, айларда Ал силерди Өзүнө жакынырак болсун деп тарта баштайт. Анан ошол жолдо Андан силерди эмне кармап тургандыгын ачып берет. Ага ачык болгула, Андан жашооңордо силерди кармап турган нерселер, шылтоолор, Анын Сөзүн – чакырыгын угууга эмнелер тоскоол болгондугу тууралуу сурагыла. Ал силерге ачып берген нерселердин баарын жазып алгыла жана ал үчүн сыйынууга бир нече мүнөтүңөрдү бөлгүлө. Буга карата Кудайдын көз карашы кандай экендигин көрсөтүп берүүсүн сурагыла жана Анын айткандарын жазып алгыла.

Эгерде силер бөлүмдүн аягындагы сыйынуу менен сыйынбаган болсоңор, анда башка сыйынуу менен сыйынганга убакыт бөлгүлө. Силерге бул сыйынуу менен сыйынуу үчүн ачык, кайраттуу жүрөк беришин Кудайдан сурагыла. Сыйынуу учурунда Ал жүрөгүңөргө салган бардык нерсени жазып алгыла.

# 27

# Банкеттик эшик

Башка жыйында Аян китебинде Ыйса укмуш таң калардык эскертүү берет. Анын сөзү биз мурда талкуулаган нерсеге абдан окшош:

> “Мына, Мен эшиктин алдында туруп, эшикти чертип жатам. Ким Менин үнүмдү угуп, эшигин ачса, Мен аныкына кирип, аны менен бирге тамак ичем, ал да Мени менен бирге тамак ичет” (Аян 3:20).

Ыйса менен болгон банкет! Устат менен баарлашууда болгон жалпы майрам. Ал жакта биз Аны менен бирге болуу менен Анын Сөзүн, акылмандуулук, кеңеш, күч, ж. б. бардык баталарды алабыз. Мындай азык бизде ачкачылыкты ойготот, Андан кабыл алуу үчүн күтүү жана тамшанууну пайда кылат деп үмүттөнөм. Мына ушул бизге чеп, кечки тамак – Ыйсадан бизге берилген азык, криптонитке толугу менен карама-каршы келген нерсе.

Мындай суроо пайда болот: “Ал кайсы эшикти черткилеп жатат?” Көптөгөн кызматчылар Жазуудагы бул аятты адамдарды куткарылууга чакырганда колдонушат. Бул жакшы. Бирок, биз муну Аны билбегендерге эмес, жыйынга, Өзүн ээрчигендерге айтып жатканын эстешибиз керек. Антсе да, Ыйса бул жерде эшик тууралуу айтып жаткан жок. Бул жерде басым Анын сөзүнө жасалып атат: “Эгер ким укса” деп жатат.

Эгерде менин үйүмдө музыка катуу чыгып жатса, кандайдыр бир маанилүү конок келип эшигимди такылдатып, менин атымды айтып жатса, мен аны укпай калам. Ал туруп-туруп, анан кетип калат.

Ошентип, анан дагы да маанилүүрөөк суроо туулат: “Укканга бизге эмне

тоскоол болуп жатат?” Эгерде биз укпай калсак, анда тойду өткөрүп жиберебиз. Келгиле, ойлонолу да, анан ушул маанилүү суроого жооп берип көрөлү.

## Ыйыктык

Эгерде азыркы жыйындарда ыйыктык дегенди колдоно турган болсоңор, анда адамдар дароо сөздү качырып, дароо теманы буруп кетишет. “Прогрессивдүү” жолдо баратам дегендер үчүн бул түшүнүк мода эмес, ал токтоп калууну чакырат. Көбүнчө ыйыктыкты өз куткарылуусуна же легалдуулукка жетүү үчүн зарыл болгон иштери деп түшүнүшөт.

Ошентсе да, Жаңы Келишимде Ыйса Машайак келе турган жыйын мындайча сүрөттөлөт. Ал «лидерликке ориентацияланган», «актуалдуу» «байланыштары бар» же «достукка жакшы» жыйынга келет деп жазылып турган жок. Мунун баары жыйындын өсүшү жана ийгилиги үчүн зарыл нерсе, бирок бул сапаттардын бирөө да Машайактын колуктусунун негизги жактары эмес.

Тилекке каршы, мыйзамчылдыктын рухунда өткөн насааттардын айынан, көптөгөн адамдар ыйыктык деген темадан оолактап кетишкен. Азыркы учурда жыйындын өсшү үчүн бул темалардан таптакыр качыш керек деген пикир бар. Ошол эле мезгилде байкоочу лидерлер Жаңы Келишим бүт бойдон эле ыйыктык тууралуу айтат, ошондуктан бул нерсени айланып өтүүгө мүмкүн эмес. Ошентип, Кудайдын Сөзүнүн насаатчылары менен окутуучулары ыйыктык сөзгө мындай доктриналарды куруу менен, ага жагымдуу даам беришкен: «Ыйыктыкка карата жеке жоопкерчиликте тынчсыздануунун кереги жок, анткени Ыйса – биздин ыйыктык, ал Машайакта камтылган». Бул доктрина туура, бирок толугу менен туура эмес, анткени Жаңы Осуятта ыйыктыктын эки аспекти тууралуу айтылат. Азыркы окутуу менен насааттар аларды бир топко бириктирип салышат.

Ыйыктыктын биринчи аспектинде бизге минтип айтылган:

> “Биз Кудайдын алдында сүйүүдө ыйык жана кемчиликсиз болушубуз үчүн, Ал бизди дүйнө жарала электен мурун Машайак аркылуу тандап алган” (Эфестиктерге 1:4).

Биз түбөлүк баалуулукка татыктуу бирдеме кылаарыбыздан мурун Кудай чечим кабыл алган. Ал бизди тандап алган – ошону менен Ал бизди ыйык деп жарыялаган. Биз Анын көз алдында кирсизбиз. Бул “абал менен байланышкан ыйыктык”. Биз Ыйсаны кабыл алган күнү Кудайдын көз алдында ыйык болуп калганбыз, эми эч качан андан да ыйыгыраак болбойбуз. Ыйсаны кабыл алган кнү кандай ыйык болсок, жыйырма беш

миллион жыл кийин деле ошондой эле ыйык болобуз.

Мисал келтире кетейин: мен Лиза менен 1981-жылы таанышкам. Жолугушканыбыздан көп өтпөй мен аны сүйүп калдым жана ага мага турмушка чыгууну сунуш кылдым. 1982-жылы октябрда ал менин аялым болуп калды. Бүгүн отуз беш жыл өткөндөн кийин ал менин ошол күндөгүдөн көбүрөөк аялым болуп калган жок. Биздин жетимиш жылдык юбилейибизде да ал ошол күндөгүдөн көбүрөөк аялым болуп калбайт. Ал Джон Бивердин аялы деген абалды ээлеп турат. Ага аны иштеп табуунун, иштеп берүүнүн же сатып алуунун кереги жок. Мен аны тандаганым үчүн, ал менин аялым.

Кээ бир лидерлер ушундай ыйыктык тууралуу окутушат жана ал чынында эле бар. Эми өзүмдүн никемди мисалга алуу менен, ыйыктыктын башка аспектин көргөзөйүн.

Мени менен таанышканга чейин Лиза балдар менен жүргөн, аларга телефон номерин берген кимге кызыкса, алар менен жолугушууга барган. Биз үйлөнгөндөн кийин ал эркектерге тийишүүнү койгон. Ал бирөөнүн аялы кандай болуш керек болсо, ошондой абалда жүрүп калды.

Апостол Петрдин сөзүн окуп көргүлө:

> “Билбестиктен баткан мурунку кумарларыңарга кайрадан ык албагыла, тескерисинче, тил алуу үчүн тандалган балдар катары бардык жүрүш-турушуңар ыйык болсун, анткени силерди чакырып алган Кудай ыйык” (1Петр 1:14, 15, англис тилинен которулган).

Мен эки сөздү белгилеп койдум. Биринчиден, «керек» деген сөзгө көңүл бургула. Петр биздин жүрүм-турумубузга милдеттүү шарттарды коёт. Экинчиден, Петр Ыйса Машайактагы биздин абалыбыз эмес, ишибиз тууралуу айтып жатат. Библиянын кеңири котормосу жакшы түшүндүрөт: «Силер өзүңөрдүн жашоо образыңар жана жүрүм-турумуңар менен ыйык болосуңар». Бул абалдагы эмес, жүрүм-турумдагы ыйыктык. Бул биз үйлөнгөндөн кийин Лизанын жүрүм-турумунун өзгөргөнүнө окшош. Биздин жүрүм-турумубуз биздин позициябызды чагылдырып турушу керек.

Мына, келишпестик кайдан башталат. Өзүмдүн машайакчылык жашоомдун башында мен ар дайым ыйык жашагым келчү, ар дайым өзүмдөн чыгып кетчүмүн. Жумшак айтканда ушунун айынан абдан кейичүмүн. Анан мен Кудайдын ырайымы бар экенин билдим. Андан кийин гана мен ырайым деген – бул, Кудайдан бизге бекер берилген күч экенин, жеке күчүбүз менен кыла албай турган нерселерди кылууга жөндөмдүү болгон күч экенин түшүндүм.

Мен порнография ж.б. күнөөлүү адаттардан көз каранды элем, бирок, ырайымды таап алган соң мен эркиндикте жашап калдым, мен ага ишендим жана аны менен кызматташа баштадым.

Мына, кейиштүү далил. Биздин кызмат эки жыл мурда изилдөө жүргүздү. Биз ар түрдүү доктриналык агымдар менен деноминациялардагы жыйындарга кайрылып көрдүк. Биз өлкө боюнча жогорудан төрөлгөн беш миң машайакчыны сурамжыладык. Катышкандардан биз Кудайдын ырайымына үч же андан көбүрөөк аныктама берүүнү сурадык. Сурамжылоонун жыйынтыгы билдиргендей, дээрлик бардык адамдар ырайым куткарылуу жана күнөөлөрдөн кечирим берет, бул Кудайдын сүйүүсү жана бекер белеги деп жооп беришти. Бул жакшы жаңылык эле. Натыйжанын кайгылуулугу мына мында болду, ырайым – бул Кудайдын күчү экендигин эки пайыздан азыраак гана ишенүүчүлөрдүн билгени болду. Анын үстүнө Кудай Өзү минтип айтып жатат: "Менин сага болгон ырайымым жетиштүү. Анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот" (2 Коринфянам 12:9ду карагыла). Өз ырайымы тууралуу Ал Өзүнүн күчү деп айтып жатат.

Петр минтип жазат: "...силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин! Жеткилең Кудайдын кудайлык күчү бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген..." (2 Петра 1:2, 3). Петр Кудайдын ырайымын биз такыбаа жана ыйык жашашыбыз үчүн берилген Анын кудайлык күчү деп айтат. Биз ушуга ишенмейинче, Кудайдан баарын ала албайбыз. Анан биз өзүбүз билбеген нерсеге ишене албайбыз. Эгерде Америкалык машайакчылардын болжол менен эки гана пайызы ырайымдын бизге күч берерин билишсе, демек, калган токсон сегиз пайызы өз күчтөрү менен ыйык жашоого аракеттенип жатышат экен да, бирок бул мүмкүн эмес. Мындай болгондо аларды көңүл калуу, жеңилүү, депрессия, айыптоо жана күнөөлүү сезим чырмап алышы мүмкүн.

Эмне үчүн машайакчы насаатчылар ыйыктыктын бардык аспектилерин бир категорияга – абалга гана байланыштырып жатканы эми белгилүү болду. Көптөгөн машайакчылар такыбаа жашоого жөндөмдүүлүктөрү жетишпей кыйналып жатышат, анткени буга алардын жекече күчү жетпейт. Ырайым деген – куткарылуу менен кечиримге болгон Кудайдын жообу гана эмес, бирок, ыйык жашоодо жашоо үчүн Анын кудуреттүү камсыздоосу! Эврейлерге жазылган Каттын автору минтип айтат:

> "...Ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча, эч ким Теңирди көрбөйт. Эч ким Кудайдын ырайымынан ажырап калбашы үчүн ...сак болгула …" (Эврейлерге 12:14,15).

Бул аяттарда терең маани камтылган. Грек тилиндеги түп нускада «аракеттенүү» деген сөз – бул **dioko**. Ал «ээрчүү, бекем басуу, абдан туруктуу күч үрөө жана каалоо менен бир нерсеге умтулуу» (WSNTDICT). Башка сөздүктө минтип жазылган: «Белгилүү бир максатка жана милдетке ээ болуу менен, бир нерсе кылууга умтулууга күч үрөө» (LOUW-NIDA).

Эми биз ушул эки аныктаманы окуп чыкканыбыздан кийин бул абалдагы ыйыктыкпы же иш-аракеттеги ыйыктыкпы деп сурашыбыз керек. Келгиле, элестетип көрөлү, менин аялыма бирөө келип: «Лиза Бивер, сен Джон Бивердин аялы болууга аракеттенишиң керек» деп айтып жатат. Ал күлүп жиберип, анан: «Мен анын аялымын да» дейт. Өз абалыбыз боюнча биз ыйыкпыз, ыйыктыкка жетиш үчүн бизге кошумча күч жумшоонун кереги жок. Ошондуктан да, Эврейлерге жазылган Каттын автору иш-аракеттер тууралуу айтып жатат.

Биз жүрүм-турумубузда ыйыктыкка жетүүгө күч үрөп аракеттенишибиз керек. Эгерде муну кылбасак, анда «Кудайдын ырайымынан ажырап калабыз». Бүгүнкү күндө бардык тарапты каптап турган жана бардык жерде насааттaлып жаткан ырайымдан кантип ажырап калууга болот? Мындай болушу мүмкүн эмес. Анын үстүнө - ал бизге жүрүм-турумдагы ыйыктыкка умтула турган жөндөмдүүлүк бере турган Кудайдан келген күч экендигин билгенден кийин, кантип андан оолактамак элек.

Эврейлерге жазылган Каттын автору бул бөлүмдү төмөнкүдөй сөздөр менен аяктап жатат ... урмат көрсөтүү менен, Ага жаккандай кызмат кылалы (Эврейлерге 12:28). Ырайым биздин Кудайга жаккандай кызмат кылышыбызга жана ыйыктыкта жашаганга күч берет.

Эми маанилүү бөлүгү башталат. Жазылып турат: “...ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча, эч ким Теңирди көрбөйт” (Эврейлерге 12:14). Автор эмне тууралуу айтып жатат? Ыйсаны эмне баары көрбөйбү? Анткени, түшүнүктүү эле жазылып турбайбы: “Мына, Ал булуттар менен келе жатат, Аны бардык көздөр көрөт, Аны найза менен сайгандар да көрүшөт...” (Аян 1:7). Кантип анан ошол эле Библияда «ыйыктык болмоюнча эч ким Теңирди көрө албайт» дегени кандай? Бул эмне дегендик?

## Ыйсаны көрүү

Ыйыктык жөнүндөгү батада айтылгандай, «Теңирди көрүү» деген эмне экендигин түшүндүрүп берүүгө уруксат эткиле. Мен Америкада жашап жүргөн элүү сегиз жылдын ичинде Кошмо Штаттардын президенттери он эки жолу алмашылды. Мен алардын ар биринин мамлекетти башкаруусунун жана юрисдикциясынын алдында болдум. Алардын ар

бирин мен «биздин президент» деп айттым. Анткен менен, алардын бирөөн да мен жекече көргөн жокмун. АКШнын башка атуулдары да аларды же кызматына байланыштуу же аны менен жакын болгондуктан гана көрүшү мүмкүн. Мына ушундай артыкчылыктары бар адамдар гана аларды туруктуу түрдө көрүп, көбүнчө алардын жанында боло алат.

Ошол сыяктуу эле, АКШнын президенттери тууралуу көптөгөн нерселерди – алар эмне деп сүйлөп жатышканын, кандай чечимдерди кабыл алышканын, алардын жашоо таржымалдарын, кеңири аудиторияларга ачык болгон ж. б көп нерселерди билдим, бирок алар менен жеке баарлашуудан улам эмес. Бирок, бул лидерлер менен жеке баарлашууга мен татыктуу боло албадым. Андыктан, алардын коомчулукка билинбеген нерселеринин майда-чүйдөсү менен тааныштыгым жок. Анан албетте, мен алардын бирөө менен да ырахаттануучу дос боло алган жокмун.

Так эле ошондой болгон, Машайактын юрисдикциясынын алдында жүргөн машайакчылар да бар. Ал алардын лидери болгондуктан гана, Анын чечимдери алардын жашоосуна таасир этет жана алар Аны «Теңир» дешет, бирок Аны көп көрүшпөйт жана Аны менен көпчүлүк мезгилде бирге болушпайт. Эгерде буга ишенбесеңер, анда Ыйсанын сөзү силерге чындыкты ачып берсин:

> “Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал [чындап] Мени сүйөт. Ал эми Мени [чындап] сүйгөн адамды Атам сүйөт. Аны Мен да [чындап] сүйөм жана ага Өзүмдү ачып берем” (Жакан 14:21, комментарийлер англис тилиндеги котормодон, AMPC).

Анын сөзүн карап көргүлө: “Мен ага Мени айкын көрүүнү” берем. Ыйсанын парыздарына ээ болуу жана аны аткарууга аракеттенүү, демек ыйыктыкка умтулуу. Ушундай кылуучулар Теңирди көрүшөт; Ал Өзүн аларга ачып берет. Ал аларга Өзү менен болууга жол ачат. Мамиле Анын падышачылыгына жөн гана баш ийүүдөн биздин Падышабыз менен достукка өсүп жетет. Ал кайрадан айтып жатат:

> “Эгерде силер Менин айткан сөздөрүмдү аткарсаңар, Менин досторумсуңар” (Жакан 15:14).

Анын Сөзүндөгү “эгерде” дегенге көңүл бурсаңар. Биз Ыйсанын биздин Досубуз экендиги тууралуу ыр ырдайбыз, китеп жазабыз, окуйбуз. Бирок, «эгерде» деген сөз, Анын достугунун шарты бар экендигин түшүндүрөт.

Ыйса менен болгон достуктун негизи биздин ыйыктыгыбыздын түп нускасында, ким аны артыкчылык деп эсептесе, малайлык статусунан достук статуска өтөт. Ага ишенимдүү бойдон калган адамдарга Ыйса: “Мен эми силерди кулдар дебейм…” (Жакан 15:15) деп жатат. «Мен эми» деп айтканынын себеби, бир кезде Ал аларды досторум деп атабай, кулдарым деп эсептегендигин билдирет.

Айткандай, Кудайдын кулу болуу – анчалык деле жаман абал эмес. Аны менен ар кандай мамиленин болбой калгандыгына караганда жакшы абал десек болот. Антсе да кул “эмне үчүн” дегендин алдында “эмне” турганын билбейт, ал эми досу көбүнчө билет.

Силер нараазы болуп, минтип айтышыңар мүмкүн: “Бирок, биз баарыбыз Кудайдын уулдары жана кыздарыбыз го”. Ооба, бирок биз Пабыл жазган чындыкты билишибиз керек: “мурасчы бардык нерсенин кожоюну болсо да, бала кезинде кулдан эч айырмаланбайт” (Галаттыктарга 4:1). Грек тилидеги “кул” деген сөз, Ыйса жогорудагы аятта келтирген “малай” деген мааниде эле. Улу, кызы кичинекей кезинде адатта алардын “эмне үчүн” деген суроолорунун баарына эле жооп бере беришпейт. Алар Кудай эмне кылып жатат деген суроого гана жоопту билишет.

Бирок, уулу же кызы жашоосунун жаңы мезгилине өткөндө алар достор болуп калышат дагы, анан алар да, ата-энелери да бул улуу окуяны майрамдашат. Кудайдын үй-бүлөсү да ушундай эле. Өзгөрүүлөр мамилелердин динамикасында, качан Атабыз бизге көп сырларды ишене алган мезгилде болуп өтөт. Ошондо биз үчүн да өзгөрүлүү болуп өтөт. Эми биз жөн эле угуп гана койбостон, өз жашообуз менен Анын көңүлүн калтырып албайлы деп ого бетер аракеттенип калабыз. Биз мурдагыдай эле Ага тил алчаак болуп калууга аракеттенебиз, бирок эми биздин жүрөгүбүздө башка кыймылдаткыч күч жайгашып калат, ал – Анын көңүлүн калтырбасам экен деген күч.

## Эшик

Ошондуктан, ыйыктык деген – мыйзамчылдар көрсөткөндөй, бул ушуну менен бүттү дегендик эмес. Эми биз Ыйса бизге айтып жаткан «эшик» канчалык маанилүү экендигин көрөбүз: бул ишенген адамдын жүрөгү. Биз ыйыктыкты сактаганга аракеттенбегенибизде биз өзүбүздү угуу жана жооп берүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып коёбуз. Ошентүү аркылуу биз Аны менен тойдо болуу артыкчылыгыбызды жоготуп коёбуз. Бул жеген үй-ичи ушунчалык ызы-чуу болгондо, маанилүү конок келгендеги эшиктин такылдаганын укпай калабыз. Күткөн коногубуз көпкө чейин такылдатып,

ал тургай, атыбызды айтып чакырат да, акыры кетип калат.

Биз ыйыктыкты окутуудан качабыз, анан ошентүү менен Падышабыз менен болгон жакындыкты тосуп коёбуз. Ал эси ар бир чыныгы ишенген адам буга суусап турушу керек! Биз тандап алган стратегия – бизге күч берген ырайымды жаап, түртүп, эшигин жабып, темирин жылдырып бекитип салган ырайымга үйрөтөт. Биз ырайымдын баасын билбейбиз, анткени ал бизди жаап эле тим калбастан, бизге күч да берет! Ошого карабастан, биз Теңир менен баарлашуудан ырахат алгандай жерде болушубуз үчүн, бизге күчтүн аспекти абдан зарыл.

Биз Лиза экөөбүздүн никебиз Индиана штатынан мыйзамдуу түрдө катталгандыгы тууралуу күбөлүгүбүз бар. Мен ал күбөлүктү алып туруп, анын бет алдында ары-бери силкилдете: «Билесиңби кымбаттуум, биз экөөбүз никенин мыйзамдуу түйүнүндө бири-бирибиз менен байланганбыз, бирок менин башка да аялдарым бар» дегенимди элестетсеңер. Балким, техникалык түрдө гана мен Лиза менен мурдагыдай эле никеде болормун, бирок ал мындан кийин өзүнүн жашыруун сырларын мага ачпай калат. Андан тышкары экөөбүздүн ортобуздагы жакындык жоголот. Биз дос болбой калабыз, анткени мен ал артыкчылыкты жоготуп койдум. Кантип эле кереметтүү чогуу жашоо ушундай болсун? Кантип эле биз ошон үчүн үйлөндүк? Эгерде мен өзгөрбөй тура бере турган болсом, акыр аягы өз никемди талкалап алам.

Биз өзүбүздүн окутууларыбыз менен ушуга окшогон нерсеге чакырып жаткан жокпузбу? Биз Жазуунун контексттен суурулуп алынган, кээ бир жерлерин тандап алып, биздин кылган иштерибизге карабастан, бизде баары жакшы деп аткан жокпузбу? Дүйнө менен төшөккө жатып, анан Ыйсага: «Биз тобо кылуу сыйынуусу менен сыйындык. Ырайым менен куткарылдык жана эми Сага тиешелүүбүз» деп айтууга болобу? Кантип эле ошондо Ал бизди Өзү менен өтө жакын болуу үчүн жүрөгүнүн бир бурчуна чакыра алсын?

Мен Лизага каршы ойноштук кылбайм. Анткени, анын башы мени менен бир жаздыкка коюлуп, ал менден башка эч кимге айтпай турган сөздөрдү мага шыбырап турбайбы. Мен бул керемет аял менен, аялым менен болгон баарлашуудан алган ырахатты жоготуп алгым келбейт.

Ыйса менен деле так ошондой**.** Мен Ага каршы ойноштук кылбайм, анткени Аны менен юолгон жакындыкты тебелеп, жакындыгымды жоготуп койгум келбейт. Мыкты эч нерсе жок. Ыйса менен жакын болуудан өткөн статус, байлык, ырахат, иш, атактуулук, позиция же күнөө жок.

Мен Анын убадаларысыз жашоомду элестете да албайм “Мен сага сен билбеген улуу жана кол жеткис нерсени көрсөтөм” (Жеремия 33:3). Ал

ачып берген даңазалуу чындыксыз, Ал “…терең жана жашыруун сырларды ачат” (Даниел 2:22) жашоомду элестете албайм. Анан да мен Ыйсанын: “... үлгү-насаат аңгемелер менен эмес, ачык айта турган убак келет” (Жакан 16:25) деп айткан сөзүсүз жашоомду элестете албайм. Анан да Анын Руху эмне болорунун баарын бизге көрсөтүп берери тууралуу убадасысыз жашай албайм (Жакан 16:13тү карагыла).

Ыйыктыктын жаман көлөкөлөрү жок, тескерисинче, бул Жаңы Келишимдеги эң бир позитивдүү чындык. Качан биз анын потенциалын чындап баамдаганыбызда, ал тууралуу бар тарапка жарыялай баштайбыз!

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Ыйыктык деген – бул, жаман сөз эмес, бул пароль. Бул Кудайдын үнүнө карата жүрөгүңөрдүн эшигин ачууга болгон жөндөмдүүлүк. Ыйыктык болмоюнча, атүгүл Ал силерге эмне деп атканын укпай каласыңар. Ыйыктык – бул, Ыйса Машайактын курмандыгы менен жөн гана силерге берилген белек эмес, бул силер жашооңордо, оюңарда, сөзүңөрдө жана ишиңерде боло турган нерсе.

Бирок, Кудай бизди жалгыз салгылашууга таштап койбойт. Так ошон үчүн дагы ал бизге ырайым берип жатат! Ал бизди жөн гана куткарып койгондон да көбүрөөк нерсени кылып жатат, бирок ошол деле канчалык таң калаарлык нерсе. Кудайдын ырайымы бизге ичибизден да, сыртыбыздан да ыйык болуп, толугу менен Кудайга жаккандай жашоого күч берет!

Кудайды дароо, азыр издегиле. Күтпөгүлө, бирок Андан ырайым сураш үчүн, азыркы учурда Аны чакыргыла. Жашооңордун кайсы жагына Анын ырайымы баарынан көбүрөөк керектигин Андан сурагыла. Кудай силерди Өз ырайымы менен толтуруп, Анын үнүн укканга тоскоол болуп жаткан нерселерди талкалоого жардам берип жана силерди Өз ырайымы менен толтурсун деп сыйынгыла.

# 28

# Тур

Эмне үчүн супер каармандар тууралуу фильмдер дайыма белгилүү? Карап көрсөңөр, алар тууралуу тартылган голливуд фильмдери кинотеатрларга аскердик, коркунучтуу-укмуштуу, апыртма фильмдерге, ал тургай сүйүү таржымалдары тууралуу фильмдерге караганда да көп адамдарды алып келет. Мындай фильмдер эркектерге эле жагып калбайт. Мен аялдардын да мындай фильмдерге кызыгаарын уккам. Мунун баары эмнеге байланыштуу?

Биз чоң нерсе үчүн жаралганыбызды билебиз, биздин супер каармандар бизге ички айтылбай калган каалоолорун көргөзөт.

Суперменди элестетип көрөлү. Кырдаал мүмкүн эмес дегендей абалга жеткенде, чоочуткан коркунучтар келгенде, баары ыйлай тургандай болуп турганда Кларк Кент телефон будкасына кирип, бир нече көз ирмемде жардамга шашылат. Бизге кандайдыр бир сезимдерди дүргүткөн сенсациялык, жеңилбестей болуп жаткандарды кантип жеңип чыккандагы көрүнүштөр жагат. Биз адилеттик жеңип, курмандыктар боштондукка чыгып, коомдо тартип орногонун көргөнүбүздө тамшанабыз.

Баары бир нерсеге келип такалат: супермен жамандыкты жеңгенин көрүп, биз ырахаттанабыз. Анткени, ал биздин ички каалообузду канааттандырат. Биз башында Кудай адамды «Кудайдын бейнесине окшотуп, кудайлык табиятын чагылдыргандай кылып жаратканын билебиз (Башталыш 1:27, англис тилинен которулду, MSG). Дагы «Теңир-жоокер» деп да жазылып турат (Чыгуу 15:3, РБК). Бул тууралуу ойлодуңар беле? Анын жаратылышынын бул жагы тууралуу аз эскерилет. Биз бул чындык менен эмне кылаарды билбегендейбиз. Кайрадан эле Ышайа минтип жарыялайт:

> “Теңир алп сыяктуу чыгат, согуштун баатыры сыяктуу кызганычты козгойт, Өзүнүн душмандарын жеңип, кубаныч менен ураан чакырат” (Ышайа 42:13).

Адилетсиздикке каршы күрөшкөн жоокерлер – булар, баатырлар. Ыйсага караганыбызда, Ал чынында эле Супербаатыр. Ал Жеңүүчү жана ээлеп Алуучу.

Ышайа бул сөздөрдү жазганга чейин Нундун уулу Жашыя Аны көргөн. Биздин Падышабыз колунда козуну кармап турган эмес, кылычты кармап турган жана Ал Өзүн «Теңирдин жоокерлеринин башчысы» деп атаган» (Жашыя 5:14тү карагыла).

Кийинчерээк апостол Жакан да Теңирди көргөн жана Аны дагы да таң калаарлык сүрөттөгөн: “Анын көздөрү оттун жалынындай” жана “Анын оозунан элдерди кыра турган курч кылыч чыгып туруптур” (Аян 19:12, 15ти карагыла).

Ал жоокер! Көпчүлүгүбүз билгендей, Ал жаратылышынан басынбаган, эрки бош эмес, кайгыра бербеген жоокер. Ал салгылашуунун ичинде так, чечкиндүү, каардуу жоокер.

Келгиле, эми өзүбүзгө кайрылып көрөлү. Силер Ыйсанын бардык жети жыйынга кайрылып эмне дегенин качандыр бир кезде ойлоп көрдүңөр беле: «Жеңүүчүлөргө…» деп айтат. Эгер жеңе турган эч ким жок болсо, кантип жеңебиз? Биз кантип жеңебиз, эгерде салгылашуу жок болсо?

Бүгүн көптөгөн адамдар ушул чакырыкка ыраазы боло, биздин Машайактагы өзгөчөлүгүбүз, бизди жеңүүчү кылып жатат дешет. Б. а. Ал жеңүүчү болгондуктан, биз да Машайакта автоматтык түрдө жеңүүчү болуп калабыз. Биздин Андагы позициябызга ылайык, мунун баары туура, бирок бул толук эмес чындык. Эгерде биздин куткарылуубуз менен автоматтык түрдө жеңишибиз да кошо бериле турган болсо, анда эмне үчүн Ыйса жети жыйындын баарына «жеңүүчүлөргө» деп жатат?

Дүйнөдө супер жамандык кылуучу Лекс Лютор деген бар, анын аты – шайтан. Анын толтура кошуундай болгон жардамчылары бар, алар келесоо эмес. Алардын биринчи максаты - силерди көзөмөлдөө, токтотуу жана чырмап салуу. Шайтан акырына чейин 24 саат, жумасына 7 күн эмгектенет. Бирок, ал куралсыз. Ал биздин үстүбүздөн болгон күч менен бийликтен ажыратылган!

Ошондой эле, Лекс Лютор да болоттон жасалган адамдын алдында алсыз болгон. Ошентсе да, өзүнүн укмуштуудай болгон шайтандык акылы менен ал криптонит таап алды, анан бийлик кылыш үчүн аларды колдонду.

Криптонит болсо биздин Супербаатырыбызды кармоого жана көзөмөлдөөгө жөндөмдүүлүк берген. Ошондой эле, шайтан да согуш талаасында жеңүү үчүн, анын өзүн талкалаган нерсени - рухании криптонитти - колдонуп жатат. Ал асманда майланган херувим болуп жүргөн кезинде өз куралын жасаган (Жезекиел 28: 14-16ны карагыла). Ал бизди кантип алсыратууну жана биздин Падышачылыктын күчүн нейтралдаштырууну билет.

Шайтан (чыныгы Лекс Лютор) эгерде биз чыныгы криптониттин рухий таасирлерин билип кала турган болсок, анда аны айланып өтүп калабыз. Ошондуктан да, абдан дыкаттап аны жашырууга аракеттенет. Эгерде силер кичине болсо да анын таасирин четке кага баштаганда ичиңерде эмне боло баштаганын байкадыңар беле? Бир аз, кыска мөөнөткө ырахаттануу, канааттануу алганыбыз менен, алсырай баштайбыз, анысы аз келгенсип, канааттанбай да калабыз. Силер өзүңөрдүн жеңүүчүлүк табиятыңардан бөлүнүп, күн көрбөгөн, сугарылбаган чөпкө окшой баштайсыңар. Силер ичиңерден күн өткөн сайын куурап баратканыңарды баамдай баштайсыңар.

## Жылтыраган учкундар

Кымбаттуу Кудайдын балдары, өзүңөрдүн чыныгы табиятыңарга кайрылгыла. Сен ушул муундагы чыныгы жашоодо супербаатыр болууга чакырылгансың. Сенин ичиңде жеңиш үчүн керектүү болгон нерсе бар. Бул ойлоп чыгарылган нерсе эмес. Мен бүткүл дүйнө боюнча кыдырып жана көп сандаган Машайактын Денелерин көрүү менен баталуумун. Мен жыйынды коомдордо жана өзүнчө ишенген адамдардын арасында эмне болоорлугунун учкундарын көрүп жүрөм.

Мен силердин табитиңерди ачуу үчүн көптөгөн мисалдарды келтирмекмин. Бирок, бир нечесин гана айта кетейин. Мен ислам дүйнөсүндөгү калк абдан жыш жайгашкан жерде болдум. Ал жердеги жыйынга жүз кырк миңден ашык киши катышып, анын жарымысы мурдагы мусулмандар болушкан. Жыйындын негизги имаратына отуз беш миң адам батат. Анан калса алар бир күндө бир нече жекшембилик кызматтарды өткөрүшөт. Эгерде мен өзүм ал жерде болуп, өзүм көрбөгөнүмдө, балким ишене албастыр элем. Жыйын кыйын шарттарга карабастан, чынында эле абдан эффективдүү кызматтарды өткөрүп, гүлдөп атыптыр. Бул жыйындын жоокерлери - баатырлар жана жеңүүчүлөр.

Ушул жыйындагы кайтаруучунун экинчи уулу төрөлүп жатканда мээсинен травма алып, врачтар аны сүйлөбөйт, баспайт дешкен экен. Врачтар аялы экөөнө тең бала канчалык узак жашаса да, оорулу бойдон калат деп айтышкан.

Кудай ал кайтаруучуга: «Мен кайдамын?» деп сүйлөгөн.

«Өзүңдүн тагыңда, асманда» - деп жооп берген кайтаруучу.

«Жок, Мен сенде жашайм, - деген Теңир. – Ошондуктан, Мен сенин уулуңдун мээсине кайрылып, жаңы нерсени кылышыңды, качандыр бир кезде Мен эмнени айтып жана сен эмнени көрүп турсаң, ошонун баарын кылгандай кылышыңды каалайм».

Тил алчаак кайтаруучу күн сайын өз уулунун мээсине Ыйсанын ысымынан сүйлөй баштайт. Акырындык менен бала сүйлөй баштаган. Ошондо Теңир бутуна да так эле ошондой кылууну буюрган. Алты жашка чыкканда бала баса баштаган. Мен ошол бала менен гольф ойногом. Ал эми үйлөнгөн, үч баласы бар.

Бул кайтаруучу – криптониттин алдында токтоп калбаган жеңүүчү.

Мени жакында эле бир өлкөгө машайакчылык кыймылдын лидерлери жана кайтаруучуларына кызмат кылууга чакырышты. Мен таң калуу менен карап калдым, ал жер кайтаруучулар менен лидерлерге толо болчу, алар 12500 экен. Алардын баары күйүп-жанып турушту, алардын ыкластары өтө жигердүү эле.

Кийинки күнү биз түшкү маалда негизги үч лидер болуп жолуктук. Мен алардын жыйынында үч жүз миңден ашык адамдар бар экенин билдим. Мен алардан мындай кыймыл качан башталды деп сурадым, алар бир-эки муун мурда деп айтышат деп ойлогом. Алар: баары бир гана адамдан он алты жыл мурда башталган дешти.

Мен таң калдым. «Өнүккөн өлкөдө кантип ушундай болсун?» дедим.

Англис тилинде эң сонун сүйлөгөн ал адам, тартынбастан туруп жооп берди: «Биз адамдарыбызды түбөлүктүүлүк үчүн жашаганга үйрөтөбүз».

Мен унчукпай аны карап турдум.

> “Мен көптөгөн америкалык жыйындарда болдум, - деп сөзүн улантты ал лидер, анан америкалыктар жетимиш, сексен жылдык перспективалар менен жашашат экен. Биздин адамдар түбөлүктүүлүктүн перспективасы менен жашашат”.

Мындай мамилелер аларга рухий криптониттин таасирин четке какканда, опурталдуулук бар экендигин түшүнүүгө жардам берет.

Биз Лиза экөөбүз 3500 кайтаруучулар менен лидерлер катышкан Еревандагы, Армениядагы конференцияда насаат айттык. Көптөгөн лидерлер Ирандан келишиптир. Чогулуштар арасында бизге бир кыз келди. Ал Ирандын полициясы анын кыска убакытка эле жок болгон маалында анын

мобилдик телефонуна чалып, ал кайда жүргөндүгүн текшергендигин айтты.

Анан мен: “Эгерде сенин жашооң коркунучта болсо, эмне үчүн сен ал жакка кайра кайткың келип жатат? “ деп сурадым. “Эгерде мен ал жакка барбасам, Ыйса тууралуу Иран элине ким айтат?” деди ал. Мен уятымдан күйүп жатканымды сезип турдум. Ал криптониттен алыс экендиги көрүнүп турат.

Бир нече жыл мурда, бир жыйын эки ай бою күн сайын кызмат өткөрчү. Анан күндө кечинде ал жакка төрт миңден ашык адам келчү. Миңдеген адамдар келип, куткарылуу, айыгуу, боштондук алып жатышты. Бир жолу ал жакка Ыйса келди. Көптөгөн адамдар Аны көрүп кыйкырып жиберишти. Ал көз ирмемге эле көрүндү, бирок Ал жок болуп кеткенде Өзүнүн болгондугунун далилин калтырып кетти. Дубалда Анын бетинин экиге эки жарым өлчөмдөгү элесинин изи  пайда болду. Ал Туриндик кездемедеги образды эстетип турду. Кийинки он сегиз айдын ичинде дубалдагы элес сакталып турду, андан кийин акырындык менен өчө баштады да такыр жоголуп кетти.

Дагы бир күнү капталдагы эшиктердин биринин алдына “тез жардам” келип токтоду. Санитарлар шал болгон адамды замбил менен алып келип коюшту. Ага жыйырма төрт сааттан азыраак гана жашаганга убакыт калыптыр. Кудайдын күчү ушунчалык кудуреттүү болгондуктан, ал адамдын ден соолугу бир нече убакыт өткөндөн кийин таптакыр таза болуп калды, анан замбилди залдан өзү көтөрүп чыгып кетти.

Мен мунун баарын бул чогулуштардын бардыгына катышкандыктан гана эмес, бирок ошол жыйындын кайтаруучусунун башкы жардамчысы болгондуктан билем.

Мен ошондой эле биздин чогулуштун офисине карай келе жаткан ээ-жаа бербеген жалындын кереметтүү түрдө өчүп калганын көргөм. Катуу добулдар түшүндүрүп бере албай тургандай болуп, кантип кайра кайтып, кереметтер болгондугун көргөм. Мен кантип сокурлар көрүп, дүлөйлөр угуп жана аксактар айыкканын көргөм. Мексикада, жана Борбордук Америкада көптөгөн адамдарды өлгөндөн тирилткен бир досум бар. Мен Кудай ушунчалык Өзүн күчтүү көрсөткөн жерде, стадиондогу сегиз миңден ашуун адамдар кереметтер болуп жатканда тура албай калышкандыгын жана адамдардын жашоосу кылымдарга өзгөргөндүгүн көргөм.

Мен жеке өзүм көрбөсөм дагы, эки жолку мындай  чыныгы таржымалдарды билем. Анда бүткүл уруу жана өрөөндөр таптакыр ыплас маданияттардан куткарылышкан. Азыркы мезгилде мындай окуялар сейрек болууда, бирок биз баштапкы Жыйындар убагына окшогон бул чындыкка карай умтулуп баратабыз, бирок чоң масштабда.

## Ыйса менен болуу

Алгачкы Жыйындар эмнеге ээ болгон болсо, бардык адамдар да ошол нерселерге ээ. Бул Элчилердин иштеринде жана башка Жакшы Кабарларда айтылат жана ага баарыбыз ээ боло алабыз. Бардыгын үч сөз менен кошобуз: бийлик, күч жана кайраттуулук.

Биз Ыйса шаарлар менен айылдарды кантип башкача кылып өзгөртүп жатканын, анын бир эле жолу болушунан атмосфера толугу менен өзгөрүп жаткандыгын көрүп жатабыз. Мен Жакшы Кабардан Ыйса синагогага киргенде адамдар кантип айран-таң калгандыгынан бир мисал келтирип көрөйүн:

> “Эл Анын окутуусуна таң калды. Анткени Ыйса аларды мыйзам окутуучулардай эмес, бийлиги бар адамдай окутту” (Марк 1:22).

Анан күтүлбөгөн окуя болуп өттү: “Алардын синагогасында жин оорулуу бир адам бар эле. Ал ошол замат: Эй, Назареттик Ыйса! Бизде эмне ишиң бар? Сен бизди жок кылганы келдиңби? Сенин ким экениңди билем, Сен Кудайдын Ыйыгысың!” – деп кыйкырды (Марк 1:23, 24). Бирок Ыйса минтип буйрук берди: “Унчукпа жана андан чыгып кет!” Жаман рух, унчукпай калып, ал адамды алып полго жыкты да, аны титиретип-калтыратып чыгып кетти. Бардык адамдар таң калганынан катып калышты, анткени алар бийлик, күч жана кайраттуулуктун түрүндө Аны көрүштү. Ал окуя ушунчалык адаттан сырт болгондуктан, эртеси күнү бүт эл Ыйсаны издеп калшыты (21-38ди карагыла). Жакшы Кабардан мындай масштабдагы мисалдарды көп келтирсе болот.

Ыйса жашоосунун акырында эстен тандыргандай сөз айтты: «Силерге тынчтык болсун! – деп айтты да, – Атам Мени жиберген сыяктуу, Мен да силерди жиберем», – деди» (Жакан 20:21). Эгерде бул ишенерлик болуп угулбай жатса, анда Ал башка жеринде дагы минтип айтат: “Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Мен кылып жаткан иштерди Мага ишенген адам да кыла алат, атүгүл, алардан да чоң иштерди кыла алат...” (Жакан 14:12). Атүгүл, алардан да чоң иштерди! Ушундай болушу мүмкүнбү? Эгерде Ал айтып жатса, демек так ошондой болот да! Алгачкы Жыйындар ушул чындыктын олуттуу өлчөмүн көрө алышкан. Алар ушундай бийлик жана күч менен жүрүшкөндүктөн, бир нече күндүн ичинде гана бүтүндөй бир шаарлар жана айылдар Ыйсага кайрылып калышкан. Мен биздин убакта да ушуга окшогон окуялардын күбөсү болгом.

Эгерде кайра эле алгачкы Жыйындарга жана болгону Иерусалимге эле кайрыла турган болсок, анда биз эч ким кайдыгер болбогондугун көрөбүз. Бир нече гана күндө бүтүндөй калк үч топко бөлүндү: бул көрүнбөгөн күчтүн окуяларына таң калган жашоочулар, Ыйса жөнүндөгү насааттарды жаман көргөндөр жана Падышачылыкка кызыккандар. Жыйын өсүп, кудуреттүү күчү менен таасир этип, ачык кереметтерди көрүп жатты. Мисалы, туулгандан эле аксак болгон бир адамды күн сайын чогулушка алып келишкенде, ал айыгып кеткен. Ал ошол замат секирип, кыйкыра баштаган, шаардын көптөгөн тургундары таң калуу менен аны көргөнгө чогулушту.

Бул кыймылды токтотуу максатында бийлик Петр менен Жаканды кармашты. Апостолдорду синедриондун мүчөлөрүнүн алдына алып келишкенде, алар мындай өкүм чыгарышкан:

> “Алар Петир менен Жакандын тайманбастыгын көрүп, алардын окубаган, жөнөкөй адамдар экендигин билип таң калышты. Алардын Ыйса менен бирге жүргөндүгүн билишти» (Элчилер. 4:13).

Кайраттуулук синедриондун көңүлүн бурган. Петр менен Жакан унчукпай, шаардын эң бир таасирдүү адамдарынын алдында тынчтык орнотуучулардын саясатын жүргүзүп тура беришсе да жакшы болмок. Алар карманып коюшса да болмок. Ошентсе да, алар улуу коркунучтун алдында ишенимдүү бойдон кала беришти.

Кандай гана кайраттуулук, кандай гана күч – алар кайдан келди? Алардын тамыры: “алар Ыйса менен болчу” деген сөздө жатат. Бул адамдар мурдагыдай эле, Кудай менен чогуу жүрүштү. Алар Ал кылгандай эле иштерди кылышты, аягында бүт шаар Аны чагылдырып калгандай иштерди кылышты. Алар ыйык адамдар болушкан. Баштапкы Жыйын криптонитти айланып өтүп, Уулга жакын болушкан, өз күчтөрүн Андан сузуп алышкан. Ошондуктан, алар улуу бийлик, күч жана кайраттуулукта жүрүшкөн.

Тилекке каршы, тарых көрсөткөндөй, Корунттагы жыйын Иерусалимдеги, кийинчерээк Самарияда, Поппиде, Лидияда, Сарондо, Антиохияда жана Жүйүт менен Азиянын башка аймактарындагы Ыйсанын шакирттериндей боло алышпагандыгын тарых көргөздү. Корунттагы жыйын алардын тескерисинче болчу. Таң каларлык далил: корунттук жыйын да Ыйык Рухтун жөндөмдүүлүктөрүнө ишенип жана ал боюнча иш алып барган. Ишенгендердин арасында кереметтердин болуп тургандыгына

карабастан, аларга өз шаарына таасир этиш үчүн зарыл болгон нерсе жетишпей жатты.

Биз өз муунубуз үчүн эмнени каалайбыз? Бүтүндөй шаарлар менен айылдардын өзгөрүп жатканын дагы да көрүүгө болобу? Мени ар түрдүү шаардагы көп жыйындар, көптөгөн адамдардын алдында насаат айтууга чакырышат. Мен миллиондогон адамдар үчүн, атүгүл Кудайдын Падышачылыгы тууралуу билбегендер үчүн да өкүнүп тобо кылам. Эмне үчүн биз бүтүндөй аймактарга, шаарларга жана айылдарга таасир эте албай жатабыз? Бизди криптонит көзөмөлдөп жаткан болбосун?

Кудай биздин эмне үчүн чакырылганыбызды Байыркы Келишимдеги башкаруучулардын мыйзамы аркылуу көргөзүп берди. Анын аты Шымшон. Ал тил албастыкка олуттуу маани бербестен, тамаша катары караган, акыры ал анын жашоо образына айланып калган. Акыр-аягында криптонит анын күчүн уурдап кеткенде, Шымшон укмуштуудай баа төлөп калган. Ал эми мурдагыдай болуп, адаттан тышкаркы күчү менен таасир эте албай калды. Ошентсе да, азап тартуудан кийин ал тобо кылган, ошондо анын күчү кайтып келген. Өз өмүрүнүн аягында ал күчүн жогото электегисинен да чоңураак эрдиктерди жасаган.

Даниел пайгамбар акыркы күндөрдөгү кырсыктардан артка кайтпаган муундардын пайда болушу жөнүндө алдын ала айткан. Ал минтип пайгамбарчылык кылган:

> “...өз Кудайын урматтаган адамдар күч алып, каршылык көрсөтүшөт” (Даниил 11:32, англис тилинен которулган, AMPC).

Бул адамдардын бийлиги менен күчүнүн сыры эмнеде катылган, эмне алар “өз Кудайларын жакындан билишеби”. Бул жакындыктын ачкычы алардын чыныгы ыйыктыкка умтулуусунда.

## Жыйынтыктоочу сөз

Чын эле ошондой. Силер Кудай менен чемпион болууга чакырылгандарсыңар, жашоосунда өз таасири менен дүйнөнү өзгөртө тургандарсыңар. Эр жүрөк жана күчтүү болгула, Падышага жакындагыла, Ал силерди көргүсү келет. Ал силердин катарында болууңарга чаңкап турат, Ал силерди күчкө толтурсам экен деп эңсеп турат. Ал силерге ишенет жана эң негизгиси Ал силерди түбөлүктүү сүйүү менен сүйдү.

Силер жер бетиндеги чыныгы супербаатырлардын бирисиңер. Силердин ичиңердеги чемпион, бул дүйнөдөгү Лекс Лютордон чоң. Адамдардын

жашоосун өзгөртүү үчүн Анын күчүнөн алгыла. Силер Падышанын тагынын алдында турмайынча, дүйнөдөгү адамдарга кандай таасир калтыраарыңарды акырына чейин биле албайсыңар. Криптонитке баш ийбегенге чечим чыгаруу менен, абдан кубанасыңар жана бүгүн ошондой күн.

Ошондуктан, криптонитти жок кылгыла, өлтүргүлө, андан арылгыла, жашооңордон ага кукүмдөй дагы орун бербегиле. Силер улуу даңк жана күч үчүн жаралгансыңар. Силер кудуреттүүсүңөр, силердин максатыңар бар, аны ишке ашыруу үчүн силер дүйнөгө керексиңер.

## АРАКЕТТЕНГИЛЕ

Кудай Жоокер, биз болсо Ал кандай болсо, ошондой болууга жаралганбыз. Супербаатырлар тууралуу фильмдер эмнеге бизге ушунчалык терең таасир этксининин себеби ушунда. Биз улуулук үчүн жаралганыбызды сезип-туябыз!

Кудай бизди ушул үчүн жараткан. Биз бүткүл тарыхтын жүрүшүнөн өз жашоолорунда белгилүү күнөөлөргө жана криптонитке кичинекей дагы орун бербеген кезде, адамдар Кудай үчүн улуу иштерди жаратышкандыгы тууралуу күбөлүктөрдү билебиз. Кудайдын күчүнүн жана Анын элинин тайманбастыгынын натыйжасында бир нече күндүн гана ичинде бүтүндөй шаар өзгөрүп калган. Кудай бизди алга кадам таштап, Анын иштерине катышууга чакырат.

Ал силерди кайсы күрөштө салгылашууга чакырып жаткандыгын Кудайдан сурап көргүлө. Ал силерди кайсы шаар, аймак, өрөөн же өлкөгө жетүүгө чакырып жатты экен? Андан укканыңарды жазып алгыла. Бул дүйнөдө Анын максатына жетиш үчүн, Ал силерге Өз батасын төксүн деп сыйынгыла. Силер бул жашооңордо жеңүүчү болууга ишенимдүү болуп кызмат кылганыңар үчүн бардык баталарга – түбөлүктүү сыйлыкка көңүл бөлүп, алдыга жөнөгүлө. Кудай силерди баатыр болууга чакырат!

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

Эгерде силер “Криптонитти жок кылуу” деген бул китепти окуу курсунун бир бөлүгү катары окуп жаткан болсоңор, анда мен силерге ар бир жумада видеосабак  көрүүнү жана топто талкуулоого ылайыктуу болгон суроолорго жооп берүүнү сунуш кылам. Курстун видеосабактары паралель түрүндө жазылган. Алар бул китептин негизги темасын күчөтөт, ошондуктан, бардык катышуучулар видеосабакты көрүп жана китепти окушса эң жакшы.

Ырахаттангыла!

## 1-сабак. Биздин потенциал

*1ден 3кө чейинки бөлүмдөрдүн темаларын чагылдырылат*

1. Силерде өзүңөр билбеген потенциалдарыңарды ачууга ниетиңер болбойт. Өзүңөр байкаганыңардай, бул принцип жашоодо иштейт. Алардын жакшы таасирин байкагандан кийин, өз жашооңордо кандай жаңы продукцияларды жана технологияларды, ынанымдарды пайдалана баштадыңар? Бул ушул сабактан силер билип калган эмнеге окшойт экен?
2. Биздин Кудайдагы потенциалыбыз элестете албаган мүмкүнчүлүктөрдү камтыйт. Өзүңөрдүн Машайакта өзгөчө экениңердин потенциалын изилдөөдө бул сабак силерди кантип шыктандырат? Кайсы жагында силер абдан эле майдалап ойлондуңар?

3. Силер кандай ойлойсуңар, эмне үчүн азыркы күндөгү жыйындарда биздин Машайактагы потенциалыбыз тууралуу сейрек окутулат? Эгерде бизди ушунун бардыгы мүмкүн дегенге ишенүүгө окуткан болсо, анда силердин көз карашыңар боюнча жыйындар кантип өзгөрмөк? Эми ушул мүмкүнчүлүктөрдүн үстүнөн ой жүгүртө баштаганыңарда, алар силерди кантип өзгөртүп жатат?
4. Биз кандай болушубуз керек болсо, ошондой машайакчы боло албаганыбыз дүйнөнүн Кудай жана машайакчылык жөнүндөгү элестетүүлөрүнө таасир этет. Эгерде биз өз потенциалдарыбызга жете турган болсок, анда дүйнө бизди канчалык башкача карамак? Эгерде биз өз потенциалдарыбызга жете ала турган болсок, анда дүйнө Кудайга канчалык башкача карамак.

## 2-сабак. Бирөөнүн күчү

*4төн 7ге чейинки бөлүмдөрдүн темаларын чагылдырат*

1. Машайакчылар Машайактын Денесин урматташпагандыктан, алардын көпчүлүгү алсыз, оорулу, ал тургай, эрте эле өлүп калып жатышат, деп жазат Пабыл. Бул сөз бизге да тиешелүү, анын үстүнө көпчүлүгү азап чегет деп жазылып турбайбы. Бул силердин жыйынды Машайактын Денеси катары буга чейин билгениңерден айырмаланабы? Эмне үчүн бардык ишенгендерге бүгүнкү күндө ушуну түшүнүү маанилүү?
2. Жыйындагы белгилүү күнөө үчүн, Машайактын Денесиндеги көпчүлүк адамдар өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жете албайт, бирок бул машайакчылардын ооруп, мөөнөтүнөн эрте өлүп же алсыз болгондугунун жалгыз себеби эмес. Бул айырмачылыктарды өткөрүү эмне үчүн мындай маанилүү? Жыйындын ичинде болгон азаптардын дагы кандай себептери бар?
3. Дүйнөдөгү адамдарга жеке ой жүгүртүүчүлүк жакын, бирок биз Ахандын Кудайга каршы болгон күнөөсүндө бардык Ысрайыл азап чегип жатканын көрүп атабыз, анткени алар бир Дене болушкан. Бул чындык Ыйсанын Денесинин ичиндеги силердин ролуңарга көз карашыңарды кандайча алмаштырат?
4. Рухий криптонит – бул белгилүү күнөө. Олжодон эч нерсени албоо керектигин Ахан билген, корунттуктар да, алардын кечки тамак учурундагы аракечтиги, соргоктугу жана өзүмчүлдүгү – бул күнөө экендигин билишкен. Эки учурда тең эч бир жамандык кылбаган

күнөөсүз адамдар жабыр тартышты, айрымдары өлүп да калышкан. Силердин оюңар боюнча Кудай Өз Денесиндеги күнөөгө эмне үчүн мынчалык олуттуу мамиле жасайт? Силердин оюңар боюнча эмне үчүн Ал биздин ар бир ишенүүчүнү өзүнчө гана эмес, бирок бардык Денени толугу менен жогору баалашыбызды каалайт?

## 3-сабак. Криптонит

*8ден 10го чейинки чейинки бөлүмдөрдүн темаларын чагылдырат*

1. Джастин менен Анджеланын окуясына окшогон кырдаалды өзүңөргө элестете аласыңарбы? Албетте жок. Бирок, бул окуя менен айрым машайакчылардын Кудай менен болгон өзүлөрүнүн келишимдерине кылган мамилелеринен кандай окшоштуктарды көрө аласыңар? Өзүнүн жолдошуна/жубайына ушул сыяктуу мамиле кылган адамга эмне демек элеңер? Кудайга ушундай мамиле жасаган адамга эмне демек элеңер?
2. Белгилүү күнөө – бул руханий криптонит, руханий криптонит болсо – бул бурканга табынуучулук. Көптөгөн жыйынга келүүчүлөр бурканга табынышат деген ойду кандай түшүнөсүңөр? Эстеликтерге жана буркандарга табынбаган өлкөдөгү буткатабынуучулук кандай көрүнөт?
3. Буткатабынуучулук көпчүлүк жыйындарда өтө деле белгилүү насааттардан эмес. Бурканга табынуучулук тууралуу бул сабактан билгениңердин ичинен силерди эң көп эмне таң калтырды? Силердин оюңар боюнча эмне үчүн дал ошол нерсе силерди эң көп таң калтырды?
4. Библиянын башынан аягына чейин Кудай бурканга табынуучулукту ойноштукка теңдейт. Өз сөзүңөр менен айтып көрсөңөр, силердин оюңар боюнча эмне үчүн Кудай мындай кылып жатат? Бул жактан Ал бизге сунуш кылып жаткан мамилелер тууралуу эмнени биле алабыз?
5. Бурканга табынуучулук Жаратканга эмес, жаратылганга табынгандан башталат. Мындай кылык-жоруктарга Кудай кантип карайт? Эмне үчүн Кудай Аны тандабагандардан алыстайт? Силердин оюңар боюнча эмне үчүн бачабаздыкка көз жумуу – бул коомдун бурканга табынууга ооп бараткандыгынын мүнөздүү белгиси?
6. Эгерде биз бурканга табынуучулукту моюнга алсак, анда биз чыныгы табынуунун маңызын түшүнүшүбүз керек. Чыныгы табынуу – бул жаныбыздын каалаган ырын ырдоо эмес, тескерисинче, Кудайдын

осуяттарына тил алчаак болуу. Ошентип, табынууну түшүнүү силердин машайакчылык жашоо жөнүндө ой жүгүртүүңөрдү өзгөртөбү? Кудайга табынууда өзү аркылуу жашоодо эң мыкты үлгү көрсөтө алган кайсы бир адам менен жеке таанышсызбы?

## 4-сабак. Азыркы убактагы бурканга табынуучулук

*11ден 14кө чейинки бөлүмдөрдөгү темаларды чагылдырат*

1. Шабулдун амалыктыктардан бир нече туткундалган адамдардын өмүрүн сактап калганы жөнүндөгү окуя бизге жыйындардагы бурканга табынуучулуктун тамырын көрсөтүп жатат. Шабулдун дүнүйөкордугу кантип бурканга табынуучулукка барабар болуп жатат?
2. Шемуел Шабулга өжөрлүк – бул бурканга табынуучулуктай эле деп айткан. Ушинтип, Кудайдын эркин аткаргандан көрө, биз аябай ээлеп алгыбыз келген нерсеге жармашабыз. Шабулдун окуясында көрүп жатканыбыздай эле, бул нерсе анын жашоосундагы мындан да чоң күнөөгө эшик ачты. Бул жерде бурканга табынуучулук эмнеде болуп жатат? Эмне үчүн ал мындан да чоң күнөөгө алып келип жатат?
3. Дүнүйөкордук – бул бизди бурканга табынуучулукка алып барып жаткан нерсе, андан тышкары ал өзү да бутка табынуучулук болуп эсептелет. Эгерде силер өзүңөрдүн максаттарыңарга, артыкчылыктарыңарга жана адаттарыңарга карай турган болсоңор, силердин жашооңордо эмне күчтүүрөөк болот - ачкөздүкпү же ыраазылыкпы? Жашоого чоң ыраазычылык менен кантип умтула аласыңар?
4. Ыраазычылык ар бир машайакчынын жашоосунда керек болот. Ошентсе да, биз аны өзүбүзгө ыраазы болуп калуу менен алмаштырбашыбыз керек. Бул экөөнүн айырмасы эмнеде экенин өз сөзүңөр менен түшүндүрүп бергилечи? Ыраазы болгон адамды, бирок өзүнө ыраазы болгон адамды кантип аныктай аласыңар?
5. Дагы бир эстеп жүрө турган маанилүү түшүндүрүү бар: бурканга табынуучулук – бул адамдын күнөө кылгандыгы эмес, бирок өзүн күнөөгө бергендиги. Ушул сабактардан билгениңерге ылайык, бул эки абалдын ортосундагы айырмачылыктарды кантип аныктай алмак элеңер?
6. Билип туруп күнөө кылуу – бул рухий криптонит экенин түшүнгүбүз келсе, анда Кудай бизге таптакыр жаңы жашоону, жаңы

табият менен – Анын табияты менен сунуш кылып жатканын да түшүнүшүбүз керек. Күнөөгө эмес, адилеттүүлүккө берилүү мүмкүн экенин терең түшүнүп жатасыңарбы? Ушундай өзгөрүү мүмкүн экенин, керек болсо, силердин жашооңордо күтүлө турганын кантип биле аласыңар?

## 5-сабак Ыйсанын жасалмасы

*15тен 18ге чейинки бөлүмдөрдөгү темаларды чагылдырат*

1. Кудай силерди Өзүнө алып келейин деген максатта чакырып алган. Ал силер менен ынак мамиледе болгусу келет. Ал үчүн силер дүйнөлүк бүт нерселерден тазаланышыңар керек. Ошондуктан, Ал силер менен чыныгы мамилени каалайт. Бул эмнени түшүндүрөт? Анын силерде бар экендигин кантип билесиңер?
2. Адамдарды Кудай Өзүнө алып келүүгө суусап турса да, атүгүл аларды Ал куткарганын моюнга алышса да, Ага баруудан баш тартышкандыгы Кудайдын көңүлүн кандай гана калтыраарын элестетип көргүлөчү. Силер менен бир бөлмөдө болуудан баш тарткан адам менен никеге турганда өзүңөрдү кандай сезмексиңер? Ал силер менен телефон аркылуу да сүйлөшкүсү келбесе, кандай болоор элеңер? Ал силер менен ортомчу аркылуу гана сүйлөшсөчү? Акыр-аягы аны менен кандай мамиледе болмоксуңар?
3. Арун станда калды, ошондуктан биз ага Кудай менен болгондон көрө, эл арасында болгон жайлуураак болгон деп ойлойбуз. Кээ бир адамдар ошондой: аларга Кудай менен болгондон көрө, жыйында болгон жайлуураак. Качан Кудайдын жаныңарда болгонун сезгениңерде, кандай таасирленесиңер?
4. Ысрайылга: “Яхве силерди Мисирден чыгарган” деп жарыялап, бардык өрттөлүүчү жана башка курмандыктарды чалып, Яхвеге табынуу жасаган ыйык кызматчысы болгон, бирок ошол эле мезгилде ал алардын каалоосун канаатандыруу үчүн алтын музоону көрсөткөн. Эгер Ысрайыл Кудайдын атын атап туруп, толугу менен жалган жана жагымсыз табынуу кылып жаткан болсо, бүгүнкү күндө биз жыйында ошондой нерсени кылышыбыз мүмкүнбү? Мындай учурда биздин табынуубуз кандай болуп көрүнөт?
5. Ысрайыл Кудайдын кээ бир осуяттарын аткарып, бирок башкаларына кайдыгер болуп койду. Дүйнө жүзүндөгү жыйындар так эле ошондой кылып жатышат, алар өзүнө жаккан үзүндүлөрдү

гана тандап, Кудайга толугу менен арналып жана жашоодогу ыйыктыкка чакырып жаткан жерлерин четке кагып жатышат. Биз жасалма эмес, чыныгы Ыйсага табынып жатканыбызды кантип билсек болот?

## 6 - сабак. Жөнөө чекити

*19дан 21ге чейинки бөлүмдөрдөгү темаларды чагылдырат*

Ысрайылда жасалма Яхве жана бүгүнкү күндө жыйындарда жалган Ыйса кандайча пайда болгон? Экөө тең чыныгы табынуунун жоктугунан пайда болгон катаал жүрөктөрдүн жыйынтыгы болуп эсептелет.

1. Бул сабак тобо кылуунун, анын зарылчылыгын, Жакшы Кабардагы ролун жана ал чынында эмнени түшүндүрөөрү жөнүндөгү теманы ачат. Силердин мурдакы тобо кылуу образыңардын окшоштугу же айырмачылыгы эмнеде? Ал силердин Жакшы Кабар жөнүндөгү элестетүүңөрдү алмаштырбай элеби? Ооба болсо, кантип?
2. Ар бир Жакшы Кабар күнөө жөнүндө айтып жаткан Чөмүлдүрүүчү Жакандын окуясынан башталат. Бул, Ыйсанын Жакшы Кабары дайыма тобо кылуудан башталат дегенди түшүндүрөт. Силер бул жөнүндө эмне деп ойлойсуңар? Эмнеге тобо кылуу Жакшы Кабар үчүн ошончолук зарыл?
3. Бар болгон күнөөлөр үчүн тобо кылбасак, Ыйса Машайакка болгон чыныгы ишеним жок. Эгер биз күнөөлөргө жабышып алып, өзүбүздү машайакчы деп жатсак, анда биз өзүбүздү өзүбүз алдап жатабыз. Кандай деп ойлосуңар, эмне үчүн Кудай биздин жашообузга абдан кызыгуу менен байкоо салып жатат?
4. Анджела менен Джастиндин таржымалы, Анджела күйөөгө чыгып жатканда мурдагы жигиттери менен мамилесин үзүү керектигин билген да эместиги эсиңердеби? Ыйсаны таанытбаган адамдар аларга тобо кылуу керектигин эч ким айтпаса, кантип билишет? Адамдарга күнөө кылууну токтотушуңар керек десек, биз менен эмне болушу мүмкүн? Жакшы кабарды айтуу бизден баа төлөөнү талап кылаарын эстеп жүрүү эмне үчүн маанилүү?
5. Бизди ниетибиз эмес, кылган ишибиз аныктайт. Бул бизди толугу менен алмаштыра ала турган Жакшы Кабардын күчүн көрсөтүп турат. Тобо кылуу – бул туура жана жакшы нерсе экендигин кантип көрсөтүп жатат? Кудайдын тобо кылууну талап кылгандыгы –кандайча Анын бизге болгон ырайым экендигин өз сөзүңөр менен түшүндүрүп бергиле.

## 7 – сабак .Чындык, чыдамкайлык жана сүйүү

*22ден 24кө чейинки бөлүмдөрдөгү темаларды чагылдырат*

1. Жүйүт биздин куткарылуунун кереметтүүлүгү, жашоонун жыргалчылыгы жөнүндө жазайын деген, бирок өзүнүн угуучуларына, Кудайдын ырайымын күнөөгө болгон уруксатка айландырып салган адамдар бар экендигин эскертүүгө мажбур болгон. Силер өмүрүңөрдө качандыр бир жолу жакшы гана сүйлөп, Кудайдын эскертүүлөрүнө кайдыгер болууга өзүңөргө уруксат бердиңер беле? Эмне үчүн алар жөнүндө эстеп жана айтуу маанилүү?
2. Жыйын күнөөгө чыдамдуу болгонунун себеби, биз чыныгы сүйүү тууралуу туура эмес элестерди ойлоп алганыбызда камтылган. Чыныгы сүйүү чындыкты талап кылат. Чындык болсо, түбөлүктүүлүккө умтулат. Түбөлүктүүлүккө умтулуу силердин жашоодогу маанилүү нерселер жөнүндө элестетүүлөрүңөрдү кантип өзгөртөт?
3. Кудайга болгон сүйүү Кудайдын осуяттарына тил алчаак болуу дегенди билдирет. Дал ошол нерсе машайакчылык сүйүүнү дүйнөлүк сүйүүдөн айырмалап турат. Кудайдын осуяттарын эске албай туруп эле, Кудайдын сүйүүсү менен дүйнөлүк сүйүүнү кантип сүрөттөмөк элеңер?
4. Кудайдын чындыгына байланбаган сүйүү чыныгы сүйүү болбойт, ал жөн гана жасалмалуулук. Биздин маданият бул нерседен четтеп баратат. Ошон үчүн да, жыйын жасалма Ыйсага ыктап баратат. Чындыкты сүйүү менен айтканга кандай карайсыңар? Силердин оюңар боюнча, эмне үчүн көптөгөн адамдар чындыкта өзүлөрүн ыңгайсыз сезишет?

## 8 – сабак. Криптонитти жок кылуу

*25тен 28ге чейинки бөлүмдөрдөгү темаларды чагылдырат*

1. Кээ бир ишенгендер күнөөгө карата кадимкидей мамиле жасашат, анткени алардын күнөөсү Кудайдын жүрөгүн жараларын билишпейт. Айрым машайакчылар болсо биз табиятыбыздан эле күнөөкөрбүз, Ыйсанын каны бизди күнөө үчүн жазадан куткарганга жетишерлик эле күчтүү болуп, бирок бизди күнөөнүн чынжырынан бошото албайт деген калпка ишенишет. Бул белгилүү, кайталанган

күнөөлөрү – криптонити бар ишенүүчүлөр. Бул терең сиңген ойлор жашооңорго кантип таасир этти? Өзүн машайакчымын деп атаган башка адамдарга алар кантип таасир этип жатканын эмнеден көрүп жатасыңар?

2. Ишенгендердин үчүнчү тобу – бул кылган күнөөлөрүн терең түшүнгөн чынчыл ишенүүчүлөр, бирок алар үчүн бул туруктуу күрөш. Алар бошонгусу келет, бирок Кудайдын Сөзүнөн күнөөдөн эркин жашоого күч табыша элек. Күнөөсү үчүн уялуу аларды күнөөнүн кулчулугунда кармап жатат. Ушундай абалда болгон ишенгендер менен ушул сабактагы кайсы чындыкты бөлүшөт элеңер?
3. Бул сабакта мен Кудай мени кантип кумардан жана порнографиядан бошоткону тууралуу айтып жатам. Бул күбөлүктө эң көп силерди эмне шыктандырды? Эмне үчүн? Эмне көбүрөөк таасир этти? Эмне үчүн?
4. Күнөөдөн бошонуу дүйнөлүк кайгыруудан эмес, Кудай үчүн кайгыруудан келет. Кудай үчүн кайгыруу биздин күнөө Кудайга оор тиерин моюнга алат. Ошол эле учурда дүйнөлүк кайгыруу болсо, биздин күнөөбүздүн жашообузга жана келечегибизге таасир этишин гана ойлойт. Силердин оюңар боюнча, эмне үчүн Кудайбизге дүйнөлүк кайгырууда эмес, Кудай үчүн болгон кайгырууда бизге бошонуу ырайымын берет? Жашооңордогу кайгыруудагы эки түрдүн айырмачылыгын кантип түшүндүрө аласыңар?
5. Супер баатырлар жөнүндө көптөгөн окуялар биздин элестетүүлөрүбүздү туткундап алат, анткени ал ар бир адамдын жүрөгүндө катылган каалоолор үчүн жооп берет. Биринчи ишенүүчүлөр өз заманынын супер адамдары болгон. Кантип биз өз заманыбыздын супер адамдары боло алабыз? Кантип бул нерсе дүйнөнүн Кудай жөнүндө оюн өзгөртө алат?
6. Кудай Өзү Жоокер жана биз Ага окшош болуш үчүн жаратылганбыз. Ыйса Аян китебинде жети жыйынды жеңиш үчүн чакырды, бул болсо биз жеңиш үчүн чакырылганбызды билдирет жана биз жеңе турган душман бар. Эми бүтүндөй китептин темасын элестетип көргүлө да, анан Кудай силерди жашоодо жеңиш үчүн чакыргандыгы жөнүндө элестетүүңөрдү кантип өзгөрттү дегенге жооп бергиле. Силердин өзүңөргө карата, башка ишенгендерге жана жыйыныңарга карата көз карашыңар кантип өзгөрдү?

# ТИРКЕМЕ

# КУТКАРЫЛУУ АР БИРИНЕ ЖЕТКИЛИКТҮҮ

*“Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың. Себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат”.*

Римдиктерге 10:9, 10

Кудай силердин жашооңордо түбөлүктүү ийгиликти көргүсү келет. Ал силер үчүн күчтүү каалоо менен жалындап жатат жана силердин жашооңор үчүн планы бар. Бирок, өзүңөрдүн тагдырыңарга карата бир гана тандоо жолу бар – куткарылууну Кудайдын Уулу болгон Ыйса Машайак аркылуу кабыл алуу.

Ыйсанын өлүп кайра тирилүүсү аркылуу Кудай Өз Падышачылыгына өзүнүн сүйүктүү уулу же кызы үчүн жол салды. Машайактын айкаш жыгачтагы курмандыгы аркылуу силерге түбөлүк жашоо ашыгы менен берилген. Куткарылуу – бул, Кудайдын силерге берген белеги. Аны иштеп табуу же ага татыктуу болуу мүмкүн эмес.

Бул баалу белекти алыш үчүн, өз күнөөңөрдү, өмүрүңөрдү Жараткандан көз каранды болбой жашаганыңарды мойнуңарга алуу зарыл (анткени бул, силер качандыр бир кезде кылган күнөөлөрдүн бардыгынын тамыры). Тобо кылуу – куткарылууну кабыл алуудагы эң маанилүү бөлүк. Элчилердин китебиндеги жазылган беш миң киши куткарылган күндө, Петр бул жөнүндө так айткан: “Ошондуктан күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла” (Элчилер 3:19). Жазууда айтылып

турат, ар бирибиз күнөөнүн кулу болуп төрөлгөнбүз. Бул күнөөнүн тамыры өз эркинче жана тил албастыкта баштап койгон Адамдын күнөөсүнө чейин кетет. Тобо кылуу – бул силердин өзүңөргө жана калптын атасы болгон шайтанга баш ийүүнү токтотууну тандап алганыңарды билдирет жана эми мындан ары өзүңөрдүн жаңы Мырзаңарга, Ыйса Машайакка – силер үчүн Өзүнүн жанын Бергенге тил алчаак болушуңарды түшүндүрөт.

Силер Машайакка өзүңөрдү баш ийдирип, Аны өзүңөрдүн Теңириңер кылып, өз өмүрүңөрдүн үстүнөн бийликти Ага берип (Ага өзүңөрдүн рухуңарды, жаныңарды жана денеңерди багынтып), өзүңөрдү жана болгон нерсеңердин бардыгын Ага беришиңер керек. Анын бийлиги силердин өмүрүңөрдүн үстүнөн чексиз болот. Силер бул нерсени кылган учурда, Кудай силерди караңгылыктан бошотуп жана Өзүнүн Падышачылыгынын жарыгы менен даңкына алып келет. Силер өлүмдөн өмүргө өтүп, Анын баласы болуп каласыңар!

Эгер силер Ыйса аркылуу куткарылууну кабыл алгыңар келсе, бул сыйынуу менен сыйнгыла:

*Асмандагы Кудай, мен күнөөкөр экендигимди жана Сенин адилетүүлүгүңдүн стандарттары менен жашай албай жаткандыгымды мойнума алам. Өзүмдүн күнөөлөрүм үчүн мен түбөлүк жазага татыктуумун. Сен мени мындай абалда калтырып койбогонуң үчүн ырахмат. Анткени, Сен Ыйса Машайакты, кыз Мариямдан төрөлгөн Өзүңдүн Жалгыз Уулуңду айкашта мен үчүн өлүп жана менин күнөөлөрүмдү Өзүнө алуу үчүн жибергениңе ишенем. Ал үчүнчү күнү тирилип жана азыр Сенин оң колуң тарапта болгонуна ишенем. Ал менин Теңирим жана Куткаруучум. Бүгүнкү күндө мен Сенден көз каранды болбогонум үчүн тобо кылам жана өз өмүрүмдү толугу менен Ыйса Теңирге тапшырам.*

*Ыйса, мен Сени өзүмдүн Теңирим жана Куткаруучум деп кабыл алам. Менин өмүрүмө Өз Рухуң менен кир жана мени Кудайдын баласы кылып өзгөрт. Мен ушул мезгилге чейин болгон караңргылыктан баш тартам, ушул күндөн баштап өзүм үчүн жашабайм, бирок Сенин ырайымың менен Сен үчүн жашайм, анткени Сен Өзүңдү мен үчүн, мен түбөлүк жашашым үчүн бердиң.*

*Ырахмат Сага, Теңир. Эми менин өмүрүм Сенин колуңда жана Сенин Сөзүңдө айтылгандай, мен уятка калбайм.*

Үй-бүлөгө кош келиңиз! Силер менен азыр эле эмне болуп өткөндүгүн башка ишенгендерге айтып берүүгө чакырам. Ыйык Китепке ишенген, кандайдыр бир жергиликтүү жыйынга бара баштап, ишенимге шыктандырган ишенгендер менен сүйлөшүүңөр зарыл.

Силер эң таң калыштуу саякатты баштадыңар. Ылайым Кудай силерге батасын берсин. Күн сайын таанып-билүүдө, ырайымда жана Аны менен болгон достукта өскүлө!



«Мессенджер Интернэшнл» адамдарга, үй-бүлөлөргө, жыйындарга жана элдерге жардам берүү үчүн жана Кудайдын өзгөртүүчү күчүнүн астында жашоо үчүн.

Бул өзгөрүүлөр адамдардын күчкө толушуна, коомдун өзгөрүшүнө, дүйнөдөгү адилетсиздикке катуу үн менен жооп берүүгө алып келет.

---

**Cloud Library** — бул онлайн-платформа. Ал бүткүл дүйнө боюнча кызматчыларга өзүлөрүнүн эне тилинде санариптик ресурстарга бекер кирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**CloudLibrary.org** сайтынан силер Джон жана Лиза Биверлердин 80ден ашуун тилдердеги ресурстарын таба аласыңар жана аларды оңой эле жүктөп ала аласыңар.

Электрондук китептер, видео жана аудио окутуулар, аудиокитептер, Библия…

CLOUD LIBRARY

**Көбүрөөктү кааласаңар, бул жерден сканировать этkиле:**




*Бүгүнкү күндө жана бүткүл түбөлүктүүлүктө мааниге ээ болгон өмүр*

Бир кезде силер Кудайдын алдында турасыңар да, Ага өз жашооңор жөнүндө отчет бересиңер. Азыр силер өзүңөргө бере турган эң маанилүү суроо – силер даяр боло аласыңарбы?

Кудай силердин эмнеге чакырылып алынганыңарды билишиңерди каалайт, Ал силерди караңгылыкта кармап тургусу келбейт. Анан да, Ал силердин жерде жашап жаткан жашооңордун себебинен кабардар болуп, анын маңызын жана максатты табышыңарды абдан каалайт.

Акыркы демдин артында бара турган жерибиз гана эмес, бирок түбөлүктүү жашоо болот, абдан кеч болуп калгычакты күтө бербегиле. Кудайдын силерге  карата болгон максатын билгиле да, анан жердеги жашооңор да, түбөлүктүүлүктөгү жашооңор да эбегейсиз мааниге ээ болгондой болуп жашагыла.

Джон жана Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги ушул жана башка материалдарын төмөндөгү сайттан көчүрүп жүктөп алсаңар болот:

CloudLibrary.org

Youtube.com & Youku.com жана башка сайттардан көптөгөн тилдердеги кошумча материалдарды көрүүгө жана жүктөп алууга болот

Ар кандай тоскоолдуктарды жеңип жана ар кандай душмандарды талкалай алган **СУПЕРМЕН СЫЯКТУУ** эле, Машайактын жолун жолдоочулар да өз жолундагы бардык кыйынчылыктарды жок кылуучу адаттан тышкаркы жөндөмдүүлүккө ээ. Бирок, бизде Супермен сыяктуу бир көйгөй бар – ал, бизди күчүбүздөн ажыраткан криптонит.

Албетте, Супермен жана криптонит – бул, фантазиянын түшүмдөрү. Бирок рухий криптонит чындап эле бар.

Бул китепте силер эмне үчүн биринчи кылымдагы машайакчылар эч кандай шектенүүсүз эле ээ болгон кудайлык күчтөн биздин көпчүлүгүбүз ажырап калганбыз деген суроого жооп табасыңар?

Джон Бивердин «Криптонитти жок кылуу» деген китебинде рухий криптонит деген эмне, ал биздин коомго эмнеси менен коркунуч туудурат жана кантип анын туткунунан бошонууга болорлугу тууралуу айтылат.



Джон Бивер жана анын аялы Лиза – «Мессенджер Интернэшнл» кызматынын негиздөөчүлөрү. Кызматчы жана бестселлерлердин автору Джон эч кандай компромиске барбастан, тайманбай, жигерденүү менен насаат айтат. Ал жергиликтүү жыйындарды колдоп жана лидерлерге алардын турган жерине, тилине, каржылык абалына карабастан колдоо көрсөтүүгө болгон каалоого толуп турат. Азыркы учурда анын эмгектери дүйнөнүн 100дөн ашык тилдерине которулду, көптөгөн мамлекеттердин кайтаруучуларына жана лидерлерине миллиондогон нуска менен таратылды.

Ушул жана башка ресурстарды төмөнкү сайттан жүктөп алгыла:
**www.CloudLibrary.org**

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

Бул китеп – автордун белеги. Сатууга болбойт.

Көбүрөөктү каалап жатасыңарбы?